Usmanova A., teacher E-mail: asel.usmanova.2018@mail.ru
Tupchiboeva M., teacher E-mail: muba8787@mail.com
Osh State University, Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstarct: *In the article the translation peculiarities of the French proverbs into the Kyrgyz language are presented. The author emphasized that phraselogical units may be studied from the functional, semantic and structural sides. The article concluded that the difference in the translation of the French and Kyrgyz proverbs lies in the syntactical construction.*

Key words: *peculiarities, divergences, convergences, relations in the society, family, proverbs.*

КЫРГЫЗ ЖАНА ФРАНЦУЗ ТИЛИНДЕГИ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНЫН КОТОРМОСУ ЖӨНҮНДӨ

Усманова А.,окутуучу E-mail: asel.usmanova.2018@mail.ru
Тупчибоева М., окутуучу E-mail: muba8787@mail.com
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада француз тилиндеги макал-лакаптарын кыргыз тилине которууда өзгөчөлүктөрү каралган. Автор эки тилде фразеологиялык бирдиктердин функционалдык, семантикалык жана структуралык өзгөчөлүктөрүн баса белгилейт. Француз тилинин фразеологиялык бирдиктери кыргыз тилине которулганда сүйлөмдүн синтаксикалык структурасы менен айырмаланат.*

***Ачкыч сөздөр**: өзгөчөлүктөр, айырмачылык, окшоштук, үй-бүлөдөгү мамилелер, макал-лакаптар.*

К ПЕРЕВОДУ ФРАЗЕОЛОГИЧЕСКИХ ЕДИНИЦ В КЫРГЫЗСКОМ И ФРАНЦУЗСКОМ ЯЗЫКАХ

Усманова А., преподаватель E-mail: asel.usmanova.2018@mail.ru
Тупчибоева М., преподаватель E-mail: muba8787@mail.com
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

***Аннотация:** В статье приводятся особенности перевода французских пословиц на кыргызский язык. Автор подчеркивает важность изучения пословиц с функциональной, семантической и структурной сторон. В статье подчеркивается различие синтаксической конструкции при переводе французских пословиц на кыргызский язык.*
***Ключевые слова:** особенность, различие, схожесть, отношения в семье, пословицы.*

1. Introduction

In this article French and Kyrgyz proverbs are investigated with the method of comparison. The last time comparison of the language peculiarities attracts the attention of many linguists, because of their strive to reveal the divergences and convergences in the case study. The special interest grows especially in the field of phraseology. [1,1988]

The history of proverbs began in the very earliest stage of the language development. Different research shows that proverbial expressions are born together with the language itself. But during different epochs of parameological development its role is defined differently; the first proverbs in France in the Xth century were the most used antique expressions, especially from Greek literature, Bible, history and mythology. Those expressions were not translated into the old French language; they were primarily used in Latin. Further they started to be translated into French and other languages. For example such Latin proverbs:
Vox populari vox dei (La voix du peuple est la voix deDieu.); *Audaces fortuna juat*
(La fortune sourit à ceux qui osent) – were translated into many world languages.
The big amount of the biblical true sayings began to be used in the Christian world more often and acquire the status of proverbs:
Chacun porte sa croix.
The period of parameology of the French language flourished in the Middle centuries that defined the high weight of the proverbs and sayings in the common phraseological fund of the French language of this epoch. [1, 1963]

So, due to the investigations of F. Godefrua, A. Greis and J. Moravsky it was revealed that the number of proverbial units in the IX-XVI centuries prevail the number of non-proverbial units. It occurs that in the middle Ages in France were created and translated many works of the proverbs and moral statements which lead to the flourishing of paremiology. In the XIII century was compiled the manual of “The sages’ proverbs and sayings”. But the main role in the establishing of the French paremiology played the works of the folk proverbs. People were the main creators of proverbs in all the countries. The most ancient compilation of the folk French proverbs was the «Proverbes au vilain» which was compiled in 1180 by the unknown author. The compilation gives us valuable information about pure French proverbs, which were created in the XIIth century and determined their further historical development. In the IX-XI the old French language was relatively poor in phraseologisms, but from XII the language became abstract and it led to the increasing of the number of proverbs and sayings. [3, 1985] Further we will analyze French proverbs and sayings which reflect the interpersonal relations.

The wish to maintain the good relation is one of the most important strives of a person. As it is known the necessity to establish the relations is conditioned by a mutual participation at

work, in the family and society. What about the sphere of spiritual life, here is the central place given to the necessity of the person to acquire the social experience, to be aware of the cultural values, to learn the principles and norms of behavior in the society and concrete social sphere – all these is impossible without the contact with other people. It's very hard to imagine the development of the person, the existence of the person as an individual without his connection with the society. With the word interaction we imagine the typical realization of the contacts and relations of people with each other, the meetings with friends and non familiar people which appear during work and interests.

When we are in contact with other communicants we admit that the elementary languages like the languages of jesters or relations vary not only from one culture to another, but also within one culture of one professional group to another and even from one family to another. Further we deal with the proverbs and sayings which reflect the spheres of people's communication. The given phrase logical units may be studied from the functional, semantic and structural sides. The proverbs very often are used in the completely concrete situation, but they don't denote its separate elements; they show the situation in the relation with some general or known tendency, which they reflect. Reflecting the people's experience, the proverbs are oriented by their meanings to the person-his traits of character, behavior and the relations in the society and family.

L'union fait la force – Күч бирдикте, Бөлүнгөндү бөрү жейт.

Amour fou – Сүйүүнүн көзү көр, Сүйбөгөнгө сүйкөнбө, Сүйүүсүз аял карыз алган буюмдай, Сүйүү өлүмдөн күчтүү.

Un soldat ne peut tenir lieu d'armée – Жалгыз дарак бакча эмес.

Deux avis valent mieux qu'un – Бир баш жакшы, эки баш андан жакшы.

The person lives in the society, in the family. For him the attention of his surroundings is very dear, and this could be expressed in the proverbs:

L'attention est mieux que l'or – Жакшы сөз жан сергитет.

Tel un berger, tel un troupeau – Бузулган элге бучуктан молдо.

Le fruit ne tombe jamais loin de l'arbre- Энесин көрүп кызын ал. [7]

Family relations:

The relations in the family-is the most interesting topics in French and in Russian phraseology as well. The person as a homo sapience from the early time strives to be close to the people like him. But no other group except the family has the sincere love, attention, warmth and caress. The family as the society is a kind of the socium which is characterized by non-official relations, the intimacy of speaking, relaxed condition among close people and relatives. The relations in the family are the most interesting and universal topic, that is why it will be purposeful to start with the proverbs and sayings which express:

a) The characteristics of the family-relative links of a person:

Tel un berger, tel un troupeau – Эмнени эксен ошону аласын;

La tante a le monde de Bretagne – Жээн эл болбойт.[4]

б) Relations between members of the family:

A père amasseur fils gaspilleur (a père avare fils prodigue)-Атанын ою балада, баланын ою оюнда.

To characterize the family-relative relations there might be used the proverbs and sayings, which show the most close or the weakest relative relations:

Réchauffer un serpent dans son sein – Душманды алыстан издебейт.

Le loup mourra dans sa peau –Бөлтүрүктү ит деп бакпагын, иттей болбойт кыялы, Бөрү баласы ит болбойт.

Celui - la est bien pure qui nourrit – Тууган эне эмес, баккан эне. [4]

There are many proverbs and sayings in French and Russian, which are characterized by the possibility of the multisided characteristic of the relations in the family. Especially in the relations one could find the traits of the people's character. To prove this we may give the following French proverb Penser *a soi - c'est bien, mais ne penser qu'a soi - c'est mal* (Өзүндү ойло, бирок элди унутпа.)
The pure and real love is the relations, which are positively valued by all people.

Vieilles amours et vieux tisons s'allument en toutes saisons - Сүйүү жашты ылгабайт.
La vérité finit toujours par percer au dehors-Сүйүү сулуу издебейт, уйку төшөк издебейт, Сүйгөн кесибин - ырыс-кешигин. [*5, 1957*]
The devotion, readiness to sacrifice-are the characteristics of those who could love and make friends. But the following proverbs have the opposite meaning:
L'amour ne se commande pas – Сүйлөгөн сөздү угууга, укканга да үйрөн.
Amour fou – Сүйүүнүн көзү сокур.

Both French and Kyrgyz proverbs and sayings have no the sense of boasting. In them people try to criticize such negative features like nonconfidence and unwillingness.
Marcher sur les talons de… - Моюн каякка бурулса, баш да ошол жакка бурулат.
Qui ne dit mot consent – Айтылган сөз учкан куштай.
Very often in the family life not all things are well, very often happened problems. In this case there might appear the following proverbs:
A trompeur trompeur et demi – Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт.
L'un tire a hue et l'autre a dia – Мен бээ десем, сен төө дейсин.
Some proverbs reflect the ruined family relations:
Loin des yeux, loin du coeur – Көз көрбөйт, кулак укпайт.
Tout casse, tout passe, tout lasse – Ит үрө берет, кербен жүрө берет. [4]
Sometime there are the situations when partners converse with each other and not notice the information about each other, the habits, interests and matters:
C'est bonnet blanc et blanc bonnet – Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.
People in surrounding area try to impact on the relations within the family:
Querelle d'amants doux passe-temps - Сүйгөндөр урушат, кайрадан жарашат.
Il n'y a point de fumée sans feu - Кунажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт.
Beaucoup de bruit pour rien- Жок жерден уруш чыгаруу.

In many fiction works authors while describing the personages describe the situation, atmosphere where the events happen or the appearance of heroes. As in their opinion, the inner world of a person, his character could be opened. The given principle is found in the following proverbs:
Tel ouvrier, tel ouvrage – Бузулган элге бучуктан молдо. Какова пряха, такова и на ней рубаха.
Tel auteur, tel oeuvre – Төшөгүн көрүп төргө өт. Каков строитель, такова и обитель.
C'est la robe qu'on salue – Китепти кабыгынан баалоо кыйын [4].
As a rule every personality has his own grief, and his grief seems very dangerous rather than the grief of a neighbor. All that happened with his family is very touching in comparison of the sad situation happened with the neighbor:
Mal d'autrui n'est que songe – Бирөөнүн эщигине таш атпа.
За чужой щекой зуб не болит.
Dieu vous garde d'un homme qui n'a qu'une affaire – Жолдо баатыр үйдө жок.

So, in our research we have the attempt to analyze several proverbs in two languages: French and Kyrgyz. All the proverbs are the object of parameology. In general the values, views, traditions, moral opinions of human beings are the same in two languages. We come to the

conclusion that the difference lies in the syntactical construction. In both languages proverbs and sayings make the language more beautiful and people wise. French proverbs as well as Kyrgyz take the important place in the lexico-phraseological systems, reflecting different spheres of life: family, friends, and society. To acquire the phraseology of the foreign language is to know the target language in the perfect way, because phraseology is one of the complicated aspects of language learning.

References:

1. Аникин В.П. К мудрости ступенька: О русских песнях, сказках, пословицах, загадках, народном языке. Очерки.- М, 1988.
2. Гак В.Г., Рецкер Я.И., Кунина И.А. и др. Французско-русский фразеологический словарь. - М,1963.
3. Гак В.Г., Рецкер Я.И. О французской фразеологии и французско-русском фразеологическом словаре.-М, 1963.
4. Шанский Н.М. Фразеология современного русского языка. - М, 1985.
5. Гепнер Ю.Р. Фразеология в системе русского литературного языка.-М, 1957.
6. http: //www.proverbes.fr/
7. http://www.etudes-litteraires.com/signets/
8. http://www.languefrancaise.net/

УДК 82-193.7

ТОКТОГУЛДУН ЫРЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

Абдыманап уулу Жанбала
Ош мамлекеттик университети Ош, Кыргыз Республикасы

Аннотация: *Макалада Т.Сатылгановдун ар бир ырларындагы тарбиялык мааниси жазылып айтылат. Кыргыз элинин алп таланты болгон Т.Сатылганов көптөгөн тарбиялык ырларды жазган, чыгармаларынын ичинен жаштарга үлгү насат багытындагы ырларынын мани маңызы туралуу көрсөтүлөт.*

Ачкыч сөздөр: *аң-сезимдүү, ошолордун бири - кыргыз эли экен, бул же тигил, жаман-жакшы сапаттар, хронологиялык тартиби, ЮНЕСКО, профессионал акындар, санат-насыят.*

ВОСПИТАТЕЛЬНЬЕ ЗНАЧЕНИЯ ПЕСЕН ТОКТОГУЛА

Абдыманап уулу Жанбала
Ошский государственый университет Ош, Кыргыская Республика

Аннотация: *Каждая статья Сатылганова гимнов написана образовательные цели. отображаются кыргызы, гигантские таланты многих из образовательного опыта в обучении, например, произведение молодежных ориентированные песен, написанных песни о сущности семени.*

Ключевые слова: *умные люди - один из них, в той или иной форме, хороших или плохих качеств, в хронологическом порядке, ЮНЕСКО и профессиональные поэты и инструкции искусства.*

EDUCATIONAL VALEUES OF SONGS TOKTOGUL

Abdymanap uulu Janbala
Osh State University Osh Kyrgyz Republic

Abstract: *Each article Satylganov hymns written educational purpose. Kyrgyz people, the giant talents of many of the educational experience in teaching example, works of youth oriented songs written songs about the essence of the semen is displayed.*

Key words: *intelligent people - one of them, in one form or another, good or bad qualities, in chronological order, UNESCO and professional poets, and art instruction.*

1. Киришүү

Токтогул Сатылганов он үч жашынан эле айыл арасында ырдай баштаган. Өз заманынын аң-сезимдүү, кыраакы, терең ой жүгүртө билген инсаны катары Токтогул элдин кайгы-муң, ой-санаасына себепкер социалдык калыссыздыкты, курч маселелерди көз жаздымында калтыра алган эмес. Мисалы, атактуу "Беш каман" аттуу ыры менен элди эзип, күн көр сөтпөгөн беш бир туугандарды сынга алган. Токтогул өз чыгармаларында жашоо-турмуш жөнүндө философиялык көз караштарын да чагылдырган.

Адам баласына жаралгандан эчен түрлүү кесип, эчен түрлүү шык ыроологону, жамгырдай жаадырган айтуучулукту, кызыл тилди бүлөгөн төкмөлүктү өнөрдүн туу чокусуна чеберлик менен жеткире алган бир ууч эле калк бар экен жер бетинде, ошолордун бири - кыргыз эли экен, ошол себептен ЮНЕСКО уюму 2008-жылында элибиздин так ушул өнөрүн материалдык эмес байлык-мурастардын жалпы адамзаттык асыл тизмесине камтып, каттатып отурат да. Не бир жез таңдай ырчы-акындардын, дастанчылардын ондогон кылымдык коллективдүү күч-аракети ушундайча баса белгиленгенин бир эсе канааттануу, бир эсе сыймыктануу менен эстегенде, ири алды

Токтогул Сатылгановдун ысымы эске келет дароо эле. Бирок Токтогул Сатылганов жарыкчылыкка өзгөчө бир миссияны өтөмөккө жаралган инсан окшобойбу, өзүнөн мурдагы муундардын учурунан уланып келаткан озуйпаны муюбай чымыркына көтөрүп, көшөрө багып, өлдүм-талдым дээринде кылымдын ирегесинен аман-эсен аттатып, жаңы заманга жеткирип берди.

2. Изилдөө ыкмалары

Т.Сатылгановдун акыл насаат ырларынан келтирилип,анын эмгеке болгон жана ыймандуулука, сезим талдуулука, акылдылуука, ата-энеге болгон сый урмамат да болууга, досторго ж.б адамдарда бар тарбиялык ырлары арбын.

“Карылык”.Бул ыр Калыктын тапшырган материалы боюнча “Токтогулдун карылыка айткан арман ыры” деген атменен 1938-жылы чыккан жыйнакта биринчи жолу басылган. Кийинки жыйнактарда бул ырга бир топ толуктоолор киргизилди.

“Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы”.Фондудагы материалдын негизинде киргизилгени маалым болду. “Кедейкан”. Калык ырчы жазып берген вариант боюнча 1940-жылы өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Бул теманын кыскартылган варианты акындын 1950-жылы чыккан китебине киргизилген болчу. Ошол күндөн бери ушул варианты басылып келе жатат. Азыркы жыйнакка да ошол кийинки кыскартылган варианты жиберилди.

“Карылык”

Көмүрчүнүн атындай
Кыйшаң болгон кезегим.
Көп өмүрүм өткөрүп
Шыйпаң болгон кезегим.

Араба тарткан тор аттай
Оор болгон кезегим.
Омурткамдан жыртылып,
Жоор болгон кезегим.

Арканы жок, жиби жок
Тушайт экен карылык.

Колду, бутту кан кылбай
Бычат экен карылык. (8.173)

Бул ырында аты аталгандай эле карылыкта кыйналып,кыйынчылыкты башынан өткөргөндүгү жазылат. Жада калса карылыкты мойнунан түшбөгөн гөмөлдүрүктүү аттын кыйналып араба тартканы жана жоорболгону айтылып, карыганда колуңдан эчнерсе келбей калгандыгы чагылдырылат.

“Өмүр” Бул ыр Калык тапшырган маалымат боюнча “Токтогулдун карылыкка айткан арман ыры” деген ат менен биринчи жолу 1938-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарык көргөн . 1940-жылы чыккан жыйнакта ырды экиге бөлүп, бирөөнө “Карылык”, экинчисине “Өмүр” деген ат берилип, эки башка ыр катары жарыяланган. Бул экөө тең эле белгилүү болуп кеткендиктен,ошол эки атты сактоо ылайык табылды. Ошондой эле хронологиялык тартиби боюнча эң кийинки ырлардын катарына кошулду. (11,”ленинчил жаш” газ)

“Өмүр”

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо
Жай-жайына койсочу.

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз буралбас болсочу.
Көгөргөнү чын болсо
Гүлдөр соолос болсочу.

Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу.

Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу.
Кызыл жүзү бозоруп,
Кыз кубарбас болсочу.

Картаң өмүр жыйырма беш
Жашка барар болсочу.
Кайран жанды кол менен
Жасап алар болсочу.(8.172)

Бул ырында Токтогул өмүр өтбөсө карыбасак деген ойду чагылдырат. Жаштарды турабагыт жүрүүгө жол көргөзөт жана жогорудагы ыр саптарындай эле жигиттер өлбөс кыздарыбыз кубарбасын, гүл дөр соолубасын , бул өмүрдө эчким өлбөсө, карыбасын деп жазган.

“Азаттык күндүн жогунан”. Бул ыр Үч-Терек кой совхозунун жумушчусу Кулуев Жанаалыдан райондук газетанын кызматкери Ошбаев тарабынан жазып алынып, Токтогул райондук “Ленин осуяты” газетасына 1957-жылы 8-сентябрда жарыяланган. Экинчи жолу 1957-жылы 6-ноябрда “Ленинчил жаш” газетасына басылган. Жогорку материалдардын негизинде жыйнакка киргизилген диги белгилүү.

“Азаттык күндүн жогунан”

Улуу-Кен, Кара-Сакалда,

Уктасаң кирбей капарга.
Улпактай семиз жер жатат
Улук жок сырын ачарга.

Узун-Акмат, Чычканда,
Удургуп мөңгү кыш-жайда,
Уңшуган улуу сел жатат
Пайдасы тийбей эч жанга.

Ак мөңгүлүү тоолордун,
Аркайган аска зоолордун
Арасы сайын кен жатат,
Ал кендерди ким казат?

Башаттай тунук оргуган,
Бакытты жердин койнунан,
Алалбай алсыз эл жүрөт
Азаттык күндүн жогунан.

"Азаттык күндүн жогунан" деген аталыштагы ырынан акын жошоодогу кыйынчылыктан арулуу максатта жазса керек деп да ойлонуп кеттим эмнеге? Дегенде бул ырда биздин кен байлыктарыбыз аябай көп болгондуктан ошол кендерди ким казат! Ким иштетип биз ушул кыйынчылык жашоодон арылабыз деген ой менен ошол замандын жашоочуларына жана ошол замандын урпактарына калтырып кетти десек болот. (8.74)

"Үлгүү ырлар"

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде,
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.
Бычактын көркү кынында,
Жылкынын сыны кулунда,
Азамат болсоң, эр жигит,
Ардактуу иштен корунба.
Шибердин көркү — мал менен,
Жылкынын көркү — жал менен.
Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркү — жар менен.
Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.
Суктанып жүрбөй ар кимге,
Сүйгөнүңдү тандап ал.
Жаман Адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт,
Жакшы адам белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт.
Эчкинин көркү — төл менен,
Эгиндин көркү жер менен,
Эликтин көркү — төр менен,
Эр жигит көркү — элменен.

Булбулдун көркү гүлдө бар,
Ырчынын көркү үндө бар,
Ак шумкар учса асманга,
Амалың болсо үндөп ал!
Жайлоонун көркү кымызда,
Кишинин көркү ырыста.
Намысы үчүн жоо сайган
Баатырдын көркү урушта.
Аргымак көркү жалында,
Алманын көркү шагында,
Ак жолборс келсе, тартынба,
Алтын башың барында.

Токтогулдун «Үлгү» ырларынан айта турган болсок. Бул — акыл-насаат айтуу, тарбиялуу болууга чакыруу маанисиндеги айтылган ырлар. Үлгүнүн кеңири таралышы адамдын жеке жүрүш-турушу, ички рухий байлыгынын санаты, бирөөгө жасаган мамилеси, кыял-жоругу. Кыргыздарда бул терминин санат-насыят, термелер менен аралаш колдонулуп, кыргыз адабиятынын тарыхында акындар тарабынан өнүктүрүлгөн дидактикалык поэзиянын дагы бир түрүнө жатат.

Жайлоонун көркү кымызда,
Кишинин көркү ырыста.
Намыс үчүн жоо сайган,
Баатырдын көркү урушта.

Токтогулдун үлгүү ырларын да бул жашоодо кандайгана кооз жерлерибиз , көкмөк болгон асманды, толкуп турган деңизди жана башка бардык жаратылышты көрккө бөлөп жаткандыгын ушул ырларын да жазган. Эненин ойу балада деп энелерибиздин балдарга болгон меримдерин чагылдырып, балдардын энеге болгон сезимдерин байкоо менен бирге тарбиялык маанисин билүүгө болот.(8.93)

“ Санат “

Аргымакты жаман деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды жаман деп,
Тууганды кайдан табасың?
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.
Болбос жаман арамза
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишини жамынат
Канды кудай ураарда.
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай ураарда,
Дөөлөтүнө мас болот,
Кышты кудай ураарда,
Күн жылымдап, жаз болот.
Эрди кудай ураарда —
Элүүндө жаш болот.
Берекесиз байлардан

Бейил менен кун кетээр.
Жумуш кылсаң, мудаа кыл,
Иштей көрбө илдекер.
Кара санап бирди алсаң,
Колуңуздан миң кетер.
Чечилишип сырдашсаң,
Көкүрөктөн муң кетээр.
Баарың болсоң бир ооздуу,
Душман кантип былк этээр.
Ак бараңдын кундагын
Аталбасаң, сунбагын,
Эрмин десең, душмандан
Эки көзүң жумбагын.
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп балаң урбагын.

Бул ыр кыргыз элинин оозеки адабиятында кеңири тараган ырлардын бири санат-насыят ырлары болуп саналат. Мындай ырларда белгилүү бир каармандар, сюжет, окуялар жок, жөн гана элдин турмуш тажрыйбаларынын жыйынтыгы берилет, бул же тигил жаман-жакшы сапаттар саналып өтүлөт жана ошонун өзүнөн адамдарды оң сапаттарга үгүттөө идеясы көрүнөт. Мындай ырлар элдик акындар Тоголок Молдо, Барпы, Жеңижоктордун чыгармачылыгында кеңири учурайт. Анчалык өнүкпөгөн болсо да жазма пайда болгондон кийин профессионал акындар да санат-насыят формасындагы ырларды жазып жүрүшөт.(8.39)

“Насыят”

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей. Эрдин күчү — сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.
Эр жигиттин белгиси —
Эпчил болот термелеп,
Өз колуңда болбосо,
«Өлдүм» десең, ким берет?
Күчүң барда иштеп көн,
Күлүп жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап жер жибит. Түрүнүп иштеп, эр жигит,
Тишиң барда таш чайна.
Ирээтиңди түзөтүп,
Иштебесең аш кайда?
Эгин айдап, чөбүң чап,
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак! Алып калгын Токоңдун

Үлгүлүү сөзүн укканда.
Карыздар болбо эр жигит,
Көтөрмөгө бурулуп.
Эсиң кетсе, эчки бак,
Эчки тууйт үч улак.
Айраныңды мол кылып,
Саан берет үч убак.
Эч болбосо экиден
Эгиз тууйт улагың,
Эшигиңден эрмен жейт,
Эстебей тоонун тулаңын.
Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө.
Өлбөгөнгө табылат
Аздыр-көптүр дүнүйө. Ырыс алды ынтымак,
Өлмөйүнчө кол кармаш.
Билими бар азамат,
Бир-бириңе жардамдаш.
Билинбей жүрүп бир күнү
Мүдүрүлөт алтын баш… Өнөрүң болсо, өргө чап,
Кор кылбай, асыл жанды бак.
Эрдин көркү — эл менен,
Эмгегиң менен элге жак! (8.98)

Токтогулдун «Насыят» ырын да жаштарды ден соолугун жакшы учурунда жалкоо болбостон эринбей иштеп, өзүндүн эркиң менен максатыңа жетүү үчүн иште деп айтылат. Канчалаган кыйынчылыктар болсо да эртүү болуп, ишмердүү болуга үндөө максатында жазылат. Токтогулдун акыл насаат ырларын угуп, өзүндү оңдоп түзөөгө жана умтулууга жол көрсөтүү максата жазылганы анык болууда.

Улуу инсан кайталангыс талант анын талантынын көп кырдуулугу жана жанрлары менен стилинин көп кырдуу болгондугунда. Көптөгөн ырлары инсанды жакшы жолго үндөө максатда жазылып алынган.

Адабияттар:

1.”Тоо булбулу Токтогул” (Токтогул Сатылгановго арналган атайын бет). “Ленинчил жаш”, №119. 1989. 3-октябрь, 6-апрель.
2.Алимбеков Акматали Кыргыз этнопедагогикасы: I бөлүк: Респ. Мугалим, адистик берүүчү жогоруку, орто окуу жайларынын студ, үчүн окуу куралы. – Б.: 1996, 69 Б.
3.Дүйшөналиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы Окуу китеби. –Б:”Шам”,2007,400 б.
4.Алагушев.Б ж.б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан: Педагогика институтунун музыка факультетинин студенттери үчүн окуу китеби.- Ф, “Мектеп”, 1989 208-б.
5.Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки.-1988.
6.Жоошбаев Макей.“Тогуз кайрык”. “Кыргызстан маданияты”, №14.
7.Виноградов ВС, “Токтогул жана кыргыз акындары”, -М,1952.
8.Токтогулдун чыгармаларынын II томдук жыйнагы:“Фрунзе” Адабият 1989.
9. Кыргыз музыкасы:Энциклопедиялык окуу куралы “Бишкек” –2004
10. Абдылда Капаров Токтогул: Ырлардагы сырлар.—Б ,;”Кут-Бер”, 2014. – 240 б.
11.Экинчи жолу 1957-жылы 6-ноябрда “Ленинчил жаш” газетасына басылган.

УДК: 720; 811.133.1

ФАКТОРЫ ЯЗЫКА И САМОСОЗНАНИЯ ЛЮДЕЙ В МИФОЛОГИЧЕСКОМ ХАРАКТЕРЕ ЭТНОИДЕНТИЧНОСТИ

Акылбек к. Айгерим, магистрант,
Сабирова Венера Кубатовна, д.филол.н., профессор,
E-mail:sabirova_venera@mail.ru
Сулайманов Орунбай Мамасалиевич, магистр,
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

***Аннотация**: Любые ценности представляют собой обобщенные представления людей о нормах поведения. Они играют роль базовых жизненных основ. Существующие в сознании человека ориентиры, с которыми индивиды и социальные группы соотносят свои действия, выявлены в данной статье.*

***Ключевые слова**: национальный миф, дух, идентичность, этнос.*

АДАМДАРДЫН ТИЛДИК ЖАНА АҢ-СЕЗИМ ФАКТОРЛОРУНУН ЭТНИКАЛЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮНҮН МИФОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗҮ

Акылбек к. Айгерим, магистрант,
Сабирова Венера Кубатовна, ф.и.д., профессор E-mail: sabirova_venera@mail.ru
Сулайманов Орунбай Мамасалиевич, магистр
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

***Аннотация:** Ар кандай баалуулуктар - бул адамдардын жүрүм-турум ченемдери жөнүндө жалпыланган чагылдырылышы. Алар жашоонун негизги пайдубалдарынын ролун ойношот. Адамдардын жана социалдык топтордун иш-аракеттери менен байланышкан адамдын акылында орун алган белгилер ушул макалада аныкталган.*

***Ачкыч сөздөр**: улуттук миф, рух, идентттүүлүк, этнос.*

LANGUAGE FACTORS AND SELF-CONSCIOUSNESS OF PEOPLE IN MYTHOLOGICAL CHARACTER OF ETHNIC IDENTITY

Akylbek k. Aygerim, master's student
Sabirova Venera Kubatovna, Doctor of Philology, Professor,
E-mail: sabirova_venera@mail.ru
Sulaimanov Orunbay Mamasalievich, Master,
Osh State University, Osh, 723500, Kyrgyzstan

***Abstract**: Any values are generalized ideas of people about norms of behavior. They play the role of basic life foundations. The landmarks existing in the human mind with which individuals and social groups relate their actions are identified in this article.*

***Key words**: national myth, spirit, identity, ethnos.*

1. Введение

По предметному содержанию различают ценности: социальные и культурные, экономические и политические и т. д. Исследователи насчитывают сотни таких ценностей, однако базовых ценностей немного: свобода, нравственность, семья, личное счастье, дети, материальный достаток, здоровье, образование, профессиональный рост, независимость, авторитетность и др. Развал Советского Союза вызвал неоднозначную реакцию у разных социальных и этнических групп.

2. Материалы и методы исследования

Важное место в развитии национального самосознания занимает историческая память, восстановление правдивой истории народа. Поэтому и предпринимаются попытки ученых и дилетантов по-новому взглянуть на недавнее прошлое. В этом смысле показательны исследования филологов с использованием ассоциативных «прямых» и «обратных» словарей. Ассоциативные тезаурусы являются результатами статистической обработки массовых исследований, когда носители языка фиксируют свободные ассоциации, что возникают у них в сознании по поводу слова-стимула. Интересны иллюстрации исследования анализа современного английского языка, проделанного А. А. Залевской [3].

Ученый объясняет понятие дискурс и его структуру в рамках классических и современных представлений, классифицируя подходы к его изучению, выделяет способы видения языка как многомерного явления, выходящего за рамки текста и речи, связывая с контекстом, сознанием людей.

Поэтому язык не только является средством этнодифференциации и коммуникации этнической общности, он является контекстом психики и вместилищем неких архетипов восприятия мира членами данной общности.

Автостереотипы практически всегда позитивно окрашены в случае нормальной этнической идентичности и могут служить характерной иллюстрацией «внутриэтнической комплиментарностью» (Л. Гумилев), т.е. симпатией к членам своей этнической общности. Динамика изменений автостереотипов может дать достаточный материал для размышлений о процессах в этносе.

3. Результаты и обсуждения

При анкетировании студентов МГУ [1], была замечена тенденция: если стереотип «советского человека» включал в себя такие качества, как трудолюбие, добросовестность, стремление к успеху, честность и др., то образ современного человека видится несколько другим: доброжелательность, дружелюбие, доброта, отзывчивость и т.п. Все эти качества традиционны в иерархии ценностей отечественной культуры.

В социально напреженной ситуации чрезвычайно опасным является отсутствие продуманной концепции национальной политики. Эскалация межэтнических и межрелигиозных конфликтов, экономические трудности и периодическое ухудшение отношений с Западом резко повышают влияние этнических факторов на массовое и индивидуальное сознание.

Идеал - модель будущего, призывающая к частичному или полному изменению существующего порядка вещей, «взрывая» (K. Mannheim) его изнутри. Характерным примером национального идеала может служить эволюция «русской идеи», или такого же плана попытки построить в Кыргызстане национальную идеологию вокруг фигуры легендарного Манаса или вызывающих сегодня усмешку лозунгов типа «Кыргызстан - наш общий дом». Если исходить из того, что каждый исторический период характеризуется определенным психологическим и духовным состоянием этнических общностей, которые проявляются в различных поведенческих доминантах [1], то очевиден динамический характер национального и этнического идеала.

Г. Гачев называет национальный миф «энтилехией нации» [2] из-за интегрирующего воздействия мифологического по своей природе этнического идеала. Современное отношение к мифам далеко от рассмотрения их как неких иллюзий или заблуждений. Пока существует на свете человек, миф - вечный способ упорядочивания реальности, его сравнивают с интегрирующими опыт априорными формами (Кант). И неважно, насколько стереотипы восприятия отражают реальные особенности этносов: действительно ли итальянцы «коварны», русские «ленивы», а кыргызы «простодушны». Гораздо важнее, что, приняв форму мифологем, стереотипы определяют поступки людей.

В. Полосин утверждает, что «основным методом национальной идентификации является обращение общественного сознания на национальный миф» [4]. Публицистика Кыргызстана на протяжении всего времени ее формирования неразрывно связана с историей других стран. Наше литературное искусство складывалось в процессе развития национального самосознания, обогащалось собственным и мировым литературным опытом. Оно дало миру вершины художественных достижений - эпос «Манас» и Чингиз Айтматов, ставших неотъемлемой частью всей мировой литературы и культуры.

Пора раздвинуть границы «Железного занавеса», которого уже нет в течение двух десятков лет, а тень его все еще мешает заглянуть за ойкумену стран СНГ. Пора осознать, что мир намного шире, но у наших культурных констант концы с концами не сходятся, не налажены связи, «взаимодействие и взаимообогащение» - пока не главные магистрали развития общества. Надо принять в свое лоно, изучить и оценить литературу диаспоры, которая пока еще не в общем контексте.

Исследование по оценке эволюции ценностей кыргызстанцев в новой социокультурной ситуации 1997 года [5] показало, что отход от коммунистической идеологии, формирование новой системы экономических отношений оказали воздействие на формирование приоритетов населения. В апреле 1993 года [6] люди ставили в центр своих интересов - семью (81,2%) и место жительства (36,1%), а значимость национальных интересов (16,8%) далеко отставала от семейных. Сходная картина сохраняется и в июле 1997г. они выдвигали на первый план ценности семьи (81,3%) и здоровья (78,9%). Причем эти ценности были значимы для всех респондентов независимо от уровня доходов, образования и возраста. Таким образом, главные интересы людей сосредоточены в семье – малой социальной группе.

В таком контексте представляется вполне оправданным призыв ряда этнологов, социологов, философов (В. Тишкова, Г. Гусейнова, Э. Паина и других) о сознательном переходе к новой доктрине национальной солидарности, связанной с созданием нации на основе двойной - традиционно-культурной и гражданской - идентичности. Общегосударственная идентичность - не только проект, но отчасти и реальность: по данным исследования 1993 года 47,9% респондентов идентифицировали себя как «гражданина России» и лишь 14,2% - как «представителя своей национальности» [7].

Попытка создания национальной идеологии в России тоже основана на этническом принципе. Идеолог радикальной «Лиги защиты национального достояния» А. Севостьянов предлагал понимание русской нации, основанное чуть ли на анализе крови, включить в свой вариант законопроекта для Госдумы [8]. В. Соловьев еще в 19 веке дал подобным взглядам определение: «зоологический патриотизм».

Выводы

Итак, в Кыргызстане и России мы имеем дело с явным этническим вызовом, задачей трезвомыслящих политиков и идеологов должно стать предотвращение националистического ответа на этот вызов. Мы живем в эпоху «планируемой истории» (А. Зиновьев), означает многократно возросшую ответственность политиков, идеологов - людей, имеющих дело с «социальной инженерией» [9]. Риторика национального возрождения во время коренной ломки привычных ниш бытия и затяжного кризиса может иметь следствием политику изоляционизма и агрессивного национализма. Это говорит о политике «деэтнизации», которую не подтверждают реальные социальные процессы.

Литература:

1. Бабаков В.Г., Семенов В.М. Национальное сознание и национальная культура. – М., 1996, с.3.
2. Гачев Г. Д. Миф. Национальный. Индивидуальный. // Сб. Миф в культуре. - М., 2000. С. 129.
3. Залевская А. А. Слово в лексиконе человека: психолингвистическое исследование. – Воронеж, 1990.
4. Полосин В. С. Миф. Религия. Государство. - М.: Ладомир, 1999. С.83.

5. Молдобаев К. Эволюция ценностей кыргызстанцев в новой социокультурной ситуации. Соцопрос-1997. Центральная Азия и Кавказ-www.freenet. kg/jornal/n5/JRNAL509.htm#fn15# fn15
6. Опрос Центра изучения общественного мнения в КР. – Бишкек, 1993.
7. Вестник содружеств социологических ассоциаций. - М., 1993, №2. С. 10.
8. Севостьянов А. О разделенной русской нации и ее праве на воссоединение. – М., 2001.
9. Хотинец В.Ю. Этническое самосознание. - СПб, 2000. С.90-92.

УДК: 894. 341. (0433)

Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КАРАТМА СӨЗДҮҮ СҮЙЛӨМДӨРДҮН ПОЭТИКАЛЫК СИНТАКСИСТИК ФИГУРА КАТАРЫ КОЛДОНУЛУШУ

(“Жамийла” повестинин мисалында)

Алиева Фарида Эсеновна, ф.и.к., доцент, E-mail: falieva62@mail.ru
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада “Жамийла” повестиндеги каратма сөздөрдүн стилистикалык кызматы изилденди.*

Ачкыч сөздөр*: лингвопоэтика, поэтикалык тил, каратма сөз, эстетика, синтаксистик фигура.*

СЛОВА-ОБРАЩЕНИЯ КАК СИНТАКСИЧЕСКАЯ ФИГУРА В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

Алиева Фарида Эсеновна, к.ф.н., доцент
E-mail: falieva62@mail.ru
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *В статье рассматрено стилистические функции слов- обращений в повести “Джамийла”.*

Ключевые слова: *лингвопоэтика, поэтический язык, эстетика, синтаксическая фигура*

THE USE OF THE WORD APPEAL AS A SYNTATIC FIGURE IN THE WORKS OF CHIN

Alieva F. E., Candidate of philology, associate professor E-mail: falieva62@mail.ru
Osh State University, 723500, Osh, Kyrgyzstan

Abstract: *In this article researched stylistic sight of words in a story of “Jamiyla”.*

Key words: *linguopoetics, poetic language, direct speech, esthetic, syntax figure.*

1. Киришүү

Көркөм адабият эстетикалык таасири менен адамдын аң-сезимине, ой жүгүртүүсүнө, жүрүм-турумуна таасир тийгизет. Сөз өнөрүнүн материалдык табияты тил менен байланыштуу. Адабият лингвистиканын обьектиси эмес, бирок тилдин чындыкты образдуу чагылдыруунун каражаты катары кызмат аткарышы өз алдынча дисциплинанын жаралышына жана калыптанып өнүгүшүнө негиз болгон. Көркөм адабиятты лингвистикалык изилдөө, адабий чыгарманын өзүн эмес, тилин изилдеп-үйрөнүү – лингвопоэтиканын обьектиси. Лингвистикалык поэтиканын системалык түзүлүшүнүн негизин көркөм чыгармада колдонулган тилдик фактылардын классификациясы түзөт да, поэтикалык фонетика (эвфония), поэтикалык морфология, поэтикалык синтаксис, поэтикалык семантика, поэтикалык лексикологияга ажырайт [4:250]. Поэтикалык тил деген улуттук тилдин татаалданган түрү. Поэтикалык тилде

улуттук тилдеги потенциалдык маани көркөм маниге айланат. Мына ушул көрүнүш – поэтикалык тилдин негизин, маңызын түзгөн туруктуу өзгөчөлүгү. Ушул өзгөчөлүк аркылуу тилдик системанын бардык элементтери поэтикалык тилде кескин өзгөрүп, жаңы маани-мазмунга, көркөм-эстетикалык күчкө ээ болот. Көркөм адабияттагы ар бир сөз эстетикалык функцияга ээ болуу менен адамдар ортосундагы пайдаланылган кадимки практикалык функциясынан олуттуу айырмаланып турат. Сөздүн эстетикалык маанисинде анын интеллектуалдык мазмунуна караганда экспрессивдүүлүк, таасирдүүлүк басымдуулук кылат [5:9].

2. Изилдөө методдору

Лингвопоэтиканын негизги маселелеринин бири – контекст маселеси. Себеби поэтикалык тилдеги көрүнүштөрдүн бардыгы контексттин чегинде аныкталат.

Сөз поэтикалык тилде эстетикалык функцияга ээ болуу менен, көркөм образ жаратуунун негизги каражаты да болуп саналат. Көркөм чыгарманын текстинде сөздүн сырткы формасы менен түз мааниси сакталып кала берет, бирок ар бир контекстте жаңы маани же маанилерге ээ болуп, өзгөрүлүп турат. Ар бир контексттеги жаңы маани жаңы образды, образдык ассоциацияны жаратат; образ, образдык ассоциациялар образдар системасын пайда кылышат; ал эми образдар системасы идеялык системаны жана мазмунду ачып берүүдө чечүүчү роль ойнойт. Ошентип көркөм адабияттын эстетикалуулугу анын тилдик туюндурулушу тыгыз карым-катышта болот.

Синтаксис тилдин сөз айкашын, сүйлөмдөрдүн курулушун, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн жана сөз тизмектеринин сүйлөмдүн жалпы маанисине карата алган модалдык жана кошумча маанилерин изилдейт. Сүйлөм – коммуникативдик бирдик катары пикир алышуудагы негизги каражат. Стилистиканын жыйынтыктоочу изилдөө чеги да синтаксисттик стилистика менен аяктайт. Көркөм тексттин синтаксистик түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн, синтаксистик бирдиктер менен каражаттардын семантикалык жана функционалдык өзгөрүүлөрү менен татаалдануларын салттуу синтаксисте сүйлөмдүн 3-даражадагы мүчөлөрүнө кирген каратма сөз категориясынан да көрүүгө болот. Анткени көркөм текстттеги бардык бирдиктер, каражаттар сыяктуу эле каратма сөздөр да өзүнүн семантикасын жана функционалдык милдетин өзгөртүп, кошумча маанилерге, функцияларга ээ болот [1:47].

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Каратма сөздөр сүйлөмдөгү ойго тиешелүү болуп, жансыз, жандуу заттардын, адамдын аттары же аларды туюнткан жалпы зат атоочтор же заттанган башка сөз түркүмүндөгү сөздөр каратма сөз катары колдонулат. Каратма сөздүн стилистикалык жактан колдонулушу бир кылка эмес: илимий стилде дээрлик пайдаланылбайт, иш кагаздарынын айрым түрлөрүндө колдонулат, публицистикалык стилде каратма сөз орток мааниде, угуучунун көңүлүн буруу максатын көздөйт.

Көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде каратма сөздөр өздөрүнүн бардык стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн ача алышат [3:122]. Көркөм чыгарманын жалпы тулкусуна сиңирилип, диалогдук кептеги маалымат берүү кызматынан сырткары көркөмдүк милдеттерди да аткарат.

Ч.Айтматовдун чыгармаларына лингивистикалык талдоо жүргүзүү айтматов таануу илиминдеги негизги багыттардын бири катары калыптанып келе жатат.

Макалада негизги материал катары алынып жаткан “Жамийла” повести 1958-жылы жарыкка чыгары менен адабий чөйрөдө резонанс жаратып, жазуучунун атагын алыска таанытты. Чыгарма курч драмалуулугу, терең психологиялуулугу, кыскалыгы, романтикалуулугу менен өзгөчөлөндү. Повесттин мындай мыкты сапаттарынын жаралышында каармандардын ортосундагы кыска диалогдордун мааниси чоң.

Диалогдордогу каратма сөздүү сүйлөмдөрдү автор каармандардын улуттук өзгөчөлүгүн, жаш өзгөчөлүгүн, туугандык-жакындык байланыштарын, жан дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү, мүнөз-кыялын, эмоциялык абалын ачуу үчүн натыйжалуу колдонгон. Повестте 60тан ашык каратма сөздүү сүйлөм бар.

Поэтикалык көркөм тексттер өзүнүн уюшулуш формасы жана анын мазмунун шарттаган ой-жүгүртүү формасы боюнча монологдук түргө ээ. Бирок көркөм тексттер адам менен обьективдүү чындыктын, курчап турган дүйнөнүн ортосундагы терең карым-катыштын ар түрдүү жактарын чагылдыргандыктан, анда, сөзсүз, ички диалогдуулук орун алат. Көркөм тексттердеги диалогдуулуктун айкын көрүнүшү болуп каратма сөздөр эсептелет. Каратма сөздөр ички адресатты туюндуруу, аны менен байланышка кирүү үчүн кызмат кылат. Бирок көркөм тексттеги диалогдун, каратма сөздүн өзгөчөлүгү – кеп моментинде аңгемелешүүчүнүн жоктугу, субьект менен адресаттын ортосундагы карым-катыштын татаалдыгы. Диалог таанып-билүүнүн бир ыкмасы болуп саналгандыктан, көркөм текстте чагылдырылып жаткан дүйнөдө орун алгандын бүт бардыгы адресат болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана аларга каратма сөздүн жардамы менен кайрылууга жол берилет. Жеке эле адамдар жана адамзаттык түшүнүктөр эмес, адресат катары жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр, жаратылыш көрүнүштөрү, предметтер, кубулуштар, абстракттуу түшүнүктөр ж.б. алынышы мүмкүн. Буга байланыштуу, көркөм тексттеги каратма сөздөр коммуникативдик ньюанстарга жана семантикалык өзгөчөлүктөргө ээ. Ал эми алардын жалпы функционалдык жана семантикалык табиятынын өзгөчөлүгүн адресатка кайрылуу менен катар, анын (адресаттын) предметтин айтылып жаткан ойдун маңызына жетүү жана ага карата эмоционалдык мамилени билдирүү түзөт. Демек, каратма сөздөр да тексттин жалпы мазмуну менен шартталып, аны менен шайкеш келет. Повесттеги каратма сөздөр лексика-семантикалык мүнөзүнө жараша бир нече топко ажыратылат. Адамдарга карата кайрылууну көрсөткөн каратма сөздөр катышкан контексттеги диалогдук кырдаал реалдуулукка кыйла жакын. Бул түрдөгү каратма сөздөр адамдын жеке аты-жөнү, жолдоштук, туугандык, жекече жана үй-бүлөлүк мамилелерди билдирүүчү түшүнүктөр түрүндө, адресаттын сапат-белгисин көрсөтүүчү түшүнүктөр түрүндө, социалдык топтун аталышы түрүндө кездешет: Ой кокуй, **жарыктык**, менин төрт мүчөлүм соо болуп, колумдан келсе, өзүм эле баягыдай каптарды арабага ыргытып жиберип, шакылдата айдап кетпейт белем [2:195].

Сейит **иним**, бүгүн үйгө түнөп, аттарыңды тыныктыр. [2:196]

Ишиңер болбосун, жеңе деген жерде жатыптырбы? Жүр кеттик, **кайним**” [2:200].

Ии, **кичине бала**, кызыксын да анан, – деп адатынча мени бооруна кысып, бетимден өбөт. [2:200]

Кабар келгенине сүйүнбөй, кайра шылкыя калат экенсин да, **балам**. [2:204]. Жоош немени ушинте бергениң кандай, **жеңе**? [2:216]

Чыгармадагы конкреттүү, жеке адамга карата айтылган каратма сөздөр конкреттүүлүк, жекелик мүнөзүнөн ажырап, семантикалык кошумча боекчолорго ээ болот. Грамматикалык формасы жагынан энчилүү ат же жеке түшүнүк түрүндө турганы менен, каратма сөз аркылуу туюндурулган адресаттын масштабы кеңейип, адресаттар мүнөзүнө өтөт да, жалпылык түрүнө өтөт: “Ал күнү иштен келе жаткан жоон топ чөпчүлөр кырманга кайрыла калышты эле. Арасындагы аскерден кайтып келген жигиттер:

– Эй, **байлар**, буудай нанды өзүңөр эле жей бересиңерби? Бизге бериңер кайсы, болбосо сууга салабыз! – дешип, айрылары менен тап берип, тамашалап айбат кылышты.

– Ой, кайран **көсөлдөр**, аныңардан коркор кырманчылар бекен! – деп Жамийла жагалдана тура калды”. [2:232]

Текстеги жеке адресат бир тектүү адресаттардын жалпылыгын туюндуруу үчүн кызмат кылып, функционалдык өзгөрүүгө учурады.

Автор эркелетүү маанисиндеги тилдик бирдиктерди каратма сөз катары колдонгон: – **Данике**, сайдагы аттар сеникиби. [2:205]

– И, сага эмне болду, **Жамалтай**, сайгак тийдиби? – деди Орозмат эркелете күлүмсүрөп. [2:242]

– Сен кимдин баласы элен, **иничек**? [2:246]

"Жамийла" повестиндеги каратма сөздөрдүн экинчи бир тобун адамзаттык эмес түшүнүктөр түзөт. Алардын арасында географиялык аталыштар, жаратылыш, аалам көрүнүштөрү жана кубулуштары, мезгил-мейкиндик түшүнүктөрү, адамдын эмоционалдык жана интеллектуалдык дүйнөсүнүн, рухий жана материалдык маданиятынын көрүнүштөрү адресат катары кызмат аткарган.

Ата журт, Мекен, туулган жер жана алардын түрдүү элементтери, атрибуттар чыгармада каратма сөздүк функцияда субьектинин (автордун) Мекен, туулган жер менен байланышынын органикалык, табигый мүнөзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон:

Ой, **Ала-Тоо, Ала-Тоо,**
Ак булут калкып көчкөн жер!
Ой, **Ала-Тоо, Ала-Тоо,**
Ата-бабам өскөн жер! [2:226]

Ой, **айланайын кең талаам**, казак боордошум жердеген, **кең талаам**! [2:229]
Кең талаа, колдо, Касиеттүү, **тууган жер**, колдо! Манас, колдо! [2:230]

Ал эми аалам, жаратылыш көрүнүштөрүнө, кубулуштарына, диний түшүнүктөргө адрестелген кайрылуулар адамдын антропоморфикалык көз карашынан, дүйнөтаанымынан кабар берет: Ой, **Кудай**, ушул тырмактай немебизге өмүр бере көр. [2:196]

Аттан, **кыргыз**, аттан! [2:220]

О, айланайын **кең талаам, тоолорум,** элиме ушул күч-кайратты берген деминден айланайын! [2:230]

"Жамийладагы" каратма сөздөрдүн дагы бир тобу адамдын ички дүйнөсүнө, сезимдерине, ал-абалына, адамдык нарктуулуктарга адрестелген ойду көрсөтөт. Мындай каратма сөздөр өзүндө жеке жана жалпы маани-маңызды камтуусу мүмкүн: адресат катары милдет аткарган түшүнүк жалпы эле адамдарга тиешелүү абал, сезим, сапат болушу да ыктымал, кайталангыс, индивидуалдуу мүнөзгө да ээ болушу ыктымал. Ошондой эле бул түрдөгү каратма сөздөр автоадрестелген мүнөзгө ээ, каратма сөздүк функцияда турган түшүнүк адресат катары саналганы менен, ой, кеп субьектинин өзүнө, өзүнүн ички дүйнөсүнө багытталат: **Жамийла, менин алтын Жамийлам**, сен кеткенде, башынды бийик көтөрүп, тайманбай кең талаа менен кеткенсиң... азыр да ошондойсуңбу, азыр да жол баскандан талыбайсыңбы? Же чарчаган күндөрүң болобу, **жаным Жамийла**? Же өз күчүнө ишенбей, күмөн санаган күндөрүн болобу, **гүлүм Жамийла**?.. Коркпо, **Жамийла**, алыс жолдон, сенин жолуң таалай жолу, андан күмөн санаба. ж.б. [2:260]

Көркөм текстерде адресат менен диалогдук байланыш мазмундуу жана жандуу, стандарттуу эмес эмоционалдык мүнөзгө ээ болсо, анда каратма сөздүн апеллятивдик функциясы солгундап же жоголуп кетет да, функционалдык өзгөрүү, кошумча маани пайда болот. Каратма сөздүн таза синтаксистик функциясынын начарлоосу анын семантикалык функциясынын жогорулашына алып келип, синтаксистик позиция менен функциянын ортосунда асимметрия пайда болот. Каратма сөз ой кимге адрестелгенин атап көрсөтүү менен бирге, мүнөздөө, сыпаттоо функциясын да аткарат. Мындай контексттерде каратма сөздүн апеллятивдик функциясы эмоционалдык-баалоо функциясы

менен кошумчаланып, татаалданат же бифункционалдуу мүнөзгө ээ болот: Ой, сустайган неме, ырдап койсоң болбойбу? [2:224] Ой, кайран неме, башта кайда элең? Ырда эми, жөндөп ырда! [2:225] ж.б. Каратма сөздүн монофункционалдуу же бифункционалдуу болушуна жараша, 2 топко бөлүүгө болот: 1-адресация жана номинация мүнөзүндөгү каратма сөздөр, 2-адресация, номинация жана мүнөздөө функциясын аткарган каратма сөздөр. 1-топтогу каратма сөздөрдө апеллятивдик функция үстөмдүк кылат. 2-топтогу каратма сөздөрдө апеллятивдик функция мүнөздөө функциясы менен татаалданып, адресаттын кандайдыр бир сапат-белгисин көрсөткөн мүнөздөмө каратма сөз менен чогуу же анын өзүндө орун алат да, мүнөздөө оң же терс баалоо моментине ээ болот. Каратма сөздөрдүн бул тобу адресаттын ошол контекстте гана ачылган белгилерин, өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Мисалы: Жамийла, менин **алтын Жамийлам**, сен кеткенде, башынды бийик көтөрүп, тайманбай кең талаа менен кеткенсиң.. азыр да ошондойсуңбу, азыр да жол баскандан талыбайсыңбы? Же чарчаган күндөрүң болобу, **жаным Жамийла**? Же өз күчүнө ишенбей, күмөн санаган күндөрүң болобу, **гүлүм Жамийла**?.

Ии, **тентиген арам**, чачың өсүп жүдөп калыптарсың го, өзүң. Ии, **күрсүлдөгөн урган**, карышкыр дейби, айланайын, сен эмнени билип коюптурсуң? – деди апам ачуулана эреркеп. [2:196] **Сен**, эмне, **бала**. Жиндеп кеттинби, ыя? [2:221]

Например, простой кашевар Миралкан между прочим, убивает десять фашистов, неся еду для бойцов своего взвода. Приведем абзац с описанием этого эпизода, где говорится о том, как бывший колхозник стал военным поваром. Но вот на его пути встречаются фашисты, а повар отставляет в сторону котелок со щами и из автомата разом убил вражеских солдат и офицера. Спокойно взял в руки котелок с супам и отнес своим бойцам на обед. На поздравления товарищей отважный кашевар Миралкан Сейтекинов отвечает просто: *«Мы, киргизы, такие…»* [1, с. 634-635].

3. Результаты и обсуждения

Описанием первого ряда героев кыргызской национальности начинает свой очерк публицист Эренбург. За ним следует целый ряд других героев, сражавшихся с фашистскими захватчиками предков.

Вот другой эпизод касается описания того, что в Новороссийске, возле цементных заводов, солдаты заняли дом после фашистов. И здесь публицист находит другого героя, тоже кыргыза, Калмурзу Джусубалиева, которого сравнивает со львом. Дело в том, что десяток советских воинов во главе с киргизским храбрецом убили сотню фрицев, а потом смело штурмовали боевую позицию врага. Лично Калмурза уничтожил восемь фашистов, в ночном бою умело, с помощью боевых гранат, изолировав вражеские дзоты. Далеко в киргизских степях живут его родные и односельчане, там его ждут с победой, особенно его отец Джусубах. Загорелое лицо Калмурзы оттеняет веселый нрав, свойственный молодым джигитам. Далеко в кыргызских предгорьях молодые девушки поют песню о смельчаке, победившем тигра-злодея. И уж если самого царя зверей победил киргиз, «*что ему карлушка-колбасник?*». То есть, героизм Калмурза объясняется воспитанием, выбранным ему отцом, идеей победы во что бы то ни стало, воспетой в кыргызских народных сказках. Запросто убивающий в одиночку тигра в лесу батыр Алым служит ему образцом для подражания, когда он лишат жизни несколько десятков фрицев.

Затем подхватил эстафету изображения героев-кыргызов следующие мини-истории о героях-панфиловцах Абдрашиде, Аширбае, Орумбае и других солдатах, ценою жизни спасших столицу советской родины – Москву во время боев на Волоколамском шоссе. Особым солдатским настроем известен однополчанам Абдрашид Батырбеков. Очень метко стреляет он из миномета, многих смешит его любимая поговорка*: «Лес рубят - фрицы летят».* Совсем не зря его сослуживцы говорят, когда слышат минометную

очередь*: «Абдрашид фрицев учит».* И он совсем не один, его товарищи также знамениты своей меткостью, смелостью и отважным мужеством.

Исправляет ошибку природы, состоящей в большом количестве фрицев, сержант Куянкузов Аширбай. Он их просто уменьшает в количестве, лишая жизни за их захватнические действия. Иногда он доставляет фрицев живьем в советские штабы, чтобы получить информацию о вражеских позициях, и таких подвигов он совершил полтора десятка раз. Хотя он и родился в далеком Пржевальске, на берегу прекрасного теплого озера, которое никогда не замерзает, он участвовал в освобождении от фашистов русских деревень. Своими ежедневными подвигами, рискуя своей жизнью, он доказывает, что «*у джигита две добродетели: храбрость и верность».*

Еще одного смельчака-киргиза зовут, который служит наводчиком артиллеристского орудия, зовут Орумбай Умаров. Всегда ядра его пушки попадают во вражеские позиции, блиндажи и дзоты, потому что все киргизы являются меткими стрелками и хорошими наездниками на лошадях. Орумбай нравом горячий, характером спокойный, его сердце неистово ненавидит врагов, но голова солдата всегда ясная и трезвая, глаза у него меткие.

Завершает свой небольшой очерк из десятка небольших абзацев Эренбург размышлениями об эпосе «Манас», который издревле питает кыргызов вечной силой, побуждающей на героизм, патриотизм и защиту любимой родины: «*Чудную эпопею создал некогда киргизский народ: она величественна, как дворец, а создана она всадниками в степи из слов и звуков. Богатырь Манас пошел в великий поход с сорока витязями. Жил ли Манас? Или в его образе изображен киргизский народ? Может быть скромный кашевар Миралкан, вступивший в единоборство с десятью немцами, - батыр Манас, сын народа, бессмертный герой?..*». И действительно, верится, что кровь легендарного батыра Манаса передавалась из поколения в поколение и сейчас побуждает своих потомков служить той же священной идее – защите Родины от врага.

Заканчивается публицистическое произведение писателя словами о том, что раньше были известны киргизы своими красивыми песнями, теперь они прославили себя ратными подвигами и спасительными действиями от жестокого и грозного врага. *А в далеких степях Киргизии знают, что киргизских девушек спас от немецких захватчиков русский народ. Говорят, что друг познается в беде. Мы жили далеко друг от друга, и непохожи леса Смоленщины на степи Киргизии, как непохожи песня о березыньке на песни Токтогула. Но вот стряслась беда, и на помощь русским пришли киргизские джигиты. Москва знает. Москва не забудет о верном друге-киргизе*» [2]. Вот эти слова, написанные осенью 1942 года, сегодня через 77 лет звучат как вечная клятва в дружбе и верности «братских народов союз вековой».

Выводы

Таким образом, именно такой способ передачи исторической памяти, через слова той далекой поры, которые сегодня звучат как откровение, потому что они были написаны под грохот снарядов и зыбкость человеческой жизни, на том рубежном состоянии, когда люди говорят не словами, а своими сердцами. Нужно отдавать таким источникам правды предпочтение перед новыми образовательными технологиями, тем более, что данный способ анализа произведений искусства - изобразительно-выразительного вида, каковым является литература - "учебник жизни" по мнению Н. Г. Чернышевского, более иных отвечает принципам современного естествознания: овладение знаниями человечества в призме всеобщей диалектической взаимосвязи бытия и сознания, духа и разума, слова и чести.

Литература:

1. Война: от героев былых времен. Хрестоматия-учебник. / Сост. А. С. Кацев, Н. Л. Слободянюк, А. В. Куликовский. – Бишкек: КРСУ, 2017. – 1216 с.

2. Эренбург И. "Красная звезда", №259 [5323]. - http://0gnev.livejournal.com/tag
3. Гуревич А.Я. Категории средневековой культуры. - М.: 1972. – 138 с.
4. Молчанов В. Время как прием мистификации читателя. В современной западной литературе. // Ритм, пространство и время в литературе и искусстве. - Л.: Наука, 1974. - 291 с.
5. Полякова Е.А. Образ человека и времени в средневековых таджикско-персидских произведениях. - Дис. канд.филол.наук. - Душанбе, 1986.
6. Сабирова В.К. Императивы вечных ценностей в общенациональном диалоге культур. - Вестник ОшГУ. № 1, 2010. - 0,3 п.л. – С. 165-169.
7. Сабирова В.К. Очерковая литература периода Великой Отечественной войны. Форум молодых ученых. 2018, №1, http://forum-nauka.ru/ may 2018

УДК: 720;811.133.1

ФОЛЬКЛОРНЫЕ МОТИВЫ ТВОРЧЕСТВА КЫРГЫЗСКИХ АКЫНОВ-ИМПРОВИЗАТОРОВ

Дуйшөнкул к. Айтолкун, магистрант
Замирбек к. Мееримай, магистранты
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Авторы статьи пытаются дать анализ фольклорным мотивам творчества этнических кыргызских акынов-импровизаторов, проживающих в разных странах мира. Делается акцент на том, что самые разные этнографические детали жизни кыргызского народа способны отразить фольклорные жанры искусства слова.*

Ключевые слова*: акын-импровизатор, искусство слова, художественная литература, творчество, фольклор.*

КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ СӨЗДҮН ИЧИНДЕ ТӨКМӨ-АКЫНДАРДЫН ӨНӨРДҮК МОТИВДЕРИ

Дүйшөнкул к. Айтолкун, магистрант,
Замирбек к. Мееримай, магистрант
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макаланын авторлору дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө жашаган этникалык кыргыздардын төкмө акындарынын чыгармачылыгынын фольклордук мотивдерине анализ берүүгө аракет кылышат. Кыргыз элинин жашоосунун ар түрдүү этнографиялык деталдары сөз искусствосунун фольклордук жанрларын чагылдырууга жөндөмдүү экендигине басым жасалды.*

Ачкыч сөздөр: *төкмө акын, сөз өнөрү, көркөм адабият, чыгармачылык, фольклор.*

FOLKLORE MOTIFS OF KYRGYZ AKYN-IMPROVISERS WORKS

Duyshonkul K. Aitolkun, undergraduate
Zamirbek K. Meerimay, undergraduate
Osh State University, Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstract: *The authors of the article try to give an analysis of the folklore motives of the work of ethnic Kyrgyz akyns-improvisers living in different countries of the world. The emphasis is on the fact that the most diverse ethnographic details of the life of the Kyrgyz people are able to reflect the folklore genres of word art.*

Key words*: akyn improviser, word art, literature, creativity, folklore.*

1. Введение

Образная художественная литература берет начало из устного творчества любого народа, его называют дописьменным периодом искусства слова, созданном на национальном языке. У части кыргызского народа, проживающей в странах ближнего и дальнего зарубежья, также сложились свои традиции и опыт, накопленный в конкретных произведениях разных жанров фольклора.

2. Материалы и методы исследования

Интересны обрядовые и традиционные песни китайских кыргызов во время совершения каких-то обрядов. К примеру, во время свадьбы обычно играют в ритуальную игру «Токмок салды» (типа «Эстафета»). Свернутый платок используют как плетку, биту. Кому достался токмок, тот ведет игру далее. Начиная игру, друг жениха держит в руках токмок и поет:

Отуз келин, отуз кыз, *Тридцать невест, тридцать дев,*
Оюн баштап калыпбыз. *Начнем быстрее мы игру.*
Куттуу болсун ойнубуз, *Пусть игра будет успешной,*
Кут маарек болсун тоюёуз… *Свадьба будет пусть веселой…*
Айып көрбөй, кыз-күйөө, *И без нужды молодожены*
Жар көрүшүп көрүнүз. *В счастье пусть живут всегда [1].*

После новобрачной ночи, есть обычай смотрин приданого (сеп) невесты. Некто-то со стороны невесты делает вид, что спит под пологом одеял невесты (жүкөм). Кто-то со стороны жениха дает гостинцы «уснувшему» сторожу, чтобы его задобрить, Если размер или вид подарка его не удовлетворит, он продолжает делать вид, что спит и затем поет такую песню:

Алты каттык үстүндө. *Слоев шесть постели, и наверху*
Кудачам уктап калыптыр. *Сваха моя спит у всех на виду.*
Алып келип берейин. *Хотел бы я ей поднести тут дары.*
Той жылкым үйдө калыптыр [2]. *Но лошадь ко свадьбе дома забыл.*

Тогда сваха на эти слова своего нового родственника отвечает иронично:

Уйкучу окшойт кудачан. *Ах, видно засоня сваха твоя,*
Конурук ташты жаныртып. *Храпы ее камни эхом дробят,*
Кылымдар бою кыргыздар. *Кыргызы жили так все века,*
Кыздан жеп кимдер байыптыр? *Дочь отдав, кто богател разве?*

2. Результаты и обсуждения

Мы можем видеть и искрометный юмор, и этнографические детали, и пожелания счастья в праздничные свадебные дни, которые неизбежно будут чередовать обычные будни. Вот уж поистине, где и когда бы ни жил человек, главное как - счастливо и достойно.

Пословицы и поговорки таджикистанских кыргызов также представляют собой богатый для этнографического изучения [3]. Среди них есть следующие тематические группы: а) «Общие философские идеи о добре и зле, вечных ценностях, смысле жизни», б) «Морально-этические нормы поведения человека», в) «Этнические и бытовые зарисовки разных сторон жизни людей».

Как видно, этот малый жанр фольклора очень тонко передает народную мудрость, человеческую чуткость и национальное самосознание. В принципе наша градация по тематически группам достаточно условна, потому как в культуре философия, мораль и этнографический быт - все тесно взаимосвязано. Самое главное, что вкупе они дают общее представление об уровне общественного сознания и служат этническим индикатором.

Не менее познавательный характер имеют загадки кыргызов, живущих в Турции у озера Ван, куда они попали после гражданской и мировой войны [4].

Кумуш ыран байтал ат, *Серебристый рослый конь,*
Уктап калсан кайтарат, *Охраняет он мой сон.*
Түндөсү бар, күндүз жок, *Днем его нет, ночью – вот.*
Мунун атын атын тават? (ай). *Кто его мне назовет? (луна).*

Кто будет исследовать богатое мастерство кыргызов? Об этом плач-кошок причитальщицы Гулан Шакировой, Жергетал, Памир, Таджикистан [5].

Булбулдун тили эки ача, *У соловья язык раздвоен,*
Мундувдун үнү башкача *А при плаче голос дрогнет.*
Күкүктүн тили эки ача. *Язык кукушки тоже сдвоен,*
Күйгөндүн үнү башкача… *А при скорби горло глохнет…*
Арзгөйдүм деп ыйласам, *Я плачу горько и скорблю,*
Менен да мундуу бар бекен?.. *Разве, как все, я не терплю?...*

Все здесь связано в один тугой узел: и скорбная тоска от горечи потерь, и осознание бренности человеческой жизни, и покорная усталость от понимания того, что такова жизнь.

В очерке «Алтайские мотивы» народного акына Шайлообека Дуйшеева, посетившего Саяно-Алтайскую автономную область Российской Федерации о неких ритуальных обычаях [6]. При приветствии гостей женщины (киши – человек из дома) разводит в очаге огонь и раздувая дым из еловых веток, приговаривает: *Алас, алас, алас. Алас! [7]*.

Ак-Буркандан от алас! *Алас огнем святого Буркана!*
Айлуу-Кундуу Тенирим! *Лунно-солнечный Теёир!*
Жыгач Таштуу Алтайым! *Древесно-каменный Алтай!...*
Алты эшиктүү Абаган, *Абакан, где есть шесть входов.*
Үч эшиктүү Үжебе! *Ужебе, где три двери!*
Алтын баштуу Ата-Жер. *Златоглавое Отечество [8]*.

Любовную песню на вечный бродячий сюжет – мотив любви в рубрике «Ашыглык ырлары» собрал Айткул Керим [9]. Имя девушки Толукжан, означающее «полноценная», «драгоценная», дало название этому дивному стихотворению в 133 строки. Он называет ее «душа моя», «моя краса», «душа душеньки моей», многочисленны сравнения («как тростник», «как мед», глаза «как звезды»). Признание в любви полно нежности, обожания, преклонения и восторга перед женской красотой и величием, аналогии возникают с очень известным стихотворением «Мадонна» А. С. Пушкина. Те же умиление, откровенность, покорность судьбе и капризам ангела в виде нежного создания.

Далее следует череда событий, встреч с героиней, непростые взаимоотношения с сельчанами, особенно муллами, которые, забыв свои книги с молитвами вовсю бесстыдно любуются женской красотой. Не потому ли герой восклицает: Күйдүм бүтүн дүйнөдө, Жан Толукжан өзүнө. (Я за весь за белый свет Благодарен, что ты есть).

И теперь лирический герой навек пленен женской красотой и кротостью, которая отнюдь себя не даст в обиду. Он вполне осознанно признает, что его жизнь прожита им не зря, поскольку он познал любовь.

Выводы

Итак, краткий дискурс в фольклор этнических кыргызов из разных стран мира (Россия, Китай, Турция, Таджикистан и т.д.) наглядно показывает, что искусство слова живет и служит тому, чтобы в общественном сознании были закреплены индикаторы этничности, структурируя абстрактный по природе и по идейной сути важный конструкт, как национальная самоидентификация представителей кыргызского этноса.

Литература:
1. Здесь и далее: Перевод с кыргызского на русский язык В.Сабировой.
2. Международный общественный, литературно-художественный журнал (МОЛХЖ) «Аалам кыргыздары», №1, 2008. - С. 42-44. Мат. Г.Абдалиевой «Кытайлык кыргыздардын салт-санаасы менен \рп-адаты».
3. МОЛХЖ «Аалам кыргыздары», №1, 2008г., С. 33.
4. МОЛХЖ «Аалам кыргыздары», №2, 2009г., С. 20. Мат-лы из стат. проф., ректора КТУ «Манас» С.Кайыпова.
5. МОЛХЖ «Аалам кыргыздары», №2, 2009г., С. 27. Материалы из статьи писателя Мирзохалима Каримова.
6. МОЛХЖ «Аалам кыргыздары», №2, 2009г., С. 31.
7. Алас – возглас, сопровождающий ритуал очищения, когда от человека отгоняют злых духов, нечистую силу, освобождают от негативной энергии.
8. Оп куруй! – возглас, означающий начало действия вышеизложенного заговора, в котором высшие силы помогают им в исполнении их желаний.
9. МОЛХЖ «Аалам кыргыздары», №2, 2009г., С. 44.

УДК 81.37

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ДЫЙКАНЧЫЛЫК ЛЕКСИКАСЫНЫН ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ТОПТОРУ

Жалилова Нуржана Кадыровна, окутуучу E-mail: Nurırose@mail.ru
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик Университети

Аннотация: *Макалада кыргыз тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр лексика-тематикалык топторго бөлүштүрүлдү жана анын ичинен буудай, жүгөрү, шалы өстүрүүгө байланыштуу гана сөздөрдү изилдөөгө багытталды.*

Ачкыч сөздөр: *дыйканчылык, лексика-семантика, арпа, буудай, тарыу, жүгөрү, шалы, жаргылчак, көчмөн, курама темир, аштык, оро, үрөн, алыш, темин, топон, кылкан, тематика.*

КЫРГЫЗСКИЙ ЛЕКСИКОН ФЕРМЕРОВ ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКИХ ГРУПП

Жалилова Нуржана Кадыровна, преподаватель E-mail: Nurırose@mail.ru
Жалал-Абадский Государственный Университети им. Б. Осмонова

Аннотация: *В статье даны слова на кыргызском языке употребляемые в сельских хозяйствах они разделены на лексико-семантические группы, основное внимание направленно на изучение слов пшеницы, кукурузы, выращивание риса.*

Ключевые слова: *крестьянство, лексико-семантический, ячмень, пшеница, пшено, просо, ручная мельница, кочевник, хлебные злаки, кукуруза, рис, шлифовка, кочевая, семена, тематика, дикий ячмень, полова.*

LEXICO-SEMANTICAL GROUPS OF AGRICULTURAL VOCABULARY IN KYRGYZ LANGUAGE

Zhalılova Nurzhana Kadyrovna, Teacher E-mail: Nurırose@mail.ru
Jalal –Abad State University named after B. Osmonov

Abstract*: The article is about agricultural vocabulary which was divided into lexica-thematic groups and research was directed to such kinds of words as wheat, corns, rice and how to grow them.*

Key words: *Agricultural, lexica-semantic, barley, wheat, millet, corn, rice, jargilchak, nomad, kurama temir, ashtik, oro, alysh, temin, kylkan, thematics.*

1. Киришүү

Кыргыз тилинин лексикалык составынын толукталышында элибиздин мал чарбачылык менен эле жашап жүрбөстөн, жерди иштетип, жерден тапкан азык заттарына байланыштуу ар түрдүү сөздөрдүн пайда болушунун ролу да өтө зор болгон. Ошентип, азыркы кыргыз тилинин бай лексикалык составында дыйканчылык өнөрү боюнча жаралган сөздөр, башка лексикалык бирдиктер абдан көп.

Кыргыз тилинин дыйканчылыкка байланыштуу лексикасы анын лексикалык составындагы дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдүн көпчүлүгүн кыргыз тилинин лексикологиясы окуу китептеринде иран тилдеринен өздөштүрүлүп келген сөздөр түзөт деп айтып келе жатышат. Ошону менен катар эле кыргыз тилинин дыйканчылыкка байланыштуу лексикасында төл сөздөр да арбын. Кесиптик лексиканын бул тармагында иран тилдеринен келип, өздөштүрүлгөн сөздөрдүн көп экендигин, дыйканчылык өнөрлөрдү кыргыздар ошол элдерден үйрөнгөндүгүнө байланыштуу деп айтып келишет.

2. Изилдөө ыкмалары

Дээринен көчмөн калк болгону менен кыргыз элинин тилинде өтө эски замандардан бери айтылып келип, дыйканчылыкка, жер иштетүүгө байланышкан сөздөрдүн байыркы замандардан бери айтылып келе жаткандыгы, айрымдарынын унутулуп калып, элдик оозеки чыгармаларда же топонимдер жана антропонимдер өң дүү энчилүү аттарда жашап келаткандыгы кызыктуу фактылар болуп саналат. Мисалы, ***аштык*** – өндүрүлгөн дан, *таруу* – дан өсүмдүгү, ***кебек*** – дандын кабык калдыгы, ***бозо*** – таруудан кайнатып ачытып жасалган ичимдик, ***талкан*** – куурулган дандан жанчылып даярдалган тамак, ***умач*** – ундан куурулуп жасалган тамак ж.б. дыйканчылык азык аттарынын ***Арпачы, Буудайбек, Жүгөрү (эпостук каарман), Кошбак*** сыяктуу антропонимдердин, ***Алыш-Суу, Арпа, Кетмен-Төбө, Дыйкан, Эгин-Жай*** өң дүү топонимдердин, ***алыш, өстөн*** сыяктуу элдик географиялык терминдердин тилибизде сакталып келатканы көчмөн турмуш уклады менен жер иштетүүнү элибиздин айкалыштыра алып жүргөндүгүнөн кабар берет [1].

Биздин оюбузча жашоонун жер иштетүү менен жүргөндүгү кыргыздарда байыркы замандарда эле болуп келген деп эсептейбиз. Кыргыз тилинин лексикасында жер иштетүүгө байланыштуу сөздөр да бир топ арбын болуп чыкты. Алардын көпчүлүгү байыркы сөздөр болуш керек деп эсептейбиз.

Экинчиден, кыргыз элинин тарыхын изилдеген окумуштуулардын байыркы замандарда эле кыргыз эли мал чарбачылыгы менен катар эле жер иштетип, дан өсүмдүктөрүн өстүрүп, алардан тамак-аш, ичимдиктерди жасап күн көргөндүгү далилденген.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Белгилүү тарыхчы, археолог С.В.Киселев энесайлык кыргыздар тууралуу жазган фундаменталдуу эмгегинде жазган: «Еще в тагарское время в Минусинской котловине определились районы премущественного занятия или скотоводством, или земледелием» [2.568-б.]. Археологиялык казууларда табылган буюмдардын, турмуш-тиричиликте керектелген башка нерселердин негизинде байыркы кыргыздар дан өсүмдүктөрүн тамак-аш катары пайдаланылып жүргөнүн жана алардан атайы ичимдиктерди жасашкандыгы тууралуу да маалыматтар айтылгандыгын көрөбүз.

С.В.Киселеев Енисей бойлорундагы байыркы турак жайлардан соколордун, дагы башка эмгек куралдарынын табылганын, алардын Кытайдан алынып келингенин, ошону менен бирге эле кыргыздардын өздөрүнүн да ошондой куралдарды жасашкандыгын далилдеген. Анын далилдеринин эң негизгиси *жаргылчак* (*ручная мельница* деп жазган) экендиги жазылган. Кыргыздардын мал чарбачылыгы менен дыйканчылыктан башка да кесиптеринин болгондугу тууралуу да маалыматтар бар: «Не менее значительной, чем земледелие и скотоводство, отраслью кыргызского хозяйство были различные ремесла»

[2.572-б.]. Байыркы доорлордо кол өнөрчүлүк жана металл иштетүү жумуштарынын пайда болуш жана өнүгүшү үчүн дыйканчылык өнөрлөрдүн бир топ деңгээлде жогору өнүгүшү зарыл болгон. Металл иштетүү дыйканчылыктагы жаңы эмгек куралдарынын пайда болушуна шарт түзөт. С.В. Киселевдун китебинде бул тууралуу да мындай ой айтылганын окуйбуз: «Помимо китайски плугов кыргызы применяли и собственные. От них дошли концевые оковки лемехов подтреугольной формы. Кроме того, в Минусинских степях найдено большое число железных наконечников от трехзубый сохи, своеобразного древнего типа. Вместе с тем не исключена возможность употребления и в кыргызское время мотыги» [2.568-б.]. Мына ушундай фактылар кыргыздардын өзүнүн өнүккөн дыйканчылыкка ээ болгондугунун күбөсү болуп эсептелет.

Ошентип, кыргыз эли XX кылымга чейин эле мал чарбачылык менен көчмөндүк маданиятын бекем карманып келгенине карабай, жер иштетүүнү да өтө байыркы замандарда эле өздөштүргөнүн биз да баса белгилегибиз келет. Азыркы кыргыз тилинин лексикалык составында байыркы доорлордон бери сакталып келе жаткан, *арпа, буудай, тарыу, аштык, оро, үрөн, алыш, темин, оп:оп майда, топон, кылкан* деген сыяктуу сөздөр аркылуу кыргыз элинин эзелтен бери эле жер иштетип, жерден түшүм алып жашап келе жатканын дагы бир жолу белгилеп өтөбүз.

Окумуштуулар адамзат тарабынан жер иштетүүлөрдү өздөштүргөндүгүнүн алгачкылары Кичи Азия, Палестина, Иран, Түркмөнстандын түштүгүндө жана Түндүк Африкада жүргөн деп эсептешет. Ошол аймактарда биздин заманга чейинки XII-X миң жылдыктар мезгилинде жогоруда көрсөтүлгөн аймактарда жыгачтан же сөөктөн жасалган эмгек куралдары иштетилип, жапайы өскөн дан өсүмдүктөрүнөн жыйнап алып, кийинчерээк аларды жерге сээп өндүрүшкөнү тууралуу маалыматтар бар [3.31-б.]. Адам колу менен өстүрүлүп, түшүмү алынган дан өсүмдүктөрдүн эң алгачкысы *арпа* болуп, дан өсүмдүктөрүнүн колдо өстүрүлө башташы Египетте, Балкан жарым аралында жана Түркмөнстандын түштүгүндө б.з.ч. VI миң жылдыгынан мурда ишке ашкан деп таанылат [3.32-б.].

Мына ошол аймактардан таралып, акырындык менен адамдардын жашоосу өз учурундагы жылуулук жана суу менен камсыз болгон шарттары бар башка аймактарга таралган. Ошентип, дан өсүмдүктөрүнүн адам тарабынан колдо өстүрүлүп, түшүм алынып, эң маанилүү азык зат катары пайдаланыла башташында *арпа, буудай, тарыу, жүгөрү* ж.б. болгондугун окумуштуулар аныкташкан. Ал эми дан өсүмдүктөрүнүн ичинен, шалы өсүмдүгүнүн киши тарабынан алгачкы өздөштүрүлгөнү тууралуу илимде маалыматтар жокко эсе. Мындай жумуштардын биздин изилдөө ишибиздин темасына кирбегендиктен, өзүбүздүн максат, милдеттерибиз боюнча гана иш жүргүзөбүз. Дан өсүмдүктөрүнүн тарыхы, алардын кайсынысы кайсы мезгилде колдо өстүрүлүп баштаганын изилдөө башка илимдин иши болуп саналат.

Биздин бул маселелерге кыскача кайрылганыбыздын себеби кыргыз элинин дыйканчылык өнөрлөрдү өздөштүрүшүндө жер иштетүү менен болгон мамилелерине байланыштуу фактыларды гана колдон келишинче аныктап, тактоого болгон аракеттерден улам болду.

Көчмөндүк өнөрлөрдү бекем тутуп, көчмөн турмушту дээрлик XX кылымга чейин тутунуп келген кыргыз элинин жер иштетүү жумуштарын да өтө эски замандардан бери өздөштүрүп, ошону менен бирге ар кайсы кылымдардагы позицияларынын таасири менен өздөрүнүн дыйканчылыктагы кесип өнөрлөрүн дайыма өркүндөтүп келгендиги белгилүү. Адамзаттын узак тарыхты баштан кечирген жашоосунда, айрым жерлерде мал чарбачылыгы биринчи, дыйканчылык экинчи деген көз караштар бар. Айрым окумуштуулар жер тегиз болгон суулуу жерлерде жашаган адамдарда адегенде дыйканчылык болуп, мал чарбачылыгы ага параллель өнүккөндүгүн айтышат. Бул

маселелерди чечүү биздин милдет эмес. Биз кыргыз элинин да өтө байыркы замандарда эле жер иштетип күн көрүүнү өздөштүргөн экенине басым таштайбыз.

Адамзат жашоосунун өсүп-өнүгүш тарыхында окумуштуулар жашоодогу тиричиликтеги *чарба жүргүзүү маданиятынын типтери (культурно-хозяственный тип)* деген түшүнүктү аныкташкан. Мына ошол типтерге карап адамдын дыйканчылык менен күн кечирген доорлорун мал асыроо, мал чарбачылыгы негизги ишмердик болуп келген чарба жүргүзүү маданиятынан кийинки, ошол чарба жүргүзүү тибинен кийинкиси болуп саналат. Археологиялык казуулардын, археологиялык адабияттардын мына ушундай ырааттуулукту далилдеген фактылар өтө арбын. Борбор Азиядан Енисей дарыясына чейинки археологиялык казууларга мүнөздөмө берип келип Е.Е.Кузьмина минтип жазат: «Почти все они (байыркы отурукташуулар – Н.Ж.) расположены на берегах маленьких рек, на террасе рядом с широкой поймой или непосредственно в пойме, которая теперь покрывается весной паводками. Что следует из этих типографических наблюдений? Во-первых, в андроновскую эпоху климат был теплее и суше, раз поселки не заливались водой. Во-вторых, в пойме, где земля плодородна, влажна и легко поддается обработке, у андроновцев, наверное, были небольшие поля и огороды» [4.31-б.].

Археологиядагы бул маданият (андроновская культура) А.Адрианов деген окумуштуу азыркы Краснояр крайында Ачинск деген шаарга жакын жердеги Андроново кыштагынын жанында 1913-жылы бир нече археологиялык казууларды жүргүзүп, ошол казуулардан табылгандар кийин Борбор Азиядан Енисей дарыясына, Байкал көлүнө чейинки аралыктагы казууларда табылгандар менен окшош болгондуктан, *андроново маданияты* деп атаган. Ал эми кыргыз элинин байыркы кылымдардагы жашоосу археологдордун пикири боюнча мына ушулар менен байланышып келе жатат. Алтай тоолору менен Енисей дарыясы аймактарында жашаган байыркы кыргыздардын дыйканчылык өнөрлөрү бизге белгисиз болгону менен, тарыхчылардын ошол кездердеги кыргыздардын кылычы курч болгондугун жазган жайлары белгилүү (Ю.Худяков ж.б.). Кыргыз элинин байыркы кездердеги кол өнөрчүлүктө мына ушундай жетишкендиктери элдик оозеки чыгармаларда көп жолугат. «Манас» эпосунда, мисал үчүн «курама темир курч болот» деген макал формасына өтүп калган сөздөр айтылат. Ал эми *курама темир* деген сөз металл иштетүүнүн тажрыйбаларынан улам айтылып, эл оозунан түшпөй келе жаткан сөз болуп саналат.

Демек, байыркы замандарда эле кыргыздар *чарба жүргүзүү маданиятынын* жетишкен жактарын колдонуп иштеп келишкен. Ошентип, тээ илгери доорлордон бери кыргыз эли мал чарбачылыгынан кийин өздөштүрүлгөн чарба жүргүзүү маданияты, дыйканчылык менен иштеп, күн көрүп, өмүр кечирген деп айтууга толук акыбыз бар.

Жер иштетүүгө, дыйканчылыкка байланыштуу сөздөр кыргыз тилинин лексикалык составынын өзүнчө бир тобун түзөт. Тилдеги лексика-тематикалык топтор бири-биринен кандайдыр бир такталган чек арасы бардай болуп ажыратылбайт. Кайсы бир сөздөр эки же андан көп тематикалык топторго кириши мүмкүн.

Дыйканчылыктын ар кайсы түрүндөгү кесип, өнөрлөр бири-бири менен тыгыз байланышып, ошол эле кезде өтө ар түрдүү. Мындай бири-биринен айырмаланган ар түрдүүлүк ар башка дан өсүмдүктөрүнүн болгонунан келип чыгат. Ал эми бири-бири менен байланышкан жалпылык жактар болсо, мына ошол дан өсүмдүктөрдү өндүрүп өстүрүүдө бардыгына тең жердин иштетилиши, сугарып карап асыроо менен оруп жыйноо процесстердин да бирдей болорлугу менен түшүндүрүлүш керек. Ошондой болгону менен аларды, ар түрдүү дан өсүмдүктөрүн сээп, өстүрүп, жыйнап алуу процесстеринде да кандайдыр айырмачылыктардын болушу мүмкүн.

Алсак, *буудайды* сээп, асырап өстүрүү менен *жүгөрүнү* сээп, асырап өстүрүүдөгү айырмачылыктардын бири болуп буудайды атайын даярдалган жерге чачыратып эле сээп

өстүрсө, жүгөрүнү көбүнчө атайын даярдалган жерге катар-катары менен таштап себет. Анткени, жүгөрү буудайдай ичке сабактар менен өспөй, жоон-жоон сабактары болуп бийик өсүп, боорундагы түшүмү ошого жараша бир топ салмактуу болуп кармалат.

Ал эми шалыны сээп, өстүрүү бул экөөнөн кескин айырмаланат. Аны себиш үчүн атайын даярдалган жер суулуу болот. Атайы көл сыяктуу суу топтой тургандай кылып жер даярдалат да, ошол сууга эле шалы даны себилет.

Тыянак

Мына ушундай жалпылыктарда да, бири-биринен болгон өзгөчөлүк айырмачылыктарда да түрдүү аталыштар, ар кандай кыймыл процесстери болуп, мына ошолорго байланыштуу сөздөр топтору лексика-тематикалык топторду түзөт. Ошентип, кыргыз тилиндеги дыйканчылыкка байланыштуу сөздөрдү шарттуу түрдө төмөндөгүдөй лексика-тематикалык топторго бөлүп, ажыратып карайбыз.

1. Жер иштетүүгө, жерди үрөн себүүгө даярдоолорго байланыштуу сөздөр;
2. Арпа, буудайга байланыштуу сөздөр;
3. Жүгөрү, ага байланыштуу сөздөр;
4. Шалы өстүрүүгө байланыштуу айтылган сөздөр;
5. Таруу, буурчак жана башка дан өсүмдүктөрүнө байланыштуу аталыштар;
6. Дыйканчылыктын жашылча өстүрүү тармагына байланыштуу сөздөр;
7. Техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүүгө байланыштуу сөздөр;
8. Көк-сөк майда-барат өсүмдүктөрдү өстүрүүгө байланыштуу болгон лексикалык бирдиктер ж.б.

Эске сала кетүүчү нерсе, биздин изилдөө темабыз дыйканчылыктагы *буудай, жүгөрү* жана *шалы* өстүрүүгө байланыштуу гана сөздөр, аталыштар менен чектелип, мына ошол тематикалык топторду гана иликтеп, изилдөөгө багытталат. Мындай чектелүү дыйканчылык боюнча кесиптик лексикасынын алкагы өтө эле кенен экендигинен келип чыкты. Дыйканчылыктын бардык тармактары абдан эле чоң тема болуп, бардыгына жүргүзүлгөн изилдөөлөр үстүртөн гана болуп калышы ыктымал деп эсептеп, ушундай чектелүүнү кабыл алдык.

Адабияттар:

1. Хурибаева Э.Г. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы (пахтачылык сөздөрүнүн мисалында). – Бишкек, 2016. 4-бет.
2. Киселев С.В. Древняя история Южный Сибири. – М., 1951. 568-570-572-беттер.
3. Дьяконов И.М. Возникновение земледелии, скотоводства и ремесла. Общие черты первого периода истории древнего мира и проблема путей развития. Китепте: История древнего мира. Под ред. И.М.Дьяконова, П.Д.Нероновой, И.С.Цвенцицкой. – М: Наука, 1989. 31-32-беттер.
4. Кузьмина Е.Е. Древнейшие скотоводы от Урала до Тянь-Шань. – Фрунзе: Илим, 1986. 31-бет.

УДК: 37.01 (81)

КОЛЛЕДЖДЕРДЕ ТОГОЛОК МОЛДОНУН “КУШТАРДЫН АҢГЕМЕСИ” ПОЭМАСЫН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК НЕГИЗДЕ ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

Жумабаева Динара Сапарбаевна, преподаватель
E-mail: dinara2376@bk.ru Ошский государственный университет

.

Аннотация: *Макалада улуу акын Тоголок Молдонун “Куштардын аңгемеси” чыгармасын этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдору жөнүндө сөз болот. Автор алгач чыгарманын сюжетин окуучулар менен биргеликте талдоого алып, андан кийин суроо-жооп аңгемелешүүгө өтөт. Автор чыгармага идеялык-тематикалык талдоо жүргүзүү менен бирге, чыгармадагы ойлордун этнопедагогикалык баалуулугун баса белгилейт. Мунун натыйжасында окуучулар элдик педагогиканын акылмандыкка чакырган баалуу сабактарын билип калышат жана аларды турмушта пайдалануага үйрөнүшөт.*

Ачкыч сөздөр: *адабият, этнопедагогика, акын, куштар, сюжет, акыл, билим, идея, чыгарма, акылман*

ПУТИ ОБУЧЕНИЯ В КОЛЛЕДЖАХ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ТОГОЛОК МОЛДО «КУШТАРДЫН АНГЕМЕСИ» НА ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ОСНОВЕ

Жумабаева Динара Сапарбаевна, преподаватель
E-mail: dinara2376@bk.ru. Ошский государственный университет

Аннотация: *В статье речь идет о путях обучения произведения великого кыргызского поэта Тоголок Молдо «Куштардын аңгемеси» на основе этнопедагогики. Вначале автор вместе с учениками проводит анализ сюжета произведения, а потом продолжает беседу в виде вопросов и ответов. Проводя идейно-тематический разбор произведения, автор, в то же время подчеркивает этнопедагогическую ценность мыслей в произведении. В результате этого студенты познают ценности уроки народной педагогики, которые призывают к мудрости и учатся применять их в жизни.*

Ключевые слова: *литература, этнопедагогика,поэт, птицы, сюжет, ум,знание, идея, произведение, мыслитель.*

WAYS OF STUDYING IN COLLEGES THE WORK OF TOGOLOK MOLDO «BIRD STORY» ON ETHNO-PEDAGOGICAL BASIS

Zhumabaeva Dinara Saparbaevna , Teacher
E-mail: dinara2376@bk.ru Osh State University,

Abstract*: In the article speaks about teaching the work of the great Kyrgyz poet Togolok Moldo «Bird story» on an ethno-pedagogical basis. First the author together with the students, analyzes the plot and then continues the conversation in the form of guestions and answers. Conducting an ideological and thematic analysis, the author at the same time emphasizes the ethnopedagogical value of thoughts in the work. As a result, students learn the values and lessons of folk pedagogy, who call for wisdom and learn to apply them in life.*

Key words: *literature, ethno-pedagogica, poet, birds, plot, mind, knowledge, composition, idea, thinker.*

Элдик нарк-насилди балдардын акыл-эсине, жан дүйнөсүнө сиңирүүдө эл акындарынын чыгармаларынын орду чоң. Деги адам мүнөзү же табияты жөнүндө акындар чыгармачылыгында айтылган салмактуу ойлор калктын адеп-ахлактык турмушун жөнгө салып турган десек жаңылбайбыз. Акындар чыгармачылыгында адамдын мүнөзү, анын инсан катары калыптанышы жөнүндө таамай ойлор айтылып, төкмө акындар эл ичинде бир гана элдин турмушун ырдабастан, алар калк арасындагы адеп-ахлактын чен-өлчөмдөрүн баалаган калыс сынчы да болуп калышкан. Бирок кээ бир акындар жаныбарлар дүйнөсү же башка көрүнүш аркылуу айтам деген оюн каймана мааниде элге жеткире алган.

Кыргыз эл акындарынан табият кубулуштарына, жан-жаныбарлар темасына кайрылган ырчылар көп. Алардын бири-улуу акын Тоголок Молдо. Өз заманынын залкар таланттуу ырчысы “Куштардын аңгемеси” поэмасында канаттуу куштардын көп түрүн санап өтөт. Бир гана атап эле койбостон, ошол канаттууларга тиешелүү сапат, мүнөздөмөлөрүнөн бери сыпаттап айтып берет. «Акындардын өз алдынча поэтикалык чыгармачылыгында өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун жана окутуунун элдик тажрыйбасынын ойлору камтылган. Жашоо-турмуштун бардык чөйрөлөрүнөн алынган билимдер менен көндүмдөр чагылдырылган.» [1, 182] Колледжде Тоголок Молдонун “Куштардын аңгемеси” поэмасын окутууга 1 саат берилген. Сабактын башында алмустактан эле адамдарда жер талашуу, бийлик талашуу болуп келгендиги жөнүндө,

көптөгөн согуштар да ушул себептен болгондугун кириш сөздө мугалим айта кетиши абзел. Поэма өткөн заманда куштардын экиге бөлүнгөнүн, суу кушу менен боз кушунун ортосундагы талаш аркылуу кызыктуу ачылып берилген. Алгач эле булбулдун жашоого наалып, суу кушунун жыргап жатканын, жырткыч куштардын кыянаттыгын четинен айтып баштаганы берилет. Алардын ар биринин аты аталып, жасаган иштери жана мүнөздөмөлөрү так жана таамай көрсөтүлөт.

"Жагалмай, турумтай, кыргый, ителги менен ылаачын, карчыга, бүркүт, таз кара, жору, ак сары, бөктөргү, буудайык туйгун, тунжур, баарчын, таканак канча кушту кыйратты, кан какшатып ыйлатты, калктын баарын кыйратып, каныңды төккөн ушулар", - деп берилет. Жырткыч куштардын образы аркылуу кандай адамдарды, ал эми аларга жем болгон канаттуулар аркылуу кимдин образын бергендигин студенттер чыгарманын сюжетине сүңгүп кирген сайын ажырата башташат, б.а. интерпретациялоодо ачык баамдашат. Чыгарманы инерпретациялоо- бул педагог-устаттын туура багыттоосу менен автордук ойду туура түшүнүү, чыгарманын контекстине сүңгүп кирүү, анын ички дүйнөсүн аңтаруу. Балдар чыгарманы ар тараптуу талдоого алат, түпкү маанини түшүнүүгө аракет жасайт, суроолорго жооп издеп толгонот. Мына ушунун баары интерпретациялоого жол ачкан ачкыч болуп саналат. "Текстти интерпретациялоо процесси текстке реакция жасоочу окурмандын ар кимисинин өзүнө таандык сапатка ээ болгон нерсе болуп, аны эффективдүү жүргүзүү автордук ойду туура түшүнүүгө жардам берет, текстти аңдап билүүнүн психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн сырларын үйрөтөт." [2, 43]. Чыгарманын сюжетин өздөштүрүүдө мугалим суроо-жооп аркылуу студенттердин билимдерин бекемдеп алса болот.

Мугалим: Андан ары үкү менен карчыганын маеги сүрөттөлөт. Карчыга үкүнүн өз баласындай көрүп бакканына карабай, үкүдөн сурайт дейт:

Кайратың кабат көрүнөт,
Жандан коркуп качпайсың.
Салтанатың башкача,
Эч алдырып шашпайсың.
Сырыңды ата, угайын,
Өзүң мындай, ал кандай?- деп сурайт.

Окуучу: Ошондо үкү:- Үкү акеңде дарман жок,
Үү деген үнү болбосо,
Үксөйгөн жүнү болбосо... –деп болгон сырын айтып берет.
Үкүнүн сырын уккан соң,
Карчыга карап турабы?
Кан соргучтун тукуму
Жемин жебей турабы.
Карчыга басып үкүнүн,
Оюп кирди төшүнөн.
Үкү акеңден сөз келет,
-Бала эмес балакет,
Башымды жутту деп айтат. [3, 22-24]

Мугалим: - Үкүнүн арманын тапкыла.

Окуучу: - Үкүнүн арманы төмөнкүдөй деп ойлойм.

-Канатың кайкы тууганда, ботом,
Кан менен бутуң жууганда, ботом.
Тумшугуң ийри тууганда ботом,
Түңүлдүм эле карчыга ботом.
Ак сүтүмдү кечпеймин ботом,

Тилегиңе жетпейсиң ботом.

Мугалим: - Акын поэмада эмне үчүн үкү менен карчыганын окуясын баяндады деп ойлойсуңар?

Окуучу:-Менин оюмча, канчалык багып чоңойтсо да, жырткыч жырткычтыгын кылат. Автор ушул ойду айтайын деген. Кыргызда "Бөрү баласы ит болбойт" деген макал бар эмеспи. Үкү карчыганы канчалык бапестеп, өз баласындай көрүп чоңойтсо да, карчыга ага кыянаттык кылып жатат. Бул азыркы турмушта деле, бийликте же эл ичинде кездеше турган эле көрүнүштөрдүн бири го деп ойлойм. "Суу ичкен кудугуңа түкүрбө" деп элибизде бекер айтылбайт да.

Мугалим: - Андан ары карчыганын жырткычтыгы сүрөттөлүп, андан качып жүргөн куштар бирден саналып айтылат. Алар кайсылар?

Окуучу: - Чыгармада карчыга жырткыч канаттуу катары сүрөттөлөт. Карчыганын жеми болгон канаттуулар: бөдөнө, чил, кыргоол, торгой, булбул, сасык үпү, күкүк, чабалекей, карлыгач. Булбул чечен ушуларды санап айткандан кийин эми канаттуулар жыйылды дейт. Алар: таан, көгүчкөн, ала карга, сагызган, чар, койчу кара, таталбек, тоодак, кара кур, куркулдай, короолу, боз таркылдак, таранчы, кыргыек,"эжеке, бээ саа", жарганат, жылкычы чымчык, кучкач, чакчыгай.

Андан кийин боз кушу суу кушун конокко чакырат. Конокко ак куу, өрдөк, чүрөк, каз, аңыр, тартар, эчки маарак, кашкалдак, ызгыч, ак чардак, кара каз келет. Андан кийин эле кара кунас, көк кытан, илегилек, чөкө таан, безбелдек, көгүчкөн, бабырган деген балдар атын укпаган, укса да бирин-серин гана тааныган канаттуулардын келгени жөнүндө айтылат. Мына ушулар айтылгандан кийин боз куштары биригип, калыстыкка кузгунду шайлашат, кузгун болсо "Кудай мага берди" деп ичинен жымыйып, элдин баарынын иши мага келди деп сүйүнөт.

Мугалим: - Бий болор кимиси бар экенин кузгун кантип баяндайт?

1-окуучу: Кузгун: - Турнаны биз бий кылсак,
Жөн жүргөндө чуусу көп.
Кууну каалап бий кылсак,
Сууга кетет чөмүлүп.
Мурду оңколуу сулууча,
Кара жигит ким деген?
Ушу кимдин баласы?
Айлачыл болор бала экен.
Элге-журтка эп болсо,
Бий кылсаңар канетет?-деп кары кузгун кеп айтканда эч кимге жакпады. Көрсө, кузгун бий болууга калп эле ким экен демиш болуп, өзүнүн уулун сунуштаптыр. Өз баласын көрсөтүп, өрнөк бузган кузгунду жыйындын четине чыгарып коюшат. "Зордугуна көнбөйбүз, залимге орун бербейбиз",-деген канаттуулар ат жарыш кылабыз да, ким биринчи келсе, ошону бий кылып шайлайбыз деп чечим чыгарышат.

2-окуучу: Жарышка суу кушунан **кыл куйрук** чыгат, ал эми боз кушунан **кара боор** жарышка чыгат. Экөө жарышып бара жатканда, кыл куйрук шумдук ойлонуп, кара боорду алдап, "бир аз эс алып тамак жеп алалы, анан улантабыз", - дейт. Кара боорго бул сөз майдай жагып, кумга конуп, куйругун тарап караса, кыл куйрук жок экен. Ал көрүнбөстөн бөгүп, суу түбүнө чүмүп, эчак кетип калыптыр.

Алдатып салдым итке -дейт,
Капалык түшүп ичке-дейт.
Какайып учуп зыпылдап,
Кара боор барат кыпылдап.

Ошентип, кыл куйруктун амалы менен бийликти бүт суу куштары алыптыр, тоодак болсо арманын айтып калыптыр. Анан тоодак жыйынтык чыгарып мындай дейт:

Ат жарыштык арман жок,
Ал сөздө арман калган жок.
Кубанып турган кезиң бул,
Куу төрө бийлик кут болсун.
Боз кушу менен суу кушу,
Ынтымак кылып журт болсун!

Тоодак бийликти алдырып койгонуна канчалык өкүнсө да, акырында суу кушун ушинтип куттуктайт. Бирок тоодак басылбай, кара боорду каргап: "Кара боор, оңбогун, катсын таштай бооруң!"-деп арманын айтып калат. Чыгарма ошону менен аяктайт.

Мугалим: - Кузгундун окуясы аркылуу автор эмнени көрсөткүсү келген?

Окуучу: - Октябрь революциясына чейинки болуш шайлоодо ушундай болуп келген. Болуштар же байлар өз балдарын калкалап, согуш же ушундай бир кооптуу абал болгондо балдарынын ордуна кедей-кембагалдарды жөнөтүшкөн. Ошол сыяктуу эле шайлоодо да билмексен болуп, өз балдарын дайыма алдыга чыгарууга аракет кылышкан. Автор чыгармада аллегориялык маани аркылуу, б.а. кузгундун шайлоодогу "калыстыгын" сүрөттөө менен бий-болуштардын акыйкатсыздыгын көрсөткөн деп ойлойм.

Мугалим: Жыйынтыгында куштардын баары тескери карады, элдин ишеничинен кетти, экинчи ага калыстык кыл деп бирөө да басып барбай турган абалга жетти. Бул психологиялык кырдаалга Арстанбек Буйлаш уулунун төмөнкү саптары жооп болуп калат: Кайратың тоону бузса да,

Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.[4, 12]. Демек, кандай жагдай болбосун, элден чыкпаш керек, кыргыздар айткандай, "Элдүү түлкү ачка өлбөйт". Кайгыңды, кубанычыңды бөлүшө турган элге чын дилиңден, ак кызмат кылуу – чыгармадагы негизги идеялардын бири. Чыгарманын негизги идеясы жана темасын талкуулап жатып, мугалим балдарга багыт берүүсү маанилүү. Үкү менен карчыганын мамилесин, "кузгундун калыстыгын"жана кыл куйрук менен кара боордун жарышынан балдар кандай жыйынтык чыгарарын эскертип коюу аларга жетиштүү. Социалдык теңсиздик, акыйкатсыз шайлоо кандай натыйжаларга алып баруусун балдар да жакшы түшүнгөндүктөн өздөрү анализ жасап алышат. Чыгарманын жогорку моралдык сабагы да, этикалык асыл наркы да ушунда жатат. Улуу "Манас" эпосунда айтылгандай, "Бөлүнсөң жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет". Демек, ынтымак, биримдик менен гана калктын канын соргон жырткычтай жаалданган адамдардан арылабыз деген ой маанилүү.

Поэманын бийик гуманисттик идеясы мында: бийлик талашпай, ынтымакта жашоого, адал ниет менен жүрүүгө чакыруу. Мына ушул таалим - тарбияны улуу акын бизге аллегориялык жол аркылуу, б.а. куштардын образы аркылуу ачып берген. Сабакта балдарга адабият теориясы боюнча дагы билим берүү зарылчылыгы туулат. Бул аллегориялык чыгарма тууралуу билим болмокчу. "Аллегория- (гр. "башкача сүйлөм")- адабият менен искусство чыгармаларында көрүнүштөрдү каймана сүрөттөө, образдарды өтмө мааниде берүү. Түшүнүктөрдү, нерсени мындай каймана мааниде берүү тамсилдерге мүнөздүү. Аллегориялык сүрөттөө оозеки адабияттарда кеңири пайдаланылган. Тоголок Молдо жалкоо адамды "Иттин доолдай тиктирем дегени" тамсилинде иттин аллегориялык образы менен каймана мааниде көрсөтөт." [5, 118].

Мугалим: Окумуштуу П.Ирисов улуу акын жөнүндө:” Тоголок Молдону демократ акын дешет. Ал дал ушул жагынан да башка, өзүнө замандаш ырчылардын алда канча жогору турат. Ал кайсыл жерге барбасын, кайсыл темада ырдабасын, демократтык көз караштары анын негизги идеялык багыты катары көрүнөт. Коомдогу адилетсиз көрүнүштөрдү көрүп туруп, ал көрүнүштөрдүн негизги күнөөкөрлөрү болгон терс мүнөздөрдү сатирага салып айыптайт, тамсил формасында калкка түшүндүрөт”,- [6, 112] деп айтат. Бул окумуштуунун пикирине силердин көз карашыңар кандай? Ушул жерде студенттердин берген жообуна жараша талкуу болуп кетиши да мүмкүн.

Кыргыз элиндеги кылымдар бою келаткан асыл ойлор калктын эстутумунда, көкүрөк туюмунда сакталып, ошол сакталып калган уюткуну ар бир муун улам кийинки муунга кемитпей өткөрүп берип турган баалуулугу болгон. Академик Геннадий Никандрович Волков: “Адамдын ички руханий дүйнөсү сүйүү, эстутум жана эскерүүлөр менен кармалып турат. Бул –элдик окутуунун түркүгү. Булар элдик эпостордо, үй-бүлөлүк үрп-адат маданиятында кылымдар бою ырдалып келген. ...ар бир ошондой өткөнгө кайрылуу бүгүнкүнү тазалап, келечектегини байытып турат. Этнопедагогика – бул түбөлүк агып турган соолбос булак, бул ар бир адамдын жана бүтүндөй элдин өткөнүн, бүгүнкүсүн жана келечегин байланыштырган жандуу көпүрө”,-[7]деп бекеринен айткан эмес. Этнопедагогика эски салттардын жаңы шарттарда жашап калышынын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн талдайт жана адам тарбиялоого көмөктөшкөн жаңыча салттардын максаттуулугун аныктайт. Дал ушул илим көптөгөн элдердин тарбия жагынан тажрыйбасын педагогдордун энчиси кылып келүүдө. Ушинтип, этнопедагогика турмушка, практикага таянат, окутуучуларды педагогикалык каражаттар менен жабдып, ал ага кызмат кылат.

Элдин кылымдардан бери келаткан педагогикалык тажрыйбасын изилдөө менен алдыңкы педагогикалык идеялардын ишке ашуу жолдорун жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт. Эл турмушунун бул же тигил кубулушун кеңири талдап, заманбап тарбиялоо талаптарына туура келеби же жокпу, ошону тактап чыгат. Кыргыз элинде “Куштардын аңгемесинде” айтылган идеяларды кадыресе турмушта туу кылып тутунган адамдар көп кездешет. Мисалы, Курманжан Датканын “Зорго кызмат кылбагыла, элге кызмат кылгыла”,- деп керээз калтырганы бир эле балдарына эмес, жамы журтка айтылган акыл-насаат. Поэмадагы үкү карчыганы канчалык бапестеп бакканы менен, кайра ага кол салганы мына ушул айтылганга дал келет. Кузгундун өз уулун шайлай албай, кара ниет ою ишке ашпай калганына элибиздеги “Кара өзгөй болбой, калыс бол, кошоматтан алыс бол”,-деген накылы туура келет. Ал эми чыгармада жырткыч куштардын жалпы канаттууну койбой, улам кырып-жоюп турганы кыргыз элинде жакшы макал менен жыйынтыкталат: Жакшыдан башчы койсоң элди түзөтөөр, жамандан башчы койсоң элди жүдөтөөр”.Дагы кыл куйруктун кара боорду алдап, жарышта жеңип чыгышы арамзалык, кытмырлык болуп эсептелет. Мындай сапаттагы адамдар эл ичинде жек көрүндү болушкан. Убактылуу максатына жетип, бийликке отурган менен анын жакшы аты, түбөлүктүү изи калган эмес. Жусуп Баласагын бабабыздын “Кут алчу билим” чыгармасында: ”Жактырбайм, жан талашкан жалгандарды, Ач көздүк, уятсыздык жана дагы чорт кыял, токтото албас адамдарды”,-деп жаман адамдын сапаты берилет. “Уурунун арты кууш” дегендей, кытмырлык менен бийликке жеткен адамдардын түбү кор болорун белгилүү акын Тоголок Молдо өз чыгармасында тариздей алган. Ушинтип студенттерге билим жана тарбия берүүдө жогорудагы этнопедагогикалык ойлорду алардын жандүйнөсүнө сиңирүү аба менен суудай зарыл деп эсептейбиз.

Мындан тышкары улуу акын Тоголок Молдонун “Куштардын аңгемеси” поэмасын окутууда балдарды илимийлүүлүккө багыттап, илимий билимдерин толуктоого шарт түзүүбүз зарыл. Кеменгер акыныбызды тубаса орнитолог деген наамга татыктуу

экендигин айтып, эгер бүгүнкү илим-билим оожалган мезгилде жашаса, илимдин доктору, профессор болмок деп жыйынтыктап коюу ашыкчалык кылбайт. Бул өткөнүбүзгө көз таштап, ата-бабаларда тубаса билимдүү, көрөгөч, керек болсо энциклопедиялык билими бар философтор болгонун, ошондуктан караңгы, сабатсыз коомдо билимсиз адамдар менен пикир келишпестик жаралып, алардан бөөдө куугунтук жегенин түшүндүрүүгө эң жакшы себеп болот. Жана да кыргыз элинин эл акындарынын чыгармаларын дүйнөлүк маданиятка аралаштыруу үчүн мыкты котормолор аркылуу таасир этүү жакшы натыйжаларды берет деген ойдобуз.

Ааламдашуунун же дүйнөлөшүүнүн татаал айлампасында кетип жаткан азыркы өлкөлөр өзүнүн ордун, өзүнүн мурасын калтырууга аракет кылып жаткан учурда биз, кыргыз эли, өзүбүздүн асыл руханий дөөлөттөрүбүздү сактап кала алсак, аларды изилдеп, жаңыртып, сонун бир таберик катары кийинки муундарга жеткирсек, келечек муун бир гана алкышын айтып, аздектеп сактап, өзүнөн кийинки муунга өткөрүп берери талашсыз чындык.

Адабияттар:

1. Рахимова М.Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А.Т. «Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы» Б-2009.182-бет.
2. Муратов А.“Кыргыз адабияты сабагында көркөм текстин маңызын ачуу” Б-2009:. 43-бет
3. Тоголок Молдо “Чыгармалар жыйнагы” 2-том. Ф-1979. 20-33-бет
4. Муратов А. “Арстанбек Буйлаш уулунун адеп-ахлактык поэзиясы”.(”Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуу” жыйнагы) Б-2009.12-бет
5. Муратов А., Исаков К, Акматов К. Кыргыз адабияты, Колледждин студенттери үчүн хрестоматия –окуу китеби. Б-2018.118-бет.
6. Ирисов П. ” Ырчылар чыгармачылыгы”Б-2004.-112-бет.
7. https//www.klex.ru/531

УДК: 81 (141.311.2)

ЛЕКСИКО-СЕМАНТИЧЕСКАЯ РЕПРЕЗЕНТАЦИЯ КОНЦЕПТА «ЗЕМЛЯ» В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИНГВОКУЛЬТУРЕ

Жээнбекова Гульмира Токтомаматовна
Ошский Государственный Университет

Аннотация: *В данной статье анализируются некоторые особенности концепта “земля” в кыргызском языковом пространстве и его семантическая репрезентация в других языках.*

Ключевые слова: *концепт, языковая картина мира, языковое пространство, сопоставительное исследование.*

КЫРГЫЗ ЛИНГВИСТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДА “ЖЕР” КОНЦЕПТИНИН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАНА СЕМАНТИКАЛЫК РЕПРЕЗЕНТАЦИЯСЫ

Жээнбекова Гульмира Токтомаматовна
Ошский Государственный Университет

Аннотация: *Бул макалада кыргыз тилдик мейкиндиктеги “Жер”концептинин кээ бир өзгөчөлүктөрү жана анын семантикалык репрезентациясы башка тилдерде анализденет.*

Адам интеллекти улам тереңдеп, дүйнө таанып-билүү түшүнүгү кеңейип, турмуш тажрыйбасы арткан сайын адабият менен көркөм өнөрдүн эстетикалык, философиялык баалуулуктарын камырдан кыл сууругандай иргеп алып, миң жылдаган адамзаттын нукура акыл тажрыйбасын өзүнө топтоо колго алынууда. Мындан улам өткөн замандагы көркөм мурастарыбызды философиянын гносеологиялык жалпылыкта таанып-билүү, жекече көз караштарын калыптануу, көркөм баалуулуктарын жаңы бийиктикте иликтөө маселеси келип чыкты. Адамзат жаратып кеткен көп сырдуу, көп кырдуу, көп катмардуу керемет зор дүйнөнү толук түшүнүү, өздөштүрүп бүтүү, албетте, мүмкүн болбойт. Ошентсе да, таржымалы тарыхка кирип, адабий мурасы кылымдар өткөн сайын жандуу процесске айланган, ар кандай коомдук баскычтардын жеке таламдарына байланбаган, улуттук чектерге кармалбаган, теориялык аныктамаларга сыйбаган өзгөчө феномендер, даанышмандар, ойчулдар али өз баасын жаңы нукта ала элек. Ар кандай коомдук түзүлүштө идеология менен саясат өзгөрүп, бүгүнкүсү менен эртеңкиси алмашылып, өз

милдетин өтөгөндөн кийин эскирет эмеспи. Кээде түбүнөн бери жаңылануну талап кылган же мезгил баракчаларында унуткарылган учурлар да кездешет.

Турмуштун татаал лабиринттеринен нускалуу нарк-насилин жоготпой, алтында дат баспагандай баалуулуктарыбыз табылып, азыр да эл арасында аты өчпөй экинчи өмүрүн сүргөндөр кездешет. Бардык учурга таандык болгон түбөлүктүү мурастарды жараткан, канча мезгил, доор өтсө да, куду бүгүнкү күндүн, же эртеңки келечектин негизги көйгөйлөрүн чечмелөөнүн жолун көрсөткөн акындар чыгармачылыгы атайын бир түптүү таанып-билүү гносеологиясын колго алуу биздин милдетибиз болуп саналат. Гносеология - гректин qnosis – билим, logos – сөз, окуу түшүнүгүнөн келип чыккан тааным теориясы. Белгилүү философ Кант тарабынан киргизилген түшүнүк. Адамдын турмушту таанып-билүү ыкмасы, булагы, чындык жана ага жетүү жөнүндөгү философиялык теориянын маанилүү бир бөлүгү болуп саналат. Тышкы дүйнөнүн обьективдүүлүгүн жана аны таанып-билүү мүмкүнчүлүгүнүн философиялык баамдоо болуп саналат.

Кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында элдин өзүн-өзү таануусун туюнткан дүйнө кабылдоонун реалисттик тенденциясына, көркөм процесстер тууралуу диалектикалык божомолдордун элементтерине, дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө карата стихиялуу ишенимдер, позитивдүү гносеологиялык жалпылоолор, жалпы философиялык, этикалык жана эстетикалык түшүнүктөрдүн калыптанышы чагылдырылган. Кыргыз адабий мурастарында иррационалдык багыттагы идеялар менен катар ойчулдарды табият жана коомдук процесстердин мыйзам ченемдүүлүгүн түшүнүүгө жакындаткан идеяларга өтө бай (Ибраимов, 2016.)

Алардын моралынын негизги принциби кең пейилдүүлүк жана марттык болуп эсептелет. Тарыхка көз жүгүртсөк, дүйнөтааным кантип жараларын, кандайча таанып билерин иликтеген өзүнчө тармак катары бул тааным теориясы (гносеология) байыркы Грек философиясынан тамырлап, Платонго тийиштүү болгон термин катары XVIII кылымда эле белгилүү болгон. Мындан улам акындар чыгармачылыгындагы социалдык-философиялык ойлор, болмуштар, адамдын жашоо проблемалары белгилүү деңгээлде акылмандуулук, эмпирикалык тажрыйбага негизделген көркөм жөндөмдүүлүк жана шыктуулукту бир нукка салууга туура келет. Алардын көз караштарындагы социалдык-философиялык жалпылоолорунда идеялардан жашоо-турмуштун кубулуштарына карай эмес, реалдуу чыныгы дүйнө аркылуу ой жүгүртүүгө аракет кылышкандыгын аныктоого туура келет.

2. Изилдөө ыкмалары

Бул багытта изилдегенибизде элибиздин жалпы көркөм дүйнө таанымы, анын түпкү теги негизинен кыргыз философиясын бири кем дүйнө, жалган жана чын дүйнө, туюнтуу жана тутунуу, төгөрөктүн төрт бурчу, теңирчилик, жеткиленДик, үчилтик сыяктуу өзгөчөлүккө ээ болгон кыргыз философиясынын пирамидасын түзө алышкандыгын белгилеп кетмекчибиз. Мындай тыянактуу ой-тутумдардын алгачкылары болуп кыргыз элинен чыккан акылмандарынын орто кылымдардагы жалпы дүйнөлүк мурастарга салым кошкон Жусуп Баласагындын “Кут билим”, Махмуд Кашгаринин “Түрк сөздөр жыйнагы” аттуу эмгектери болду (Бобулов ,1986).

Кийинчерээк кыргыз элинин философиялык мурастарынын калыптанышында элибизге белгилүү инсандар Ноорузду, Балыкооз (Бекмурат), анын уулу Наймандын чыгармачылыктарында да өз элинин акыл-эсин калчап жашоого үндөгөн. Легендага айланган Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Асан кайгы, Жээренче чечен, Акыл Карачач ж.б. сыяктуу акылман-ойчулдардын тарыхта аты калган. Ал эми алардан кийинки муундар арасынын чыккан, өз элинин тагдыры менен эриш-аркак биримдикте эл мүдөөсүн философиялык түшүнүктөрүн чечмелөөгө алууга туура келген даанышмандар Калыгул Бай уулу, Арстанбек буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу, Молдо Нияз Эрназар

уулунун чыгармалары тарых беттеринде калган. Муундар аралык байланышты улантып, кийнки акындар Токтогул, Тоголок Молдо, Нурмолдо, Жеңижок, Барпы ж.б. чыгармачылыгында адам менен жаратылыш, өлүм менен өмүр сыяктуу түбөлүктүү темаларын табигый биримдикти мыйзам ченемдүүлүк менен анын тукумдары улантып беришкендигин илимий изилдөөлөрүбүздөн улам тыянак чыгарабыз.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Кыргыз элдик оозеки чыгармаларын, ойчул, заманчыл акындардын чыгармаларын иликтөө иши бир топ деңгээлде жеткиликтүү болгону менен, андагы философиянын негизги маселелерине байланыштуу көз караштары боюнча азыркы күнгө чейин бир жактуу тыянактуу пикир жыйналган жок. Албетте, жазгыч акындардын чыгармачылык мурасында атайын жыйнакка топтолуп чыкканы менен алардын чыгармаларын философиялык таризде иликтеп кароо колго алынган эмес. Анткен менен аларда адам менен адамгерчилик, ыйман, мораль, өлүм жана өмүр ж.б. түбөлүктүү темаларга арналган өздүк философиялык бүтүмгө келген ойчул даанышман ой-туюмдары, пикирлери, көркөм дүйнөсү бар экендиги талашсыз (Даутов, 1980). Акындардын чыгармаларындагы философиялык терең ойлору менен дүйнө таанымдарынын ички мазмуну акырына чейин ачылып түшүндүрүлбөй келет. Бүгүнкү күндө мындай өзөктүү маселелер жөнүндөгү типтүү, кээде карама-каршылыктуу көз караштар жаралып келген менен, бир беткей чечим чыгарып айтууга белгилүү даражада иликтөөнү талап кылат.

3.1 Көркөм мурастагы философиялык көз караштар

Көркөм мурастардан философиялык көз караштагы ой-туюмдарды изилдөө, идеялык мурасын аныктоо учурда кызуу талкууну жараткан темага айланды. Акындар чыгармачылыгын динчил түшүнүктөрү басымдуулук кылган идеалисттик философиянын жамап-жаскаган бир түрү деп далилдемек болушкандар да табылды (Артыкбаев, 1982). Белгилүү адабиятчы-сынчылар тарабынан мындай саясий-идеологиялык чабуулдан коргоо максатындагы бир топ эмгектери да жазылган. Албетте, ар түрдүү көз караштардагы карама-каршылыктарга карабастан, адабий мурастарыбыз биз үчүн баа жеткис улуттук байлыктар катары кабыл алууга негиз болгон. Көркөм маданий мурастарыбызга кайрадан кайрылып, анын ичинен акындардын чыгармачылыгын иликтөөдө аларга таасир эткен идеологиялык үч нерсеге: кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгы менен өткөн замандардагы жазма эстеликтердин элдик орток мурастары, байыркы жана орто кылымдагы чыгыш ойчулдарынын чыгармалары, орустун материалисттик философиясы менен демократиялык маданияты жана алар аркылуу жеткен Батыш Европанын философиялык ой-пикирлердин таасирине көңүл бурууга туура келет.

Ар кандай идеологиялык багыттар доордун алмашууларын, акындар жашаган мезгил менен табигый жуурулушуп, чыгыш классиктеринин чыгармаларындагы маңыздуу философиялык ой-тутумдардын таасиринде болгондугун, анан да орус адабияты менен гана эмес, адамзаттын бүткүл руханий маданиятына саясий окуялар менен тыгыз органикалык байланышта кароо да керек. Акындар чыгармачылыгынын философиялык ойлору терең жана ар түрдүү. Алардын чыгармачылыгындагы дүйнө таануу багытындагы суроолор кудай менен табияттын, кудай менен адамдын, жан менен дененин, өлүм менен өмүрдүн арасындагы байланыштар сыяктуу маселелер табылат. Алардын пикиринче, кудай – ааламдын жаралышынын алгачкы себеби, түп негизи. Кудай ааламды жаратты, андан соң адамды жаратты. Бирок кудай аалам мыйзамдарына жана адамдын адам - ааламдын, дүйнө таануунун өзөгү, күрөө тамыры. Адамдын бай-кедей болуусу да өзүнө гана байланыштуу. Адам табияты дене жана сезим туюмдардан турган физиологиялык-психологиялык инсан, жакшылык менен жамандыктын маңызын таанып билген философиялык инсан, адам болуп жашоонун этикалык принцибин негиздеген этикалык

инсан экендиги талашсыз. Негизинде адам жашоосунун маңыздуу максаты - табият менен адам коому биргеликте жашоо. Коом дегенибиз – адам урпактарынын атадан балага өтүп тукум улоосу. Адам болуп жашоо таануу принцибинде баарынан адамдын ролу жогору.

Мындай жооптуу, актуалдуу илимий проблеманы чечүүдө, кайра жаратууда кыргыз элинин коомдук-философиялык көз караштарын философиялык концепцияларды реконструкциялоо бир кыйла татаал иш экендиги талашсыз. Бирок мындай аракетти жасоонун тарыхый аспектиси катары элдик оозеки чыгармачылыгы, акындар чыгармачылыгы негизги булак болуп кызмат кылууга тийиш. Кыргыздын фольклору миң түрдүү образдуу дүйнө катары өз ичине макал-лакаптан тартып, "Манаска" чейинки чыгармаларды өз ичине камтыйт. (Үкүбаева, 2000). Мезгил аралыгында адам баласынын табиятын, бири-бири менен карым-катышын талдоого кеңири орун берилген. Адамзат жашоосунун оң жактарын даңазалап, терс жактарын ашкерелеп, пайдасы менен залалын курч мүнөздө сүрөттөп, руханий маселелерди козгогон жандуу ой арышы улам кийинкиси мурункулардан алда канча кең түшүнүккө ээ болуп, адам менен адамдын, адам менен табияттын ортосундагы мамиленин күңгөй-тескейин иликтеген философиялык ой туюмдары көркөм адабий мурастарында сакталып келген.

3.2 Кыргыз элинин ырчылар чыгармачылыгындагы фольклордук көркөм жаратмалар

Кыргыз элинин ырчылар чыгармачылыгындагы фольклордук көркөм жаратмаларды ичине камтыган дүйнөсүнөн философиялык ойдун түгөнгүс казынасын көрүүгө болот. Албетте, аларга чейинки адам коомун жана жаратылыштын миң кырдуу касиеттерин калыптандыруу процессинде турмуштук реалдуу дүйнөнүн, анын түркүн кубулуштарын мифтик планда түшүндүрүп келген. Өнөр адамдарынын образдык ой-жүгүртүүсүнүн, көркөм сүрөттөөсүнүн өзгөчө формасы болгон мифологиядан башталганы белгилүү. Анткени адамдын ой-жүгүртүү тарыхында айрыкча анын мифтик жана эпикалык планда аңдап билүүсү, көркөм сүрөттөөлөр жомоктордон, уламыштардан тартып, эпикалык формага чейинки мейкиндикти ичине камтып келген. Алардын чыгармачылык дүйнөсүндөгү идеялык-көркөмдүк милдетти, концепцияны туюндуруучу проблема катары конкреттүү коомдук, психологиялык жана философиялык максатты көздөгөндүгүн, адамзаттын өнүгүү процессин чагылдырылгандыгын көрүүгө болот.

Тыянак

Акындар чыгармачылыгындагы дүйнө курулуш системасын, табият менен адамдын биримдигин, ар кандай учурда түбөлүккө жол ачкан гармонияны сактоого жетүүчү идеялардын; адамдын мезгил менен турмуш ортосунда болчу пендечилик күрөшүү философиясын гносеологиялык багытта иликтөөдөн көрүүгө болот. Мында тагдырдын улуу таймашында өз ордун ээлеген, акылман нускасын берип, жан дүйнөнүн жабык сырларын ачкан ойчул акындар болгон. Алардын кайсы доордун каарманы болгонуна карабастан, азыр да өзүнүн философиялык-интеллектуалдык кулачы кенен жайылган. Алардын философиялык ой-туюмдарынын масштабдуулукка ээ болушу көрүнүп турат. Алардын оргуштаган терең "көркөм океанынан" жашоонун түбөлүк көөнөрбөс сырын табууга, күчтүү интуитивдүү сезимге ээ болгон көркөм табылгаларын, бай чыгармачылыгын мезгил элегинен өтүп, биздин күндө да өз актуалдуулугу менен таанып-билүү, иликтеп-издөө талап кылып отурат. Ар кайсы илим акындардын көркөм дүйнөсүнөн жаңы идеяларды, далай жаңылыктарды жаратууда. Алардын философиялык түйүндөрүндө келечектин гениалдуу божомолдору, көрөңгөлүү ачылыштарын, баалуулуктарынан дүйнөлүк илимде жаңы ачылыштардын булагын табууга болот. Мындан улам акындар табияты жөн гана талант эмес, дүйнөнү синтетикалык өздөштүргөн синтетикалык таланттар экендигин белгилеп кетсек болот.

Адабияттар:

1. Ибраимов, К. (2016). Кыргыз элинин оозеки сөз өнөрү. Кыргызстан.
2. Бобулов, К. (1980). Фольклор жана адабият, адабий сын макалалар, портреттер. Фрунзе: Кыргызстан, 268 б.
3. Даутов К. (1980). Жаңы чектерге, Фрунзе: Кыргызстан, 346 б.
4. Үкүбаева Л. (2000). Чыңгыз Айтматов жана фольклор . Бишкек: БГУ.
5. Артыкбаев, Т. (1982). Кыргыз совет адабиятынын тарыхы.Фрунзе: Мектеп.

УДК 82.145

ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ФИЛОСОФИЯЛЫК ПОЭЗИЯНЫН БАШАТЫ КАТАРЫНДА

Койчуманова Гүлжан Кадыровна, ф.и.к.,доцент
E-mail: guljan3011@gmail.com
Эралиева Толгонай Тургуновна, окутуучу E-mail: eralievatolgonai@gmail.com
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Бул макалада элдик оозеки чыгармачылыктын эң алгачкы майда жанрларынан философиялык поэзиянын баштапкы адабий булагын аныктоого аракеттер жасалды.*

Ачкыч сөздөр: *дүйнөтааным, философия, көркөм сөз өнөру, элдик оозеки чыгармачылык, лирика, эмгек ырлары.*

УСТНОЕ НАРОДНОЕ ТВОРЧЕСТВО КАК НАЧАЛО ФИЛОСОФСКОЙ ПОЭЗИИ

Койчуманова Гүлжан Кадыровна, к.ф.н.,доцент
E-mail: guljan3011@gmail.com
Эралиева Толгонай Тургуновна, преподаватель E-mail: eralievatolgonai@gmail.com
Ошский государственный университет

Аннотация: *В данной статье делается попытка определить первоисточник литературного источника философской поэзии из самых ранних малых жанров фольклора.*

Ключевые слова: *мировоззрение, философия, риторика, фольклор, лирика, трудовые песни.*

ORAL CREATIVITY AS THE BEGINNING OF PHILOSOPHICAL POETRY

Koichumanova Gulzhan Kadyrovna, Ph.D., Associate Professor
E-mail: guljan3011@gmail.com
Eralieva Tolgonay Turgunovna, teacher E-mail: eralievatolgonai@gmail.com
Osh State University,

Abstract: *This article attempts to determine the literary source of philosophical poetry from the earliest small genres of folklore.*

Key words: *worldview, philosophy, rhetoric, folklore, lyrics, labor songs.*

1. Киришүү

Адамзаттын дүйнөтаанымы, акылман ойлору, болмуштары, легендалары, уламыштары, эпикалык дастандары муундан-муунга оозеки формада өтүп келип, элдик мураска айлангандыгы баарыбызга белгилүү. Андан жашоонун ак-карасын, жаман-жакшысын ажыратууга негиз болгон адамдын коомдогу ордун, максат-талабын, дүйнөгө кылган мамилесин, ыйман-пейилин баалоого мүмкүн болгон ой-түшүнүктөрдүн жыйындысын аныктоого болот. Дүйнөтааным эмгек процессинде адамдын иш-аракетин

багытка салып, анын кылык-жоругун аныктап, мезгилге жараша философиялык көз караштарын өзгөртүп, жаңылантып туруучу процесске айланган. Мына ошол процессте коомдун болмушунун, турмушунун өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз байланышкан көркөм туундулар жаралган. Коом өнүккөн сайын адам табияты да татаалданып, дүйнөтаанымы тереңдеп барат. Учурда өткөн доорго саресеп салып, маданий мурастарды жаңы өңүттө талдоо жүргүзүү да мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп саналат. Дүйнө таанымына жараша адамдарын акыл-эсинде улам калыптанып, улам кийинки жаш муундагыларга акыл-насыят катары берилип, үзгүлтүксүз оозеки санжыра санаты катарында берилип келген.

Кыргыз элинин жашоо образынан каймакталып келип чыккан көркөм дүйнөсү, алгачкы жөнөкөй дүйнөтаанымы, өсүп-өнүгүүсү да, калыптанууга багыт алган узак доорлорду көчмөн турмушта басып өткөн. Башка элдер сыяктуу кыргыз элинин баштапкы дүйнө таанымын да элдик оозеки чыгармачылыктан көрүүгө болот. Көркөм сөз өнөрүнө жасаган мамилеси ар кыргыздын жан-дүйнөсү менен барабар келген ыйык касиет катары баалангандыгын бизге жеткен көркөм мурастардан байкоого болот

Биз бул изилдөөбүздө нечендеген доорлор көчмөн турмушта жашап келген байыркы кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз караштарын, аны философиялуу таанып-билүүсүн, туюм-сезимдик мамилесинин канчалык деңгээлде экендигин билүү үчүн элдик оозеки чыгармачылыктын эң алгачкы майда жанрларына токтолуп, аны философиялык поэзиянын баштапкы адабий булагы катары карап көрсөк. Биздин изилдөө обьектибиз ата-бабаларыбыздын лирикалык ырлары, уламыш, болмуш, мифтери, диний ишенимдери жана эмпирикалык түшүнүктөрү көчмөн жашоо образына ылайык табиятка жакындыгын, жаратылышка көз карандылыгын жана эмгек өндүрүшүнүн ыкмасына ылайыкталган стихиялуу ой жүгүртүүсүн, аалам жөнүндөгү эң алгачкы философиялык түшүнүктөрүн аныктоо алдыга койгон максатыбыз болмокчу.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктан көчмөн цивилизациянын баалуулуктарынан философиялык ой-тутумдардын учкуну экендигин көрүүгө болот (Ботояров,1983). Философия – бул нагыз улуттук көрүнүш. Философиясы жок улут болбойт. Кыргыз – өзгөчө кыялкеч, ойчул, даанышман, акылмандуулукту сүйгөн философ калк. Кыргыз элинин бай, теңдешсиз терең, түрдүү жана бийик дөөлөтүнүн негизин, анын философиясы, башкача айтканда, акылмандыкты сүйүүсү түзөт. Ар бир көчмөн кыргыз кыялдуу ойлонгон, фантазёр, жомокчу, жамакчы болгон. Байыркы кыргыздардын Евро-Азия кең мейкиндигинде миңдеген жылдар бою көчмөн турмушта жашап келген жоокер эл катары, өзүнүн “дүйнөтаанымын”, “дүйнөкабылдоосун”, “дүйнөтүшүнүгүн” камтыган табигат менен эриш-аркак жашаган, коомдук жана жеке турмуш-тиричилиги көчмөндүккө ылайыкташкан, ар түрдүү багыттагы ишенимдүү философиясы болгон. Кыргыз чыгыш маданияты, рух дөөлөтү, таза жан дүйнөсү, бай ой-толгоосу менен айырмаланган, адамгерчиликтүү акыйкаттыкты, адептүүлүктү теңдикти, азаттыкты, намыскөйлүктү ыйык туткан, ачык, акыйкат демократиясы да болгон.

Ошентсе да, кыргыздардын элде кеңири тараган оозеки философия менен анын “кагазга түшө баштаган” философиясынын айырмасын нагыз улуттук көрүнүштүн эволюциясы катары көрүүгө болот. Албетте, философиясы жок улут болбосу анык чындык. Кыргыздар өзгөчө кыялкеч, ойчул, даанышман, акылмандуулукту сүйгөн эл экендиги өзүнүн бай, теңдешсиз, түрдүү жана бийик көркөм дөөлөттөрүндө негизинен, акылмандыкты даңазалаган уюткулуу ой-туюмдарды терең катмарында сиңирип жашагандыгын таанып билүүгө болот. Андан ар бир көчмөн кыргыздын кыялкеч, ойчул, фантазияга бай, жомокчу жана жамакчы дүйнөсүнүн өөрчүгөндүгүн көрүүгө болот.

Биз философиялык ой-сезимдин эң алгачкы, байыркы катмары жөнүндө сөз кылганыбызда элдик бир нече майда жанрларды: эмгек ырлары, ырым жана дарымдар, миф жана легенда, үлпөт ырлары, дин ырлары, сүйүү ырлары, кошок, арман,

санат, терме өңдүү темаларга арналган көптөгөн далилдик материалдардын негизинде иликтөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Адамдын ички сезимин, ой-толгоолорун ыр түрүндө баяндаган көлөмү чакан ырларды лирикалык ырлар тобуна киргизебиз. Лирика деген түшүнүктүн түпкү теги байыркы гректердин лира деген музыкалык аспабынын атынан аталып, анын коштоосу менен аткарылган чыгармалар лирикалык ырлар деп аталган. Лирикалык ырлар тематикалык мүнөзүнө жараша эмгек ырлары жана турмуш ырлары болуп бөлүнөт.

2. Изилдөө методдору

Кыргыздын белгилүү окумуштуулары Ж. Субанбеков, С. Мусаев, З. Кыдырбаева, Ж. Таштемиров, С. Закиров, Б. Кебековалар элдик оозеки чыгармачылыктын бул чакан жанры боюнча бир топ алгылыктуу иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн (К. Артыкбаев,1982). Анткен менен бул жанрды философиялык поэзиянын башаты катары үйрөнүү иши улуттук фольклор изилдөө багытында али колго алына элек. Ушул теманын алдындагы маанилүү аспекттердин бири болгон лирикалык чыгармалар философиялык поэзиянын жаралуу башатындагы эң алгачкы булак болгондугу атайын изилдөөгө алынбаган. Элге эстетикалык канааттануу тартуулап, көркөм сөз табитин жакшыртып, эргүү-шыгын ойготкон оозеки поэзия сөз өнөрүнөн бөтөнчөлөнүп турган башкы касиети – элдин башынан өткөргөн ар кылымдардагы тарыхын, эзелки ишеним-ынанымдарын, алмустактан тутунган ырым-жөрөлгөсүн, салт-санаасын чагылдырып, тарых менен этнографиянын, психология менен рухий маданияттын гана эмес, анын ичинен көркөм сөз өнөрүндөгү поэзиядагы философиянын предмети боло алгандыгында. Буга далил катары лирика жанрындагы аалам, өлүм, өмүр, адамзат, жаратылыш мазмунундагы алгачкы ой-тутумдар башталып, бирин-бири коштоп, толуктап, мотивдештирип жүрүп өнүгүп келген. Алар улуттун тарыхый аң-сезиминдеги өзгөчөлүктү, жазма-сызмасы болбогон, отурукташкан маданиятты тутунбаган элдин аңчылык көчмөн доордогу уникалдуу маданиятынын тарыхын синхрондуу мүнөздө өз ичине камтыйт.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Ушундан улам алгачкы оозеки поэзия жанрларынын философиялык концепциясынын изилдөөгө алынбай келе жаткандыгынын бирден-бир башкы себеби угуучулар аны болуп өткөн (тарых) жана боло келген (мифтик) чындык түрүндөгү ажырагыс ишенимде гана элдик көркөм чыгармачылык катары гана бир жактуу карап келгендиги болуп жатат. Алар ооздон-оозго көчүп айтылганда дагы философиянын категориялары сыяктуу поэтизацияланбастан, карандай маалымат, жөнөкөй сүрөттөө же таанып-билүүгө тийиш болгон ишеним түрүндө гана кабылданган. Элдик оозеки чыгармалар – элибиздин кылымдардан кылымга жыйнаган залкар ой-мурастары, турмуштук тажрыйбасы, салт-санаасы, ырым-жырымдары. Тарыхчылар белгилегендей, кыргыздар жөнүндө Орто Азиянын байыркы элдеринен экендигин жана алар жөнүндө биздин эрага чейинки II-III кылымдардагы тарыхый документтерде (К.Бобулов, 1980) сакталган маалыматтардын бар экендиги тастыктап турат. Биздин заманга чейинки VIII-XI кылымдарда кыргыздар өнүккөн маданиятка эгедер болуп, өз жазуусу болгондугун Орхон-Енисей жазуулары да ырастайт (М. Борбугулов, 1996). Тарыхый өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн күчү менен жазуу маданиятынын жогорку деңгээлин сактап кала албаганы менен байыркы доордон Октябрь революциясына чейинки рухий байлыгынын мыкты үлгүлөрү оозеки түрүндө жашоосун улантып келди. Кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын казынасында элибиздин жашоосун, жан дүйнөсүнүн тереңдигин, үмүт-тилектерин кеңири чагылдырган материалдар бар.

3.1 Философиялык ой-тутумдар

Кыргыздар байыртадан эле жашоо-турмуш жөнүндөгү философиялык ой-тутумдарын, наристе түшүнүгүн сөз өнөрү менен бапестеп, ааламды, жаратылышты

баамдоодо элестүү түшүндүрүүгө аракет кылып келишкен. Эмгек процесси, табият кубулуштары, дүйнөнү кармап турган улуу күчтөр, адамдар ортосундагы мамиле жөнүндө көптөгөн образдар жаратып, ааламдын жаралуу себептерин табууга аракет кылышкан. Дүйнөнүн, заттардын, жаратылыштын пайда болуусуна көркөм образ берип, адам менен адамдар ортосундагы, адам менен табият ортосундагы байланыштарга токтолуп, табияттан тышкаркы акылы жетпеген күчтөргө сыйкырдуу көркөм образдарды жараткан. Ал бейтааныш дүйнө менен адамзаттын өз ара байланышын аңдап билүүгө далаалат жасашкан. Көркөм сөздүн касиети менен сөздүн күчүнө багындыра баяндап, ар түрдүү ишенимдерин жаратышкан. Жашоо шартына ыңгайлашкан мал чарбачылыгында, мергенчиликте, дыйканчылыкта үндүн ар түрдүү болуп чыккан интонациялары менен белгилүү сөздөрдүн айтылышын, үндүн ыргагын эмгектин жүрүшүндөгү ритмдик кыймылдар менен айкалыштырып, жогорку күч ээсине кайрылуу менен түшүмүн арттыруу же төлүн көбөйтүү ишенимин бекемдөө менен ырдын мазмунуна эң эски түшүнүктүн ар түрдүү формаларын жаратышкан. Алгачкы адамдардын эмгекке болгон мамилесинде ар убактарда тилек тилөө, сөздүн магиялык күчү аркылуу ишти жеңилдетүү жана өндүрүмдүү кылуу башкы максат экени элдик оозеки чыгарманын көп жанрында сакталып келген.

3.2 Элдик ырлар

«Оп майда», «Шырылдаң», «Бекбекей», «Саксакай» аттуу элдик ырларда эмгектин мындай чеберлери өтө жогору бааланган. Иштүү аялдар жөнүндө айылдан-айылга айтылган. Баатырдык эпостордо уз аялдар легендарлык образга чейин көтөрүлгөн. Кээде ал уздардын чеберчилиги касиеттүүлүгү менен да түшүндүрүлгөн. Аларды жалпы көркөм ойдон бөлүп алуу оңой иш эмес, бирок философиялык ойдун табияты ачык байкалат. Фольклордон жана макал-лакаптардан, миф-легендалардан, элдик ырлардан философиялык көз караштарды издегенибизде кылым бою табиятты кайра жаратуу, өзгөртүү жана аларга байкоо жүргүзүү аракети менен алек болгон адам баласы өзүнүн аң-сезиминде ошол чындыктын толуп жаткан сырларын ачууга, түшүнүүгө аракет кылган жана аларды талдоо элегинен өткөргөн. Эл акылы мына ушул фольклордук чыгармаларда терең мазмунун тапкан деп белгилейт.

Ошондуктан майда жанрлардын ичине камтылган эл акылмандыгынын үлгүлөрү, таптык коом пайда болгонго чейинки мазмуну кеңири иштелген эмгек процесси менен тыгыз байланышкан адамдын күндөлүк турмушу, дүйнө таанымы чагылдырылган (Ибраимов, 2014). Эмгек ырларынын эң алгачкы формасы белгисиз. Бизге жеткен эмгек ырларынын пайда болушу жөнөкөй гана ар түрдүү эмгектин үндөрүн тууроо аркылуу келип чыкпастан, ошол эмгек процессин жеңилдетүү максатында жана ал эмгектин ээсине кайрылуу менен түшүмүн арттыруу же төлүн көбөйтүү үчүн колдонушкан. Биздин мындай болжолдоону айтуубузга азыр сакталып калган эмгек ырларынын мазмуну жана ар бир элдин тарыхындагы эң эски түшүнүктүн ар түрдүү формалары негиз боло алат. Эмгек ырларынын мүнөзү ар бир элдин турмуш шартына жараша пайда болгон (Б. Кебекова, 2004.). Бирок, кантсе да, эмгек ырлары ошол элдин тиричилигине тикеден-тике байланыштуу өнүгүп отурганын тайманбастан айтууга болот. “Бекбекей”,”Оп майда”, “Шырылдаң”, “Бадик” ырлары жер каймактагандан пайда болуп, адам турмушундагы ар түрдүү катаал жагдайлар көркөм образдар аркылуу чагылдырылып, жаратылыштын катаал түшүнүктөрүн кабыл алууда адамдын эмгек процесси менен жуурулушу табият кубулуштарына баа берилет.

Мисалы: “Шырылдаңдагы” бул “*Тоого конок бүткөндө, Кошо чыккан шырылдаң. Таруу ташка бүткөндө, Талаша чыккан шырылдаң*”, - деген саптар эң алгачкы мезгилдерден тартып жер-жемиштерди, эгиндерди, жан-жаныбарларды, колго бакчу жандыктарга, үй-өсүмдүктөргө айландырган доорлордон кабар берет. Аалам жаралышы

жөнүндөгү эң алгачкы турмуш кубулуштарына баа берип, философиялык бүтүм чыгарат. Ал эми “*Кызыл тоону этектеп, Мен коноюн бекбекей. Кара макмал тонуңа, Жең болоюн, бекбекей, Бекбекей качты бел ашты. Белине белбоо жарашты, Саксакай качты сан ашты, Санына саймалуу саадак жарашты*”– деген “Бекбекейдеги” эмгек менен сулуулук образдуу сүрөттөлүп, кооздукту туюу сезими байыртадан эле дараметке ээ болгон кубулуш экени күбөлөнөт. Кооздукту жаратуу жана баяндоо аркылуу адам баласы табияттын үстүнөн болгон бийлигин арбыткан, аны өз эркине баш ийдирүүнүн механизмин өркүндөткөн.

Жаратылышы боюнча эң байыркы мезгилге таандык болгон “Оп майда” ырында эмгек процессинин көркөм иллюстрациясы менен адам ниетинин, каалоосунун “сыйкырдуу” күчүнө ишенүү, чындыкты эстетикалык таанып-билүү элементи “*Майда-майда, мапмайда, Майдалансын атты айда. Кызыл толгон кырманы, Сузалы биз, кап кайда... Майда бассаң жаныбызга пайда, Талкандары бизге пайда. Орой-орой басканда Ороо толсун, оп майда. Кырча-кырча басканда Кырман толсун, оп майда*”– деп чыгармада жөн эле кырман, эгиндин образдуу элеси гана эмес, максаттуу ой-сезимдер терең берилген. Кыргыз фольклорунда кол өнөрүнүн айрым тармагы боюнча эмгек ырлары сакталып калган. Мындай эмгек ырларына «Тон чыкты» ырын көрсөтүүгө болот. Бул ырдын мазмунуна караганда уз аялдар ишинин ийгиликке жетишин тилегенин түшүнүүгө болот:

Ак токтумдун териси, Ашаткысын келтирдим, Абыдан ийин жеткирдим. Кыткыл кылбай өзүңдү, Ашаткыңды кандырдым. Тап менен тузуң салдырдым. Чык терим, тон тонума, Калдыр-күлдүр этпестен, Түшө койгун жонума.

Ийлебесем маа жазык, Кылдырасаң саа жазык, Тон чык... Тон чык!

Бул ырда алгачкы адамдардын эмгекке болгон анимисттик түшүнүгү да сакталган. Байыркы адамдар колдонгон эмгек куралдарын адамдын сөзүн түшүнүүчү жандуу нерсеге айландырып ага карата антташуу, шерттешүү шарттарын да айтышкан.

Ал эми арман, кошок, керээз ырлары адамдын табият мыйзамынын алдында алсыздыгын, эртедир-кечтир өлүмгө баш ийээрин, артында калган мураскерлерине кайрылган. Ошентип арман, кошок ырлары — коомдогу теңсиздик мамилелерден, жетишпеген турмуштан жана жеке башка түшкөн турмуштун кыйынчылыгынан, өлүмдөн адам башына келген кайгысынан пайда болгон элдик оозеки чыгармалардын бир түрү. Арман ыры өзүнүн тематикасы жана мазмуну боюнча ар түрдүү болот. Коомдун өзгөрүшү менен арман ырынын мазмуну да өзгөрөт. Көрүшүү, учурашуу, айтыш бадик, дарым, оюн ырлары, бакшылардын көрүмү, кирне айтымдары, акыйнек, эмгек ырлары- турмуштун ар кандай кырдаалында адамзат башына түшкөн сыноолоруна туруштук берүүнүн аракетин, жолун издөө катары баалоого болот.

Тыянак

Ошентип, мындай көркөм дөөлөттөрүбүздөн кыргыздын табигат менен эриш-аркак жашаган, коомдук жана жеке турмуш-тиричилиги көчмөндүккө ылайыкташкан ар түрдүү философиялык ишенимдерин аңдап билүүгө болот. Ошондой эле кыргыз элинин көркөм маданияты, рух дөөлөтү, таза жан дүйнөсү, бай ой-толгоосу жана жашоо моралы жагынан да башкалардан айырмаланган калк экендигине, табиятынан ыр жандуу көркөм сөз өнөрүнүн чебери экендигине бизге келип жеткен элдик оозеки чыгармачылыктары аркылуу белгиледик. Көчмөн коомдук турмушунда адамгерчиликтүү акыйкаттыкты, адептүүлүктү теңдикти, азаттыкты, намыскөйлүктү ыйык туткан, ачык, акыйкат демократиясынын табиятын чагылдырган көркөм мурастары, элдик оозеки философиясы аркылуу да түшүнүүгө болот. Ошентип кыргыздардын дүйнөтаанымын чагылдырган сөз байлыгы, рухий дөөлөттөрү жакынкы жана алыскы кошуна элдерге салыштырып караганда, ар түркүн бай экендиги биздин күнгө чейин жеткен адабий мурастарыбыздан

да көрүүгө болот. Кыргыздардагы эпостор, санжыралар дүйнөдө саны-сапаты жагынан теңдеши жок экендиги, макал-лакаптар, комуз күүлөрү, табигат менен айкалышкан ыр-жамактары, элдик оозеки чыгармалары теңдешсиз көркөм баалуу казына болуп кала берет.

Адабияттар:

1. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы – Фрунзе: Мектеп, 1982.
2. Бобулов, К. Фольклор жана адабият (1980). Адабий сын макалалар, портреттер. Фрунзе: Кыргызстан.
3. Ботояров, К. (1983). Поэтика дүйнөсүндө: сын макалалар. Фрунзе: Кыргызстан.
4. Ибраимов, К. (2014).Элдик оозеки чыгармачылык. Кыргызстан.
5. Кебекова, Б. (2004). Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. 1-том. Б.: 607б.

УДК 8.80

О ТЕРМИНАХ РОДСТВА И СВОЙСТВА В РУССКОМ, КЫРГЫЗСКОМ И КИТАЙСКОМ ЯЗЫКАХ

Мадмарова Г.А., д.ф.н., профессор
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Фэн Цзин, магистрант
Ошский государственный университет Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Статья посвящена проблематике сопоставления терминов родства и свойства в языках различного типа.*

Ключевые слова: *термины родства, свойство, кровное родство, боковое родство, концепт.*

ОРУС, КЫРГЫЗ ЖАНА КЫТАЙ ТИЛДЕРИНДЕ ТЕРМИНДЕРДИН ТЕКТЕШТИГИ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ ЖӨНҮНДӨ

Мадмарова Г.А., ф.и.д., профессор
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Фэн Цзин, магистрант
Ош мамлекеттик университети Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макала ар кандай типтеги тилдерде терминдердин тектештигин жана түзүлүшүн салыштыруу маселесине арналган.*

Ачкыч сөздөр: *тууганчылык, мүлк, ынтымак, каптал туугандык, түшүнүк.*

ABOUT TERMS OF KIND AND PROPERTIES IN RUSSIAN, KYRGYZ, AND CHINESE LANGUAGES

Madmarova G.A., Doctor of Philosophy, Professor
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Feng Jing, undergraduate
Osh State University Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstract : *The article is devoted to the problem of comparing the terms of kinship and property in languages of various types.*

Key words: *terms of kinship, property, consanguinity, lateral kinship, concept.*

1. Введение

Термины родства образуют такую лексико-семантическую группу, которая самим интенсивным образом употребляется в повседневной жизни, и в то же время она уходит

своими корнями в исключительно древние периоды истории общества: в них сосредоточены характерные для каждого языка семантические особенности, но вместе с тем они. имеют исключительное историко-этнографическое значение. Особую роль среди терминов родства играет категория терминов брачного родства (свойства), - эти термины чрезвычайно тесно связаны с социальной структурой общества - как с актуально функционирующей, так и с той, которая бытовала в предшествующие периоды развития общества.

С развитием национальной культуры начал свое развитие и язык. Язык как зеркало культуры, отражает ее во всех значениях и интерпретациях. Но для того, чтобы понять в полной мере все значения данной терминологии, нужно в первую очередь изучить язык той или иной культуры. В процессе изучения языка мы можем столкнуться с различными словами-терминами, которые носители культуры используют и употребляют в повседневной жизни. Во время изучения любого языка, обучающийся всегда сталкивается с определенными трудностями при рассмотрении слов, обозначающих отношения людей друг к другу по родству, а также использованию данных лексем в коммуникации. В научном обиходе эти слова называют терминологией родства.

Термины родства во многих языках относятся к древнейшему периоду и составляют наиболее устойчивый пласт языка. В первую очередь происхождение терминов родства связано с развитием сознания общества и формированием семьи как неотделимой части культуры. Нужно отметить, что термины родства используются, чтобы определить родственные отношения между людьми. Тем самым, одно и то же лицо, например отец, может быть и сыном, и дедом; дочка может быть и внучкой, и дочерью и т.д. Можно сказать, что термины родства - это слова, которые используются в кругу определенных людей, которые связаны между собою кровными или брачными связями. И этот круг людей представляет собой одну отдельнуюсемью.

Термины родства имеют свои признаки по отношению индивида к какому – либо члену семьи. В каждой культуре родство – это, в первую очередь, связи в семье и между семьями мужа и жены, и это связь берет начало от одного человека или одного родоначальника. Если родоначальник один, то родство называют однородным или кровным. Имея в виду, что кроме людей этого клана, к ним не относится никакой иной человек из другого клана. Если же один род вступает в брачные союзы с другим родом, то тогда это родство называют свойством или родством разнородным. Помимо этого еще нужно отметить духовное родство. Духовное родство обычно характеризуется отношением человека к какой-либо определенной вере.

2. Методы исследования

У китайского народа родство по близости делится на линии и степени. Родственная линия – это цепь рождений, которая непрерывно продолжается во времени. Также родственная линия делится на восходящую линию, на нисходящую и на боковую. Восходящая линия подразумевает отношение от одного лица к другому в степени возрастания. Например, от данного лица к отцу, деду, прадеду и выше. Нисходящая линия представляет собою противопоставление восходящей линии, то есть в обратном порядке. Например, от данного лица к сыну, внуку, правнуку и далее. Каждая такая линия составляет степень, и нужно добавить, что это также связано с рождаемостью в семье. Например:

曾祖父、外曾祖父— прадедушка, 曾祖母、外曾祖母— прабабушка, 祖父、外祖父— дедушка, 祖母、外祖母— бабушка, 父亲— отец, 母亲— мать, 丈夫— муж, 妻子— жена, 伯父、叔父、舅父— дядя, 姑母、姨母— тётя, 儿子— сын, 女儿— дочь, 哥哥—старший

брат, 姐姐— старшая сестра, 弟弟— младший брат, 妹妹 — младшая сестра, 堂兄、堂弟、表兄、表弟— двоюродныйбрат, 堂姐、堂妹、表姐、表妹— двоюродная сестра, 侄子、外甥—племянник, 侄女、外甥女— племянница, 孙子、外孙子— внук, 孙女、外孙女— внучка, 曾孙、外曾孙— правнук, 曾孙女、外曾孙女— правнучка

Главной в родстве является парная семья- это муж, жена и дети. Все остальные считаются ее элементами или исходящими от семьи связями. Также нужно отметить, что все остальные термины родства - это набор слов по отношению человека к человеку. Например：

-Родственник мужа: 公公(свёкор) 婆婆(свекровь) 夫兄、夫弟(деверь) 夫姐、夫妹(золовка)

-Родственник жены: 岳父(тесть) 岳母(тёща) 妻兄、妻弟(шурин) , 妻姐、妻妹(своячница).

3. Результаты и обсуждения

Родственность одного лица по отношению к другому определяется степенью. Тем самым, кровное родство и боковое родство делятся на степени. Кровное родство является прямым родством, то есть сын-отец, дед-внук и т.д. Боковое родство имеет три степени. Первая восходящая степень в боковой линии, это от отца и матери данного лица к брату или сестре, затем к племяннику. Вторая восходящая степень в боковой линии, это от деда и бабушки к дяде или тете данного лица, от него к двоюродному брату или сестре. Третья восходящая степень боковой линии может также дальше продолжаться вне разрывной цепи. Тем самым можно выделить и третью, и четвертую линию и т.д.

Родство по браку тоже имеет свои отличия, оно делится на двухродное и трехродное. Двухродное - это родство, куда входят родственники данного лица (мужа) и его жены. Трехродное - в него входят родственники данного лица (мужа) и родственники жены его брата. Подразделяя родство по степени, по линиям, по отношению человека к другому человеку по кровному родству, появляется необходимость исследования терминов родства, которое обуславливает собой четкое понятие и различие того или иного термина родства в использовании в повседневной жизни. Однако для полного осмысления и понимания терминов родства, нужно определить его первоначальные истоки и историю происхождения. В связи с этим исследование терминов родства и свойства является очень актуальным.

Семья играет важную роль в формировании сознания человека как личности. Поэтому концепты отец/мать, сестра/брат, свекровь/невестка, теща/зять и т.п., отраженные в национальном языке, становятся своеобразными символами мышления и деятельности того или иного народа. При помощи важнейших концептов языка в коллективном языковом сознании формируется целостное представление конкретного народа о мире; уникальный способ его способа восприятия окружающей действительности; определенные стереотипы. “ Будучи частью лексического состава языка, они представляют общее лингвистическое явление, иихособенности опреде-ляются внутреними законами развитияязыка.” (КрюковМ.В., 1972: 3) Сравнивая термины родства русского и китайского языков, можно сказать, что этимологически в обоих языках сохранились следы древних представлений о семейных отношениях, когда невесты «входили» в новую семью их ниоткуда. В китайской культуре, более консервативной и устойчивой, ярче проявляются представления о том, что семья, семейное имя переходят по мужской линии, что дочери уходят из семьи после замужества, становятся чужими для своих родителей, что родители жены тоже чужие, они отдали свою дочь в новую семью и

связь между ними стала второстепенной по сравнению с ее новой семьей, семьей мужа.

В русском языке существует концепт *теща*, который имеет ярко выраженную негативную окраску в сознании русского человека (имеются в виду мужчины). В русской культуре популярны многочисленные анекдоты на тему *теща* и *зять*, в которых большей частью отношение зятя к теще и наоборот является отрицательным:

1. *Сидят вечером муж и жена, смотрят фильм ужасов. Вдруг на экране появляется УЖАС. Жена: «Ой, мама!». Муж: «Теща? Да, похожа».*
2. *Теща мечтательно рассказывает зятю:*
   - Когда я была молодой, то была глупой, наивной и совершенно некрасивой... - Мама, вы прекрасно сохранились!

Отношение свекрови к невестке и наоборот также часто отличается негативной экспрессией:

1. *Мать говорит сыну: - Эта твоя девушка мне так противна, что я с удовольствием стану ее свекровью.*

2. *Беседуют две девушки: - У меня золотой муж, золотые дети, а золотую свекровь я переплавила, и у меня теперь золотые часики, колечко и браслет*

В кыргызской лингвокультуре нет психологического противостояния между тещей и зятем, и оппозиция *зять/теща* не отражается в анекдотах. Видимо, это объясняется тем, что семья дочери всегда живет отдельно от ее родителей, тогда как в русской культуре часто бывает наоборот. Оппозиция же *свекровь/невестка* у кыргызов выражена очень ярко и, чаще всего, имеет положительную окраску:

1. Кайнене менен келиндин зуаласы бир. Букв. Свекровь и невестка всегда похожи.
2. Тамга айтам, келиним сен ук. Букв. Говорю крыше, а ты, невестка, слушай.

Имеется и небольшое количество пословиц с отрицательной окраской:

1. Келин кыз болбойт, кайнене апа болбойт. Букв. Невестка не станет дочерью, а свекровь – матерью.

Как видим, отношения между *невесткой и свекровью* в кыргызской культуре более толерантны, чем в русской. Это можно объяснить менталитетом кыргызских женщин, которые стараются не прекословить старшим, тем более – родственникам. Таким образом, можно сделать вывод, что мусульманская культура обеспечивает терпимые взаимоотношения в семье между невесткой и свекровью, зятем и тещей. Именно национальная культура диктует правила поведения в семье, отношение к родным и близким.

В китайской культуре также существует определенное противостояние между двумя этими понятиями, хотя считается, что хорошие отношения между снохой и свекровью могут привести к благополучию в семье:

1. Любящая жена почтительна к свекрови, любящий сын почтителен к учителю.
2. Если наладить отношения между снохой и свекровью – будет гармония в семье.

Выводы

Изучение культуры того или иного народа всегда является актуальным, потому что представляет собой ключ к душе народа, к его национальной картине мира. Название родства является не только простым фонетическим символом, но и всеобъемлющим выражением обычаев и обычаев страны, нации и социально-политических экономических отношений. Неявное накопление истории и культуры нации. Родственное наименование является типичным носителем лексической семантики, а также несет марку социальной истории и культуры. Разные языки выражают и отображают различные культурные ароматы.

Литература:

1. Мадмарова Г.А, Межкультурные концепты в тексте художественного произведения. Бишкек, 2017.

2. Петрова А.С. Термины родства в русском и китайском языках// В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии: сб. ст. по матер. IX междунар. науч.-практ. конф. Новосибирск: СибАК, 2012.
3. Тер-Минасова С. Г. Язык и межкультурная коммуникация. М.: Слово, 2000.

УДК 3.39

ЭПОС «МАНАС» КАК СВИДЕТЕЛЬСТВО ДРЕВНЕЙШИХ СВЯЗЕЙ КЫРГЫЗСКОГО И КИТАЙСКОГО НАРОДОВ

Мадмарова Г.А., д.ф.н., профессор
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Цинь Яо, магистрант
Ошский государственный университет Ош, 723500, Кыргызстан

***Аннотация**: В данной статье рассказывается об исторических связях народов Кыргызстана и Китая, что нашло отражение в народном эпосе-трилогии «Манас».*
***Ключевые слова**: кыргызы, динлин, хроника, эпос, этнический.*

"МАНАС" ЭПОСУ КЫРГЫЗ ЖАНА КЫТАЙ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ МАМИЛЕЛЕРИНИН КҮБӨЛҮГҮ КАТАРЫ

Мадмарова Г.А., ф.и.д., профессор
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Цинь Яо, магистрант
Ош мамлекеттик университети Ош, 723500, Кыргызстан

***Аннотация:** Бул макала кыргыз менен кытай элдеринин тарыхый байланыштарын сүрөттөйт, ал “Манас” фольклордук эпикалык үчилтигинде чагылдырылат.*
***Ачкыч сөздөр:** кыргыз, динлин, хроника, эпос, этникалык.*

EPOS "MANAS" AS A CERTIFICATE OF ANCIENT RELATIONS OF THE KYRGYZ AND CHINA PEOPLE

Madmarova G.A., Doctor of Philosophy, Professor
E-mail: gulipa.madmarova@mail.ru
Qin Yao, undergraduate
Osh State University Osh, 723500, Kyrgyzstan

***Abstarct:** This article tells about the historical ties of the peoples of Kyrgyzstan and China, which is reflected in the folk epic trilogy "Manas".*
***Key words:** Kyrgyz, Dinlin, chronicle, epic, ethnic.*

1. Введение

О связях кыргызского и китайского народов сейчас говорится и пишется немало. Доказательством этих взаимоотношений является то, что самые ранние сведения о кыргызах содержатся именно в китайской хронике «Ши-цзи», «Исторических записках» Сыма Цяня. Кыргызы (гяньгуни, цзяньгуни) упоминаются в качестве племени, которое в 201 году было покорено хуннским шаньюем Моде.

В.В.Бартольдт писал: «Рассказ о событии 201 года до н.э. ничего не говорит ни об области киргизов, ни о ее местонахождении; но вместе с киргизами, очевидно в качестве их соседей, назван… народ динлин…» [2, с.178]. Далее он, анализируя сведения «Истории

старших Хань», автором которого являлся Бань Гу, высказывает предположение о возможности проживания кыргызов «уже тогда, как впоследствии, жили на Енисее», также южнее, в той местности, где теперь озеро Кыргыз-Нор («нор» или «нур» - монг. озеро) [там же, с. 178].

Кроме указанных сведений письменные источники мало отражают сведения о древних кыргызах. Примечательным является то, что китайцы уже в то время различали кыргызов как самостоятельное племя.

2. Методы исследования

Написанное выше считалось неоспоримым на протяжении многих лет. Но недавние исследования китайских ученых доказали, что истории кыргызов не 2200 лет, а 3000 лет. Председатель Фонда исторического и культурного наследия народов Кыргызстана «Мурас» Кыяс Молдокачымов рассказал о крупнейшем историческом открытии в современной истории Кыргызстана – о новой дате первого упоминания этнонима «кыргыз» в китайских летописях.

Один из известнейших историков Китая Юй Тайшан обнаружил, что в хрониках китайского императора 10 века до н.э. имеется упоминание о кыргызах. Юй Тайшан считается признанным авторитетом в китайской истории. После соглашения о взаимосотрудничестве между нашими странами он обратился к архивным материалам, в которых упоминались кыргызские племена. Впервые о них написано еще 3 тысячи лет назад. Китайский император в своих хрониках писал, что кыргызы воинственный народ, который разводит породистых лошадей и живет самостоятельно.

Китайские историки собрали большой материал о древних кыргызах в Японии, Корее, исследованиях европейских ученых, кыргызских ученых и собираются выпустить сборник по истории нашего народа. Открытия китайских коллег вызывает чувство гордости у кыргызстанцев, которые официально становятся древнейшим народом в Центральной Азии.

3. Результаты и обсуждения

На территории Китая в настоящее время проживает большое количество кыргызов: в провинции Кызыл-Суу, а также небольшое количество их в провинции Ганьсу. Обе наши республики издавна связывают дружественные взаимоотношения. Китайские ученые занимаются исследованиями в области кыргызского языка, истории, традиций. Киргизовед Ху Чженшуа с 1957 года производит ряд полевых и теоретических исследований по истории, религиозной ситуации, семейно-бытовым традициям кыргызов. Им были тщательно проанализированы лексические, фонетические и морфологические особенности языка на основе им же собранного лингвистического материала.

Известно, что на просторах Азии некогда обитало этническое объединение под названием китаи или кара-китаи, именуемое также киданями. Кара-китаи имели свой язык со множеством диалектов, слоговую письменность, включающую около тысячи знаков, высокую культуру и экономику, развитую государственность и законодательство.

Это государство, по словам кыргызского ученого Зулпукарова К.З., называлось Великое Ляо (907 – 1125 гг.) и занимало общирную территорию, простираясь от Японского моря на востоке до Хорезма и Балха (Северный Афганистан) на западе [4, с.3-5]. Когда их гурхан находился в средней Азии, восточная часть страны полностью была покорена чжурчженями, действовавшими в союзе с южнокитайской династией Сун (1250). Население страны киданей растворилось среди ханзу, корейцев, маньчжуров, монголов и других народов.

После этого события оставшиеся владения кара-китаев стали называться Западное Ляо. Государство киданей включало в себя Уйгурию, Артыш, Иссык-Куль, Талас, Узген,

Андижан, Фергану, Хасан, Ташкент, Хорезм, Мургаб. Резиденция императора находилась на реке Чу около Баласагуна, то есть на территории современной Киргизии.

Западное Ляо просуществовало 88 лет вплоть до нашествия Чингиз-хана. Кидани остались и осели здесь, участвуя в этногенезе киргизов, ойротов, тувинцев, хакасов, кара-калпаков, узбеков, казахов, монголов и многих других этносов. События в эпосе «Манас» большинство историков связывают именно с этим периодом: борьбой кыргызов против киданей.

Возникновение героического эпоса восходит, скорее всего, к эпохе зарождения кочевого скотоводства как нового уклада жизни. Это привело к коренным изменениям во всей жизни степных племен Евразии, в том числе и древних предков кыргызов. Историк и археолог М.П.Грязнов отмечал: «Все должно было быть приспособлено к условиям постоянных переездов и лагерной жизни. Стада скота, перешедшие в частную собственность патриархальных семей, неравномерно обогащали их и были заманчивой добычей при грабительских набегах. Война стала постоянным промыслом. Возросла общественная роль военных предводителей всех степеней, обогащавшихся за счет военной добычи. Потребовалась новая, более стройная организация на военный лад всей общественной жизни. Род и племя начали управляться на началах военно-демократического строя» [3, с.47].

В этот период резко возросла роль отдельных личностей, которые могли привести народ к пассионарному всплеску. Наиболее сильные и активные личности, снискавшие авторитет мужеством и боевым опытом, получали звание батыров. Образ богатыря Манаса, скорее всего, первоначально представлял собой образ сказочного героя, побеждающего чудовищ. С развитием феодальных отношений и возникновением крупных племенных объединений и раннефеодальных государств богатырская сказка трансформировалась в героический эпос, наполненный новым национально-историческим содержанием.

В эпосе образ богатыря Манаса предстает как воплощение народного духа. Он вобрал в себя лучшие человеческие черты: доблесть, честь, отвагу, справедливость, великодушие. Вот как описывают образ Манаса сказители эпоса:

Асман менен жериңдин
Тирүүсүнөнн бүткөндөй,
Айың мененкүнүңдүн
Жаркынынан бүткөндөй.
Ай алдында булуттун
Салкынынан бүткөндөй.
Алды калың кара жер,
Салмагынан бүткөндөй.
Словно создан из опоры Неба и *Земли Манас.*
Словно соткан из света Солнца и *Луны Манас.*
Словно собран из *прохлады Подлунных облаков Манас.*
Словно создан из *тяжести*
Толщи земли МАНАС!
(Адекватный перевод автора)

Много чудесных поэтических строк посвящено в эпосе богатырям, но вершиной поэтического творения народа является центральный образ эпического героя Манаса. Вокруг Манаса концентрируются все события эпоса. Сюжет движется благодаря эпическим подвигам Манаса. Манас прежде всего вождь народа, первый среди лучших, благодаря своим выдающимся личным качествам резко выделяется из богатырской среды своих дружинников. Он воплощение эпического идеала народа.

Выводы

В вариантах эпоса наряду с образом Манаса ярко обрисован образ Алмамбета, китайца по происхождению. Его участие в «Великом Походе», его подвиги, храбрость ничуть не уступает главному герою. По сложности судьбы Алмамбет также может поспорить с любым из персонажей эпоса. У дракона научился Алмамбет многому: различать небесное - земное, глупость - мудрость, тьму - свет, душу - тело, смерть - жизнь. Зачатие, рождение, детство, те вещи, которыми он пользовался, великие подвиги, человеческие качества, трагическая смерть Алмамбета осталась в памяти народа той эпохи, как замечательного персонажа на уровне Манаса. Образ Алмамбета относится к положительным персонажам, наряду с образами Бакая, Кошоя и многих других. Поэтому не зря отмечал в своих трудах М. О. Ауэзов [1, с. 65]: «Алмамбет наряду с Манасом занимает особое место в развитии основных действий эпоса «Манас».

В любых вариантах эпоса развитие действий в разделе «Великий Поход» является доказательством тому, что Алмамбета можно считать одним из лучших образов героической трилогии.

Сказанное выше подтверждает давние дружеские связи между кыргызским и китайским народами, которые, благодаря замечательному эпосу «Манас», будут крепнуть и в будущем.

Литература:

1. Ауэзов М.О. //Стенограммы всесоюзной научной конференции, посвященной изучению эпоса «Манас» (5 – 10 июня 1952 г. Г.Фрунзе). – Бишкек: Турар, 2015.
2. Бартольдт В.В. Избранные произведения по истории кыргызов и Кыргызстана: составление, доп. коммент. и предисловие О.Караева. – Б., 1996.
3. Грязнов М.П. Первый Пазырыкский курган.[Текст] /М.П.Грязнов. – Л.: Изд-во Государственного эрмитажа, 1950.
4. Зулпукаров К.З. Введение в китайско-киргизское сравнительное языкознание. – Бишкек, 2016.

УДК 17.51

ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ТЕКСТ КАК РЕЗУЛЬТАТ ПРОДУЦИРУЮЩЕЙ ЯЗЫКОВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ПИСАТЕЛЯ

Мадмарова Г.А. д.ф.н.
Абдыкадырова С.Р. аспирант
Ошский государственный университет

***Аннотация**: В данной статье исследована проблема языковой деятельности автора как важнейшая категория художественного текста.*

***Ключевые слова**: автор, языковая деятельность, языковая картина мира, языковые представления, лингвистика, логика, модальность, текст.*

КӨРКӨМ ТЕКСТ ЖАЗУУЧУНУН ТИЛДИК ӨНДҮРҮМ ИШИНИН НАТЫЙЖАСЫ КАТАРЫ

Мадмарова Г.А. д.ф.н.
Абдыкадырова С.Р. аспирант
Ош мамлекеттик университети

***Аннотация:** Бул илимий макала адабий тексттеги жазуучунун тилдик иш маселесин абдан маанилүү категориясы катары изилдейт.*

***Ачкыч сөздөр:** автор, тил, иш-чаралар, тилдик өкүлчүлүгү, тил илими, логика, модалдуулук, текст.*

LITERARY TEXT AS A RESULT OF WRITERS LANGUAGE PRODUCING ACTIVITY

Madmarova G.A. Doctor of Philosophy
Abdykadyrova S.R. Graduate student
Osh State University

Abstract: *In this article, the problem of the author's language activity is studied as the most important category of the artistic text.*

Key words: *language activity, language picture of the world, language concepts, linguistics, logic, modality, text.*

Языковая деятельность писателя-это тема очень большая, почти безграничная, и говорить о ней можно бесконечно много. Но, к сожалению, у нас говорят о ней наоборот, слишком мало; а если и говорят, то совершенно абстрактным образом, общими, ничего не выражающими словами: «красивый язык», «гибкий язык», «сочный язык». «Язык писателя, приемы его письма, излюбленные средства изображения, наконец, присущий ему синтаксис — все это вместе составляет то, что мы называем индивидуальным авторским стилем» [1].

Среди всех представлений выделенное место в процессе мышления занимают представления о языковых объектах - словах и предложениях. Эти представления всегда (за исключением, конечно, глухонемых) являются единством слуховых и моторных представлений, а у людей, с детства имеющих дело с письменностью, к ним может присоединиться и зрительная компонента. Представляя в уме какое-либо слово, мы мысленно произносим его, слышим и, возможно, видим написанным. Будем для краткости называть их языковыми представлениями. Именно поток языковых представлений называют обычно мышлением. Наличие этого потока является специфической особенностью человека; у животных он отсутствует. Так называемое абстрактное мышление на деле - мышление словами, поток языковых представлений. Достижения мысли, которыми так гордится человечество, были бы. Когда мы представляем себе в уме какое-то слово, мы мысленно произносим его, слышим его и, возможно, даже видим его написанным. Короче говоря, мы называем их лингвистическими выражениями. Этот поток языковых представлений, обычно мы называем мышлением. Наличие этого потока есть определенная черта человека, а у животного его нет. Так называемое абстрактное мышление - это, по сути, вербальное мышление потока языковых представлений. Достижение идеи, которой человечество гордится, невозможны без мышления словами.

Значение языковых представлений состоит в том, что они однозначно связаны со словами и предложениями как материальными элементами материальной системы «язык». Эта последняя система есть совокупность всех слов и предложений, произносимых устно, передаваемых по телефону и радио, написанных или напечатанных на бумаге, закодированных на перфокартах для вычислительных машин и т. д., - одним словом, то, что мы назвали выше нервной системой материального тела культуры. Функционально поток языковых представлений ничем не отличается от последовательности их материальных коррелятов - слов. Внешнюю, наблюдаемую сторону мышления можно описать как деятельность, состоящую в создании некоторых материальных языковых объектов, например, произнесение предложений вслух (к сожалению, эти объекты очень недолговечны) или написание их на бумаге. Такую деятельность мы будем называть языковой.

Исследованием языковой деятельности занимаются лингвистика и логика. Лингвистику интересует главным образом синтаксис языков (в широком, семиотическом смысле), логику - семантика. Когда синтаксис и семантика сплетаются, невозможно отделить и лингвистику от логики. Правда, традиционная логика провозглашает себя наукой не о языке, а о законах мышления, но это претенциозное заявление не следует принимать слишком всерьез. Из всех разделов знания, изучающих мышление, подход логики самый внешний, поверхностный. Она не исследует реальных механизмов работы мозга, как нейрофизиология, не строит моделей умственной деятельности, как кибернетика, не пытается фиксировать и классифицировать субъективно воспринимаемые душевные состояния, как психология. В качестве объекта изучения она признает лишь четкие, общественно значимые мысли. Но такие мысли на самом деле суть не что иное, как языковые представления с общественно значимой семантикой. Логический (семантический) анализ языка приводит к первичным неопределяемым понятиям и на этом кончается; он не выводит нас за пределы языка.

Изучение языковой деятельности распадается на две части: одна из них, основная, имеет своим предметом язык, то есть нечто социальное по существу и независимое от индивида… Другая - второстепенная, имеет предметом изучения индивидуальную сторону речевой деятельности, то есть речь, включая говорение. Ф дэ Соссюр подчеркивал, что «оба эти предмета тесно между собой связаны и друг друга взаимно предполагают: язык необходим, чтобы речь была понятна и производила все свое действие, речь, в свою очередь, необходима для того, чтобы установился язык; исторически факт речи всегда предшествует языку».

В отношении языка художественной литературы или стиля художественной речи существуют два взгляда: одни ученые [А. Н. Гвоздев, А. И Ефимов, Р. А. Будагов, М. В. Панов, И. Р. Гальперин и др.] относят язык художественного произведения к системе функциональных стилей литературного языка; другие исследователи [В. В. Виноградов, В. Д. Левин и др.] не считают возможным ставить его в параллель с другими стилями общенационального литературного языка. Мы также придерживаемся второго взгляда на данный объект, так как художественный текст понятие специфичное и многообразное. Он может включать в себя любой стиль, но при этом сохранить свои признаки и свойства. Язык художественного произведения является не только инструментом мысли автора, но и материалом, создающим художественное произведение.

С 20-х годов XX века вопросы о языковом сознании автора, речевой структуре образа автора, словесном мышлении писателя, языковой картине мира, как основные аспекты описания языковой личности, находятся в центре внимания лингвистической стилистики и лингвопоэтики. Однако проблема языковой личности в художественном тексте до сих пор не получила четкой и ясной дефиниции, о чем свидетельствуют терминологические разногласия в исследовании этой проблемы. Сам человек становится объектом более интенсивного исследования, то есть реализуется известный античный принцип «человек есть мера всех вещей».

Различные модели в лингвистике, по мнению С.А. Сухих, опираются на фундаментальную природу человека как части большого и единого образования. При этом «трактовка человека как суммы текстов отражает новый принцип понимания природы», а текст выступает формой существования сознания. Сознание индивида уподобляется тексту: человек как субъект «растворяется в текстах-сознаниях, составляющих великий интертекст культурной традиции». Следовательно, мир познаваем через языковые формы, «значит, наши представления о мире не могут отразить реальность, которая существует за пределами языка, они могут быть соотнесены только с другими языковыми выражениями»[2].

Художественный текст как произведение выражает мировосприятие и миропонимание автора. Сам автор, при всей его неповторимости, отражает ту действительность и те традиции, которые формировали его как личность - политическую, языковую, моральную и эстетическую. В художественном произведении всегда отражается действительность – реальная или придуманная, конкретная или абстрактная. Читая, мы всегда чувствуем авторское отношение происходящему. Именно это и придает дополнительную прелесть чтению, помогает нам раскрывать концептуальность слова или фразы; вызывает различные ассоциации.

В тексте заключена речемыслительная деятельность пишущего (говорящего) субъекта, рассчитанная на ответную реакцию читателя (слушателя), на его восприятие. Историческая правда не всегда равна правде художественной. Перед автором всегда стоит задача создать своего героя, опираясь на исторические факты, свой мир и свою картину мира, которая казалась бы читателю реальной и интересной. Язык художественного произведения имеет специфические признаки и особые свойства, которые не встречаются ни в одном другом стиле литературного языка. Основой этих особенностей является своеобразная функция языка в художественном произведении, где язык не только орудие или инструмент, с помощью которого работают мастера слова, но и материал, создающий художественное произведение. Одной из важнейших особенностей литературы, как словесного искусства, является эта двоякая функция языка. Функции языка в художественной литературе коренным образом отличаются от его коммуникативной роли в обыденных отношениях между людьми.

Организация языковых единиц в системе литературного языка представляет собой условное деление на фонетический, лексический, грамматический уровни, иерархически связанные, где каждый из нижних уровней последовательно организует следующий, более высокий. Словесные ряды художественного текста связаны с композиционным развертыванием текста и в целом зависят от различных факторов, влияющих на организацию текста. В художественном произведении отдельные предложения, сочетаясь между собой, дают в результате некоторую конструкцию, объединенную общностью мысли или темы.

По мнению Ю. Н. Караулова, наряду с распространенным афоризмом «За каждым текстом стоит языковая личность» имеет право на существование афоризм «за каждым текстом стоит языковая личность, владеющая системой языка»[3]. В другой работе ученого эта мысль сформулирована еще жестче.

Еще одна из важных категорий текста, которая в наибольшей степени проявляет языковую личность – *категория модальности*.

Это очень сложная категория, имеющая много разных интерпретаций. Обычно различают:

1) объективную модальность;
2) субъективную модальность;
3) внутримодальные отношения.

Художник представляет нам кусочек объективной действительности, который имел или будет иметь место в прошлом, настоящем или в будущем. Из повествования мы можем себе составить картину субъективно-личностного отношения автора к происходящему, его симпатии и антипатии, пристрастия, чувства и переживания. Существует много авторских приемов выражения модальности. Например, «повторяя один из стилистических приемов в его разнообразном лексическом наполнении, автор сознательно или бессознательно характеризует какое-либо событие, явление, персонаж, а раскрывает свое к ним отношение». Любой художественный текст несет на себе отпечаток индивидуального стиля писателя. Он объединяет в себе и особенности авторской

личности, и целостность художественного замысла книги, и исторические традиции культуры, на которые опирался в своем произведении автор. Естественно, что в процессе работы художник рисует нам не просто реальный или выдуманный мир, там содержится и многое другое, не видимое на первый взгляд, но очевидное при внимательном прочтении текста. Конечно же, как мы говорили выше, каждый человек воспринимает текст по-своему. Это восприятие зависит от многих факторов; от образования человека, его специальности, национальности, социального статуса, общего тезауруса и проч.[4].

Таким образом, в художественном тексте, являющемся результатом речемыслительной деятельности, автор вербализует свою концептуальную картину мира.

Литература:

1. Наровчатов С.С. Необычное литературоведение. Молодая гвардия. М.: 1973. С. 95
2. Сухих С. А. Личность в коммуникативном процессе. Краснодар: ЮИМ, 2004. С.63
3. Караулов Ю.Н. Русский язык и языковая личность М.: Издательство ЛКИ. 2010. С.178.
4. Мадмарова Г. А. Межкультурные концепты в тексте художественного произведения. Бишкек. 2017. С. 295.
5. Мадмарова Г.А. Диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук. ЦЕНТРАЛЬНО-АЗИАТСКАЯ ЛЕКСИКА В ТЕТРАЛОГИИ С.П.БОРОДИНА «ЗВЁЗДЫ НАД САМАРКАНДОМ». Бишкек, 1995.С.15-55

УДК 494.3:894.341:371.302

ҮЙ-БҮЛӨ СЕМАНТИКАЛЫК АЛКАГЫНДАГЫ КОНЦЕПТТЕРДИН МАКАЛ-ЛАКАПТАРДА БЕРИЛИШИ

Максутова Жазгүл Жумабаевна, окутуучу E-mail: jastin0306@mail.ru
Джеенбаева Космира Ажимаматовна, окутуучу E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада үй-бүлө семантикалык алкагындагы концепттер кыргыз улутунун дүйнө таанымына, көз карашына байланыштуу түшүнүктөрдө чагылышы, “ата”, “эне”, “уул”, “кыз”, “эже”, “синди”, “ага”, “ини”, “жеңе” сыяктуу компоненттер камтылган макал-лакаптардагы, учкул, накыл сөздөрдөгү түшүнүктөр талдоого алынат.*

Ачкыч сөздөр: *когнитивдик лингвистика, концептосфера, императив, инвариант, предикат, объект, субъект, этномаданият, лингвомаданият, этнопедагогика.*

КОНЦЕПТЫ СЕМАНТИЧЕСКОЙ ГРУППЫ “ҮЙ-БҮЛӨ” (“СЕМЬЯ”) В ПОСЛОВИЦАХ И ПОГОВОРКАХ

Максутова Жазгүл Жумабаевна, преподователь E-mail: jastin0306@mail.ru
Джеенбаева Космира Ажимаматовна, преподаватель E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *В статье анализируется отражение концептов семантической группы “семья” в понятиях, которые связаны с философией, мировоззрением кыргызской нации, даётся анализ понятиям в пословицах, поговорках, которые включают в себе такие компоненты как “отец”, “мать”, “сын”, “дочь”, “старшая сестра”, “младшая сестра”, “старший брат”, “младший брат”, “невестка”, “снаха”*

Ключевые слова: *когнитивная лингвистика, концептосфера, императив, инвариант, предикат, объект, субъект, этнокультура, лингвокультура, этнопедагогика.*

CONCEPTS OF SEMANTIC GROUP “ҮЙ-БҮЛӨ” (“FAMILY”) INPROVERBS AND SAYINGS

Maksutova Jazgul Jumabaevna, Teacher E-mail: jastin0306@mail.ru
DjeenbaevaKosmiraAjimamatovna- Teacher E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Osh State University, Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstract: *An article is analyzes the reflection of concepts of the semantic group "family" the concepts which are related to philosophy and worldview of the Kyrgyz nation, analyzes the concept in proverbs, conversations as "father", "mother", "elder son", "younger son", "daughter", "elder sister", "elder brother", "younger sister"," younger brother", "daughter-in-law", "sister-in-law" etc.*

Key words: *Cognitive linguistics, sphere of concepts, imperative, invariant, predicate, object, subject, ethno-cultural, linguistic culture, ethno-pedagogy.*

1. Киришүү

Тилдин коомдогу орду, аткарган кызматы учур талабына ылайык күндөн-күнгө кеңейип бара жаткандыгына күбө болуудабыз. Башкача айтканда, тилди, тилдик бирдиктерди когнитивдик жөндөмдүүлүгүнүн негизги каражаттарынын бири катары изилдөө жалпы тил илиминин, анын ичинде кыргыз тил илиминин азыркы мезгилдеги актуалдуу маселелеринен болуп саналат. Мындай меселелердин негизи болгон "тилдеги адам жана адамдын тили" концепциясына ылайык, адам баласынын коомдогу ордун, дүйнө таанымын, дүйнөгө болгон көз карашын, анын билимдерин чагылдырууда тилдин жана тилдик бирдиктердин негизги курал катары аткарган кызматын системалуу изилдөөгө алууну когнитивдик лингвистика жаңы илимий тармак катары тынымсыз изилденүүдө. Мына ошол когнитивдик лингвистиканын изилдөө объектиси – концепт.

3. Изилдөө ыкмалары

Биз изилдөөгө алган "ата-эне" концепти кыргыз улутунун дүйнө таанымына, көз карашына негизделип, кыргыз элинин дүйнө таанымдык деңгээлдерин, тилдик дүйнө сүрөтүн чагылдырган "үй-бүлө" концептосферасынын алкагындагы "ата", "эне", "уул", "кыз", "эже", "синди", "ага", "ини", "жеңе" сыяктуу компоненттер камтылган макал-лакаптардагы, учкул, накыл сөздөрдөгү түшүнүктөр талдоого алынат.

Ата жана *эне* сөздөрү макалдарда негизинен денотативдик же баштапкы маанилерде кездешет. "Ата" менен "эне" концепти биригип бир сфераны, башкача айтканда, "ата-эне" концептин түзөт. Макал-лакап, накыл сөздөрдүн көпчүлүгүндө бул концепттер бири-бирине байланышсыз берилет. М.Ибрагимов түзгөн "Кыргыз макал, лакап жана учкул сөздөрү. 10551" аттуу жыйнакта бул сөздөр катышкан 167 паремия бар. Булардын 125и "ата" концептинен, 37си "эне" концептинен туруп, 56сында "ата-эне" жана "ата" менен "эне" контрасттык концепттери учурайт [2: 70-73, 478-479 бб.].

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Биз талдоого алган концептосфера – үчилтик. Ал теңдешсиз үч концепттен турат (1-схема). Түрк тилдеринин көбүндө бул үч бурчтук ушундай катышта келет. Ал эми индиевропа тилдеринин дээрлик баарында түрк тилдериндей уңгулаштык байкалбайт. Орус тилин ала турган болсок, буга үч сөз өзүнчө катышат (2-схема).



1-схема

2-схема

Кыргыз тилиндеги *ата, эне, ата-эне* деген үч сөздүн маани-маңызы пайда кылган концептосфера көптөгөн накыл сөздөрдүн темасын да, мазмунун да түзөт.

Үй-бүлө түшүнүгүндө жалпылоочу белги бар. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө үй-бүлө – бирге жашаган туугандардын тобу (аялы, күйөөсү, ата-эне балдары менен),- деп берилет [4:662]. Аялы, күйөөсү бул дүйнөгө бала алып келгенде гана *ата* жана *эне* деп аталат жана элибизде: *Ата болуш – ардак, эне болуш - сыймык* деп айтылат.

Мында жалпылоочу “балалуу” концепти кошо туюнтулат. Бул макалда баалоо бар. Адамдын тукум улантуу касиетинин ардактуулугу, сыймыктуулугу басым менен аталат. Ал эми *Ата-эненин кадырын балалуу болсоң билерсиң* деген макал жогорудагы “балалуу” (*Ата болуш – ардак, эне болуш – сыймык)* концептинин толук түрдө, тикеден тике чагылышын туюнтат. Башкача айтканда, 1-макалда “балалуу” концепти менен катар “ата-эне” концепти туюнтулса, 2-макалда ата-эне болгондон кийин *өз ата-энеңдин кадырына жетесиң* когнитемасынанын негизинде “ата-эне”, “чоң ата, чоң эне” концепттери удаалаш чагылат. Бирок бул макалда арсар этишти уюштурган *-ар, -ер, -ор...* мүчөсүнүн негизинде уюштурулган *билер* (бил+ар=*билер)* сөзүнөн уул же кыздын ата-эненин кадырына жетери же жетпеши күдүк экендигин, макалда императив жок экендигин белгилөөгө болот. Жогорудагы макалдын инварианты *Агайындын кадырын жалаалуу болсоң билерсиң, ата-эненин кадырын балалуу болсоң билерсиң деген толук компоненти да кездешет.* Үй-бүлө семантикалык алкагына кирген ага-ини сөздөрүнүн мазмунун камтыган макалынын мазмунун талдоого алсак. **Агайын** сөзү *ага* жана *ини* деген сөздөр биригип, бир сөзгө айланганда, ини сөзүнүн аягындагы *и* тыбышы түшүп, алдына *й* тыбышы кошулган. Ошентип, ал бир сөзгө айланып, жалпылап көрсөткөн маани берип калган [3:11]. Жогорудагы макалдагы ага менен ининин ортосундагы мамилени камтыган тараптар (ага-ини) адресант да, адресат да боло алат. Демек, мындагы мазмун демейдеги күндөрдө бири-биринин кадырын билбей, барктабай, урматтабай же болбосо капарына албай жүргөн болсо, качан гана кандайдыр бир жалаага кабылган же жалаа жабылышы мүмкүн болгон учурда жардамга муктаж болуп (кеңеш берүүсү, колдоосу, зарыл болсо материалдык көмөктөшүүсү) кадырын билүү же болбосо терс пропозицияда деле ишке ашып калышы мүмкүн. Анткени арсар этиштин *–ар, -ер* мүчөсүнүн жалганышы макалдагы ой-туюм бир нече концепттерди (кадыр-баркын билет же билбейт, акылына келет же..., бир тууганын аяйт же ...) чагылдырышынан кабар берет.

Ата-эне баланы тарбиялайт, чектен чыгарбайт, элдик эрежелерди сактоого, эл менен болууга мажбурлайт. Баланын аракети ата-эненин сөзү, айбаты, кадыры менен багытталат. Ата-эненин көзү өтүп кеткен болсо, баланын жүрүш-турушу, тагдыры өзгөрүлүп кетиши ыктымал. Ошондуктан макалдарда “*ата-эне өлсө, бала көбөт*” деген когнитема учурайт. Бул жалпы маани конкреттүү концепттерге ажыратылып, макал *Атасы өлгөн уул көбөт, энеси өлгөн кыз көбөт* болуп жүрөт. Бул макалдын артында көптөгөн имплициттик концепттер жатат: *“уулду ата көзөмөлдөөчү”, “уулга ата баш-көз болчу”, “кызды эне тескөөчү”, “кызды энеси тарбиялоочу”* ж.б. Мында айрыкча *көбөт* этиши макалдагы мазмунду уюштуруучу касиетке ээ. Муну *“бой көтөрүп кетти”, “дердейип калды”, “чалкалап калды”, “дымактуу болуп кетти”* ж.б. маанилеш концепттер кырдаалга ылайык берилди. Атасы өлгөн жана энеси өлгөн сөз айкаштары аныктоочтук милдет аткарганы менен өзүнчө микросүйлөмдөр. Алардын курамы субъекттен жана анын сапатын билгизүүчү өткөн чак формасындагы этиштен же башкача айтканда, чакчылдан турат. *–Сы, - си* аффикси бул предикаттык катыштагы сүйлөм-сөз айкашын *уул, кыз* сөздөрү менен, макалдагы башкы субъекттин аттары менен туташтырып турат. Демек, таандык *–сы, -си* мүчөсү эки субъектти (ээни) өз ара байланыштыруучу кызматын аткарып жатат. *Атасы өлгөн* жана *энеси өлгөн* макалдын түзүмүндө “ата-энеси өлгөн (көз жумган)” когнитеманы билгизет. Макалда *ата-эне* сөзү *ата, эне* эки сөзүн бириктирип, жалпы мазмунду кабыл алды. Ошондуктан бул жалпы маанини когнитема деп айтсак болот.

Макалдагы башкы предикат башкы субъекттердин (уул, кыз) өзгөчөлүгүн чагылдырып турат. Бул башкы предикат – *көбөт* этиши. Ал эки жолу кайталанып, параллелдүүлүктү жаратып, башкы маани да кайталанган предикаттардын ички мазмунунда. Анын мазмунун түз жана өтмө маанилердин тутуму шарттоодо. Көбүү

процесси нерселердеги физикалык өзгөрүүнү билгизет, башкача айтканда, нерселердин табигый түзүлүшү бошоңдоп, демейдеги көлөм чоңоюп кетишин көбүү процесси менен байланыштырууга болот. Жаш адамдын (уулдун, кыздын) өмүрүндөгү трагедия (ата-эненин өлүмү) анын кыял-жоругуна, адамдарга болгон мамилесине кескин таасир тийгизиши мүмкүн. Бул учурда кызга же уулга мүнөздүү оң сапаттарды кайсы бир терс сапаттар аралап, асыл касиеттерди "сейректетип", бошоңдотуп коюшу ыктымал. Ошентип, *көбөт* предикатындагы мазмун социалдык-психикалык жактан жүйөлүү эле кубулуш катары каралууга акылуу.

Ал эми *Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн, энем өлсө өлсүн, энемди көргөн өлбөсүн* макалын "ата-энем өлсө өлсүн, ата-энемди көргөн өлбөсүн" когнитемасы аркылуу жалпылайбыз. Бул жерде таандык *–м* мүчөсү сүйлөмдү сүйлөөчүгө ыйгарбайт. Мүчө жалпылоочу мааниде. Ал ар бир эле адресантка да, адресатка да тиешелүү боло алат. Анын прагматикалык диапазону ийги жана кенен. Макалдын семантикасында ата-эне, өлсө өлсүн, көргөн өлбөсүн сыяктуу конкреттүү пропозицияларды жаратып турат. Бул пропозицияларды реконструкциялап гана тикелентүүгө болот. Макалдык мазмундун орчундуу жүгү *ата-энемди көргөн өлбөсүн* сүйлөмүнө түшүп турат.

Макалдагы көргөн этишинин мааниси уюштуруучу касиетке ээ. Муну "ата-эненин балдары өлбөсүн", "ата-энемдин бир туугандары өлбөсүн", "ата-энемдин достору өлбөсүн", "ата-энемдин жакындары өлбөсүн" сыяктуу маанилеш концепттер кырдаалга ылайык чагылганын байкоого болот. Башкача айтканда, "үй-бүлө" концептосферасынын мазмуну чагылат.

Айрым макалдарда кездешкен: *Аталуу жетим – арсыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим; Аталаштан алтоо болгуча, энелештен экөө болсочу; Аталашым аттан түш, энелешим ээрге мин* деп айтылып, жетим баланын позициясы менен караганда *эне* баалуурак. Бул макалдарда ата-эне концептинин компоненттериндеги контрасттык мазмун ата менен эненин үй-тиричилигиндеги ордуна, балага болгон мамилесине, балдарынын өз ара алакасына карап күчөтүлүп берилген. Кыргыз макалдарынын көпчүлүк бөлүгүндө көркөм стилдин тилдик каражаттары арбын колдонулуп, уйкаштыкты жарата аларын жогорудагы макалдардан да аңдасак болот. Фонетикалык-стилистикалык каражаттардын, бир эле учурда параллелизмге, антонимия кубулушуна, анафорага мүнөздүү болгон *аталуу* (жетим) *арсыз,энелүү* (жетим) *эрке, аталаштан алтоо, энелештен экөө, аталашым аттан* (түш), *энелешим ээрге* (мин) сөз айкаштары макалдын баалуулугун арттырат.

Жогорудагы макалдарды өз алдынча талдоого алсак: биринчи макалда эне сөзүнүн концептин эрке жетим сөз айкашындагы мазмун толуктап турат. Мында эне өз милдетине ылайык, үй-бүлөдөгү ордуна жараша атасыз өсүп жаткан баласына кам көрүп, аздырбай-тоздурбай, ачка койбой, кирдетпей, айланып-үйүлүп тарбиялоосу белгиленет. Ата бул милдетти аткаруудан оолак, кир-кок, тамак-аш өгөй эненин колунда, ал сырткы иштерге жооп берет. Элибизде мындай иш-аракеттер менталдык аң-сезимге сиңип калган. Ошондуктан энесиз жетим жүдөө, ары жок болот.

Экинчи макалда да эненин данакерлөөчү, бириктирүүчү күчү белгиленет. Ал өз балдарын (кимден туулганына карабай) ынтымактуулукка, өз ара көмөктөшүп жүрүүгө, бирин-бири колдоого тарбиялайт. Мындагы алтоо, экөө сөздөрү негизги сөздөргө тыбыштык гармония түзүү үчүн эле (ата – алтоо, эне – экөө) келтирилген. Өз ара ызатташуу, бирин-бири сыйлоо маселеси энелештерге мүнөздүү экендиги үчүнчү макалда да даана берилген. Макалдын идеясы боюнча, аталаштарга эрегишүү, биринин мүлкүн же унаасын бири тартып алууга аракет, энелештерге өз ара көмөктөшүү, бири-биринен эч нерсе албоо (үйдү, малды ж.б.) сезими мүнөздүү экендиги чагылдырылган.

Ошентип, ата-эне концептиндеги контрасттык “төрөткөн тарап – төрөгөн тарап” мааниси жана анын вариациялары эле камтылбастан, алар атаган жактардын (денотаттардын) үйдөгү орду, ролуна багынычтуу балдардын ортосундагы мамиледе да контраст-айырма болорлугун белгилөөгө болот.

Тыянак

Жыйынтыктап айтканда, жогоруда келтирилген макалдарда эксплициттик жана имплициттик маани бирин-бири шарттап турат. Имплициттик маани сүйлөөчүнүн оюнда, эксплициттик маани паремиянын тексттинде берилген. Мындай макалдардын катарын мындан ары да толуктоого, улантууга болот. Үй-бүлө семантикалык алкагындагы концепттердин (*ата-эне, ата, эне, чоң ата, чоң эне, таята, таене, небере, кыбыра, уул, кыз, эже, сиңди, карындаш, байке, таяке, аке, ага, тага, жеңе, жезде, таеже, кайын ата, кайын эне, кайни, кайнага, кайнеже, кайын сиңди, өгөй кыз, өгөй бала, жетим, жубан, катын, зайып эр, күйөө, куда-сөөк* ж.б. ушул сыяктуу) компоненттери паремияларда арбын кездешерин белгилейбиз. Булардын ар бирине токтолуп, кеңири талдоого алып, башка элге этномаданиятыбызды, лингвомаданиятыбызды, этнопедагогикабызды жайылтууга, үлгү кылууга болот.

Адабияттар:

1. Абдулатов А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары. –Ош, 2006. – 146 б.
2. Кыргыз макал-лакап жана учкул сөздөрү/Түз.: М.Ибрагимов. Кара-Балта, 2005, - 500 б.
3. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү/ Түз.: К.Сейдакматов. –Ф., 1988. – 275 б.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.–Б.: “AVRASYA PRESS” 2011, Биринчи бөлүк - 880 б., Экинчи бөлүк – 891 б.
5. Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор/Түз.: Ж.Ы. Койчуманов, Ы.Кадыров. –Б.: 2012. – 540 б.
6. Эргешова С.Б. Паремиялардагы антонимдик концепттердин менталдык мазмуну. Ош, 2012. – 152 б.

УДК 494.3:894.341:371.302

ОБОНДУУ ЫРЛАРДА “АТА-ЭНЕ” КОНЦЕПТИНИН БЕРИЛИШИ

Максутова Жазгүл Жумабаевна, окутуучу E-mail: jastin0306@mail.ru
Джеенбаева Космира Ажимаматовна, окутуучу E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Ош мамлекеттик университети, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада “ата-эне” концептине тиешелүү негизги номинанттар талданат, булардын поэтикалык семантикасы, элестүүлүгү, баалоочулук касиеттери сыпатталат. Кыргызча элегиялык, ариялык мүнөздөгү обондуу ырларда кездешүүчү “үй-бүлө” ири концептинин чегинде “ата”, “эне/апа” концепттеринин берилиши, идеялык-тематикалык, менталдык жана аксиологиялык мүмкүнчүлүктөрү каралат.*

Ачкыч сөздөр: *концепт, когнитема, акын, обон, предикат, элегия, ария, строфа, символика, лирика.*

КОНЦЕПТ “АТА-ЭНЕ” В НАПЕВНЫХ СТИХАХ

Максутова Жазгүл Жумабаевна, преподаватель E-mail: jastin0306@mail.ru
Джеенбаева Космира Ажимаматовна, преподаватель E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Ошский государственный университет, Ош, 723500, Кыргызстан

Аннотация: *В статье рассматриваются основные номинанты концепта “родители” описываются их поэтическая семантика, образность и оценочные свойства. В ней на материале песенных стихотворений элегийного и арийного характера анализируются репрезентативы концептов “отец”, “мать” в рамках макроконцепта “семья”, раскрываются идейно-тематическое, ментальное содержание и аксиологические возможности.*

Ключевые слова: *концепт, когнитема, поэт, мелодия, предикат, элегия, ария, строфа, символика, лирика.*

CONCEPT "ATA-ENE" IN MELODIC VERSES

Maksutova Jazgul Jumabaevna, teacherE-mail: jastin0306@mail.ru
DjeenbaevaKosmiraAjimamatovna- Teacher E-mail: kosmira.85.kg@mail.com
Osh State University, Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstract: *The article discusses the main nominees of the "parents" concept, describes their poetic semantics, imagery and evaluation properties. In it, on the material of elegiac and aryan nature song poems, the representations of the concepts of "father" and "mother" are analyzed in the framework of the macro-concept "family", the ideological and thematic, mental content and axiological possibilities are revealed.*

Key words: *concept, kognitema, poet, melody, predicate, elegy, aria, stanza, symbolic, lyrics.*

1. Киришүү

Көркөм адабияттын идеялык-тематикалык, көркөмдүк-эстетикалык жана жанрдык изденүүлөрүнө ар бир акындын же жазуучунун өз деңгээлине жараша үлүшү болот. Акындын жеке чыгармачылыгында изденүүсүнөн жаралган көркөм табылгалар, оригиналдуулук канчалык көп болсо, адабияттагы салымы ошончолук чоң болот.

Кыргыз поэзиясында соңку мезгилде жаңы стиль, жаңы багыт, өзгөчө ой-туюм, логикалуулук, философиялык тереңдикти камтыган строфалардын уламдан-улам жазылып, жаңыланып тургандыгына күбө болуудабыз. Ал эми ошол строфалардын окурмандарга дагы да жеткиликтүүлүгүн, жакындыгын, уккулуктуулугун арттырууда жаратылган обондун да мааниси зор.

Кыргыз окумуштуулары ушул күнгө чейин обондуу ырлардын тематикасына (анын ичинде ата-эне темасына арналган), тилине, көркөмдүк-эстетикалык мазмунуна, жаралышына атайын лингвистикалык талдоо, изилдөө жүргүзбөгөндүгү макалабыздын актуалдуулугунан кабар берет.

Ата-эне темасына кайрылбаган бир да акын, обончу, аткаруучу жок экендиги жалпыга маалым. Ырдын түбөлүктүүлүгү обону менен синкреттештирилгендигине байланыштуу болушу ыктымал.

2. Изилдөө ыкмалары

Обондуу ырлардын жеткиликтүүлүгүн көбүнчө элегиялык жанрдагы, ариялык мүнөздөгү ырлардан байкоого болот. **Элегия** термини адабиятта *санаалуу, капалуу кыял менен жазылган, чыгарылган лирикалык ыр,* ал эми музыкада *санаалуу, кайгылуу ойго салып, муңкануу сезимин туудуруучу музыкалык чыгарма* [3: 146], ал эми **ария** – *музыкалык чыгармаларда жеке адамдын аткаруусуна ылайыкталган ыр* [3: 23],- деп берилет.

"Ата-эне" концептин камтыган поэзиянын маанайы окшош болуп, бирдей эле темалар ("Атама", "Апама", "Энеме", "Ата-энеме"...) ырдалып, болгону авторлор башка, элдик, эстрадалык жанрда түрдүү деңгээлде аткарылууда. Ал ырлардын, обондордун жеткиликтүүлүгү өзүнүн сезимдерин, ички толгонууларын берүүгө, лирикалуулукка, акын катары өзүн-өзү ачып берүүгө басым жасалгандыгы менен өзгөчөлүгүн аңдоого болот.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Обондуу ырларды жаратуучулар, аткаруучулар, угуучулар көбүнчө куплет (1-куплет, 2-куплет...) деп колдонушуп келүүдө. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө **куплет** – ырдын бир нече саптан турган бөлүкчөсү [2:107] деп берилсе, кыргыз адабияты боюнча терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө **куплет** (фр. – түрмөк) строфа [3:60] түшүнүгү менен бирдей каралат. Ал эми биз изилдөөбүздө строфа түшүнүгү менен атоону

туура көрдүк. Анткени **строфа** куплет, ыр түрмөгү түшүнүктөрүн өзүнө камтып, эки же андан ашык ыр саптарынын уйкаштыкка же интонацияга жана мааниге негизделген биримдиги [3:60] деп берилген. Демек, ыр саптарынын белгилүү уйкаштык ыкмасында бири-бирине тыгыз айкалышып, чырмалышып, интонациялык жана ритмдик жактан бир бүтүндүктү билдирүүчү көрүнүш болгон строфа болуп эсептелет. Обон жаратууда саптардын бири экинчиси менен тыгыз айкашышы, интонациялык, ритмдик жактан толукталышы, үндүн, музыканын тембрине ылайыкталышы негиз болгондуктан, ырдын сөзүнүн идеялык-тематикалык жогору болушу, дабыштуулуугу, уккулуктуулугу ж.б. өзгөчөлүктөрү баалуу болуп эсептелет. Биз төмөндө тандалган обондуу ырлардын айрымдарындагы "ата-эне" концепти камтылган обондуу ырларды талдоого алабыз.

С. Жигитовдун "Элегия" ырына кыргыз элинин улуу таланттары А. Атабаев, А. Керимбаев, Т. Казаковдор кайрылышып, обондорду жазышкан. Үч залкар обончунун обонунда тең ушул күнгө чейин ырдалып келген бул ырды мисал катары алсак. Окумуштуу Т. Колдошов "Кыргыз поэзиясындагы элегия жанрынын калыптанышы жана өнүгүшү" филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук наамын алуу үчүн жазган диссертациясында [1] С.Жигитовдун "Элегия" ырына кеңири токтолуп кеткен.

Ырды окуп баштаганда эле делебеңди козгогон билинер-билинбес муң каптап, көңүлүңдү дүрт эттирет. Ырдын алгачкы саптарында акындын атасы өтүп кеткенден кийин өзү чоңойгон үйгө өзү "чоочун" болуп калганын айтат. Демейде, жөн эле термелишкен теректер өздөрүнчө күбүр-шыбыр кылып, акынды "өгөйсүнтүп" жатышкандай сезим калтырат. Акын терезеден калдайып көрүнгөн теректерден "Шуулдаба, терегим, теректерим" деп суранат, силер шуулдаган сайын өмүрүмдүн "өкүттүү" кездери эске түшүп, уктай албай жатканын поэтикалык тил менен чебер берет.

Тоо койнуна кысылган кыштагымда,
Там-ташы бар түзөңдүн төш жагында.
Турар эле шуулдап миң түп терек,
Тигип койгон атакем жаш чагында.

Оо, мен анда бактылуу бир баламын,
Оюн, күлкү, көпөлөк – уулаганым.
Уктаганым байкабай калар элем,
Угуп жатып теректер шуулаганын,
Убайымдуу алдейлеп ырдаганын.

Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң ыйлагым келет менин…[www.super.kg/moble/media]

Ырда берилгендей, символикалык белгини туюнткан "теректердин шуулдашы" тоо койнунда жайгашкан чакан айылда атасы менен бирге миң түп теректердин көчөтүн тиккенин, өзүнүн бактылуу балалыгын, оюнга кумары канбай, агасы менен көпөлөк кууп жүрүп, чарчап теректердин «шуулаганын» угуп, апасы алдей айтып жаткандай уктап калганы аң-сезиминде элестейт.

Биринчи строфанын 3-4-саптарында аткарылган жумуштун кимге тиешелүүлүгүн (багбанчылык эркекке мүнөздүү) берүү менен бирге *"миң түп теректин шуулдашы"* акындын атасын эстетип, башкача айтканда, "ата" концептинин чагылышын кабардайт. Ал эми кийинки строфанын 5-сабында *апа* сөзү колдонулбаганы менен *алдейлөө* сөзүнөн "апа" концептинин, башкача айтканда, теректердин шуулдашы аркылуу апасынын алдей айткандыгын түшүнүүгө болот. Ыр сабындагы "теректердин шуулдашы" бир эле учурда

“ата-эне” концептин чагылдырууда символ катары да, субьект катары да, ошол эле учурда предикат (сезүү, кабылдоо предикаты) катары колдонулгандыгын байкоого болот.

Ушул эле ырдын текстине кайра кайрыла турган болсок:

Апам өлүп, артынан атам ооруп,
Айыкпаган дартынан каза болуп.
Ошондо да теректер шуулдаган
Коштошкондой көрүнөө капа болуп,
Кошок айтып жаткандай созолонуп.
Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң ыйлагым келет менин…[www.super.kg/moble/media]

Ырдын мазмунунда берилгендей, үйдүн куту кетип, апасынан ажырап, мөгдүрөп турган жетимдерге ал аз келгенсип, атасы да катуу ооруп, андан айыкпастан каза болот. Ошондо, балким, аба ырайы бузулуп, шамал болсо керек. Ошол шамалдын күүсүнө чайпалган теректердин шуулдаганы негедир акындын туюмунда бизди таштап кеттиң дегенсип, капа болушуп, маркум менен адамдарча коштошуп, аны кыя албай кыңырылып, байкуш теректер бири-бирине көңүл айтышып, желбиреген жалбырагы менен маркумдун жакын адамы катары кошок айтышкандай болот.

Биз талдоого алып жаткан обондуу ырда «Шуулдаба, терегим, теректерим, шуулдасаң ыйлагым келет менин…» деген саптары беш жолу кайталанат, улам кайталанган сайын, окурмандын аң-сезиминде “ата-эне” концептинин чагылышынан түзүлгөн *ата-энеден айрылуу, күйүттө болуу, жетимсирөө, сагынуу...* когнитемаларын билгизет. Ырдын сентименталдуулугун “ата-эне” концептин мүнөздөгөн когнитемалар арттырып, «Шуулдаба, терегим, теректерим, шуулдасаң ыйлагым келет менин…» сөздүн таасирин улам күчөтүп, лирикалык каармандын ички толгонуусун, капалуу маанайын билдирип, ички түйшөлүүлөрүн, сезиминин салкын абалын метафоралар менен берет.

Ал эми жогорудагы саптардын мазмунун улай, текстте “кайрандарым” сөзү аркылуу акын ата-энеси эле эмес, агасы, өзү жөнүндө түйшөлөт. “Үй-бүлө” концептин чагылдырган “кайрандарым” когнитемасы аркылуу ата-энеси өткөн күндөн бери теректер муңканган обон созуп калганын, ал муңдуу обонду алар укпастан “алыс жакта” жатышканын элестетет. Акын көзүнүн жашын сүртүп, качандыр бир күнү өзү да ошолордун катарына барарына көзү жетип, өмүрүнүн канчасы кетип, канчасы калганын капарга албай, атасынан калган миң түп теректин жүрөктүн кылын черткилеген муңдуу күүсүн алар үчүн угуп жашай берем дейт.

Өтүп барат бул заман зуулдаган,
Өтүп барат зуулдап улуу заман.
***Кайрандарым**, а силер жатасыңар*
Терек муңун туйбастан шуулдаган.
Кадиги жок болсо да бир өлүшүм,
Кайсы күнү өмүрүм түгөнүшүн.
*Капарга албай жүрөмүн, **кайрандарым,***
Терек күүсүн эшитип силер үчүн.
Шуулдаба, терегим, теректерим,
Шуулдасаң, ачышып каректерим
Шуу үшкүрүп ыйлагым келет менин!..[www.super.kg/moble/media]

С. Жигитовдун “Элегиясындагы” «Шуулдаба, терегим, теректерим, шуулдасаң ыйлагым келет менин…» фразасы акындын жеке тагдырынан кабар берет. Бул жеке адамга ылайыкталган, башкача айтканда, ариялык мүнөздөгү обондуу ырдагы бир адамдын жашоосу, тагдыры, башкача айтканда, “үй-бүлө” концептинин чагылышын

мүнөздөйт. Метафоралаштырылган жогорудагы ырда бүтүндөй үй-бүлө концепти камтылса, сөзү, обону Өсөр Козуевге таандык “Атакем” ырында айтылып тургандай “ата” концепти жөнүндө сөз болот. Ырдын өзгөчөлүгү атага мүнөздүү болгон иш-аракеттердин камтылышында. Ырдан мисал келтирсек:

Эртеден кечке жумуштан келбей,
Эл үчүн иштеп, тамак да ичпей.
Калкымдын иши жылса деп алга,
Талыкпай ойлоп издедиң айла.

Ар бир ак чачың - үзүрлүү эмгек,
Үзүрлүү эмгек жөн эле келбейт.
Унутуп үйдү, берилип ишке,
Кайтасың үйгө дайыма кечте [www.super.kg/moble/media]

Обондуу ырда берилгендей, “ата” концептинин мазмуну контексттеги башка концепттер менен дааналанат. Жогорудагы саптарда кимге (ата же эне) карата айтылып жаткандыгы белгисиз. *Эртеден кечке иштөө, эл үчүн жан үрөп кызмат кылуу, үзүрлүү эмгектенүү* сөз айкаштарынын мааниси – менталдык ой-туюмубузда атага мүнөздүүлүгүнөн кабар берет. Анткени элди, үй-бүлөнү багуу атанын милдети деп түшүнөбүз. “*Унутуп үйдү, берилип ишке, Кайтасың үйгө дайыма кечте”* саптарын элибиздин “Ата - сырткы тон, эне – ички тон” деген макал менен толуктасак болчудай.

Жогорудагы саптардын мүнөзүнөн атага тиешелүүлүгүн белгилесек, төмөндө субьект даана айтылып, катышат.

Атаке, сага амандык тилеп,
Жолуңду жолдоп балдарың келет.
Залкар ой-асыл насаатын айткан,
Карааның бизге күч-кубат берет [www.super.kg/moble/media].

Кыргыз элибизде кездешкен кээ бир паремияларда атаны уул, энени кыз жолдору айтылып, атанын профессиясы уулга, эненин иши кызга өтөрү белгиленет. Ыр саптарынан улам (*Жолуңду жолдоп балдарың келет)Ата көргөн ок бычат, эне көргөн тон бычат* же болбосо *Ата көргөн ок жонор, эне көргөн тон бычар* деген макалдардын (Булар бир макалдын эле эки трансформасы) жогорудагы сапка карата айтылганын, *балдарың* сөзү уулга карата гана эмес жалпы уул-кызга карата айтылып, үй-бүлөдө *ата-эненин жолун, өнөрүн, кесибин улантат когнитемасын* “эл үчүн кызмат кылат, элди багат, үзүрлүү эмгек кылат...” концепттер кызмат кылат.

Ырда кездешкен *“Карааның бизге күч-кубат берет*” сабында ата, эненин кадыр-баркынын балдарына тийгизген таасири, алардын келечегине, турмушундагы ордуна өбөк-жөлөк болушу *Ата даңкы, эне баркы – балага дем* макалында катталат. Анткени баланын чыйрак (күч-кубаттуу), намыскөй, активдүү болушуна атанын аброю, эненин наркы чоң мааниге ээ.

Ал эми ушул эле обондуу ырдын акыркы строфасы:

Сый-урмат көрүп, узакка жаша,
Журтуңдан ызат көрүңүз эми.
Эмгегиң даңктап, кылганың айтып,
Ардактап жүрсүн айылдын эли.
Сыйлап бир жүрсүн айылдын эли,
Кыргыздын эли... [www.super.kg/moble/media] – деп аяктайт. Ырдын кульминациясы ушунда.

Сөзү да, обону да өзүнө таандык болгондуктан, Өсөр Козуевдин өзүнүн атасына арналгандыгын билебиз. *Эми* сөзүнөн улам атасынын пенсия курагына келгендигин,

элдин сый-урматында, кылган эмгегиң даңкталып, эли-жериң сыйлап, узак өмүр сүрүүсүн каалоо менен бирге автор жакшы маанайда жыйынтыктайт.

Биз жогоруда “ата-эне” (С. Жигитов “Элегия”), “ата”(Ө. Козуев “Атама”) концепттери катышкан обондуу ырларды талдоого алдык. Ал эми “эне (апа)” концептин түзгөн обондуу ырлар арбын экендигин баса белгилөө менен “эне”, “апа” концепти аркылуу берилген обондуу ырлардын айрымдарына токтолобуз.

Ырдын уккулуктуулугун, түбөлүктүүлүгүн, жан дүйнөгө жакындыгын обон аркылуу туйса болорун жакынкы күндөрдө популярдуулукка ээ болгон И. Назаровдун “Апакем” ырынан билсек болот. Ырды обонсуз гана окуудагы таасирдүүлүгү жана обону менен ырдоодогу таасирдүүлүгүн ар бир адам салыштырып көрсө болот. Жөнөкөй, жеңил, түшүнүктүү берилген бул ыр саптары обон менен жарк деп ачылганын ар бир угарман аңдап билүүгө тийиш. Ырдын айрым бир үзүндүсүн берсек:

... Кайгымды тарттың теңселип,
Карыздар ким бар менчелик.
Жүк болгон күнүм эстесем,
Жүрөгүм ооруйт өйкөлүп.
Ааламды нурга бөлөйсүн,
Ак көйнөк кийсен көйкөлүп,
Ааламда бир да аялзат
Ажарлуу эмес сенчелик
Сулуу эмес апа сенчелик [www.super.kg/moble/media]

Жогорудагы нона строфанын (тогуз саптан турган) саптарынын бири-бирин ээрчип, логикалуулукту, ритмикалуулукту, эмоционалдуулукту, уккулуктуулукту бериши обондун мыкты жаралгандыгынан кабар берет.

“Энеге (апага)” арналган ырлардын мазмунун “бейишим, дүйнөм, ааламдагы жалгызым, байлыгым, берекем, өмүр бою карыздармын...” деген сыяктуу элестүү аныктамалар түзүп, акындардын чыгармачылыгына, изденүүсүнө ылайык улуулуктарга, асылдарга салыштырылып, жазылып келген. Эненин ыйыктыгын, тилегинин, дилинин аруулугун, жүзүнүн сулуулугун “ак сүт, ак жоолук, ак көйнөк” когнитемалары аркылуу да бир топ ырлардын катарынан саноого болот.

Жогорудагы ырлардын темасы жалпыланып (атама, энеме же апама, ата-энеме) берилсе, төмөндө биз сөз кылчу ырдын темасынан эле философиялык улуу ой жаралгандыгын байкоого болот. Ата-энеге арналган ар бир ыр баалуу. Акындын мыкты чеберчилигинен жаралган ырга кошумча өмүр тартуулоо мыкты обон тандалганында. Биз сөз кылуучу кийинки обондуу ыр акын Фатима Абдалованын сөзүнө таандык “Мен дүйнөнү апам менен тааныгам” деп аталып, обончу Түмөнбай Колдошов ырга кошумча өмүр тартуулап, керемет обон жаратып, элге тартуулады.

Обондуу ырларда “эне” концептине карата *апа* сөзү синоним-номинант киргизишет да, бул аталыш акынга да, обончуга да, окурманга да, угуучуга да, адресатка да жакындыкты бергендей туюлат. Айрым эмгектерде “эне (апа)” концептерине эки түрдүү (кошумча) түшүнүктөрдү берилет. Алсак, О. Каратаев, С. Эралиевдер түзгөн “Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүктө” *апа* сөзү *эне* аталышына синоним катары колдонулат. Айрым райондордо өз энесин *апа* деп, ал эми чоң энесин *эне* деп аташат [5: 39] деп берилип, “эне” концептине өзүнчө түшүнүк берилет: *эне* — 1) аялдын өз балдары тарабынан аталышы; 2) жаштардын улуу аялдарга кайрылуусу [5: 334] – деп берилет. Төмөндө берилген ырда да *апа* деп берилиши ырдын адресатка жагымдуулугунан, жакындыгынан кабар берет.

Ырдагы философиялуу салыштыруулар энени (апаны) баалоону, улуулукту “дүйнө тааным” аркылуу берилиши энеге болгон сый-урматтын жеткен чеги десек

жаңылышпайбыз. Анткени дүйнө тааным – курчап турган дүйнөнүн маани-маңызы, турум-турпаты жана адам баласынын ошол дүйнөдөгү орду, аны менен карым-катышы туурасындагы ой-түшүнүктөрдүн, идеялардын, көз караштардын тутуму, системасы. Ал адамдын иш-аракетин, ой-санаасын, максат-ниетин багыттап, жөнгө салып, аныктап турат. Мындай иш-аракеттерди жөнгө салуучу "апа (эне)" экендигин төмөндөгү ыр аркылуу көрүүгө болот. Ырдын ар бир сабын талдап отурбастан мына ушундай жалпыласак болчудай. Ырдын текстин толук бойдон сунуштайбыз:

Мен дүйнөнү апам менен таанысам,
Мен апамды көйнөгүнөн тааныгам.
Тирүү болчу көйнөгүнүн гүлдөрү,
Баскан сайын бажырайып ачылган.

Мен дүйнөнү апам менен таанысам,
Мен апамды жыты менен тааныгам.
Жыттачу эле, магдыратып жытына,
Чыкпачы эле, чыкпачы эле жаныман.

Мен дүйнөнү апам менен таанысам,
Мен апамды колдорунан тааныгам.
Жылуу болчу, жумшак болчу колдору,
Кармашканда бала боюм балкыган.

Мен дүйнөнү апам менен таанысам,
Мен апамды жоолугунан тааныгам.
Тирүү болчу жоолугунун гүлдөрү,
Баскан сайын бажырайып ачылган!

Мен дүйнөнү апам менен тааныгам,
Мен апамды күлкүсүнөн тааныгам [www.super.kg/moble/media]

Акынды импровизатор деп бекеринен айтышпайт. Акындын чыгармалык өзгөчөлүгү, ал ырды эч кандай даярдыксыз, дароо, оозеки түрдө жаратат, кагазга түшүрөт, ырга ылайыктуу обон жаралат. Акын менен обончунун чыгармачылыгы, баарынан мурда, синкреттүү искусство болуп эсептелет.

Тыянак

Жыйынтыктап айтканда, обондуу ырлардагы сөздөрдүн, концепттердин ("ата-эне") ой-туюмда чагылышы, саптардагы логикалуулук, чебер сүрөттөлгөн строфалардын негизинде обончунун жан дүйнөсүнө жакын кайрыктын жаралышы кыргыз адабиятында, искусстводо өзүнүн байыркы жана туруктуу салтын сактап, иргелип, тандалып (ата-энеге жалпыланган жөнөкөй эле сөздөр эмес) колдонулушуна ишенебиз.

Адабий традициянын эки жагы бар, биринчиси, байыртан келаткан көркөм форманы сактоо болсо, экинчиси ар бир акындын өз алдынчалыгын, жеке бөтөнчөлүгүн улам бийик көтөрүү, натыйжада өткөндү, өзүнөн мурунку көркөмдүк асыл наркты карандай эле сактоо менен чектелбестен, аны өзүнүн жеке чыгармачылыгы аркылуу андан ары улантуу, тереңдетүү, жаңы сапаттык даражага чыгаруу болуп эсептелет. Бул салт баарынан мурда ырдын аткарылышына, анын туруктуу жанрдык, тематикалык бөтөнчөлүктөрүнө негизделген.

Адабияттар:

1. Колдошов Т.Р. Кыргыз поэзиясындагы элегия жанрынын калыптанышы жана өнүгүшү: Филол.ил. канд-ы дис. –Б., 2014.

2. Кыргыз тилинин сөздүгү / А.Акматалиев жалпы ред. астында. –Бишкек: AVRASYA PRESS, 2011. – 1-бөлүк. - 880 б.; 2-бөлүк. - 891 б.
3. Кыргыз адабияты: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү/Түз. Ж.Шериев, А.Муратов. – 2-бас. – Б., 2003. – 200 б.
4. Кыргыз адабияты: Энциклопедиялык окуу куралы. Ред.кол. –Б., 2004. – 254 б.
5. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк / Түз. О. К. Каратаев, С. Н. Эралиев/- Б.: Бийиктик, 2005. - 600 б.

УДК: 494.3:894.341:371.302

МАКАЛ-ЛАКАПТАРДА “КӨК” КОНЦЕПТИН ТҮЗГӨН КОГНИТЕМАЛАР

Мамадыева Гулзар Бактыбековна окутуучу
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Бул макалада макал-лакаптардын түзүлүшүндөгү “көк” концептинин орду аныкталып, бир аз иликтөөгө алынды. Бул эмгекти жазууда биз көккө байланыштуу бир нече макал- лакаптарды стандартсыз жол менен дагы анализдеп чыкканбыз. Бул максатка ылайык алардын башкы маанилери, идеясы, колдонулуусунун негизги максаттары, шарттары жана жагдайлары аныкталып, кенен теориялык маалымат берилип, күндөлүк турмуштан алынган иллюстрациялоочу мисалдар менен жабдылды.*

Ачкыч сөздөр: *концепт, макал-лакаптар, дүйнө тааным, көз караштар, паремия, тил, когнитема, маани, түзүлүш.*

КОГНИТЕМЫ СОСТАВЛЯЮЩИЕ КОНЦЕПТА “КОК” В ПОСЛОВИЦАХ

Мамадыева Гулзар Бактыбековна – преподаватель
Ошский государственный университет

Аннотация: *В этой статье определены и исследованы место концепта “кок” в составе пословицы. В данной работе мы проанализировали некоторые пословицы связанные по смыслу со словом кок нестандартным путем. С этой целю определены их начальное значение, идеи, основные цели применения, условии и обстоятельства, дана общирная теоретическая информация и оформлена повседневными иллюстрационными примерами.*

Ключевые слова*: Концепт, пословицы, мировоззрения, мнения, паремия, язык, когнитема, смысл, структура.*

THE COGNOMIES THAT COMPILED THE CONCEPTS "KOK" IN PROVERBS

Mamadyeva Gulzar Baktybekovna – teacher
Osh State University

Abstract: *This article identifies and explores the place of the concept “kok” in the proverb. In this paper, we analyzed some proverbs related to the meaning of the word Kok in a non-standard way. For this purpose, their initial value, ideas, main goals of application, conditions and circumstances are determined; extensive theoretical information is given and decorated with everyday illustrative examples.*

Key words: *Concept, Proverbs, Worldview, Opinion, Paremia, Language, Cognitive, Meaning, Structure*.

Макал-лакаптарда, ата-бабаларыбыздын учкул жана накыл сөздөрүндө элибиздин акылман ойлору, дүйнө таанымы, жашоо образы, философиясы жана ааламга болгон коз караштары чагылдырылат. Макал-лакаптардын ролу жана позициясы биздин коомдук жашообузда абдан маанилүү. Анткени алар төмөнкүдөй касиеттерге жана өзгөчөлүктөргө ээ:

- алардын жардамында биз элибиздин көөнөргүс тарыхын, үрп-адатын, каада-салтын, маданиятын, менталитетин, турмуштук тажрыйбасын таанып биле алабыз, о.э.,

алар көп жылдардан бери келе жаткан, түбөлүктүү акылмандуулукту чагылдырып, адамзат коомунун турмуштук баалуулуктары жана түгөнгүс, баалуу тилдик кенчи жөнүндө кабар берет;

- алар жаш муунду тарбиялоодо, окутуп-үйрөтүүдө, моралдык принциптердин негизинде жана нравалык жактан жаштарды тарбиялоодо абдан маанилүү ролду ойношот;
- алар биздин кебибизди туура, так, жеткиликтүү, таасирдүү, эффективдүү кылып, кебибизде кооздукту жаратат;
- алардын жардамында биз өзүбүздүн ойду жана идеяны кыска-нуска, компакттуу жана образдуу билдире алабыз;
- эгерде биз аларды ыгын таап, туура жагдайда пайдалансак, бул жагдай эстен кеткис же унутулгус болуп, көпкө чейин эсте сакталат;
- жалпысынан алганда, алар бизди кыйын учурларда чечкиндүү жана кайраттуу болуубузга багыттап, орчундуу жагдайлардан, оор кырдаалдардан чыгууда жардам берет. [4:11]

Макал-лакаптар - паремиялардын эң көп таркаган түрлөрү. Паремиялардын башка түрлөрүнө салыштырмалуу көк лексикасы макал-лакаптарда басымдуу колдонулат. Буга биз тараптан топтолгон 120га жакын “көк” концептин камтыган макал-лакаптар күбө. “Көк” концептинин макал-лакаптарда көбүрөөк орун алышына, элибиз ислам динин кабыл алгандан тарта көккө (асманга, Көк Теңирге, Кудайга) сыйынышына байланышып калуусу себептүү десек болот. Көк омониминин көп маанини туюнтушу изилдөө ишибизде ар тараптуулукту, терең изденүүчүлүктү, кызыктуулукту жаратты. “Көк” концептинин макал-лакаптардагы орду өзгөчө. Буга көккө байланыштуу макал-лакаптардын көбүрөөк болуусу дагы күбө.

Бул макалада биз макал-лакаптардын түзүлүшүндөгү “көк” концептинин ордун аныктап, аны бир аз иликтөөгө алмакчыбыз. *Көк* темасын камтыган макал-лакаптардын көпчүлүгү проф. Ж.Мукамбаевдин «Эл ичи - өнөр кенчи», Ж.Койчуманов, Ы.Кадыровдордун «Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор” жана Г.Тажиева, А.Курманбековалардын “Кыргыз макал-лакап жана учкул сөз түрмөктөрү” эмгектеринде орун алган.

«Көк» концептинин орду макал-лакаптарда бир кылка эмес. Мындай макал-лакаптар маанилери жана колдонулуу жагдайлары боюнча ар түрдүү. Алсак, *Эр болсоң <u>көк</u> бол, сөзүңө бек бол!* макалында *көк* сөзү адамдын мүнөзүн билдирүү менен, *оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, долу, абдан өжөр* адамды билдирүү максатында бул макалдан орун алган. Макалдагы *көк бол* контекстинде *көктүк* жалаң гана жаман сапатты эмес, айткан сөзүңө тур, өзгөрүп кетпе, өз оюңдан кайтпай *көгөр* деген маанини камтыды. *Сырга көк бол, убадага бек бол!* деген макал да бул мазмунду толуктайт. Анткени сырды жашыруу керек, айтпоо керек, демек, айтпайм деп сөз бердиңби, сырга *көк* бол!

“*Көк”* концептин камтыган макал-лакаптардын басымдуу көпчүлүк бөлүгүндө *көк* сөзү өтмө маанисинде берилип, адамдарга карата шилтенилип, алардын ар түрдүү терс сапаттарын, касиеттерин ачып берет. Ошондой эле, көк темасын камтыган макал-лакаптар бул сөздүн эмоционалдык-экспрессивдик өтмө маанисинин жардамында адамдардын туура эмес, элге жакпаган, коомго жат, олдоксон, жаман, бузук мүнөзүн белгилеп көрсөтүү үчүн колдонулат. Мисалы, *Бакылдын багы <u>көгөрбөйт</u>, <u>Көгөрсө</u> да көбөйбөйт* макалында бакыл адамдын (сараң, ичи тар, дүйнөкор, кунарсыз) бактысы ачылбайт, өсүп-өнбөйт... өсүп-өнсө да көбөйбөйт, бакыл бакыл бойдон калат деген маани бар.

Эл ичинде көбүнчө адамдын сырткы сулуулугу эмес, ички жан дүйнөсүнүн тазалыгы, сулуулугу өзгөчө бааланат. *Акыл көпкө (айга) жеткирет, өнөр көккө жеткирет.* Демек, акылың болсо, ар нерсеге бир нерсе себеп болуп, бирине-бири

шайкеш келип, көпкө жетишесиң, жогорулайсың. Ал эми “өнөрүң болсо өргө чап” болуп, өнөрүң болсо, колуңдан иш келсе, кадыр-барктуу болуп, элиңе алынасың. Демек, элиң сени “өнөрү бар” деп көкөлөтүп, көккө көтөрөт. Мындагы концепт көк (асман) кол жеткис, эч ким жете албайт, а бирок өнөрүң бааланат, б.а., көккө жеткендей болосуң. Ушул эле мазмундагы макалга маанилеш болгон “*Адамды көгөртүп, нур берген да эмгек, жерди көгөртүп, ага түр берген да – эмгек”* макалында адам баласы эмгектенсе, эмгектин аркасы менен өзү да агарып-көгөрүп, жерди да көгөртүп, ага түркүн түс берип, натыйжада “кашык да май, чөмүч да май” болуп, кардың кампыят.

Тил - адамдардын дүйнө түшүнүүсүндө жана дүйнөнүн тигил же бул моделин түзүүдө колдонгон универсалдык каражаты. Кандай болгон учурда да ой жүгүртүү процесстериндеги маселелерди тилдин катышуусуз чечүү мүмкүн эмес [1:79]. Демек ушул негизде караганда улуттук маданиятыбыздын туу чокусу бул тил, сөз экендиги талашсыз. “*Тил көргө чейин киргизет, <u>көккө</u> чейин чыгарат”* макалына “көк” концепти камтылган. “*Жакшы сөз <u>көкөлөтөт</u>, жаман сөз көмөлөтөт”. Бул* макалдардын мазмунун *жакшы сөз көңүлдү көккө көтөрөт, жаман сөз уятка кабылтат, жакшы сөз көккө чыгарат (жакшы маанайда асманда көкөлөп учуп жүргөндөй жагдай) жаман сөз талуу жериңе тийгендей...* деген сыяктуу когнитемалар “көк” концептинин мазмунун түзөт.

“*<u>Көк</u> итти көп ит талаптыр”* макалын эки түшүнүктө кароого болот. Биринчи, иттин өңү-түсүн билдирген көк сын атоочу аркылуу, *көк түстөгү итти көп ит талап коюптур* когнитемасы пайда болсо, экинчи мазмуну, адамдын мүнөзүн сыпаттоодогу *оюндагысын бербеген, айтканынан кайтпаган, долу, абдан өжөр* мазмуну итке карай да берилиши мүмкүн. Бул макалдын экинчи мазмунунун чегинде бир топ окуялар сценарийлениши ыктымал: 1. Ит жерден сөөк таап алды. Жеп жаткан учурда, экинчи бир ит жардамдашууга келди. Бирок, алалбады. Көктүгүнөн, өжөрлөнүп бербеди. 2. Өзүнөн жаш ит келип сөөк талашты. Ага да өз олжосун берген жок. 3. Сөөк талашкан 2 итти көрүп, башкалары да келе баштады. Көктүгүнөн кыйла өнөрүн көрсөткөн итти көргөн иттер көбөйүп, талап кетишти. Жыйынтыгында, “*Көк итти, көп ит талаптыр”* макалы келип чыкты. Айрым учурда адамдардын образын каймана мааниде сүрөттөөдө башка жол менен атап көрсөтүү да жазуучунун чеберчилигин ырастагандай, “иттин” ордун адам деле түзүшү мүмкүн. Анткени адамга карата “ит экенсиң го” деген когнитема уюшулат. Бул когнитеманын негизинде *Көк адамды көп адам талады же жемеледи* когнитемалык бүтүндүк жаралат.

Адамдын эстутумунда позитивдүү жана негативдүү сезимдер, ассоциациялар жана баалуулуктар өз ара даана жиктелип турат жана аларды тилдик каражаттар каттап жана презентациялап берет. Мазмунунда алкоо, бата берүү, жакшы тилек позитивдүүлүктү жаратса, каргыш, анттар негативдүүлүктү да жиктеп турат.

Инсанияттын жашоосунда ак менен кара, жакшы менен жаман дайыма жанаша жүрөт. *Бата менен эл <u>көгөрөт</u>, жамгыр менен жер <u>көгөрөт</u> макалында берилген мааниде алкыш алган адамдын, элдин жашоосу жакшы болот деген түшүнүк бар. Бирок жашоонун концепциясында жакшылык менен жамандык, алкыш менен каргыш бирдей орунду ээлеп келет. Башка түрк тилдүү эмес элдердин маданиятында бата түшүнүгү жокко эсе деп айтууга болот, анын ордун* ***каалоо*** *түзүшү мүмкүн.*

Эң байыркы түрк урууларынын арасында кеңири тараган “Көк теңирге” сыйынуу “Манас” эпосунда да учурайт. Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык <u>көк</u> урсун. Бул жердеги ***көк*** *деген өңү-түсү туюнтуучу экинчи мааниси асмандын өңү-түсүн айтып жатат. Ыйык деп эсептелген “көк” термини элдик оозеки чыгармаларындагы окуяларга, аталыштарга кирип кетиши закондуу көрүнүш.*

Бул эмгекти жазууда биз көккө байланыштуу бир нече макал- лакаптарды стандартсыз жол менен дагы анализдеп чыкканбыз. Бул максатка ылайык алардын башкы

маанилери, идеясы, колдонулуусунун негизги максаттары, шарттары жана жагдайлары аныкталып, кенен теориялык маалымат берилип, күндөлүк турмуштан алынган иллюстрациялоочу мисалдар менен жабдыдык. Мисал катарында алардын бирөөсүн көрсөтө кетели:

Көк көйнөктүн көгү кетсе да,
Көкүрөктүн тагы кетпейт.

Негизги идеясы сүйлөөчү, негизинен, жактырбаган, же терс таасирге ээ тигил же бул нерсенин, процесстин, кубулуштун, көрүнүштүн, учурдун жана сапаттын айрым белгилери бөтөнчөлүккө ээ экендигин, башкача айтканда, көк көйнөктүн өңү (боегу) бир канча убакыттар аралыгында кетип калышы мүмкүн, бирок жаман сөз уга берип, көкүрөккө уюп калган такты кетириш кыйын. Аны канчалык унутайын десең да унута албайсың.

Бул макалдын келип чыгышынын лингвомаданий бөтөнчөлүгү бар деп айтууга болот. Кыргыз элинди ой-туюмунда ушул убакка чейин жашап келген, эски көз караштар муундан-муунга өтүп сакталып келүүдө. Убакыттын өтүшү менен бул түшүнүк архетип болуп калышы деле мүмкүн. Изилдөөгө алып жаткан темабызга жеке салым катары ушул өңүттөгү бир топ маселелерди карап чыгуу менен типтештирилген жыйынтыкка келүүнү туура көрдүк.

Алгач, көк көйнөк сөзү башка элдин менталитине сиңбегендигин белгилеп кетүүбүз зарыл. Анткени, *көгүм бар, көк кийиптир, бул кийимди кийбейм көгү бар экен, көгүн чече элек* деген сыяктуу когнитемалар кыргыз этносуна түшүнүктүү, башкача айтканда, жакындарынан ажыраган адамга (аялдарга) кийгизилүүчү кийим деген түшүнүк динде каралбаганы менен ой-туюмубузда жашап келет. Бул көрүнүш да убакыттын өтүшү менен айрым негизсиз салт-санаа, ырым-жырым, ишенимдердин жоголуп бара жаткандыгына караганда жана акыркы 10 жыл аралыгында көк кийүү ырымы азайгандыгы байкалууда. Убакыттын өтүшү менен бул ырым түп тамыры менен жоголушу ыктымал.

Лексикографиялык сөздүктөрдөн *көк кийүү, көк көйнөк кийүү* деген сыяктуу түшүнүктөрдү кездештире албадык, ал эми **көк көйнөк** түшүнүгү *уйлардын өтө жугуштуу оорусу/чума рогатого скота* деген маанини түшүндүрөт (Киргизско-русский словарь). М.: *Көк көйнөк чалып кетти / Поразила чума.*

Демек, бул сөздүн да маанисинен жакшы нерсени көрүүгө болбойт, көк көйнөк кийүү (өлгөн адамдын жакындарынын көк кийүүсү) жана көк көйнөк (өтө жугуштуу оору катары) сөздөрү негативдүү түшүнүк катары кабылданат.

"*Көк көйнөктүн көгү кетсе да, көкүрөктүн тагы кетпейт"* макалынын мазмунунан да лингвомаданиятыбыздагы көк кийүү түшүнүктөрүнүн элементтерин байкоого болот. Маселен, көк көйнөктү белгилүү убакытка чейин (жылдыгына чейин) кийип, аны башка түс менен алмаштырууга (жылы болгондон кийин ак кийип) болот. Бирок, көйнөктү алмаштырганы менен өлгөн адамдын ордун башкага алмаштырууга болбойт. Анын орду көкүрөктө так болуп кала берет. Унутулбайт, ар убак жоктоло берет. Демек, макалдын экинчи маанисин ушундайча чечмелөөдө да менталитетибиздеги түшүнүктөр түрткү болуп бере алат.

Жыйынтыктап айтканда, көк концепти камтылган макал-лакаптар элибизде арбын, жогоруда айтылгандар менен эле чектелип калбайт. Ошондой эле, макал-лакаптардагы "көк" концептин изилдөөгө алуу "...өсүп келе жаткан муундарды өз элинин улуттук аң-сезимин, дүйнө таанымын, каада-салтын, үрп-адатын өздөштүрүү менен андан ары тереңдетип үйрөнүүгө, башка элдердин маданияты менен салыштырып кароого жана баалай билүүгө багыттайт" [1:6].

Адабияттар:

1. Абдразакова Г.Ш. Когнитивдик лингвистика: концепт жана негизги түшүнүктөр. –Б., 2015. -96 б.
2. Закиров С. Кыргыз элинин макал лакаптары -Фрунзе: Мектеп, 1972. – 112
3. Кыргыздардын кылымды карыткан 1001 макал-лакабы/Түз. С.Бекботоев –Б.: Учкун, 2010, - 336 б.
4. Кыргыз макал-лакаптар, учкул сөздөр/ жыйнаган М. Ибрагимов. - Карабалта: Салам, 2005. - 500 б.
5. Кыргыз тилинин сөздүгү/ А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. - Бишкек: «AVRASYA PRESS», 2010. - 1458 б.
6. Мукамбаев Ж.К. Эл ичи - өнөр кенчи. - Фрунзе: Адабият, 1990. - 152 б.
7. Темиркулова Ы.А. Концепт «көз/глаз» в русском и кыргызском языках: дис. ... канд. филол. наук/ - Бишкек, 2010. 155 б.

УДК:7.067.316.7

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВТУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ПОРТРЕТИ СҮРӨТЧҮНҮН КӨЗ КАРАШЫ МЕНЕН

Мергенбаева Г.Н., окутуучу E-mail: Mergengul@mail.ru
Нурбаева А.К.
Ош мамлекеттик университети

***Аннотация**: Бул макалада Кыргыз Эл Сүрөтчүсү Батыр Жалиевдин «Жетимишинчи жаз» картинасы менен таанышу жана картинада чагылдырылган Ч.Айтматовтун чыгармачылык портретин талкылоо аркулу, картинанын идеясын, композициялык ттүзүлүшүн, стилин, жанрын аныктоо. Живописстик полотнодо тартылган кейпкерлердин мүнез-кулку менен композициялык тургудан бир бири менен байланышы. Жаштардын эстетикалык табетин ойготуп, улууттук адеп-ахлахты калыптандырат.*

***Ачкыч сөздөр:** живопись, портрет, соцреализм, лирикалык романтика,стиль, ритм, нюанс, май боек.*

ТВОРЧЕСКИЙ ПОРТРЕТ ЧЫНГЫЗА АЙТМАТОВА ГЛАЗАМИ ХУДОЖНИКА

Мергенбаева Г.Н., преподаватель, E-mail: Mergengul@mail.ru
Нурбаева А.К.
Ошский государственный университет

***Аннотация:** Данная статья знакомит с картиной Батыра Жалиева «Жетимишинчи жаз», где изображен творческий портрет Ч.Айтматова и его литературные герои через которых раскрываются суть картины, идея,композиционный строй,стиль и жанр.Через соотношение характеров изображаемых выявляется связь общей композиции.Способствует станавлению нравственно-моральных качеств и повышает эстетический вкус у молодежи.*

***Ключевые слова:** живопись, портрет, соцреализм, лирическая романтика, стиль, ритм, нюанс, масленные краски.*

CHYNGYZ AITMATOV'S CREATIVE PORTRAIT FROM THE VIEW OF THE ARTIST

MergenbaevaГ.Н., teacher E-mail: Mergengul@mail.ru
Nurbaeva A.K. Osh State University

***Abstract:** This article introduces the picture of Batyr Zhaliyev, "Zhetimishinchi zhaz", which depicts the creative portrait of Ch. Aitmatov and his literary characters which opens essence of the*

picture, the idea, the composition, style, genre are revealed. Through the correlation of the characters depicted, the connection of the overall composition is revealed. It establishes moral quality and enhances the aestheti taste.

Key words: *painting, portrait, socialist realism, romance, romance, style, rhythm,nuance, oil paint.*

1. Киришүү

Америкалык студенттерге орус адабиятынан лекция окуган Владимир Набоков, лекция залына кирген учурунда,терезе перделерин жаап койдуу.«Карангыбы?-деп сурады. Чырактын бирин жагууну өтүнүп, бул-Пушкин! Ал эми дагы бир чыракты жаккыла! Бул-Чехов! Терезе перделерин ачып, сырттан карангы бөлмөгө урган күндүн нурун, бул-Толстой!»- деген эле.[1]Ошол сымал Чынгыз Айтматов кыргыз жана аалам адабиятына чоң үлүшүн кошуп, жалпы кыргызды өз чыгармачылыгы аркылуу дүйнөгө таанытты,таң калдырды. БүгүнКыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматов жөнүндө кеп кылып, Кыргыз Эл Сүрөтчусу Батыр Жалиевдин 1999 жылы жазылган «Жетимишинчи жаз» аттуу картинасын,Чынгыз Айтматовтун чыгармачылык портрети менен тааныштырмакчымын.Совет,кыргыз жазуучусу Чынгыз Айтматов 1928-жылы 12-декабрда Талас облусуна караштуу Кара-Буура районундагы Шекер айылында дүйнөгө келген. Ал совет, кыргыз сүрөтчүсү Батыр Жалиев 1935 жылы 15 декабрда Оштогу Кара-Суу районунун Алгабас айылында төрөлгөн. Чынгыз Айтматов жазуучу,Б. Жалиев сүрөтчү болуп советттер доорунда калыптанышып, негизинен соцреализм багытында иштешкен, бирок совет өкмөтү жоюлган учурда чыгармачылык жолдорун башка багыттарда сынап,чон ийгиликтерге жетишкен, бактылуу телегейи тегиз сүрөткерлердин катарында.

2. Изилдөө ыкмалары

Батыр Жалиевдин кыл калеминен жаралган чыгармалары эл аралык жана чет өлкөлүк көргөзмөлөргө такай катышып, анын жараткан көркөм полотнолору Москва, Вильнюс, Минск, Ераван шаарларында, Индия, Польша, Непал, Бангладеш, Выетнам, Чыгыш Корея өлкөлөрүндө сүрөт көргөзмөлөрүндө койулган. Анын картиналары дүйнөнүн белгилүү музейлеринде жана жеке коллекцияларында сакталып турат [2]. Чынгыз Айтматовдун «Жамила» повести психологиялык өмүр агымын туура сүрөттөгөн, татынакай жана жөнөкөй. Каармандарынын ички дүйнөсүнүн чынчылдыгын дал, сабырдуу, айкындуу кээде өтө кыска баяндаганында. Бул Кыргыз прозасы үчүн жаны ыкманын белгиси . «Автордун профессионалдуу маданиятуулугунун жакшы жактарынын көрсөткүчү»- деп 20 кылымдын Орто Азиялык улуу жазуучусу Мухтар Ауэзовтун белгилөөсү.

Мухтар Ауэзов өз өмүрүндө кыргыз элинин белгилүү интеллигенттеринин, айрыкча биринчи муундагы белгилүү .

Жазуучулардын дээрлик баары менен тыгыз байланышта болуп, таттуу алакада жүргөн. Чыгармачылыгына баалуу пикирлерди айтып, керек учурда жөлөк-таяныч болгон. Кыргыз жазуучу-акындары да анын кеп-кеңештерин жогору баалап, урмат-сый менен мамиле кылышкан. Чынгыз Айтматовдун келечектүү талант экендигин алгачкылардан болуп көрө билип, колдоо көрсөткөн [3]. Чыгармачылык стилде сүрөткердин айлана чөйрөнү көрүү билүүсү белгиленет.Биринчи сүрөтчү болсун, жазуучу болсун жалпы сүрөткер өмүрдү изилдейт, ошондо гана негизги стиль принциптери калыптанат.Чынгыз Айтматов көркөм проза чебери, анын чыгармаларында аалам, назик лирикалык теноөлөрдөн турат. Ал стилдик жагын алсак лирик-романтик. Бул кубулуш анын бардык повестерине таанылык. Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгы улуттук адабият үчүн эле эмес улуттук искусствонун башка түрлөрүнүн өнүгүүсүнө да өзүнүн зор таасирин тийгизди. Анын чыгармаларынын негизинде музыкада чакан обондуу ырдан тартып

симфонияга чейин жазылды, көркөм сүрөт искусствосунда ондогон, жүздөгөн эмгектер жаралды, театралдык спектаклдер, кино-фильмдер коюлду [4].

Батыр Жалиев «Жетимишинчи жаз» м.б.95Х99 1999ж.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Бүгүнкү назарда Батыр Жалиевдин «70-жаз» картинасы май боектор менен иштелип, 0.95х0.99 размериндеги матага түшүрүлгөн. Форматтын биринчи планында сол жагына саал жакыныраак, сизге ойлуу көздөрү менен тик карап, диалогго чакырып турган Кыргыз Эл жазуучусу , көптөгөн сыйлыктардын ээси , Кыргыз Эл баатыры Ч.Айтматов турат. Көкүрөгүнөн өйдө бардык элеси тоонун кырларына окшош. Өзү туулуп өскөн тоолуу аймактын руху, картинанын бардык композициялык чечмелеринде накта берилип, бийик тоолордун аскалары асмандагы булуттар менен талашып, күндүн нуруна чагылып, кыргыздын бийиктигин билдирсе, кара жер ээси Жер Эне да ошол тоодой бийик болуп, Толгонайдын шыбырап жоодарган суроолоруна жооп издегендей бизге карап үнсүз турат. Бул үнсүздүк жай үнсүздүк эмес, сиз үнсүздүктү тындай билсин деген үнсүздүк. Чынгыз Айтматов чыгармаларында уламыштар-азыркы заман, Бу дүйнө-О дүйнө,жер-асман, тоо-жан-жаныбарлардын, аруактардын-тирүү адамдардын,ар биринин рухтары жана элестери мүнөздүү, параллельдүү, өлчөмдүү, кызык берилгендигин, сүрөттөн дана көрсөк болот.

Чынгыз Айтматов өзү өлсө да, сөзү өлбөс, устатын катарлап турган, Дүйшөндү жана анын окучуулары алдынкы чепти бекемдеп, адыр үстүндө нык турганы турган. Бир жакадан баш, бир женден кол демекчи Чынгыз жазуучу дүйнөдөн кайтканы менен,анын кейипкерлери таштан жасалган айкелдей алп кеменгер адамдын рухунан адамдык касиэттерге ээ болуп, жаш муунду тарбиялоодо өз миссиясын аткарып турары айдан анык.

Бугу Эне өз балдарын жерине элине адал, кызмат кыларына толук ишенип муундан калган өнөр билимге умтулуп жамандан алыс, жакшыга жакын болоорун каалап

тургандай. Автор төрт бурчтуу квадрад формасындагы картина мейкиндигининин так ортосунда Бугу Энени орнолоштуруу себеби да ошондо. Айтматовдун образдарынын укмуштуулугу алардын чынчылдыгында. Ак кеменин артынан сүзүп балык болуп кеткен бала адилеттүүлүктү энсеп, жакшылык үчүн күрөшкөн, акыйкат издегендер катарында сууга чөкпөй, отко күйбөстүгүн даназалаган болсочу... Лирикалык, романтикалык жазуунун багытын сүрөтчү жаз мезгилинин бейпил мүнөзүн ньюанс, назик ачык боектор менен берген.Жаз келсе, жер көгөрсө, жайлоого чыккан элдин маанайы көнүлдүү тура. Бир бирине жанаша тигилген боз үйлөр адырлардын формаларын кайталайт. Не деген керемет.

Тыянак

Батыр Жалиевдин «70- жаз» картинасы көптөгөн эл аралык, республикалык, областык көргөзмөлөрдө коюлуп, 2005-жылы Бишкектеги Гапар Айтиев атындагы көркөм-сүрөт музейинде болуп өткөн сүрөтчүнүн персоналдык көргөзмөсүндө Чынгыз Торокуловичтин он пикиринетатыктуу болгон.Көргөзмөнү толук көрүп чыгып, «сизизм» агымындагы картиналарына бийик баа берип, «мындай иштер Эвропада жакшы бааланат»- деп айткан экен. Батыр Жалиевдин «70-жаз» картинасына 20 жыл болуптур. Сүрөтчүнүн, жазуучунун ар бир чыгармасы өзүн бапестеп өстүргөн баласындай, ыссык, ыйык жана анын автордон бөлөк тагдыры болот. Жазылганына 20 жыл болуп, жетилип, бышып бүгүнкү айтылган пикирлерге татыктуу болоорунабаарыбыз күбөбүз.

Кыргыз Республикасынын Эл сүрөтчүсү Батыр Жалиев

Адабияттар:

1. Высказывания о Льве Толстом Лев Толстой: 100 лет после уходафакультет журналистики МГУ[1]
2. «Творчество» Батыр Жалиев Бишкек 2015г.[2]
3. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борборуБишкек: 2004 [3]
4. https://sputnik.kg/reference/20161212/1030744507/chyngyz-ajtmatov-omur-bayany.html[4]

УДК 780

СОЦИАЛЬНО-КУЛЬТУРНЫЕ ПРОЦЕССЫ В ЯЗЫКОВОЙ СФЕРЕ ЭТНИЧЕСКИХ ОБЩНОСТЕЙ

Муратова Нуриза, Толекова Мээрим
Ошский государственный университет

Аннотация: *Ассоциативное поле носителей языка определяется окружающим контентом. Авторы пытаются проследить эти процессы на примере языковых явлений в кыргызской диаспоре.*

Ключевые слова*: национальная идентичность, родной язык, русский язык, социокультурные категории.*

ЭТНОСТУК ЖАМААТТАРДА ТИЛДЕР ТАРМАГЫНДА КООМДУК-МАДАНИЙ ЖАРАЯНДАР

Муратова Нуриза, Толекова Мээрим
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Тилдин ассоциациялар талаасы алардын тегерегинде болгон маалымат каражаттары тарабынан аныкталат. Авторлор кыргыз диаспорасынын тилдик кубулуштарынын мисалдарында бул жараяндарды көзөмөлдөөгө аракет кылышат.*

Ачкыч сөздөр: *улуттук идентүүлүк, эне тили, орус тили, категория, коомдук-маданий.*

SOCIO-CULTURAL PROCESSES IN THE LANGUAGE SPHERE OF THE ETHNIC COMMUNITY

Muratova Nuriza, Tolekova Meerim,
Osh state University

Abstract: *The associative field of native speakers is determined by the surrounding content. The author tries to trace these processes on the example of language phenomena in the Kyrgyz Diaspora.*

Key words*: national identity, native language, Russian language, socio-cultural categories.*

1. Введение

Для создания полной социально-политической, культурно-экономической и историко-эстетической идентичности в литературной культуре любой страны необходимо собрать в едином контексте все составляющие ее дефиниции. Следует отметить, что в XX веке национальные диаспоры в мире стали типичным явлением. Кроме политических и экономических причин появления феномена, важно определить культурную предпосылку - этническую ментальность. Идентичность диаспоры - замкнутой этнической группы в культурной среде титульной нации другой страны - остается цельной. Ее члены находятся в характерном психологическом климате ностальгии по оставленной родине. Они хранят принадлежность к культуре метрополии (греч. «город», «мать-государство, имеющее колонии») [1, с. 209-210], т.н. полиса «…по отношению к основанным им поселениям в чужих землях» [2, с. 444].

2. Материалы и методы исследования

«История тюркских народов знает четыре нашествия на нашу память» [3, с. 219]. Первое нашествие совершили арабы, второе - монголы, третье - российская колониальная политика, четвертое - советская власть. При всех нашествиях кардинальным образом менялась письменность, вследствие чего прерывалась связь с предыдущими поколениями. Здесь надо отдать должное памяти всех ушедших поколений, удержавших для нас в потоке времени язык, историю и культуру [4, с. 128]. М. Фуко считал: «Язык - это не

просто внешнее проявление мысли, но сама мысль» [5, с. 112]. Кыргызский народ не потерял свой родной национальный язык, вместе с ним он пронес через века в оригинальной форме свое многовековое духовное наследие, сохранив его для будущих поколений. Мудрость народа зафиксирована в самом языке. Любая культура начинается с языка, что означает, что мир перед нами предстает через язык, через артикулирование мысли о явлениях мира с помощью языка. Язык - это вместилище памяти народа, поэтому как способ социокультурного кодирования имеет большую общественную значимость. Через язык передается матрица социокультурного шифра, выражающаяся в поведении и мышлении последующих поколений.

3. Результаты и обсуждения

Языки разных народов отражают их национальную культуру, этнический взгляд на мир. В. Гумбольдт писал, что «различные языки являются для наций органами их оригинального мышления и восприятия», и что «большое число предметов создано обозначающими их словами и только в них находит свое бытие» [6, с. 324]. Это высказывание Гумбольдта часто понимают неправильно - как отрицание им объективности реального мира. Речь идет о том, что предметы реального мира становятся объектами мышления не сами по себе, они не могут попасть внутрь мысли без словесных характеристик. Они представлены мышлению через язык, который хоть и сам развивается силой мысли, но неизбежно имеет форму и представляет мир в определенном виде.

Восприятие и понимание не только абстрактных явлений, но и конкретных предметов зависит от того, каким способом из множества возможных обозначил их язык. Он всегда выступает посредником между миром и человеком, рисует человеку определенную языковую картину. Все это вовсе не значит, что человек является пленником национального языка. Над языковым мировидением надстраивается мироощущение человека, мировоззрение социальных групп. Языковая картина мира дополнена культурной, религиозной и научной. Их создание требует от нас интеллектуальных усилий.

Еще Ч. Т. Айтматов говорил: «Язык - это первоипостась любого народа. Язык - скрещение его опыта, познаний, культуры, истории, наконец, язык - эмоциональное чувствилище и память нации» [7, с. 1]. Слово выступает как ячейка памяти, предложение имеет мнемонический смысл, в совокупности они оставляют семантическую память, сочетающую память слова и скрытый смысл.

«Путь от реального мира к понятию и далее к словесному выражению различен у разных народов, что обусловлено различиями истории, географии, особенностями жизни этих народов и, соответственно, различиями развития их общественного сознания» [8, с. 40]. Получается, что язык отражает действительность не прямо, а через два этапа: от реального мира к мышлению и от мышления к языку. Мышление предзадано языком, но его результаты, оформляясь в языке, несколько видоизменяются (не может мысль целиком отразиться в слове). Поэтому язык становится отдельным участником общения и дальнейшего развития мышления, он не может быть простой литейной формой для мысли, он может скрывать ее часть и дополнять языковыми ассоциациями.

Сказанное выше имеет практическую значимость. Во-первых, необходимо заботиться о родном языке, который хранит национальную культурную традицию, передает новым поколениям нравственные ценности народа. Во-вторых, только хорошо зная богатства родного языка, можно легко ориентироваться в новой информации, постоянно поступающей к человеку, различать слова и стоящее за ними содержание. Иногда внешне блестящие, привлекательные слова несут в себе пустоту или даже вредные для человека советы. И наоборот, внешне простые, обычные слова могут быть наполнены глубоким и разумным смыслом.

Власти Кыргызстана пытаются управлять процессом развития языка: еще в 1998 г. была создана Национальная комиссия по государственному языку с целью повышения его статуса. В связи с этим профессор КРСУ А.С. Кацев отметил в одном из интервью: «Сотни тысяч представителей кыргызской диаспоры проживают по всему миру. И потом, если язык кочевников, просуществовавший несколько тысячелетий, никто не охранял, зачем это делать сейчас? В какие драгоценные шкатулки его нужно поместить, сколько войск поставить вокруг, чтобы сберечь? Язык нужно популяризовать достойной литературой. В ином случае он обречен на вымирание…».

На вопрос газеты «Белый пароход» о высказывании зампредседателя Нацкомиссии по госязыку Т. Жумагулова, который сказал, что «великий и могучий русский язык уступает кыргызскому по количеству используемых слов», Кацев ответил так: «…Если рассуждать об истоках, вполне возможно, что так оно и есть, так как кыргызский язык является одним из древнейших в Средней Азии и имеет тысячелетнюю историю… некорректно сравнивать два языка, утверждать собственную культуру за счет отрицания другой. Это своеобразный комплекс неполноценности, при котором представители одной нации негативно относятся к сопредельным культурам и языкам. Мы избавимся от комплекса неполноценности, когда будем готовы воспринимать чужое, как свое» [9].

Главную роль в этнодифференциации метрополии и диаспоры играет язык, выступающий важным объективным фактором складывания этноса и его дальнейшего развития. Язык не только является средством этнической коммуникации и формирует особое языковое сознание общности, но и во многом определяет коллективное бессознательное.

Показательны исследования филологов с использованием ассоциативных «прямых» и «обратных» словарей [10, с. 29]. Ассоциативные тезаурусы являются результатами статистической обработки массовых исследований, когда носители языка фиксируют свободные ассоциации, что возникают у них в сознании по поводу слова-стимула. Обратные словари показывают поле понятий от реакции к стимулу, выявляя тем самым наиболее существенные для типичного носителя языка.

В результате ассоциативное поле определенного слова-стимула помогает воссоздать один фрагмент миросозерцания этноса. А сравнительный анализ количества ассоциаций от разных слов позволяет выделить «ядро» современного языка, его значимые понятия. Этнической общности свойственны символы, принимаемые индивидом как обязательные.

Проявляется это, к примеру, в одежде (цвет траура у русских - черный, у китайцев - красный, у кыргызов - синий, зеленый, черный, у японцев - белый), нормах речевого этикета (для постсоветских людей рассказ о неприятностях - допустимый ответ на вопрос «как дела?», а американца это удивит), доминантных вербальных раздражителях (слова в ядре лексикона), жестах, мимике и т.д.

Выводы

Итак, язык является средством этнической дифференциации и коммуникации социальной общности, а также контекстом психики и вместилищем неких архетипов восприятия мира членами этноса. На этом этапе этноидентификации можно говорить о стереотипах и символах восприятия окружающей действительности. Выделение своего этноса из ряда других происходит с выработкой стереотипов (языка, этнонима, территории, истории), приводя к восприятию индивидом себя как части этнической общности.

Литература:

1. Тавадов Г.Т. Этнология: Современный словарь-справочник. М., АНО «Диалог культур», 2007. С. 209-210.
2. Словарь иностранных слов. Под ред. И.В. Лехина и Ф.И. Петрова. Изд. 4. М., 1954. С. 444.

3. Айтматов Ч., Шаханов М. Плач охотника над пропастью (исповедь на исходе века). Алматы: Рауан, 1996. С. 219-230.
4. Урманбетова Ж.К. Культура кыргызов в проекции философии истории. Бишкек: Илим, 1997.
5. Фуко М.М. Слова и вещи. Археология гуманитарных наук. СПб, 1994. С. 112.
6. Гумбольдт В. Избранные труды по языкознанию. М., 1984, с. 324.
7. Из выступления Ч.Айтматова на республиканской конференции // Кыргызстан маданияты, 1987. 17 ноября.
8. Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация. М., 2000, с. 40.
9. Кацев А.С.: "Чтобы повсеместно внедрить киргизский язык, нужно обучить с нуля свыше 700 тысяч человек. А это - нереально". - URL: www.regnum.ru/news/639333.html.
10. См.: Залевская А.А Слово в лексиконе человека: психолингвистическое исследование. Воронеж, 1990.

УДК:81.2 (575.2)

МОРФОЛОГИЯЛЫК ВАРИАНТТУУЛУК Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА

Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Ош мамлекеттик университети, 723500, Ош, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада варианттуулуктун морфологиялык жагы анализденип, жазуучунун чыгармаларынын мисалында сөз түркүмдөрүнүн варианттары өз-өзүнчө берилип талданат.*

Ачкыч сөздөр: *морфологиялык варианттуулук, морфологиялык каражаттар, вариант, варианттуулук, вариация, инавариант, вариациялануу, варианттык катар, варианттуулуктун сферасы, хронология, зат атооч сөз түркүмүнүн варианттуулугу.*

МОРФОЛОГИЧЕСКАЯ ВАРИАНТНОСТЬ НА ПРИМЕРЕ РАБОТА ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Ошский государственный университет, 723500, Ош, Кыргызстан

Аннотация: *В статье анализируются морфологические аспекты изменчивость и анализируются варианты словосочетаний на примере авторских работ.*

Ключевые слова: *морфологическая вариантность, морфологические средства, вариант, изменчивость вариация, вариантность, инвариант, вариационная серия, сфера вариантность, хронология, вариантность имен существительных.*

MORPHOLOGIAL VARIABILITY ON TNE EXAMPLE OF TNE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Narmyrzaeva Kurmanzhan Zhyrgalbaevna E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Osh State University, 723500, Osh, Kyrgyzstan

Abstract: *The article analyzes morphological aspects of variability and analyzes variants of phrases on the example of author`s works.*

Key words: *morphological variability, morphological means, variant, variability, variation, invariant, variation, variation series, sphere of variability, chronology, variability of nous.*

1. Киришүү

Ч. Айтматов – доор жаңырткан, түбөлүктүү феноменге айланган калемгер. **“Чыныгы сүрөткер – байланыш жасоонун ачкычы”-** деп, өзүнүн кеби боюнча Айтматов – коомдук ишмер жана Айтматов – художник, Айтматов –публицист, Айтматов

– сөзмөр – стилист болду десем жаңылышпайм. Бул улуу инсандын эки жагы, эки багыты жана алыскы максатка карай бирдей ишенген эки бекем канаты бар болгон. Айтматов ааламы чексиз. Изилдөөчү катары, жазуучунун жеке стилдик чеберчилиги - чыгармаларындагы пайдаланылган элдик тилдин куюлушкан үлгүлөрүнүн кепте эмоциялык жана экспрессивдик боектуулуктарды жарата алгандыгында [9,158]. Сүрөткер *"Тил – улуттун жан дүйнөсүнүн улуулугуу менен сулуулугунун күзгүсү"*- деп баса белгилегендей, өзүнүн чыгармаларында да кейипкердин кебинде, каарманды ар тараптан сүрөттөөдө улуттун улуулугун, алардын жан дүйнөсүнүн сулуулугун, пейзаждык сүрөттөөлөрдө түркүн түстүү боекторду тил аркылуу чеберчилик менен бергендигин белгилөөгө болот [9,158]. Демек, изилдөөбүздө варианттуу сөздөрдү өз орду менен жазуучу пайдалангандыгын байкап, анализдеп көрдүк.

2. Изилдөө ыкмалары

Белгилүү окумуштуу В.Н.Ярцеваны дүйнөлүк тил илимине 350дөн ашык эмгеги менен салымын кошконун көрсөтүүгө болот. Илимде абройго ээ болгон **В.Н. Ярцеванын**: *"Кептешүү, пикирлешүү шарт-кырдаалы оптималдуу вариантты тандап колдонууга мажбурлайт"*,- деген сөзүндөгү деталдарды Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилинде калыптангандыгын изилдөөчү катары байкадык.

Морфологиялык варианттуулук кыргыз тил илиминде изилдөөнү талап кылган актуалдуу тема.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Варианттуулук (лат. varians,variantis – өзгөрүүчү, өзгөрүлүүчү) 1)кандайдыр бир тилдик-маңыз-мазмундуу туюндуруу ыкмалары (модификациялары, түрлөрү, формалары); 2) тилдик бирдиктердин жана жалпы эле системасынын жашоо жана кызмат аткаруу ыкмасынын мүнөздөмөсү экени белгилүү [6, 80-81].

Варианттуулук – тил системасынын жана тилдин бардык бирдиктеринин кызмат аткаруусунун фундаменталдык касиети, тилдик эволюциянын обьективдүү натыйжасы. Ал ***"вариант", "инавариант", вариацияланyy"*** түшүнүктөрү аркылуу мүнөздөлөт. Кыргыз тилинин сөздүгүндө вариантка төмөндөгүдөй үч түрдүү түшүнүк берет [5,346]. **Вариант.1.** Бир нерсенин бир өзгөчөлөнгөн, айырмаланган экинчи бир түрү, көрүнүшү. **2.** Адабий, музыкалык ж.б. чыгарманын же анын бир бөлүмүнүн экинчисинен айрымаланган бир түрү. Китеп Актан Тыныбековдун варианты боюнча кайрадан басылды ("Эр Табылды"). **3.** Шахмат оюнунда шартка жараша ар кандай жүрүштөрдү жасоо мүмкүнчүлүгү. Дебюттук вариант [5, 346].

Вариация. 1. Негизги сакталып калуу менен бир нерсенин кээ бир элементтериндеги, бөлүктөрүндөгү өзгөрүүчүлүк. 2. Негизги өзөгү, темасы түрдүүчө деңгээлде, формада өзгөртүлүп кайталанган же кайрадан иштелип чыккан музыкалык чыгарма, бий ж.б. [5, 346].

Варианттар - тилдик маңыз-мамундуу туюндуруунун түрдүү реализациялары жана ыкмалары болуп саналат. Тилдик-маңыз-мазмун ар дайым эле бир түрдүү туюндурулуп, бир эле ыкма аркылуу берилбейт, туюндуруу ыкмасынын модификациясына, формалык өзгөрүүсүнө, кээде жалпы кабыл алынган жана милдеттүү болгон нормадан четтөөлөргө жол берилет. Бирок кандай гана модификация, формалык өзгөрүү болбосун, тилдик маңыз-мазмун эч өзгөрүүгө учурабай, ошол бойдон калат.

Инвариант бир эле маңыз-мазмундун абсракттуу белгилениши, салыштырмалуу бир тектүү обьектилер классынын жалпы аталышы. **Варианттык катарга** кирген ар бир вариант инварианттын касиеттерине ээ, башкача айтканда, инварианттын конркеттүү реализациялары, модификациялары вариант болуп эсептелет.

Варианттуулук формалардын **вариацияланyусу** - тилдик эволюциянын обьективдүү жана сөзсүз болуучу натыйжасы.

Дүйнөлүк тил илиминде, түркологияда, кыргыз тил илиминде варианттуулук проблемасы мүнөздүү көрүнүш. Бул проблеманын айрым аспектилери боюнча лексикология, лексикография, семасиология, кеп маданияты жаатында кээ бир эмгектерде окумуштуулар К.Сейдакматовдун "Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана варианттарынын өнүгүшү", С.Мусаевдин "Кеп маданияты жана норма", Т.С.Мусаеванын "Сөз варианттары жана норма" деген аталыштагы эмгектери бар экендигин белгилөөгө болот. Окумуштуулардын учурундагы сунуштарында морфологиялык варианттар өзүнчө иликтөөнү талап кылат деген пикирлерин айтып келишкен. Илимпоз К.Сейдакматов варианттуулуктун сферасын изилдөө анын хронологиялык жагы жана варианттуулуктун көлөмү тилдин деңгээлдерине жараша аныкталарын белгилейт [11,3-4]. Кыргыз тил илиминде ар бир тармак боюнча К.Сейдакматов варианттуулуктун изилденерин "Морфемалык деңгээлинде: морфологиялык варианттар сөздүн уңгусунун, перефиксинин, негизинин приставкасынын, мүчөлөрүнүн варианттары" деп кароо жагын белгилеген [11,5]. Ушул өңүттөн алып карап, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын мисалында морфологиялык варианттуулукту төмөндөгүдөй таризде сөз түркүмдөрүнө бөлүштүрүп көрсөттүк:

2. *Зат атооч сөз түркүмүнөн жасалган варианттуу сөздөр:*

Акыбал=ахыбал. *Ал чындыктын сырын билер түйшүктүү жолуна жаңы гана кирип бараткан, адашкан жандарга боору ооруп, жардам бериш үчүн чын турмуштун азаптуу жактарын өз башынан кечирип, курутуп коер* ***акыбалдан*** *куткарып чыгар жол ар кимдин өз дилинин жаңырышында, демек, ар ким өз рухунда революция жүргүзүшү керек экенин насаат сөз менен эмес, жемелөө же айыптоо менен эмес, ошого тозокту өзү аралап өтүп, өз ыйманын үлгүсү менен далилдеп жардам берүүнү максат кылып алган болучу. ("К", 79-б). Көрдүңбү,* ***ахыбал*** *ушундай ("Г", 27-б)*

Бак=бакты=бакыт*. Тоо көчкүдөй болуп үстүмөн басып калган* ***бактынын*** *кучагындамын. Бул* ***бакыт*** *мага гана буюруду, ошон үчүн колундагы добулду тарсылдата койгулап, эстен тана бийлеген жапан сыяктуу быйыл жайда мени салган бардык кыйноо-сыноолору үчүн мен тагдырыма ыраазымын ("К", 199-б).* ***Багың*** *ачылар күнүң бүгүн! ("Г", 52-б).*

Билет = белет. *Мен эки* ***белетти*** *ала коюп, музейге ашыктым ("К", 55- б).* ***Билеттин*** *баракчалары батташып суу, сыясы эзилген (Асма көпүрө, 358-б)*

Табият=табийгат=жаратылыш. *Ошол үч күн* ***табийгаттын*** *эң ачуу, эң каардуу күнү болду бейм ("Ж",528-б). Көзү өткөн улуу кишинин жер үстүндө орду толбой,* ***жаратылыш*** *арман күүсүн бороонго берип, өксүгөнүн ышкырган шамалга берип, ичи ачышканын чоктой тийген аязга берип, жарга урунуп, ташка урунуп эч бир тынчтаналбай чамына берди . Ушинетип* ***табият*** *кут кылган жосунду улап жүрө берсе экөө аз арада калың топ бөрүнүн сырттандары болуп чыкмак ("К", 11-б).*

Доор=дооран. *Абдий ана ошол өткөн* ***доорлордогу*** *Чыгыш базарларын элестетти ("К, 107-б). Адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп ак-сары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан* ***доор*** *экен ("Ак кеме", 222-б).*

О, балалыгымай, ал дагы өзүнчө кызык ***дооран*** *экен! ("С.Ж", 553-б)*

Парз=парыз. *Эмнеси болсо да куранды биле жүрүш парз ("К.К.Б.К", 123-б, 5-том) .Өлүм алдында жаткан адамдын акыркы каалоосунан ашкан* ***парз*** *болобу, ошону аткарбаган Танабай ким өзү ("Г",162-б). Тууган-туушкандары уулдун сөөгүн ала келүүсү* ***парыз*** *болуучу, бирок алардын колунан эчтеме келбептир ("К.К.Б.К", 172-б, 5-том).*

Керебет =кровать. *Бурчтагы* ***керебетке*** *жаткырды ("Ак кеме", 301-б).* ***Кровать*** *кыска болуп жатат, жастыкты өйдөрөөк коюп берейинби? ("Асма көпүрө", 360-б).*

Дарыя=дайра. ***Дарыяга*** *салынган көпүрө ал элден мурда сөз болгон ("Кассандра тамгасы", 56-б) Жээрде айгырды камчылап, ал сууга сала бергенде, баарыбыз тең дал*

болуп туруп калдык: ***дайра*** *киргенде бул жерден эч ким даап өтчү эмес, ат түгүл төөнү агызып кете турган ташкын жүрүп жатса, өлө албай жүргөн неме го? (“С.Ж”, 566-б)*

Дүнүйө=дүйнө. *Мен бул* ***дүйнөдө*** *жападан жалгыз, коколой баш экенимди бир да жолу чыгарчу эмесмин (“Кассандра тамгасы”,238-б). Үстүнөн жамгыр шорголоп, аягынан чылк балчылдап, ичинде ызалык менен кыжырдын чыласы кайнап... короо ичин шамал оюндагысындай жойлоп, өчөшкөндөй колдогу фонарды улам өчүрүп... о, түбүң түшкөн* ***дүнүйө!*** *(“Г”, 125-б).*

Дос=достум. *Чоро – эски* ***досу*** *(“Г”,26-б). –Чыкса чыгалы,* ***достум,*** *жүр. (“К”, 51-б).*

Директор=деректир. *Болду-болбоду тиги оңбогон катындын кылганы: совхоздун* ***деректирине*** *барып даттана салган да (“К, 223-б).* ***Директордун*** *айтымына караганда, күзүндө Москвага, ВДНХа дейби же ВДНХы дейби, айтор, аты татаал бир көргөзмөгө райондун алдыңкылары барган жатыптыр, Бостон тизмеде биринчи болуп турат дейби, кандай (“К”, 277-б).*

Стол=үстөл. *Узун бойлуу, алыбеттүү, кылый көз, чаап жаак, иреңи одурайган директор олуттуу боло түштү,* ***үстөл*** *үстүндөгү кагаздарын ары-бери жылдырып, чарчаган көздөрүн жүлжүйтүп, ойлонуп калды (“К”, 277-б) Текчеде көп китептер,* ***столдо*** *жазылып бүтө элек барак-барак кагаздар (“Асма көпүрө”, 358-б)*

Өкмөт=өкүмат. *Айыл арасында го колунан жамандык жакшылык да келип, жыйналыш-жыйында чыгып сөз сүйлөп, аш-тойдо аксакалдар менен тең катары тизгиндешип, эл башкарышып жүргөн* ***өкмөт*** *жигиттер кадыр-барктуу болуп, оозго кирет (“Ж”, 463-б). Андан* ***өкуматтын*** *казынасы кемип кетпес (“Б.Б”, 10-б).*

Шофер=шопур. ***Шофер*** *сууну карап, өтүгүн чечкенге ыргылжыңданып турду (“Г”,291). Бала Сейдакматтын эшигине жеткенде Мүйүздүү Бугу Эне: “Эми менин* ***шопур*** *балдарымды куткарып ал”- деди (“Ак кеме”, 271-б).*

Газета-гезит. *Бул илгерки жомокту* ***гезитке*** *жазып коюшса ажап эмес деп жоромол кылышты (“К.К.Б.К”, 111-б, 5-том) Анча эле болсо, дагы түн ичинде иштейм,* ***газетаны*** *уятка калтырбайм деп өзүн ынандырып, улам ары жылдыра берди (“Кассандра тамгасы”, 104-б).*

Дабыш=добуш= доош. *Жер дүңгүрөгөн* ***доош*** *ичинде, күтүрөгөн калың дабырт үстүндө ал экөөнүн алсыз үнүн ким укмак (Ак кеме, 225-б). Ошол учурда көкөлөгөн жел күүсү кулакка угулуп, ага удаа бир* ***дабыштан*** *шапырттаган жалбырактар, көз көрбөгөн көгүлтүр алыстыкта нечен сонундар, нечен кызыктар бар дегендей тымызын күү чалып, беттен эркелете сылар эле. (“Б.М”, 509-б). Бирок ошол оокумда эненин кулагы кандайдыр бир* ***добуш*** *чалды (“А.к”, 264-б).*

Кан – хан. *Анан балдарды* ***ханга*** *алпарышты,* ***хан*** *тобу али дасторкондон тура элек экен. Ал ортодо калың элдин арасын ушак аралады: кыргыздан аман калган кыргыздын тукуму бар экен,* ***кан*** *кууп келиптир!- деп эл сестенди (“Ак кеме”, 226-б).*

Тектирчеде=текчеде. *Жалпак-Сазга жакын калдык деген сөз гана аргасыз кылды аны, үзүлүп кетчү балектей шакмар мойнуна илиген саксагай башын салаңдатып,* ***тектирчеде*** *отурат (“К”, 96-б).* ***Текчеде*** *көп китептер, столдо жазылып бүтө элек барак-барак кагаздар (“Асма көпүрө”, 358-б).*

Убакыт=убак=маалы. *Сөөктү кепиндегенде, анан кийизге орогонго эле бир далай* ***убакыт*** *кетти (“К.К.Б.К”,55-б). Менин эркимде болсо, силерди жалдыратпай, күнүгө үч* ***убак*** *жаздырып турат элем го... (“Б.Б”, 15-б). Бирок* ***маалы*** *келгенде төл токтомок беле, Танабайдын айласы түгөнгөндөгү бала кыялына табият баш иймек беле!.. (“Г”, 124-б)*

2. Сын атооч сөз түркүмүнөн жасалган варианттуу сөздөр

Жашырын=жашыруун. *Бирок кептин баары ушунун натыйжасында туулган адам – аны икскорд деп коелу-**жашырын** инсан, ал ата-энесиз, жасалма жол менен жаратылган субьект экендигинде, мен ушундай түшүнөм ("Касс. тамгасы", 255-б). Аскерге жөнөп бараткан жигиттер кыз-келиндерге кат жазып, **жашыруун** алып барып беришти Султанмуратка тапшыраар эле ("Э.ж.к.т", 354-б)*

Жарадар=жаралуу. *А кезде болсо Эдигей али Бороондуу атка коно элек, жергиликтүү бир темир жолчу казакка кокус жолугуп, анын тилине кирип, ээрчип бараткан **жаралуу** аскер – аралдык казак болучу ("К.К.Б.К", 6- б). Даниярдын буту **жарадар** экенин эмне үчүн мурда ойлободук экен? ("Ж", 471-б).*

Бозомук=бозомтук. *Тетиги ээн талаа бетиндеги **бозомук** жалдын үстүндө созулгандан кара сызык темир жол азгырып да, сестентип да турат ("К.К.Б.К", 3-б, 5-т). Оттуу корабль кичирейгенден кичирейтип, аягында шакектей **бозомук** тартып анан түптүз караңгылыкка төнүп кеткенде башын чулгуп алды, бир түрдүү карама-каршы сезимдер көңүлүн уйгу-туйгу кылып жөнөй берди (К.К.Б.К, 28-б, 5-т).*

Боорукердик-боорукерлик. *Оор басырык мүнөзүн, кайрымдуулугун, **боорукерлигин**, эл жакшы көрүп, урматтап турчу ("Г", 26-б). Эси чыккан кыз шашканынан эмне кыларын билбей, маңдайынан сүйөп, колунан келсе кандайдыр жардам этүүгө умтулуп өтө **боорукердик** менен Нурбекти аяп карады ("Асма көпүрө", 359-б).*

3. Ат атоочтон жасалган варианттуу сөздөр

Ал-а. *Элес эртең менен чалган бойдон кабарын билдирген жок, ага өзү чалайын деген, **а** бирок ага чамасы келген жок. Анан **ал** Элести эстеди, эстегенде да шар аккан суунун боюндагы учурлар эсине түштү (Тоолор кулаганда, 514-б). **А** кандай гана согуш болбосун **ал** баштагыдан да, коргонгондун да трагедиясы ("Тоолор кулаганда", 523-б).*

Ошо=ошол. ***Ошо** түнү кимдир бирөөнүн оюнан жер жүзүндө теңдеши жок сүйгөнү кетпей койду ("Тоолор кулаганда", 514-б). **Ошол** аңгемеде Сергей деген уландын жазмыш-жашоосу жазылмак ("Тоолор кулаганда", 522-б)*

Ушул=ушу=шул. *Күн нуруна чайынган тоолор **шул** саатта алыс да, жакын да, сүйкүм да, сүрдүү да көрүндү... ("Э.ж.к.т", 390-б). **Ушул** түн, **ушул** маалда негедир Кызкайып да уктабай безенип жүрдү ("Тоолор кулаганда", 514-б). Ошол учурду **ушу** азыр келсе деп кайра-кайра кусага батып самады ("Тоолор куаганда", 514-б.).*

Бул=бу. *Кыз кыялындай романтика дегенди да **бу** жашоонун чындыгы жокко чыгарып салган ("Тоолор кулаганда", 306-б). **Бул** толук ойрон болуу, бүткүл өлкө алдында ойрон болуу эле ("Кассандра тамгасы", 121-б)*

Тигил-тиги. ***–Тиги** бурчта тургандарды сен көрө элексиң да! ("Кассандра тамгасы", 178-б). Ал эми **тигилер** сууну каалашынча кана ичкенден кийин алардын артынан кумардан кана кууп жетип олжосун алган эң сонун ("Тоолор кулаганда", 291-б)*

.

4. Этиштерден жасалган варианттуу сөздөр

Олтур= отур. *Жуунуп чайынууга, жай **отуруп** тамак ичүүгө чоло жок ("Г", 125-б) – **Олтур. Олтурууга** уруксат. Сага да, мага да ыңгайлуу болот ("Чынгызхандын ак булуту", 587-б).*

5. Тактоочтон жасалган варианттуу сөздөр

Дайым-дайыма. *Бийикте, туш-тарабы ачык дөбөдө тургандыктан, булар **дайым** шамалдын огуна туура келип, абанын ар бир кыймылына жооп кайтарып, жанагыдай тынымсыз шуулдап, бөтөнчө үндүү болгон себеби да ошол ("Б.М", 508-б). Көгүлтүр тартып **дайыма** карасаң көлбүп турган деңизи бар дүйнөдөн ушул тирүү жан байласа токтогус эрме чөлгө келдимби, бу жердеги жашоо-тиричилик, көргөн күн эмине болот деп эси чыкты. ("К.К.Б.К", 5-т, 105-б).*

Алга=алдыга. *Данияр бул жолу да өз дегенин бербей, нарыдан бери уруна чайпалып,* ***алга*** *басты (“Ж”, 472-б). –Тур нары!- деди ал заардуу киркиреп, анан капты өйдө силкип, жанын оозуна тиштегендей, акыркы күч менен андан-мындан аттап,* ***алдыга*** *жүткүндү(“Ж”, 473-б).*

Тыянак

Жыйынтыктап айтканда, варианттуу сөздөр ар бир сөз түркүмүнөн жасала тургандыгын мисалдарды жыйноо, анализдөө менен байкадык. Ч.Айтматов чыгармаларынын тилинде варианттуу сөздөрдү иргөө принцибинин негизинде орундуу, чеберчилик менен колдонгондугун байкоого болот.

Адабияттар :

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 1 том.-Б., 2018, -348 б.
2. Айтматов Ч . Чыгармаларынын 10-томдук толук жыйнагы, -Бишкек, “Улуу тоолор”,2018, -584 б.
3. Айтматов Ч. 5-том.Кылым карытар бир күн.Чынгызхандын ак булуту.-Бишкек, “Улуу тоолор”, 2014,-604 б.
4. Айтматов Ч. Кыямат. –Ф.: “Адабият”, 1988. -352 б.
5. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Биринчи бөлүк. –Б.: 2011.-880 б.
6. Лингвистический энциклопедический словарь.-М.,1990.-с, 527-529.
7. Мусаев С.Ж. Кеп маданияты жана норма.-Б.: Раритет Инфо, 1999.-214 б.
8. Мусаева Т.С. Сөз варианттары жана норма.-Бишкек, 2015.-176 б.
9. Нармырзаева К. Атооч сөз түркүмдөрүнүн Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы стилистикалык өзгөчөлүктөрү.- Ош, 2012.-171 б.
10. Орузбаева Б.О. Сөз курамы. – Б.: Мектеп, 2000. – 360 б.
11. Сейдакматов К.Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана варианттарынын өнүгүшү. – Ф: Мектеп, 1982. -216 б.

УДК: 81.2 (575.2)

МОРФОЛОГИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫН СИНОНИМИЯСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Ош мамлекеттик университети, 723500, Ош, Кыргызстан

Аннотация: *Макалада морфологиялык синонимдердин изилдениши берилип, мисалдар Ч.Айтматовдун чыгармаларынан алынып талданат.*

Ачкыч сөздөр: *морфологиялык синонимдер, морфологиялык каражаттар, синонимия, лексикалык синонимдер, идеографиялык синонимдер, семантикалык синонимдер, стилистикалык синонимдер, синонимия кубулушу.*

ИССЛЕДОВАНИЕ СИНОНИМИИ МОРФОЛОГИЧЕСКИХ СРЕДСТВ

Нармырзаева Курманжан Жыргалбаевна E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Ошский государственный университет, 723500, Ош, Кыргызстан

Аннотация: *Данная статья посвящена изучению морфологических синонимов на материале произведений Ч.Айтматова.*

Ключевые слова: *морфологические синонимы, морфологические языковые средства, синонимия, лексические синонимы, идеографические синонимы, семантические синонимы, стилистические синонимы, феноменон синонимии.*

RESEARCH OF MORPHOLOGICAL MEANS OF SYNONYMY

Narmyrzaeva Kurmanzhan Zhyrgalbaevna E-mail: narmyrzaeva64@mail.ru
Osh State University, 723500, Osh, Kyrgyzstan

Abstract: *This article is devoted to the study of morphological synonyms based on the work of Chyngyz Aytmatov.*

Key words: *morphological synonyms, morphological linguistic tools, synonyms, ideographic synonyms, stylistic synonyms, phenome none of synonyms.*

1. Киришүү

Тилдик каражаттарды өз ара синонимдештигин аныктоодогу башкы критерийдин бири – алардын стилдик мүмкүнчүлүгү. Кептеги тилдик каражаттардын ылгоо принциби синонимдик катарды түзүп турган тилдик каражаттардын белгилүү чөйрөдө колдонуларын аныктоосун окумуштуу Т.Аширбаев белгилейт [1:44]. Кыргыз тил илиминде синонимия маселесин алгачкылардан болуп изилдеген илимпоз Б. Суранчиева синонимдер стилдик айрымачылыкты шарттоочу каражаттардын маанилүүлөрүн бири экендигин белгилеген.

Грамматикалык синонимдерди изилдеп үйрөнүү орус тил илиминде XVII-XIX кылымдарда башталган. М.В. Ломоносов өзүнүн үч стиль жөнүндөгү окуусунда алгачкылардан болуп грамматикалык параллелдүүлүк жөнүндө сөз козгогон. М.В. Ломоносовдон кийин М.В. Фонвизин (1959), П. Калайдович (1818), А. Галич (1840), И.И.Давыдов (1856), К.С.Аксаков (1860), Ф.И. Буслаев (1895) сыяктуу окумуштуулар синонимиянын теориялык жана практикалык проблемаларын иштеп чыгууга аракет жасашкан.

А.А. Шахматов, А.С. Пушкин, В.А. Жуковский, И.С. Тургеневдердин чыгармаларын изилдешип, анда М.В. Ломоносов атаган грамматикалык варианттардын, параллелизмдердин аталган авторлордун чыгармаларында бар экендигин белгилешкен.

А.М. Пешковский мурдагы «грамматикалык вариант» деген аталышты биринчи болуп «синоним» деп атаган да, аларды морфологиялык жана синтаксистик синонимдерге бөлүштүргөн [8,155-156]. Окумуштуу стилистикалык маселелерди чечүүдө «жалпы эле грамматикалык маанилерди эмес, грамматикалык синонимдерди изилдөө жана салыштыруу зарыл» деп эсептеген [8,153].

А.М. Пешковскийдин бир эле грамматикалык көрүнүштүн түрдүү вариантта берилишин морфологиялык синоним деп, ар түрдүү структурадагы сүйлөмдөр аркылуу берилишин синтаксистик синоним деген жобосу кийинки изилдөөлөргө өбөлгө болду. Натыйжада Г.И.Рихтер (1937), М.К. Милых (1945) грамматикалык синонимдерди андан ары тереңдете талдоого алышкан. Грамматикалык синонимдердин ичинен эң алгач сөз айкаштарынын синонимиясы өз алдынча бөлүнгөн жана анын стилистикалык табиятына көңүл бурула баштаган.

2. Изилдөө ыкмалары

Түркологиялык изилдөөлөрдө синонимия маселесине арналган эмгектер 60-жылдардан баштап пайда болгондугун байкайбыз. Академик А.Н. Кононов өзбек тилиндеги жөндөмө мүчөлөрүнүн алмашылып колдонулушуна атайын көңүл бурган (1960). С. Ажиеванын (1971), С. Акбаровдун (1961), О. Ахмедованын (1968), Б. Тойчибаевдин (1972, 1979) атайын изилдөөлөрүндө да сөз мүчөлөрүнүн жана кызматчы сөз түркүмдөрүнүн өз ара алмашылып колдонулушу жөнүндө сөз болот.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Кыргыз тил илиминде башка түркологиялык изилдөөлөр сыяктуу эле синонимия маселесине 60-жылдары көңүл бурула баштаган. Эң алгач басма сөз беттеринде синонимдер жөнүндө И.Н. Бажинанын (1953), С. Давлетовдун (1955), Б. Суранчиеванын

(1961) макалалары жарык көрүп, лексикалык синонимдер аздыр-көптүр мүнөздөлгөн. Ал эми 1967-жылы окумуштуу Б. Суранчиева «Кыргыз тилиндеги синонимдер» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. Илимпоз кыргыз тилиндеги синонимдерди жасалыш жолдору боюнча жети түргө ажыратып, ошол схемага ылайык талдоого алган. Т. Барктабасова кийинчерээк синонимдерди грамматикалык планда карап, илимий макалалар менен чектелген (1973, 1975). Ушундай эле макала профессор К.К.Сартбаев тарабынан да жазылган (1970). Окумуштуу кийинки эмгегинде (1987) лексикалык синонимдерди колдонулуу өзгөчөлүктөрүнө карай классификациялап, алардын башка тилдер менен карым-катнашына көңүл бурган. Белгилеп кетүүчү нерсе, аталган эмгегинде лексикалык синонимдер менен грамматикалык синонимдердин мүнөздүү белгилери жөнүндө айрым көз караштарын билдирген жана синтаксистик синонимдер менен морфологиялык синонимдердин коммуникативдик-функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн ажыратуу боюнча жүйөлүү пикирин ортого салганын айта кетүүгө болот.

Кыргыз тилиндеги синонимдер сөздүгүн түзүүдө да лексикалык синонимдер эске алынат (К. Сартбаев, С. Үсөналиев, 1973; Ш. Жапаров, К. Сейдакматов, 1984). Бирок морфологиялык жана синтаксистик синонимдерге орун берилген эмес.

Нормативдик грамматикалардагы лексикалык синонимдерди эске албаганда, С.Ж. Мусаев синтаксис жана кеп маданияты боюнча изилдөөлөрүндө (1987, 1993), Т. Аширбаев стилистика боюнча окуу китептеринде (1990, 2000) синонимдердин айрым маселелерине кеңири токтолушкан. Аталган илимий жана практикалык эмгектердин ичинен синтаксистик синонимияга тиешелүү С.Ж. Мусаевдин «Парадигматические типы причастных конструкций в кыргызком языке» (1987) деген эмгеги өзүнчө орунга ээ. Анда атоочтук конструкциялардын грамматикалык түзүлүшү гана эмес, жайылма мүчөлөрдүн парадигмалык типтери синонимдик катышта мүнөздөлөт.

Ал эми профессор Т. Аширбаевдин стилистика боюнча эмгегинде синонимдердин табияты андан ары такталган (2002).

Ал эми кыргыз тилиндеги синонимдер лексикалык, фразеологиялык, стилистикалык пландарда гана изилденип, нагыз морфологиялык планда иликтене элек.

Жогоруда белгиленгендей, синонимдер маселеси боюнча илимий изилдөөлөр арбыган сайын, анын тигил же бул теориялык жоболору боюнча илимий көз караштардын ар түрдүүлүгү пайда болгон. Тил илиминде жалпы изилдөөчүлөрдүн синонимия боюнча эки түрдүү көз карашын байкайбыз.

Биринчи көз караштагылар (Л.А. Булаховский, 1953, А.Н. Гвоздев 1955; А.И. Ефимов, 1961, 1969; А.М. Финкель, Н.М. Баженов, 1954, ж.б.) синонимдерди маанилик жактан өз ара жакын, бирок бирдей эмес сөздөр деп эсептешсе, экинчи көз караштагылар (Р.А. Будагов, 1958; Н.М. Шанский, 1957; Галкина-Федорук, К.В. Горшков, 1962 ж. б.) синонимдерди мааниси боюнча бирдей сөздөр катары баалашат. Бул экинчи көз караштагылар «бир сөз – бир түшүнүк» деген түшүнүккө таянышат. Бул көз караштар окумуштуулар тарабынан колдоого алынган жок. Себеби бул эки көз карашта синонимдердин маанилик жактан эки түрдүү деңгээлдеги жакындыгынын бири ашкере бааланат. Ошондуктан азыркы учурда синонимдерди мааниси боюнча өз ара бирдей (***жакшы//дурус// жаман эмес//мыкты*** ж.б.у.с) же жакын (***сулуу // кооз***) сөздөр катары аныкташат (М.И. Фомина, 1978; Д.Н. Шмелев, 1977; П.А. Лекант, 1982, 1990 ж.б.) Мындай позицияны азербайжан, казак, өзбек, түркмөн филологдору менен биримдикте кыргыз тилчи-илимпоздору да (Б. Суранчиева, 1967; К.К. Сартбаев (1987), Ж. Мамытов, 1971, 1999; Т.К. Ахматов жана Ж. Мукамбаев 1978; А. Жалилов, 1996 ж.б.) колдошот. Булардан тышкары, синонимдердин табиятын аныктоодо сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгын эскерткен лингвисттер да кездешет. Бирок бул багыттагы көз карашта эки түрдүү позиция бар. Биринчи позициядагылар (М.Ф.

Палевская, 1964; Р.А. Будагов, 1965; Ф.К. Гужва, 1973; А.Гурбанов, 1967; Б. Абдуллаев, 1963; А. Демирчзаде, 1962; Т.Аширбаев, 2000. ж.б.) сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүгүн биринчи орунга коюшат. Тагыраак айтканда, синонимия – бул мааниси боюнча бирдей, стилистикалык боегу боюнча айырмаланган сөздөр. Маселен, профессор Т. Аширбаевдин ою боюнча, «...стилистикалык маанинин жардамы менен ошол сөздүн лексикалык мааниси такталат, өзгөчө боектуулук касиетин ачат»,- деп белгилейт [1,49]. Экинчи позициядан алганда, стилистикалык синонимдер мааниси боюнча жакын, стилистикалык оттеногу боюнча гана эмес, чөйрөдөгү колдонулушу боюнча да айырмаланган сөздөр болуп саналат деп стилист окмуштуу М.Н. Кожина белгилейт [4,113]. Чынында эле, «Синонимдерге дал келбеген компоненттер же предметтик-логикалык маани, же коннотация тиешелүү болуп турат», - деп белгилүү стилист И.В. Арнольд баса белгилеген. Алар керектелбеген кеп, стиль болбойт. Кандай гана позициядагы көз карашты албайлы, алар синонимге карай айтылгандыгы тууралуу талаш туудурбайт. Синонимдер түзүлүшү боюнча жалпысынан лексикалык жана грамматикалык синонимдер болуп экиге бөлүнөт.

Лексикалык синонимдерге берген мааниси жагынан окшош же өз ара жакын, кошумча мааниси же стилистикалык боегу боюнча, же болбосо, ошол эки белгиси менен тең айырмаланган жеке сөздөр жана ажырагыс сөздөрдүн тизмеги кирет. Лексикалык синонимдер өз ара семантикалык жана стилистикалык синонимдер болуп экиге ажыратылат.

Идеографиялык синонимдер маанилик жактан гана окшош келет да, синонимдик катардын эч кайсынысы стилистикалык боекко ээ болбойт. Мындай синонимдерге мүнөздүү белгилерди профессор Ж. Мамытов мындайча белгилейт: жалпысынан бир гана түшүнүктү же бири-бирине өтө жакын түшүнүктөрдү билдириши; алардын тыбыштык курамы жактан ар башка болушу; бир сөз түркүмүнө тиешелүүлүгү; синтаксистик бирдей мүчөлүк кызматта келиши. Албетте, идеографиялык синонимдерди биринин ордуна экинчисин эркин колдоно берүү мүмкүн эмес: ***эр//баатыр, башка// бөлөк// бөтөн.***

Стилистикалык синонимдерге мааниси боюнча окшош же бири-бирине жакын, бирок стилистикалык жактан айырмаланган синонимдер кирет. Мисалы: ***карыя//чал, бала//перзент, сокур//көр//азиз.***

Ж. Мамытов лексикалык синонимдердин үчүнчү түрүн – семантикалык-стилистикалык түрүн өзүнчө бөлүп караган [5:141].

Грамматиканын эки тармагы катарында морфологиянын да, синтаксистин да өз алдынча изилдөө обьектиси бар экени белгилүү. Демек, грамматикалык синонимдин эки түрү катарында морфологиялык жана синтаксистик синонимдерге тиешелүү жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр жок эмес.

Морфологиялык синонимдер грамматикалык формалары (сөз мүчөлөрү) боюнча айырмаланган, мааниси окшош сөздөр болуп саналат. Тилекке каршы, ушул кезге чейин түркологиялык эмгектерде морфологиялык синонимдер тууралуу кеңири маалымат жок. Академик Б.Ө. Орузбаеванын «Сөз курамы» деген эмгегинде сөз мүчөлөрүнүн ортосундагы синонимия жөнүндө учкай сөз козголуп, төмөндөгүлөргө токтолот. Сөз жасоочу мүчөлөрдө окшоштук (омонимия) жана маанилештик (синонимия) касиеттер да кеңири өнүккөн. Мындай абал мүчөлөрдүн жалпы санын бир кыйла көптүгү менен жана алардын тилдин тарыхый өнүгүү процессинде бир калыпта сакталбай, улам өзгөрүүлөргө дуушар болуп, толукталып отуруусу менен шартталган. Ал гана тургай, айтылуучу бир гана пикирди угуучуга ар кандай каражаттардын, маанилеш ар башка сөздөрдүн жардамы менен берүү тилдин кооздук сапатын, уккулуктуулугун арттыруучу каражаттардан. Мындай болгондон кийин, ал каражаттарды жаратуучу тилдин морфологиялык каражаттарынын да ар кыл болушу өзүнөн-өзү закон мыйзамдуу нерсе. Тилдеги

синонимия кубулушу морфологиялык деңгээлде ал сөз жасоочу, форма жасоочу жана сөздөрдү байланыштыруучу мүчөлөрдө, сүйлөмдүн маанилик түрлөрүндө да кездешерин окумуштуу Б. Орузбаева белгелеген [6, 218-219].

Мисалы, сөз жасоочу **–чы//-кер , -чы// -кеч, -луу//-кер** мүчөлөрүнүн колдонулушун Ч.Айтматовдун чыгармасынын тилиндеги мисалдардан алып көрсөтүүгө болот. **Айыптуу// айыпкер.** –Бирок, мен **айыптуу** белем?.. Сенде айып жок… («Ж», 497-б) Иерусалимдин динуламасын муруттары менен кошо чакыртып алып, ме, өзүңөрдүн **айыпкериңерди** алгыла да, кандай бүтүм кылсаңар ошондой иш кылгыла деп колдоруна кармата бериш опоңой эле иш эмеспи (“К”, 144-б). **Арабакеч// арабачан// арабачы.** Менин бетимден аккан жашты көрүп, **арабакеч** бала чочуп кетти (“Б.м”, 546-б). Кызыл желекти көтөрүп, **арабачан**, аттуу келе жаткандардын алды бурулуштан жаңы эле көрүнө берген (“С.ж”, 573-б). **Айыпкер//айыптуу, күнөөкөр//күнөлүү, кылмышкер//кылмыштуу**. Момун **күнөөлүдөй** күлүмсүрөдү (“Ак кеме”, 252-б). Качан болсо Ак кемени кара деп азгырып турасың. Улам бир капталына оодарылып түйшөлүп, парторгдун аны Эрназардын өлүмүнө **күнөөкөр** кылганын ойлобоюн десе да, оюнан кетпей кыйналып чыкты (“К”, 312-б). Иерусалимдин динуламасын муруттары менен кошо чакыртып алып, ме, өзүңөрдүн **айыпкериңерди** алгыла да, кандай бүтүм кылсаңар да ошондой иш кылгыла деп колдоруна кармата бериш опоңой эле иш эмеспи (“К”, 144-б). “Алда байкушум, картайган экенсиң ээ”-деп ойлоду, ушуга өзү **айыптуу** экенине кабыргасы кайышып (“К.К.Б.К”,9-б). Жамандыктан коргоп калып, өкүнтүп тазалантып, бу **кылмыштуу** ишинен өздөрү баш тарткандай кылып, бак-таалайдын адалдыгын башкадан көрсөтө алсаң го, анда сонун болбойбу! (“К”,91-б). Телеграммада жээни темир жолдо баңги жүк алып бараткан жеринен кармалып, **кылмышкер** катары камакта жатканы айтылыптыр (“К”,47-б).

Маанилеш (синонимдеш) мүчөлөрдүн пайда болушу мына ушул кырдаал менен да түшүндүрүлөт. Мындай мүчөлөрдүн бир тобунун тыбыштык составы жана пайда болуу булактары ар башка, бирок бирдей же мааниси бир-бирине жакын сөздөрдү жасашат. Мисалы: **-ман// -луу//** мүчөлөрү: **акылман//акылдуу:** Мисалы: А киши менен кийин Бороондуу Эдигей да таанышып, экөө ысык тамыр болуп кетти. **Акылдуу** киши эле. Елизаров **акылман** киши экен, башканын ою жетип, тилинин учунда турганды жөнөкөй гана түшүндүрүп коер эле (К.К.Б.К, 66-б) сыяктуу мисалдар келтирилген. Эми орус тилинин фактыларына көңүл буруп карасак: стакан чая //стакан чаю, красивый// красив, умнейший//самый умный, запеть//начать петь сыяктуу сөздөр морфологиялык синонимдер катары эсептелинет деп Н.М. Шанский белгилеген. Албетте, орус тилинин сөз курамы түрк тилдеринен кескин айырмаланат. Экинчиден, синоним түзгөн аффикстерди же кызматчы сөздү тексттен алып салсак, анда алар синонимдеш болбой калат, маанилик оттенок жоюлмак.

Демек, сөздөрдө жана ажырагыс сөз тизмектеринде морфологиялык каражаттар аркылуу маанилештик пайда болсо, морфологиялык синоним катары таанылыш керек. Бул тууралуу казак тил илиминин илимпозу А.Хосенованын пикирин колдобой коюуга мүмкүн эмес. Автор этиштин лексика-грамматикалык табиятына арналган монографиясында *кеңес этти // кеңешти, сөйлес кылып//сөйлесип* сыяктуу аналитикалык формалар менен синтетикалык формалардын биримдикте келишин, *аларып//алайып, узар//узай, кишир//кишире* сыяктуу синтетикалык формалардын параллель колдонулушун, *үмүт кылгандай болуп//үмүттүү болуп* сыяктуу аналитикалык формалардын алмашылып колдонулушун да синоним катары эсептейт. Бирок тилекке каршы, башка сөз түркүмдөрүндөгү синоним түзүүчү морфемалар терең изилденбей келе жатат.

Морфологиялык синонимдер бир гана уңгудан туруп, сөз формасы боюнча өзгөчөлөнөт. Инсандын өзүнөн улуу эркек бир тууганы, же улуу адамдарга кайрылуусу.

Зат атоочтук синонимдер Мисалы: **Ага// аке// аба// байке// ага// ака** (диалект). **Ага** сөзү бир тууганына карата бардык кыргыз говорлорунда колдонулуп келет. Жашы улуу кишиге кыргыз тилинин түштүк говорлорунда, Тянь-Шань говорунда айрым ройондорунда **"аке"** сөзү колдонулат. **Ака** түштүктүн айрым райондорунда колдонулат. **Аба** Лейлек, Баткенде активдүү пайдаланып жүрөт. -Акчам жок эле, **аба,** -деп башын чайкады ("Ак кеме", 189-б). Ошол үчүн келин-кезек кээде: -Өх, жаным, өлүп кетебизби, Элпек **аке** бар эмеспи, ошо бүтүрөр, байыс алалычы ("Ак кеме", 191-б). -Эмесе, Алтынай, сен башка балдарды да мектепке окуйлу деп ээрчиткин, макулбу? -Мени **ага** деп жүргүлө ("Б.М",519-б). -Китеп кабымды Сейдакмат **акеме** көрсөтүп келатам ("Ак кеме", 200-б). Ушул отурган жигиттердин ичиндеги эң күчтүүсү, эң кыйыны, эң келишимдүүсү – **Кулубек байкеси** ("Ак кеме", 275-б).

Синтаксистик синонимдерге салыштырмалуу морфологиялык синонимдер функционалдык жактан чектелген. Бегилүү окумуштуу А.М. Пешковский: «Биздин тилибиздеги морфологиялык синонимдерди манжа менен эсептөөгө болот»,- деп белгилейт (8:153).

Морфологиялык синонимдерге тиешелүү мүнөздүү өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Морфологиялык синонимдер ар убак бирдей мүчөлүк милдет аткарат. Сүйлөм мүчөлөрүнүн синонимдери түрдүү мүчөлүк милдет аткарат, башкача айтканда, өз ара жакын маанини эки башка сүйлөм мүчөсү камсыз кылат. Мисалы: 1.Илиястын жолдон *кайткысы келбеди* (Ч.А). - Илияс жолдон *кайтууну каалаган жок.* Илиястын жолдон *кайткысы жок.* Биринчи сүйлөмдөгү синонимдер баяндоочтук гана милдет аткарды.

2. Морфологиялык синонимдер уңгуга мүчөлөрдүн же префикстердин жалганышы аркылуу уюштурулса, сүйлөм мүчөлөрүнүн синонимдештиги синтаксистик түрдүү каражаттар (байламта, бөлүкчө, модаль сөздөр ж.б.) аркылуу да уюштурула берет. Мисалы: -Сейде жеңе, Ысмакемден кат жок, бизге да жок. Курмакем эмки базарда алып келем деди («Б.Б», 209-б). Автор кармандын кебинде чыгыш жөндөмөсүндөгү Ысмакемден деген сөздү пайдаланган. Бул сүйлөмдө **Ысмакемден // Ысмакемен** синонимдеш келет. Ысмайыл болсо почточуну көргөн жерден сурап коюп жүр деп эскертет, Сейде сурайын эле дейт, бирок ошого оозу барбайт, эмки жолу сурармын деп өзүн алдайт («Б.Б», 210-б). Жазуучу бул сүйлөмдө чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн каармандын кебин жекелештирүүдө колдонот. Ысмайылдын кеби аркылуу **почточуну // почточудан, жерден // жерде** деген сөздөрдүн синонимдештиги аркылуу берип каармандын кебин айгинелеп көрсөттү.

3. Морфологиялык синонимдерде сөз мүчөлөрүнүн түшүп колдонулушу синонимдүүлүктү билдирбейт. Ал эми синтаксистик синонимдерде тиги же бул сүйлөм мүчөсүнүн түшүп калышы синонимдерди уюштурат.

Тыянак

Жыйынтыктап айтканда, белгилүү окумуштуу М.Ф. Палевская белгилегендей, морфологиялык синонимдерди сөз өзгөртүү, форма жасоо, морфологиялык тиги же бул категориялардын параллель формалары жана ал формалардын жалпы грамматикалык маанисин айырмалоочу коннотация (боектуулук, оттенкалар) уюштурат [7,96]. Тактап айтканда, морфологиялык синонимдерди тиги же бул сөз мүчөлөрү башка түзүлүштөгү сөздөр менен маанилештиги түзөт. Тилди таасир этүүчү негизги каражаттарынын бири – синонимия кубулушу. Пикир алмашуу учурунда, ойду туюнтууда синонимдик катарда турган ар бир тилдик каражат боектуу келет. Эгерде тилдик каражаттардын синонимиялык жиктелүү принциби бузулса, тексттин стилдик нормасы бузулат, стилистикалык чеги ажырабай калат.Жалпылап жыйынтыктап айтканда, морфологиялык каражаттардын синонимиясынын стилистикада, оозеки жана жазма кепте, көркөм чыгарманын тилинде, кеп ишмердүүлүгүндө орундуу, орунсуз кайталоону калыптоодо

ролу бар каражат экендигин байкадык. Кыргыз тил илиминде аталган тема актуалдуу, иликтөөнүн обьектиси экендигин баса белгилейм, ошондуктан ар тараптуу изилдөөнү талап кылат.

Адабияттар:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 1 том.-Б., 2018, -348 б.
2.Айтматов Ч . Чыгармаларынын 10-томдук толук жыйнагы, -Бишкек, “Улуу тоолор”,2018, -584 б.
3.Айтматов Ч. 5-том.Кылым карытар бир күн.Чынгызхандын ак булуту.-Бишкек, “Улуу тоолор”, 2014,-604 б.
4. Кожина М.Н. Стилистика русского языка. М.: Просвещение, 1983. -с. 223
5. Мамытов Ж. Азыркы кыргыз тили. – Б.: ЖЭКА, 1999. – 256 б.
6. Орузбаева Б.О. Сөз курамы. – Б.: Мектеп, 2000. – 360
7. Палевская М.Ф. Синонимы русского языка.-М., 1964, -с 128.
8.Пешковский А.М. Принципы и приемы стилистического анализа и оценки художественной прозы. Вопросы методики родного языка. Лингвистики и стилистики. М.. – Л.,1930.
9.Суранчиева Б. Синонимы в киргизском языке. АКД.-Ф.1971.-с29.
10. Суранчиева Б. Кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болуу булактары // Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. – Ф.: Илим, 1965. - 86 –100 б.
11. Хосенова А. Этистиктин лексика –грамматикалык сыпаты.
-Алама-Ата, Гылым, 1971.-с 56.

УДК 811

КОНЦЕПТ «ВЕЖЛИВОСТЬ» В РАЗНЫХ КУЛЬТУРАХ И ИХ ОСОБЕННОСТИ ПЕРЕВОДА

Нишанова Г.А., преподаватель E-mail: gnishanova@gmail.com
Ошский государственный университет

Аннотация: *В статье рассматриваются механизмы отображения концепта «вежливость» в стандартных выражениях, используемых в разговорной речи носителями трех лингвокультур, выявляются признаки, определяющие их сходство и различия, особенности их функционирования в указанных языковых сообществах.*

Ключевые слова:

этикет.

ТУРДУУ МАДАНИЯТТУУ «СЫЛЫКТЫК» КОНЦЕПТИСИ ЖАНА АНЫН КОТОРМОСНУН ОЗГОЧОЛУГУ

Нишанова Г. А., окутуучу E-mail: gnishanova@gmail.com
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Макалада үч лингвомаданияттын окулдорунун оозеки кебинде стандарттуу айтымдар да «сылыктык» концептинин колдонулушу,анын озгочолуктору,корсотулгон тилдин коомчулдукта иштеши каралган.*

Ачкыч сөздөр: *концепт, сылыктык, стандарттуу айтым, окшоштук, айырмачылык, табуу, тергоо, суйлоо этикасы.*

THE CONCEPT OF “POLITENESS” ACROSS LANGUAGES AND CULTURES AND THEIR TRANSLATION FEATURES

Nishanova G.A. lecturer E-mail: gnishanova@gmail.com
Osh State University

Abstract: *This article discusses the mechanisms for displaying the concept of "politeness" in common expressions used by colloquial speakers of three linguistic cultures, identifies signs that determine their similarities and differences, especially their functioning in these language communities.*

Key words: *concept, politeness, standard expressions, correctness, tact, courtesy, similarity, distinction, taboo, speech etiquette.*

1. Введение

т не только как средство сохранения, выражения и формирования культуры,

деятельности.

При рассмотрении задачи о вежливости в межкультурном аспекте следует исходить из того, что понимание вежливости у разных народов различно. У

–

–

концепт вежливости. Разное содержание данного концепта находит свое отражение в языке и речи и проявляется в лексико-грамматических, функциональных, прагматических и дискурсивных особенностях [1].

2. Методы исследования

Вежливость является одним из обязательных элементов общения, обеспечивающим ровное, успешное и бескон

-

половины XX века. В 60-х и 70-х годах в работах Э. Гоффмана, а также П. Браун и С. Левинсона были опубликованы основополагающие тезисы по изучению форм вежливого обращения.

литературе придается большое значение разработке теории вежливости (P. Brown, S. Levinson, 1987; B. Fraser, 1990; G. Kasper, 1996), так как считается, что данная категория играет немаловажную роль в процессе коммуникации. [2]

коммуникации между собеседниками. Эт

цели вежливости - улучшению процесса коммуникации.

3. Результаты и обсуждения

Поскольку в речевом этикете отражаются обычаи и традиции народа, говорящего на данном языке следует исходить из того, что понимание вежливости в разных культурах различно. Так, например, у одних народов вежливость может ассоциироваться с почтительностью и почитанием, - -

. Понять и объяснить, что такое вежливость можно только через рассмотрение культуры и

. Вежливость следует рассматривать как коммуникативную категорию.

В английском речевом этикете существуют достаточно эффективные приемы, с помощью которых реализуется принцип вежливости в вопросительных речевых актах. Во-первых, вежливость требует соблюдения определенных ограничений, связанных с

тематическим содержанием вопроса. Так, при обращении человека младшего возраста к старшему или при далекой социально-психологической дистанции нужно избегать вопросов, которые касаются личной жизни собеседника, его возраста, семейного положения, доходов, рода занятий, оценок других людей. В таких ситуациях адресат имеет право давать непрямые ответы, например: “Where would you go? Куда бы ты сходил? Кайда барат элең?” Во-вторых, при выборе формы вопроса, уместной в определенном коммуникативном контексте, необходимо принимать во внимание прагматический потенциал разных типов вопросительных высказываний, который является следствием их грамматической семантики. Таким образом, анализ разных типов вопросительных речевых актов, в которых реализуется принцип вежливости, необходимо проводить с учетом коммуникативного контекста, который включает такие признаки ситуации общения, как статус коммуникантов, степень социально-психологической дистанции и условия общения.

Существуют следующие языковые средства выражения вежливости в вопросительном речевом акте:

- лексические;
- грамматические;
- синтаксические;

Лексические средства выражения вежливости включают слова, которые имеют иллокутивную силу речевого акта просьбы (to ask, to beg, to beseech - просить, умолять, упрашивать - суроо, жалынуу, сурануу), речевого акта совета (to advise, to counsel, to recommend - советовать, консультировать, рекомендовать - кеңеш, таанышторуу, сунуш), речевого акта разрешения и запрета (to allow, to let- разрешить, позволить- уруксат, уруксат берүү), модальные глаголы (can, may - сможет, мочь - жаса алат, мүмкүн), глаголы и модальные соединения, которые выражают благодарность и извинение, диминутив (just, a bit, a little - только, немного, чуточку- эми гана, аз, бир аз), союз but - но - бирок, наречие please - пожалуйста - сураныч (добавляется к просьбе, приглашению), лексические единицы you know, you see - ты знаешь, ты видишь- билесинби, кордуңбү!

В корпус лексических средств выражения вежливости входят обращения, которые чаще употребляются при общении с малознакомыми людьми или при наличии значительной психологической дистанции между коммуникантами.

В целом, следует отметить, что употребление обращений, в том числе и нейтральных, выраженных именами собственными, имеет значительную коммуникативную нагрузку. Обращение призвано предоставить оттенок вежливости извинению, отказу в просьбе, несогласие с мнением адресата.

В русском речевом этикете существуют устойчивые формулы приветствия и прощания, например формы уважительного обращения к старшим. В русском обществе особую ценность представляют такие качества как, тактичность, предупредительность, терпимость, доброжелательность, выдержанность, что отражается и речевом этикете.

Тактичность - это этическая норма, требующая от говорящего понимать собеседника, избегать неуместных вопросов, обсуждения тем, которые могут оказаться неприятными для него.

Предупредительность заключается в умении предвидеть возможные вопросы и пожелания собеседника, готовность подробно проинформировать его по всем существенным для разговора темам.

Терпимость состоит в том, чтобы спокойно относиться к возможным расхождениям во мнениях, избегать резкой критики взглядов собеседника. Следует уважать мнение других людей, стараться понять, почему у них сложилась та или иная точка зрения. С таким качеством характера, как терпимость тесно связана выдержанность

- умение спокойно реагировать на неожиданные или нетактичные вопросы и высказывания собеседника.

Доброжелательность необходима как в отношении к собеседнику, так и во всем построении разговора: в его содержании и форме, в интонации и подборе слов.

Любой акт общения имеет начало, основную часть и заключительную. Если адресат незнаком субъекту речи, то общение начинается со знакомства. При этом оно может происходить непосредственно и опосредованно. Конечно, желательно, чтобы вас кто-то представил, но бывают случаи, когда это необходимо делать самому.

Таким образом, речевой этикет определяется ситуацией, в которой происходит общение. Русскому речевому этикету присущи такие качества как, тактичность, предупредительность, терпимость, доброжелательность, выдержанность.

Ю.В.Щербинина подробно рассматривает выделенные этикетные жанры и жанровые разновидности в аспекте их коммуникативных возможностей контроля вербальной агрессии.

1. Употребление обращений. Общеизвестно, что основная цель обращений установление и поддержание контакта между собеседниками. Вежливое и уместное обращение является одним из самых простых этикетных способов демонстрации благожелательного, уважительного отношения к человеку. С одной стороны, очень важно, чтобы ребенок на самых ранних этапах формирования языковой личности усваивал общепринятые нормы употребления обращений. С другой стороны, необходимо, чтобы обращение воспитателя, учителя было корректным, доброжелательным, не унижающим достоинства, не нарушающим гармонию общения в коллективе. Особо отметим, что варьирование форм обращений в условиях деструктивно конфликтного речевого взаимодействия позволяет педагогу вполне отчетливо продемонстрировать негативное отношение к действиям, поступкам, высказываниям ребенка и при этом дает возможность избежать открытой грубости, ответной обиды. Так, например, для корректного выражения отрицательной оценки, непрямого высказывания недовольства, несогласия, протеста иногда бывает достаточно обратиться к ребенку, используя полную форму его имени: “Соня, ты мне мешаешь! – You bothering me, Sonya! – Соня, мага тоскоолдук кылып жатасын!” и т.п. Таким образом, использование различных форм обращений к одному и тому же ребенку является достаточно эффективным способом педагогического воздействия и позволяет избежать ссоры, речевой агрессии в разрешении конфликта.

2. Вежливая просьба. В представленной нами жанровой системе вежливая просьба как этикетная жанровая разновидность противопоставляется грубому требованию, в котором реализуется вербальная агрессия. В этом отношении вежливая просьба как побудительное речевое действие, но неповелительного характера оппозиционна грубому требованию по следующим дифференциальным признакам:

- интонация выражения (спокойная, вежливая, доброжелательная, просительная);
- наличие объяснения причины побуждения;
- наличие этикетных формул (“не могли бы Вы…. - you don’t mind…- Мүмкүн сиз..”, “будьте так добры - would you be so kind - кичипейилдик менен”, “пожалуйста - please - сураныч”, “извините - sorry - кечиресиз”).

3. Вежливый отказ. Отказ, прежде всего, должен произноситься спокойным, ровным, добро – желательным тоном, что позволяет избежать ответной обиды или грубости собеседника. Нормы русского речевого этикета предписывают объяснение причин отказа (“ Я не могу этого сделать, потому что... - I can’t do it, because… - Мен муну жаса албайм, анткени”; “ Не могу выполнить твою просьбу по причине…I can’t fulfill your request, due to… - Мен силердин сурaнычынарды аткаралбайм, себеби”). Наконец, возможно и даже желательно использование дополнительных, смягчающих отказа

этикетных формул: извинения (“ Извини, пожалуйста, но я никак не могу…sorry, but i can’t… - Кечирим сурайм, сураныч бирок, бул нерсени аткаралбайм”); сожаления (“ К сожалению, не могу…unfortunately I can’t… - тилеке каршы, мен аткаралбайм ”; “ Мне очень жаль…I’m sorry…Мен абдан өкүнүп жатам”); обещание выполнить просьбу в другое время, в других условиях (“Завтра обязательно тебе помогу! - Tomorrow, I’ll definitely help you” - Эртең сага сөзсүз жардам берет; “С радостью сделаю это, если…I’ll be glad to do, if… Кубаныч менен аткарам, бирок” и т.п.).

В кыргызском культуре огромное внимание уделяет эстетическому воспитанию человека, и вежливость рассматривается как одна из составляющих этики. Спецификой проявления вежливости в кыргызском языке является такое качество, как почитание старших.Кыргызская вежливость больше проявляется в невербальной форме, а также через лексические средства, в первую очередь, через обращения:

“Келип калыпсыз, аксакал, иш илгериге батанызды бериниз!- дедим” - “Хорошо что пришли, аксакал, дайте ваше благословение” Good to come aksakal, please give your blessing“- (Айтматов 1978.стр 560). [3]

Следующей национально-специфической формой выражения вежливости является запрет на произнесение имени родственников мужа со стороны жены.

“Тергоо” возникает из запрета на произнесение имени и имеет место в речевом этикете женщин. Несоблюдение со стороны жены тергоо, может привести к интрокультурным конфликтам.[4] Отсюда, кыргызская невестка не может обращаться по имени к родственникам мужа. А вот к мужу, обращались как “балдарын атасы -отец детей - father of my kids” , “бай - щедрый - welthy” е или же “кожоюн - хозяин, господин - my lord”. Это явление имеет место в современном кыргызском общество в южных регионах страны. Как в повести Ч. Айтматова “Лицом к лицу” Сейде, саблюдая табу, не может назвать по имени мужа Ысмайыл, перефразировала как “Энемдин баласы!- деди ал кысталып шыбыраган ун менен. - “ Сын свекрови” сказала шепча. - “Son of my mother in low”- said by whispering.(Айтматов, 1978, стр.40) [5]

К другим родственникам со стороны мужа тоже приняты обращения перифразы - тергоо соответсвенно их профессиям и другим качествам или же свойствам их характера.

Соблюдение табу в речевом этикете женщин обусловлено не только культурной, но и временем. С течением времени санкционировавшая табу, ослабевает. В настоящее время тергоо по поколения женщин в культуре среднего поколения обращаются к своим мужьям по имени.

Таким образом, речевой этикет является устойчивым выражением и важным аспектом вежливости и вежливого высказывания.

В речевом этикете всегда отражается духовная культура народа, носителя данного языка и культуры, его традиции и обычаи, его мировидение и менталитет.

Литература:

1. Ларина Т.В. Категория вежливости в аспекте межкультурной коммуникации. На материале англиийской и русской коммуникативных культур: дис. ... докт. филол. Наук. М., 2003 495 с.
2. Brown P., Levinson S. Politeness: Some universal in language usage. Cambridge / P. Brown, S. Levinson. - UK: Cambridge University Press, 1987. - 352 p.
3. Айтматов Ч. Гулсарат. Повесть.- Фрунзе, 1978.
4. Касымбеков Т. Келкел. - Фрунзе: Мектеп, 1990.
5. Айтматов Ч. Лицом к лицу. Повесть– Фрунзу, 1978 стр 40.

УДК: 371.3(82)

Т. СЫДЫКБЕКОВДУН ЭНЕ ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮДӨГҮ РОЛУ

Нурмаматова Мейликан Тагайбековна, улук окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Ош, 723500, Кыргызстан, Email: nurmamatova2019@gmail.com

Аннотация: *Макалада Т. Сыдыкбековдун эне тил маселесине арналган илимий публицистикасынын практикалык мааниси жана жазуучунун улуттук тилдин өнүгүшүндөгү ролуна баа берүү жөнүндө сөз болду.*

Ачкыч сөздөр: *эне тили, улуттук адабият, сөз өнөрү, тарых, сөз чебери, адабий мурас, көркөм нарктуулук.*

РОЛЬ Т. СЫДЫКБЕКОВА В РАЗВИТИИ РОДНОГО ЯЗЫКА

Нурмаматова Мейликан Тагайбековна, ст.преподаватель
Ошский государственный университет
Ош, 723500, Кыргызстан, Email: nurmamatova2019@gmail.com

Аннотация: *В статье рассматривается о практическом значении научной публицистики Т. Сыдыкбекова посвященной задачам родного языка и оценки роли писателя в развитии национального языка.*

Ключевые слова: *родной язык, национальная литература, риторика, история, мастер слова, литературное наследие, художественная ценность.*

THE ROLE OF T. CYDYKBEKOV IN THE DEVELOPMENT OF THE NATIVE LANGUAGE

Nurmamatova Meylikan Tagaibekovna St. teacher Email: nurmamatova2019@gmail.com
Osh State University Osh, 723500, Kyrgyzstan

Abstract: *In the article there is a problem that belongs to T. Sydykbekovs practical importance of the scientific journalizm and writers assessment to the developing of national language.*

Key words: *native language, national literature, rhetoric, history, master of words, literary heritage, artistic value.*

1. Киришүү

Эне тил тагдыры эчен кылымдан бери келаткан “Манасты” жараткан улуу элдин оорулуу көйгөйүнө айланды. Учурдагы болуп жаткан маалымат майданындагы минут эмес секунд сайын алмашкан өзгөрүлмөлүү окуялар, фактылар түрдүү социалдык тармактарда жашап келет. Мындай жалпы публицистикада эне тилдин колдонулуш абалы кескин түрдө өзгөрүүгө учурап, улуттук тилибиздин кенч байлыгы эркин колдонулбай, тездик менен элдин эсинен чыгып баратканына күбө болуп турабыз. Ал эми улуттук тилдин коомдо жашап, элди тейлешинде акын-жазуучулардын орду чоң. Эне тилдин бай катмарын пайдаланып, көркөм күчүнүн даражасын окурманга арнаган, кыргыз элине эле эмес, мурунку союздук масштабдагы элдерге аттын кашкасындай белгилүү жазуучу, кара сөздүн чебери Т. Сыдыкбековдун эне тилдин өнүгүшүндөгү ролу эбегейсиз. Анын өз учурунда эне тил тууралуу айткан ойлору бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой келет.

Сөздү өз кунунда, өз маанисинде чебер колдонуу аркылуу тилибиздин уккулуктуулугун, көрктүүлүгүн даңазалаган бир нече макалаларды, ой жорууларды жазып, ар бир адамдын эне тили анын кан-жаны менен бирге келерин, анын маани-маңызын аңдоо менен гана “кишинин кишилиги” ачыларын айтып келген Кыргыз эл жазуучусу Т. Сыдыкбековдун эне тил тууралуу жазган илимий-публицистикалык

макалаларын, жыйындарда сүйлөгөн сөздөрүн жана чыгармачылык изденүүлөрүн талдоого алуу менен, жазуучунун улуттук тилдин өнүгүү процессине тийгизген таасирине баа берүү макаланын максаты болуп саналат.

2. Изилдөө ыкмалары

Кыргыз баласынын ички дүйнөсүнө жана психологиясына азык болчу байлыктарды камтый турган алтын казына көркөм сөз өнөрү экендиги өз ролун жоготуп баратканы чындык. Алыска барбайлы, үйдө олтуруп теледен кыргыз фильмдерин көрүп атканда, каармандар көп учурда нукура кыргыз тилинде сүйлөбөйт, же биротоло орус тилинде баарлашпайт. Кино чеберчилигинде улуу сөздү – кыргыздын көркөм тилинин укмуштуудай ажайып кооздуктарын, элестүүлөрүн, маңыздууларын, урпактан урпакка өтүп келаткан улама сөздөрүн пайдаланып, көркөм сөз өнөрү аркылуу ишке ашыруу эбак токтогондой элес калтырат. Чындыгында, элдик идеяны келечек муундун рух дүйнөсүнө сиңирүүдө искусствонун бардык түрү кыргыз маданиятын, сөз өнөрүн өркүндөтүү менен коомду тарбиялоодогу орду күчтүү. Ошол багытта Т. Сыдыкбеков: “... Баягы ташты эриткен сөз күчү, сөз деми, сөз касиети бул кезде акынга, жазуучуга, журналистке, ал тургай мугалим менен тилчи, тарыхчыларга анча сезилбей калды”,- деп өкүнөт [6,61].

Ошондой болсо да, улутубуздун уучу кур эмес экен. Азыркы кыргыз илимпоздорунун ичинен кыргыз тили жана адабияты, тарыхы, маданияты, философиясы ж.б. боюнча түрдүү маселелерди көтөрүп, аларды заман талабына ылайык улуу журтка сунуштоодо улуттун уюткулуу ордосу болгон Илимдер Академиясы үлкөн иштерди жасап келет. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун негизинде Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият, Философия жана саясий укуктук изилдөөлөр институттарынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунушталган академик А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында “Улуттук идея – адабиятта” аттуу үч томдон турган жыйнак жарык көрдү. Анын кириш сөзүндө: “Биринчиден, улуттук идеология, улуттук идеянын түпкү теги болуп кыргыз тили саналат”,- деп белгилейт А.Акматалиев [5,6]. Улуттук идеологиянын өзөгүн түзгөн тил туурасындагы кыргыз публицистикасындагы салмактуу макалалар менен, тил жөнүндө асыл ойлор жана эне тил темасындагы ырлар китептин өзөгүн түзгөндүктөн, андагы бир топ авторлордун макалалары менен биргеликте Т. Сыдыкбековдун тил тууралуу төрт макаласы кийрилген. Жазуучунун мындан 30-45 жыл илгери жазган макалаларында берилген эне тилдин эң орчундуу маселелери бүгүн да күн тартибинде турганы – ойлонто турган иш.

3. Жыйынтыктар жана талкуулоолор

Дүйнө жүзүндө өз тилинин бай тажрыйбасынын адамды адам кылып калыптандырууда ролу чоң экендиги талашсыз чындык. Ал эми кыргыз элинин улуттук тилинин төкпөй-чачпай ооздон оозго, атадан балага өткөрүп келишинде анын бай казынасынын турмуш чындыгы менен бирге келиши элдин тилге, сөз өнөрүнө берген чоң баасынан, улуу ойлорунан да белгилүү. Антпесе, Т.Сыдыкбеков айткандай, өзүн да, башкаларды да сыйкырдуу күчкө сыйынтпаса, анда ал (эне тил Н.М.) байыркы элди супсак кеп-сөз менен адеп-ахлакка тарбиялай албайт болчу [3,162]. Улуттук адабиятыбыздын көркөмдүк деңгээлинин эң жогорку баскычына жетип келишинде улуттук тилибиздин баасы чексиз экендигин дархан жазуучу өзүнүн чыгармаларында, макалаларында чагылдырып келген.

1956-жылдын февраль айында болуп өткөн КПССтин XX сьездинен кийин, совет өлкөсүнүн саясий, маданий чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөр болуп өткөн. Тарыхтан белгилүү болгондой, ал жылдары сталиндик саясат жокко чыгарылып,

репрессиялангандар акталып, адабият майданында да чоң жаңылыктар күтүлүп жаткан учур болгон. КПСС БКнын “Адабияттагы көркөм сын жөнүндө”, “Идеологиялык, саясий-тарбиялык иштерди андан ары жакшыртуу жөнүндө” кабыл алган токтомдорунун негизинде, Кыргызстан жазуучуларынын 4-6-сьезддери 60-70-жылдардагы адабий өнүгүштүн негизги тенденцияларына баа берип, жыйынтыктаган жана алдыдагы милдеттерди белгилеген. “Ошол учурда коомдук турмушта жазуу эркиндиги, саясат үстөмдүгү, нукура көркөм нарктуулук, адабий мурас ж.б. маселелер козголуп, бул тарыхый окуяны ар ким өз алдынча пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышты”,- дейт белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиев [2,145]. Дал ушул мезгилде Т. Сыдыкбеков тарых, этнография илиминдеги бир катар жаңы көз караштардын пайда болушу, Борбордук Азиядагы VI-VIII кылымдар аралыгындагы жашаган элдердин тарыхына тактоолор, илимий ачылыштардын кириши менен кыргыз элинин тарыхы жана андагы маданий баалуулуктар тууралуу иликтөө жүргүзө баштайт. Бир катар макалаларды жарыялайт. Кыйла жылдар Т. Сыдыкбеков иликтеп келген орто кылымдагы орток адабий мурастар, байыркы түрк жазууларынын кыргыз элине тиешелүү белгилери тууралуу ойлору ордунан чыкты. 1983-жылы М.С. Горбачев бийликке келгенден тартып, Советтер Союзунда жүрө баштаган кайра куруу саясатынын шарапаты менен, мурда жарыкка чыгарылбай тыюу салынып келген адабий мурастарды жарыялоо иши колго алынган. Т. Сыдыкбековдун кайра курууга чейинки эне тили, тарых, калк мурасы ж.б. маселелер тууралуу жыйырмадай макаласынын дээрлик бардыгы 1982-жылы “Мезгил сабактары” деген эмгекке жайгаштырылса, андан кийинки изилдөөлөрү 1991-жылы “Табылга” деген эки көлөмдүү жыйнактарына топтоштурулган. 1991-жылы СССР жоюлуп, Кыргыз Республикасы өз алдынча эгемендүү мамлекет катары таанылды. Мына ушул көп түрдүү кырдаалдар түзүлүп турган чакта улуттук адабияттын, эне тилдин, бай тарыхтын жүгүн көтөргөн жазуучунун алдындагы максат канчалык бийик, канчалык татаал болсо да, мурдатан белгилүү чен-өлчөмдөр менен чектебей, өзүнүн бүткүл далалатын улуттук нарктарга көтөрүп чыкты десек болот.Кыргыз совет адабиятында жазуучунун чыгармачылыгын изилдөө иштери 60-80-жылдарда солгундаганы белгилүү. Анткени анын коом жана андагы болуп жаткан ири окуялар тууралуу – ата мураска, улуттук тилге, тарыхка, жаштардын чыгармачылыгына, дегеле көркөм чыгармачылыкка карата ал жылдарда келип чыккан жарандык позициясы жогорку бийликтегилерге жана ага көшөкөрлөнө кызмат кылган интеллигенциянын өкүлдөрүнө жакпайт, алар менен ачык да, көмүскө да конфликтке келет. Ошентсе да, кийинчерээк анын романдарына жеке жана жалпы талдоо жүргүзүлө баштаган. Бул өз кезегинде Т.Сыдыкбековдун чыгармачылыгындагы эне тил маселеси жана ага мамилеси тууралуу келип чыккан актуалдуулукка негиз болот.

Т. Сыдыкбековдун 50 жылдык маараке сине арнап жазган “Тоо бөксөрбөйт” деген макаласында: “Мен анын негизги бөлүгүн – экинчи китебин кезинде орусчага которгом. Которуп жатып андан чоң канаат алганымды жашыра албаймын. Баарынан да романдын тил байлыгы, образдуу айкалыштары, эл турмушунун ауэзовдук арымга жакындап кеңдик менен көрсөткөн дархандыгы, көркөм деталдарынын дааналыгы жана тактыгы, улуттук боек-наардын кайталангыс таасындыгы тамшантып, чеберчилик жактан мага жакшы мектеп болду”,- дейт доорубуздун залкар жазуучусу Ч.Айтматов [1,123]. Ал кезде 34 жаштагы жазуучу өзүнүн чыгармаларын улуттук тилде жазуу чеберчилигинде “Тоо арасында” романын орус тилине которуу аркылуу жакындан таанышкан үчүн, анын тил байлыгынан, кеңири сүрөттөөлөрүнөн үйрөнгөнүн жашырбайт. Ал эми Т. Сыдыкбековдун чыгармачылыгындагы негизги каармандардын образдарына токтолуп жатып: “Элдин ар-намысына, абийирине туу болуп, турмуштун туткасы өңдөнгөн Соке өңдүү абышкалар да бардык жерден жолугат, алардын аскиялуу куунак сөздөрүнөн улуттук кулк-мүнөздүн

кыярбас кырлары кылактап турат”,- деп баа берген [1,123]. Муну менен Т. Сыдыкбековго кыргыз прозасынын “опол тоосу”, кыргыз улуттук тилинин бай казынасын кеңири колдонгон “кара сөздүн дарханы” деген эпитеттер ыйгарылганы баарыбызга маалым. Эгерде ал эпитеттер элдин купулуна толуп, баасына төп келбесе, ал мынчалык узак убакыт бою элдин арасында жашабасы белгилүү эле.

Жазуучу 1971-жылы (Жазуучу – жарчы. Сыдыкбеков Т. Табылга: Макалалар жыйнагы: Жаштар үчүн. 1991. – 688 б.) Кыргызстан жазуучулар союзунун кезектеги жыйналышында кыргыз эли, анын тарыхы, маданияты, жазуусу тууралуу кыргыз акын-жазуучуларынын алдына чоң милдеттерди коет. Анын эне тил тууралуу айткан ойлору ошол кезде гана таасирдүү болбостон, азыр да өз күчүн жоготпойт. Анда айтылган сөздөр жалындуу, чыныгы кыргыз элинин маселесин көтөргөн, өз кезегинде кыргыз элинин улуттук баалуулуктарына тийиштүү мамиле, камкордук көрүлбөй жатканын жар салып, ага түздөн-түз жазуучулар күнөөлүү болорун белгилейт. Ал тургай, айтылып жаткан ойлору үчүн улутчул деп жалаа жабыштыра койгон айрым адамдарга эскертүү да бере кетет. “Кай бир “кыраакыларга” эскертем: бул жерден менден улутчулдукту издеп ит оорусун карматпасын” дейт [4,19]. “Адам баласы иштеп чыгарган бардык байлыктарды билип, акыл-эсиңди илимге байытканыңда гана коммунист боло аласың”- деген В.И.Лениндин сөздөрүнөн үзүндү келтирет. Мындан жазуучулук милдетинде заманга жараша Маркс, Энгельс, Лениндин чыгармалары менен тааныш болгондугун дагы бир ирет айкындап, угармандардын арасында отурган шектүүлөргө карата суроо салат. Ал тургай, В.И. Лениндин чыгармаларынан кээ бир сүйлөмдөрдүн туура эмес которулганын далилдеп, бөрк ал десе, баш алгысы келген саясатчылардын лениндик ойлорду тикелей бурмалап жатканын ашкерелеген. Туура эмес которуу аркылуу тилге карата копол мамиленин баса белгилеп: “...ага жазуучулар, адабиятчылар, тилчилер, тарыхчылар, журналисттер, мугалимдер – бардыгыбыз айыптуубуз. Мына ушул бизден кийин, ушул бардыгыбыздын эне тилдин тазалыгын талап этпеген сиздер айыптуусуздар... [4,24].

II ***бер (бергин), кел (келгин)***	II ***беринг, келинг, берингиз, келингиз***
III ***берсин, келсин***	III ***беринг (лар), келинг (лар) беришсин/***

Бул формалар (**-айын, -айлы**) кыргыз тилинде өзүнчө грамматикалык маниге ээ болуп, ыңгайдын өзүнчө түрүн берет. Тактап айтканда, ниет ыңгайдын мүчөсү болуп эсептелет, төмөндө кеңири токтолобуз.

Таза буйрук маанин берген этиш сөздөр экинчи жана үчүнчү жакка карата айтылат. Ошондуктан мында сүйлөмдө катышкан жактын өзү катышат. Бирок экинчи жак формасында да бардык учурда эле буйруу мааниси бериле бербейт. Экинчи жак формасында да аракетти билдирүү, аракетке үндөө негизги орунда болот. Чакырык мааинси, үндөө көбүнчө түрдүүчө катышта болушу мүмкүн. Ошон үчүн бул формада чыныгы, таза маанидеги буйруктан тартып, коркунучка чейин экинчи тараптан сурануу, жалбарууга чейин болгон карым катышты билдирүүсү мүмкүн. Ушул сыяктуу сүйлөөчү каалоону өзү билдириши да мүмкүн. Мисалы: *Солим, корага* ***айтинг,*** *фермада хисоб-ктобнитугрлаб койсин* (Х.Г.). ***Йукалинг*** *дедим Кузимнга куринманг аблах одам...* (А.М.). *Уртак командир, шунинг жовабкарчилигини мендан олиб* ***ташланг,*** *- деди* (А.У.).

Кыргыз тилиндеги буйрук ыңгай төмөндөгүдөй жолдор менен жасалат:

1. Биринчи жактын көптүк түрүнүн мүчөсү (***-алы, -алык***) менен: *Эртең таң эрте жолго* ***чыгалы*** (“Асаба”).

2. Экинчи жактын жекелик санында жак мүчөсүз айтылышы менен: ***Кое бер,*** *жолобо деймин* (С.Т.).

3. Экинчи жак жекелик сандагы ***–гын, -гының*** мүчөлөрү жалганып айтылып, буйрук кылуу, талап кылуу маниллерин берет: *баскын, жаткын, айткының, көргүнүң, күлбөгүнүң* ж.б. Мисалы: *Көзүңдү ачкын, - деп сөмөйү менен көзүнө кезеди* (А.С.). Ушул

эле жакта ***–ыңыз*** формасы менен сылык түрүндө да айтылат: *алыңыз, айтыңыз, таарынбаңыз* ж.б.

4. Экинчи жактын көптүк санындагы ***–гыла*** мүчөсү менен да буюруу да, талап кылуу да маанилери берилет: *Экинчи кайра кайрылып* ***келбегиле****, көзүмө такыр* ***көрүнбөгүлө!*** (Р.Т.).

5. Үчүнчү жактагы ***–сын*** мүчөсү да чыныгы буюруу, талап кылуу маанилерин берет: *сезсин, кайтарып беришсин, моюндарына алсын, тез кетсин, орду жоюлсун* ж.б. Ушул эле мүчөнүн алдында көптүктү туюнткан ***–ыш*** мүчөсү авйкашып келип да буйруу, талап кылуу маанилерин берип калат: *көрүшсүн, айтышсын, аткарышсын,* ж.б. Мисалы: *Азыр абдан* ***ойлонсун****, кийин өкүнүп* ***калбасын*** (А.Т.).

Салыштырлган тилдердеги ыңгайдын бул түрүндө айрым бир айырмачылыктардын бар экендигин байкоого болот. Өзбек окумуштуулары кыргыз тилиндеги ниеттик маанини да буйрук ыңгайдын ичине камтып коюшкан. Кийинки муундагы өзбек окумущтуулары ыңгай категориясына дагы башкача көз караш менен карагандыгын да көрөбүз. Ал тургай, өзбек тилинде ыңгайдын үч гана түрүн белгилешет.

Өзбек тилиндеги буйрук-истак ыңгайынын биринчи жана үчүнчү жактагы формалары суроо маанисин туюнтуучу, ошондой эле, боолгоо, ойлоо сыяктуу маанилерин туюндуруучу каражаттар менен колдонула алат. Анын себеби ушул жак формаларынын маанилик өзгөчөлүктөрүндө. Мисалы, *эртага келайми, эртага келсинми, эртага келаймикин, эртага кеосинмикин* сыяктуу колдонуу көп учурайт. Бирок *эртага келми, эртага келмикин* түрдөгү формалары жок. Мындай мааниде экинчи жактын учур-келер (хозирги-келаси) чак же шарт ыңгай формасында колдонулат: *эртага келасанми, эртага борсамикин, эртага борсамизмикин* сыяктуу.

Сүйлөм тизмегиинде бул ыңгай көбүнчө буйрук, илептүү жана татаал сүйлөмдүрдүн ичинен шартуу багынңкы, максат багыныңкы, карама-каршы багыныңкы ж.б. сүйлөмдөрдү түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, буйрук (буйрук-истак) ыңгайдын формасы кыймыл-аракеттин башка бир аракет көрүнүштөрүнөн мурда аткарылуучу кыймыл-аракет экенини, ал аткарылгандан кийин дагы бир нерсенин болушун билдирүү үчүн да колдонулат. Кийин ойдун кандай бүтүшү көбүнчө контексттен билинип калат. Эки тилде тең буйрук ыңгайдын жогоруда көрсөтүлгөн формалары менен катар эле айрым жардамчы этиштер жана бөлүкчөлөр да жыш колдонула берет.

Шарттуу (шарт) ыңгай

Шарттуу ыңгайды эки тилде тең ***–са*** формасы уюштурат да бул мүчөдөн кийин жак мүчөлөр жалганып келе берет.

Кыргыз тилиндеги шарттуу ыңгайдын грамматикалык мааниси болуп кыймыл-аракеттин же ал абалдын ишке ашыш үчүн шарттын болушу талап кылынат. Эгер ошол шарт болсо, аракет ишке ашат. Эгер ал шарт болбосо аракет ишке ашпайт.

Шартуу ыңгайдын ***–са*** мүчөсү менен этишти жасоочу ***–са*** мүчөсүнүн грамматикалык маанилер эки башка, чаташтырууга болбойт. Этишти жасоочу ***–са*** мүчөсү жаңы сөздү жасаса, шартуу ыңгайдын ***–са*** мүчөсү андай касиетке ээ эмес. Ал болгону этиш сөзгө грамматикалык маани, тагыраак айтканда, шарттын болушун талап кылат.

Шартуу ыңгайдагы этиштер грамматикалык жактан өз ара төмөндөгүдөй айырмачылыктарга ээ:

1. Мезгилдик, убакыттык маанилер менен байланыштуу: *Кызара бөртүп, бозоро* ***жортсоң****, ыраатын дайым көрөсүң* (П.О.). *Алар келгенге чейин* ***бүтүрсөң****, сен да сыйлыкка татыктуу болосуң* (“Ала-Тоо”).

2. Каалоо, тилөө маанилериндеги шарттуулук маани менен да тыгыз байланыштуу: *Токсон жашка чыкканыңызды* ***көрсөм****, эл алдында өзүңүздөн бата* ***алсам****, сизде да, менде да арман болбос эле* (Оозеки кептен).

3. Сан-өлчөмдүк мааниде шарттуулук менен байланышат: *Канча көп* ***эмгектенсең****, ошончо көп ыраат көрөсүң* (Сүйлөшүү чтилинен).

4. Салыштыруу маанисиндеги шарттулук менен байланышат: *Өзүңдү эр ойлйосоң, башканы шер ойло (Макал).*

5. Карама-каршы маанидеги шарттуулуктун берилиши: *Ал сага таш койсо, сен ага аш койгун* (Макал).

6. Сурануу, жалынуу, жалбаруу маанисине байланышкан шарттулуктун берилиши: *Үйгө барып келгенге уруксат берсеңиз, айткан ишиңиздин баарын аткарам* (А.Т.).

7. Себебин аңдоо маанисине байланышкан шарттулуктун берилиши: *Айткандарыңдын бирин түшүнсөм, кайра-кайра сурабас элем* (Э.К.).

8. Орундук маанидеги шарттуулуктун берилиши: (К.О.). *Кайда барсам, ошондо да сен болосуң* (С.Ж.).

9. Өкүнүү, кайгыруу маанисине байланышкан шарттулуктун берилиши. Бул учурда адатта ***–чы*** мүчөсү жалганып калат: *Ат арыбас болсочу, Жаш карыбас болсочу* (Токтогул).

Кыргыз тилинде шартту ыңгай кыймыл аракеттин аткарылышына же аткарылбашына сүйлөөчү тарабынан коюлган болжолдуулукту, шарттуулукту билдирген этиштин формалары болуп эсептелет [1,- 163].

Өзбек тилиндеги шарттуу (шарт) ыңгай да ***–са*** мүчөсүнүн жардамы менен уюшулуп, ага жак, сан мүчөлөр жалганып келе берет. Жекелик санда: *келсам, келсанг, келса;*көптүк санда: *келсак,келсангиз, келсанглар, келсаларинг, келсаларингиз, келсангизлар, келса (лар)* же *келишса.* Өзбек тилинде да шарттуу ыңгай грамматикалык мааниси жактан бир нече майда топторго бөлүнөт:

1. Шарттуу ыңгайдын формасындагы этиш башка кайсыл бир кыймыл-аракеттин аткарылышы үчүн шарттын болушун талап кылат, башка бир кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбастыгы шарттуу ыңгайдын формасы туюнткан аракеттин аткарылышына же аткарылбастыгына байланыштуу болот. *Сен хам укисанг, шундай одам буласанг, углум!* (М.Р.). *Шу ишларнинг хаммасини килсак, бахтли буламиз деб уйлаган эдик* (Б.Р.).

Баш сүйлөмдүн баяндоочу ***-са*** мүчөлүү болушу мүмкүн. Бирок мындай учурда ***–са*** мүчөсү менен жасалган форма шарт маанисин эмес, кээде сурануу, жалынуу маанисин берип калат: *Агар сизлар рози булсангиз, юкари якка масала куйсак* (Н.С.).

2. Убакытты билдирип, мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткарып келет: *Ишка кетиетканимде хеч кимис йук эда, келсам ишни тугатишибдилар* (О.К.).

Шарттуу ыңгай формасы учур чактын ***-ёт*** көрсөткүчүн колдонсо бардык учурда мезгилдик маанини билдирип калат: *Кеча укишдан койтиб келиятсам, олдимдан Одилжон йуликди* (М.Т.).

3. Каалоо манисин билдирет: бул маанини билдиргенде жөнөкөй сүйлөмдүн же татаал сүйлөмдөрдө баш сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып да колдоно берет: *кани энди икилоб булса-ю, мехнаткаш халкхонни агдариб мамлакатни узи идора килса, хамма эркин нафас олса* (Ж.Ш.).

4. Өтүнүүнү, кеңешүүнү билдирет. Мындай учурларда да каалоо (истак) мааниси жоголбойт. Каалоо болбосо, өтүнүү, кеңешүү да болбойт. Бирок ага салыштырмалуу кеңешүү, өтүнүү негизги орунда болот. Мисалы: *Агар бемалол булса, уша кишини чокириб берсангиз* (Б.Р.).

5. Түрдүү типитеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдө себеп жана себепке жакын маанилерди туюнтат: *Йук, бирда-икида хат ёзмаган булсам, уят булади* (М.И.).

6. Кыймыл-аракеттин аткарылыш же аткарылбастыгы кызыкчылыкка же пайдага каршылыкты туюнтат. Мында кыймыл-аракеттин аткарылышынан же аткарылбастыгынан кызыкдар болгон тарап аргасыз абалда болот жана кыймыл-аракеттин аткарылбашы ага байланыштуу болот. *Нима килай, кулиб кулолмасам, йиглаб йиглолмасам* (Б.Р.).

7. Тутумунда ***ки*** бөлүкчөсүн алган тануу формасындагы сөз катышкан сүйлөмдөрдө кыймыл-аракеттин аткарылыш аткарылбастыгына тануу формасындагы сөз билдирген аракет-көрүнүшкө жол бербестигин билдирет. *Ахир янги келганэмоссизки, тартибни билмасангиз.* (С.А.).

8. Шартуу ыңгай формасы **хам** жана **да** бөлүкчөлөрү менен колдонулганда тоскоолсуздук маанисин билирет жана багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу болуп келет: *Хафа килманг уларни, бола-да. Шухлик килсалар хам жуда тойдирип сугорибтилар* (О.Ё.).

Жыйынтыктап айтканда, салыштырылган тилдердеги этиштин ыңгай (майл) категориялары окшоштуктарга да, айырмачылыктарга да ээ экендигин ыңгайдын жогорудагы эки түрүнөн байкадык. Тагыраак айтканда, кыргыз тилине тиешелүү ниет ыңгайдын ***–айын, -айлы, -гай (эле)*** сыяктуу грамматикалык формалары өзбек тилиндеги буйрук-истак деп аталган түрүндө берилгендигин байкадык.

Адабияттар:

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин морфологиясы. –Бишкек, 2008. – 284 б.
2. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили морфология. –Бишкек, 1997. – 296 б. “Кыргызстан – Сорос фонду.
3. Турсунов У. ж.б. Азыркы өзбек адабий тили. –Ташкент, 1992ю – 399 б.
4. А.Нурмонов, Р.Расулов. Узбек тили жадвалларда. –Ташкент, 1993. -182 б.
5. А.Абдурахмонов, Ш.Шоабдурахмонов, А.Хожиев. Узбек тили грамматикаси I том. –Тошкент, 1975. – 610 б.

УДК 342.725(811.111)

ЧЕТ ТИЛИН (АНГЛИС ТИЛИН) ОКУТУУДА МАДАНИЯТ МЕНЕН ТИЛДИ БИРГЕЛИКТЕ ҮЙРӨТҮҮ

Салиева Айсулуу, изилдөөчү
Сагындыкова Р.Ж., ф.и.к., доцент
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Англис тилин окутууда маданият менен тилди биргеликте үйрөтүү, аларды тыгыз байланышта кароо зарылчылыгы келип чыгат. Тил аркылуу башка элдин маданиятын өздөштүрүү жана өз маданиятыбызды жайылтуу мүмкүнчүлүгү бар. Макалада маданият менен тилдин чогуу изилдениши, аларды анализдөөнүн актуалдуулугу жөнүндө сөз боллот. Ошондой эле маданият сөзүнүн чечмеленишине карата көз караштар талданат.*

Ачкыч сөздөр: *маданият деген эмне? американын маданияты, англис тилин үйрөтүү.*

СОИЗУЧЕНИЕ ЯЗЫКА И КУЛЬТУРУ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА(НАПРИМЕР АНГЛИСКИЙ ЯЗЫК)

Салиева Айсулуу, исследователь
Сагындыкова Р.Ж. к.ф.и., доцент
Ошский государственный университет

Аннотация: *в процессе изучения английского языка соизучения языка и культуру, язык и культура тесно связанно. С помошью языка мы изучаем культуру чужого народа и тем самым мы переаем нашу культуру другим. В этой статье мы рассмотрим вопросы такие как : как одно временно учить язык и культуру? Объязательно ли учить культуру совместно с языком? Что такое культура?*

Ключевые слова: *Что такое культура? Культура Америки, соизучение англиского языка.*

LANGUAGE CO-EDUCATION AND FOREIGN LANGUAGE CULTURE (E.G. ENGLISH)

Salieva Aisuluu, researcher
Sagyndykova R.candidate of filological scines, dosent
Osh State University

Abstract: *in the process of learning English, co-learning the language and culture, language and culture are very close. With the help of language, we study the culture of another nation and also we transfer our culture to others. In this article we will consider questions such as: how to learn the language and culture? Is it obligatory to learn culture together with language? What is a culture?*

Key words: *What is culture? American culture, co-study of the English language.*

Маданият (латын тилинен которгондо тарбия, тарбиялануу дегенди билдирет). Маданият тарых, искусство, тарых, тил илими, саясий илимдер, этнология, психология, экономика, педагогика жана башка предметтер менен тыгыз байланыш. Ошондой эле акыл-эс, билим, абийир жана уят сыяктуу эле – маданият адамды адам кылып турган негизги категориялардын катарына кирет жана алар менен өз ара тыгыз байланышта.

Маданият деп адам баласы өзү чыгарган, бирок негизги максат катары экономикалык пайда көздөбөгөн нерселердин баарын, анын ичинде көркөм өнөрүн, сөз байлыгын, кийген кийиминен тартып жүрүш-туруш эрежелерине чейин бардыгын чогуу түшүнөбүз.

Ар бир улуттун маданияты анын тарыхый-географиялык шарттарына, басып өткөн жолуна, дүйнө таанымына жана башка ар кандай жагдайларга көз каранды. Демек, ар бир элдин маданияты анын ички маңызын, дүйнөгө болгон көз карашын жана мамилесин туюндурат деп Жыргалбек Касаболотов, конфликтолог белгилеп кетти.

Ал эми Абдымамбет Сариев белгилүү жазуучу маданиятты төмөнкүчө белгилейт.

Кыргыздын улуттук маданияты негизинен эки бөлүктөн турат:

1. Ички маданият.
2. Тышкы маданият.

Бул экөө тең кыргыздын улуттук каада-салтынын, үрп-адатынын эреже, жол-жоболорун жетекчиликке алып, ар бир чейрек же жарым кылымда замандын өзгөргөн тартибине ылайыкташып, ар бир муунду негизги өзөгүнөн ажыратпай, мурдагы маанисин сактап калып, жаңы өзгөрүүлөрдү ылайыгына жараша кошуп жүрүп отурат да, жалпы кыргыз элин тарбиялап, жол көрсөтүп, улуттук өзүнчөлүктү жана өзгөчөлүктү сактап турат.

Ички маданият деген – бул ар бир кыргызды улуусунан кичүүсүнө, аял-эркегине карабай байыркы ата-бабалардан калган жүрүш-туруш адебин, бири-бирине мамиле жасоо адебин, тамак ичүү адебин, кийим кийүү адебин, сөз сүйлөө адебин, эмгектенүү адебин, отуруп-туруу адебин, ата-энеге мамиле жасоо адебин, аял менен эркектин ортосундагы мамиле адебин, улуу-кичүү адебин, дос-душман адебин, тууган, куда-сөөк адебин, коңшу, айылдаш адебин, уруу (урук) адебин жана башка күндөлүк жашоо-тиричиликте кездешип туруучу адеп мамилелерин жөнгө салган эрежелерди ичине камтып, атадан балага, энеден кызга, улуудан кичүүгө мурасталып келген тартиптердин Мыйзамы болуп эсептелет.

Тышкы маданият деген – бул жалпы кыргыз элине таандык улуттук өзгөчөлүктү билдирип турган кулк-мүнөздү калыптандырууга тарбиялоо адеби, өнөргө үйрөнүү адеби, элдик музыкалык аспаптарды сактоо жана колдонуу адеби, Манасты ыйыктоо адеби, жан-жаныбарларга аңчылык кылуу адеби, жылкы, куш, тайган үйрөтүү жана сактоо адеби, узчулук жана устачылыктын сырын өздөштүрүү жана ага мамиле жасоо адеби, жоокердик духтун адеби, башка элдер менен мамиле түзүүдө өзүн алып жүрүү адеби, душман элдер менен сүйлөшүү адеби, дос элдер менен сүйлөшүү адеби, эл-жерди сактоо маселесинде бир тартипке баш ийүү адеби, от, суу, тоо, таш, жан-жаныбар, өсүмдүк-дарак ж.б. жаратылыштын байлыктарын ыйык сактоонун жолун үйрөтүү адеби, Ата Журтту ыйыктоо адеби, башка элдер менен бирге тамак ичүүдө улутту уятка калтырбоо адеби жана башка ушул сыяктуу адептердин жыйынтыгын чыгарып, күндөлүк жашоо-тиричиликтен тышкаркы жалпы улутка тиешелүү Адептерди ичине камтыган эрежелердин жыйындысы болуп эсептелет. [1].

Ушул сыяктуу эле Америка элинин да өзүнүн маданияты бар. Америкалыктардын маданияты жана алардын менталитети ошондой эле кээ бир өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт: алар келечекке кам көрүү, пенсияга акча камдоо жана балдарынын окуусуна акча топтоо, 18 жашка чыккан учурда америкалыктар балдарын камсыздабай коюшат жана бул көрүнүш аларга жат эмес. Жаш муундар жаңы жашоого болгон мүмкүнчүлүктөрү өтө чоң, алар жакшы шарттарда, көпчүлүк мүмкүнчүлүктөрдө чоңоюшат. Америка элинде мектеп окуучулары сабактан кийин өз ара убактысы аз болгон жумуштарда иштешип, эркин жашоого көнө башташат. Бул алардын келечегине да аябай чоң таасир берет жана өзүн өзү тарияблоо да ушул тартипте жүрөт. Бул нерсе алардын ата-энесинен көз карандысыз болууга жардам берет. Алар балдарын кичинекей кезинен эле эркин өз оюн эркин билдирүүгө үйрөтүшөт. Бул көрүнүштө жаш балдар эркин жана башка адамдар менен кенен баарлаша алышат. Ушул менен эле американын маданияты чектелип калбайт. Америкада ар кандай диндердин агымдары бар. Американы ар кандай улуттардын топтомунан түзүлгөн өлкө деп да атасак болот. Расмий маалыматтар боюнча АКШ калкынын көпчүлүгү протестанттар болжол менен 52% ди түзөт, америкалыктардын 24%ди рим-католик жана андан сырткары мусулман элдери, буддисттер, атеисттер жана башка диндерди карманууучу элдер жашашат. Америкалыктардын да маданияты дүйнөдөгү мыкты маданияттардын бири жана ошондой эле аларда балдарын кичиненсинен чиркөөгө алып барышып өзүнүн динин таанытышат. Өздөрүнүн салт-санаасын аткарышат. Маданият менен тилди алып кетүү анчалык деле кыйынчылык келтирбейт деген ойдомун. Себеби изилдөөнүн артынан маданиятка байланыштуу көптөгөн сөздөрдү үйрөнөбүз, айрым катаалчылыктардын айынан маданиятка кайрылабыз, бул учурда адамда өзү менен өзү күрөшүү жана изилдөө процесси жүрөт.

Болжол менен мындан 50 жыл мурда атактуу укук коргоочу, Нобель сыйлыгынын ээси, окумуштуу жана публицист Мартин Лютер Кинг мынтип айткан:

“Intelligence plus character - that is the goal of true education”

“Акыл менен кулк мүнөз - чыныгы билим берүүнүн максаты болуп саналат”. Окуп билим алуу менен эле адам баласы чектелип калбайт, ал айлана-чөйрөгө карап өзгөрөт, чоң-кичинеден тарбия алат, кулк мүнөзүн оңдойт. Эң биринчи тарбия үйдөн башталат дейт, андан кийин бала тиешелүү жерге билим алууга берилет. Кыргыз Республикасында билим берүү системасы боюнча 1-4 класстар билим берүүнүн алгачкы баскычы деп саналат. Негизги орто билим берүү 5 жылга созулган, бул негизги орто билим берүүнүүн экинчи баскычы, орто билим берүүдө 5-9-класстар камтылат, толук орто билим берүү баскычы жогорку мектептерге жол ачат, эки жыл аралыгында орто билим берүүдө кесиптик орто билим берүү мектептеринде, гимназияларда, лицейлерде (10-11окутуу жылдары) ишке ашырылат. Толук орто билим алуу мөөнөтү-11 жыл.

Башталгыч мектепке 6-7 жаш курагындагы балдар алынат. Тогуз жылдык негизги билим алуу милдеттүү болуп саналат. Толук орто билим алуунун жыйынтыктоочу баскычы бардык мамлекеттик, менчик мектептерде, лицейлерде, гимназияларда жүргүзүлөт. Акыркы этапта кесиптик мектептерде ар кайсы предметтерди тереңдетип окууга мүмкүнчүлүк бар. Окуусун ийгиликтүү аяктаган бүтүрүүчүлөр, мамлекеттик үлгүдөгү толук орто блилимге ээ экендиги тууралуу документ – орто билим тууралуу аттестат алышат.

Орто билимдин экинчи баскычына орто билим берүү базасында билим берген кесиптик лицейлердин, техникумдардын жана колледждердин 4 жылдык окутуу программаларына туура келет. Аталган программанын бүтүрүүчүлөрү кесиптик билимге ээ болуу менен биргеликте толук орто билимге ээ болушат.

Толук орто билими тууралуу аттестаттын жана ага тең болгон башка толук орто билими тууралуу күбөлүктүн болушу жогорку окуу жайга тапшырууда эң зарыл шарт болуп эсептелет. Жогорку билимдин бардык программаларына кабыл алуу кирүү сынактарынын натыйжасында ишке ашырылат. 2000-жылдан бери ЖРТнын жыйынтыгы менен алынат.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларына университеттер, анын ичинде мамлекеттер аралык, эл аралык келишимдин негизинде түзүлгөн – Кыргыз-Орус (Славян), Кыргыз-Түрк, жана Кыргыз-Америка университеттери, академиялар, институттар жана бакалавр, адис жана магистрдик даража бере турган жогорку окуу жайлар кирет.

Азыркы учурда жогорку билимде мурдагы квалификация системасы бар. Ага ылайык, көпчүлүк адистиктер тармагында (инженердик, педагогикалык, юридикалык) билим алуу үчүн беш жылдык окуу зарыл. Программаны ийгиликтүү аяктаган учурда адистикти тастыктаган диплом биринчи академиялык даражага ылайык келген жогорку билимдин эки даражалуу системасы ыйгарылат. 4 жылдык билим алгандан кийин бакалавр даражасы ыйгарылат, ал эми 2 жылдык даярдык биринчи академиялык баскычтан өткөндөн кийин магистрдик даража ыйгарылат. Медициналык адистиктер боюнча адистикти тастыктаган диплом 6 жыл окугандан кийин ыйгарылат. Ал эми стоматология жана ветеринардык медицина боюнча 5 жыл окугандан кийин берилет.

Жогорку окуу жайды бүтүргөндөн кийинки программалар өзүнө эки жана үч жылдык программаларды камтыйт. Анда илимдин кандидаты жана философия

илимдеринин доктору (PhD) даражалар ыйгарылат. Кыргыз Республикасында ыйгарылган эң жогорку академиялык даража доктордук даража.

Жогорку билим алуунун университеттик эмес программаларына эки же үч жылдык техникалык, экономикалык, педагогикалык жана медициналык адистиктер боюнча алынган маалыматтар кирет. Бул билимдер техникумдарда, коллеждерде жана толук орто билим берүү базаларында берилет. Кыргыз Республикасынын окуу жайларында 5 баллдык баалоо колдонулат. Аталган аналогдук баа берүү Россиянын окуу жайларында да колдонулат.[2]

Американын билим берүү системасына өтсөк АКШда билим берүү мамлекеттик жана менчик болуп бөлүнөт. Ар бир штат өзүнүн билим берүү мыйзамдарына жана башкаруу органдарына ээ. АКШда билим берүү 6 жаштан башталып, 12 жылга созулат да, үч баскычтан турат жөнөкөй мектеп - 6 жыл, кенже орто мектеп - 3 жыл, жогорку орто мектеп - 3 жыл. Мектепти бүткөндөр орто билим жөнүндөгү диплом алып жогорку окуу жайларга тапшырат. Жогорку билим алуу көпчүлүк учурда 4 жылга (бакалавриат) созулат. Билимин улантуучулар магистратурада (1-2-ж.) окуйт. Белгилүү окуу жайлары: Гарвард, Пенсильвания, Пристон, Йель, Нью-Хейвен, Колумбия, Иллинойс, Калифорния, Корнелл, Чикаго университеттери, Масачуссетс техникалык институту ж. б.[3]

АКШда мектептер көп учурда бир же эки кабаттуу имараттан турат, анын ичинде өздөрүнүн биринчи жардам көрсөтүү кааналары, унаа токтоочу жай, спорттук стадиондор жана балдар аянтчалары бар. Шарты жок же дагы бир себептери бар окуучуларга атайын мектеп интернаттары бар ал жерде студенттер жашашат жана мамлекет тарабынан аларга жардам көрсөтүлөт. Ар бир окуучуга өзүнчө шарт түзүлүп берилет. Ошондой эле коридорлору жылуу, тамак-аш, суусундук менен камсыз болушат. Дагы бир кызыктуусу баарыбыз эле кинодо көрүп жүргөндөй ар бир мектепте (cheerleader) колдоо тобунун кыздар командасы түзүлгөн. Алар спорт мелдештеринде өздөрүнүн мектебинин спортчуларына колдоо көрсөтөт. [4]

Америка мектептери бизден айырмаланган жери эч кандай күзгү же кышкы эс алуу жок. Жаңы жыл майрамдары гана бар. Алар бир гана жайкы эс алууга чыгышат. [5]

Улантуу жолу эки баскычта жүрөт: магистратура даражасын алуу үчүн бакалавриатта зарыл болгон 4 жылды окуп, 2 жыл окуудан кийин магистр боло алат. Көп учурда, магистр даражасын алып, бир нече жыл өткөндөн кийин жана башка бир мекемеде орун алат. Кийинки этап - аспирантура жана иш коргонуу.

Америкалык жогорку окуу дүйнөдөгү мыктылардын бири болуп эсептелет. ЖОЖдор дүйнөдө жогорку орунду ээлейт. Окуучулардын 40% аяктагандан кийин бир жыл иштеп же өлкөдөн убактылуу чыгып келишет, же болбосо мыкты америкалык компанияларда туруктуу жумуш менен турак- жай менен камсыз кылат. Збигнев Бзежинскинин айтымында, "Америка заманбап билим алгысы келгендер үчүн Мекке болуп калды; абдан жөндөмдүү көптөгөн болжол менен бир жарым миллион чет элдик студенттер АКШга барып жатышат, үйүнө кайтып келген жок. Америка ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү, дээрлик ар бир континентте табууга болот.

Жыйынтыктоо

Биздин мамлекеттен да Америкага барып окуп келгендер жана азыркы мезгиледе да ошол жакта билим алып жаткандарын саны аябай көп. Жыл сайын студенттер “work and travel”, “flex” ж.б. программалары менен барып иштеп келип жатышат.“Work and

travel” студенттер үчүн түзүлгөн программа болсо, “flex” мектеп окуучуларына арналган программа, Американын мектептеринде билим алып алардын үй-бүлөлөрү менен жашап, окууну да маданиятты да кошо үйрөнүп келе жатышат. Ал эми Америкадан биздин университтерибизге волонтерлор жылдан жылга көп келе башташты, бул да болсо биз үчүн аябай чоң мүмкүнчүлүк. Америкага барбай туруп алардын тилин жана маданиятын үйрөнүүгө болот жана алар да бизден көптөгөн нерселерди үйрөнүп жатышат. Тил менен маданиятты бирдей алып кетүү оңой эмес, бирок ал экөө дайым бирге жүрөт жана тилсиз маданият болбойт, маданиятсыз тил болбойт.

Литература

1. Кармыштегин М.Ө. «Тил жана Котормо» журналынын автору, ф.и.д, окумуштуу.
2. Майрамбек Токторов, “Кутбилим” журналы, 2014-ж.
3. Бердели Т. "О реформе школьного образования в США". В мире науки, 1992, № 12.
4. Тарасюк Л.Н., Цейкович К.Н. "Образование в США". Социально-политический журнал, 1997.
5. Владимиров А.Т. "США: Общая характеристика среднего образования". Народное образование, 1992.

УДК: 398.2 (575. 2) (04)

ПУТИ РАЗВИТИЯ ЭТНОЛИНГВИСТИЧЕСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

Сыдыков А. Н., доктор филологических наук, E-mail: namitaevi4@mail.ru
Бишкекский государственный университет им. Кусеина Карасаева

***Аннотация**: В статье изложены основные этапы развития этнолингвистической науки в Кыргызстане. Рассмотрены и прокомментированы источники ученых, чьи труды посвящены исследованию языка и культуры киргизского народа. Этнолингвистика как наука о нарицательных и собственных именах в киргизском языке имеет свою историю. Этнолингвистическая специальная литература, а также историческая, географическая, языковедческая, литературоведческая и прочая, начиная с древнейших времен до наших дней, показывает, что киргизская этнолингвистика прошла следующие этапы своего развития:*

1. *Донаучный (X-XX вв.) период. Эмпирическое разъяснение явлений ономастики.*
2. *XX век является периодом формирования еще не этнолингвистики, но ономастики как науки.*
3. *Научный, или этнолингвистический этап. С конца 60-х годов XX века опубликованы книги, защищены диссертации, изданы словари.*

***Ключевые слова:** этнолингвистика, ономастика, религия, тенгрианство, концепт, обрядность, антропоним, этноним, теоним.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЭТНОЛИНГВИСТИКА ИЛИМИНИН ӨНҮГҮҮ ЖОЛУ

Сыдыков А. Н., филология илимдеринин доктору, E-mail: namitaevi4@mail.ru
Кусеина Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети

***Аннотация:** Макалада Кыргызстанда этнолингвистика илиминин өнүгүү тарыхынын негизги этаптары камтылды. Окумуштуулардын кыргыз элинин маданиятына жана тилине арналган илимий булактары иликтөөгө алынды. Этнолингвистиканын сөздөрдү жана атоолорду изилдеген илим катары кыргыз тилинде өзүнүн тарыхы бар. Этнолингвистикага арналган атайын адабияттар, ошондой эле тарыхый, географиялык, тил таануу, адабият таануу жана*

башка булактар кыргыз этнолингвистикасы өзүнүн өнүгүүсүндө төмөндөгүдөй этаптарды басып өткөнүн көрсөтүп турат:

1. *Илимий изилдөөгө чейинки учур (X-XX кк.). Ономастиканын көрүнүштөрүн эмпирикалык жол менен түшүндүрүү.*
2. *XX кылым – этнолингвистиканы эмес, ономастиканы илим катары таануу учуру.*
3. *Илимий, же этнолингвистикалык изилдөөлөр. XX кылымдын 60-жылдарынан баштап китептер жазылып, диссертациялар жакталып, сөздүктөр даярдалып, басмадан чыгып келе жатат.*

Ачкыч сөздөр: *этнолингвистика, ономастикон, дин, теңир, концепт, каада-салт, антропоним, этноним, теоним.*

THE WAYS OF THE DEVELOPMENT OF THE ETHNO-LINGUISTIC SCIENCE IN THE KYRGYZ REPUBLIC

Sydykov A. N., doctor of philology, E-mail: namitaevi4@mail.ru
Bishkek State University named after Kusein Karasayev

Abstract: *The article describes the main stages of the development of ethno-linguistic science in Kyrgyzstan. Sources of scientists' works devoted to the study of the language and culture of the Kyrgyz people are reviewed and commented in the article. Ethnolinguistics as a science of common and proper names in the Kyrgyz language has its own history. Ethnolinguistics special literature, as well as historical, geographical, linguistic, literary and other literature starting from the ancient times to the present day shows that the Kyrgyz ethnolinguistic passed the following stages of its development:*

1. The pre-scientific (X-XX centuries) period and empirical explanation of onomastic phenomena.

2. The twentieth century is the period of the formation of not ethnolinguistics, but onomastics as a science.

3. Scientific, or ethno-linguistic stage. Since the late 60s of the twentieth century, books and dictionaries have been published, dissertations have been defended.

Key words: *ethnolinguistic, onomastics, religion, Tenriism, concept, ritual, anthroponym, ethnonym, theonym.*

1. Введение

Этнолингвистика как наука о нарицательных и собственных именах в киргизском языке имеет свою историю. Этнолингвистическая специальная литература, а также историческая, географическая, языковедческая, литературоведческая и прочая, начиная с древнейших времен до наших дней, показывает, что киргизская этнолингвистика прошла следующие этапы своего развития:

1. Донаучный (до конца XIX века). Этнолингвистическое, ономастическое и апеллятивное разъяснение топонимов, антропонимов, этнонимов, космонимов, гидронимов можно проследить в «Диване лугатит тюрк» М. Кашгари, «Кутадгу билик» Ю. Баласагуни, «Бабур-наме» З. Бабура, в устных поэтических творениях акынов Женижока, Барпы, Тоголока Молдо, Токтогула и других. Но многие собственные имена ими разъясняются лишь по внешнему облику слов с помощью народной этимологии.

2. XX век (особенно 60-70-е годы) является периодом формирования еще не этнолингвистики, но ономастики как науки. В этот период было положено начало изучению этнонимов, антропонимов, собраны топонимы, в основном, регионального характера [2]

3. Научный, или этнолингвистический. С конца 60-х годов XX века заметно возрос интерес у ученых к проблемам этнолингвистики. Опубликованы книги, защищены диссертации, написаны многочисленные статьи.

Говоря о донаучном периоде развития киргизского языкознания, нельзя не отметить великий труд «Дивану-лугат ит-түрк» Махмуда Кашгари, первого известного науке тюрколога – лингвиста, этнографа, историка, фольклориста, творившего в XI веке.

Яркая этнолингвистическая направленность труда Махмуда Кашгари не повторяется более ни в одном лингвистическом сочинении Востока и Запада.

Рассматривая творчество выдающегося тюрколога, намного опередившего свое время, нельзя не упомянуть, что этнолингвистические принципы исследования языка предусматривают тщательное изучение народного ономастикона, в котором, как в зеркале, отражаются многогранность и уникальность свойств того или иного этноса.

2. Методы исследования

Первые научные исследования эпоса «Манас» и киргизской этнолингвистики были проведены выдающимся русским ученым В.В. Радловым и казахским ориенталистом, подданным и офицером Российской империи Ч.Ч. Валихановым.

Ч.Ч. Валиханов (1935-1865) во время экспедиции в 1862 записал эпизод «Поминки по Кекетею», перевел в прозаической форме и в 1861 году опубликовал его в работе «Очерки Жунгарии». К сожалению, сей труд стал достоянием общественности только в 60-годы XX века, благодаря казахскому академику А.Х. Маргулану.

Именно Ч. Валиханов первым высказал мысль о том, что «Манас» есть энциклопедическое собрание всех кыргызских мифов, сказок, преданий, приведенное к одному времени и сгруппированное вокруг одного лица – богатыря Манаса. В этой безграничной объемной эпопее нашли место многовековая жизнь кыргызов, его традиции, география, религиозные обряды, медицинские познания, международные отношения» [4, с. 259-314].

Фундаментальный труд С.А. Абрамзона «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» (1990) сыграл большую роль не только в развитии историографии и этнографии Кыргызстана, но и оказал огромное влияние на творчество лингвистов. Особенно тем, кто занимался этнолингвистикой, ономастикой, этимологией. В частности, в разделах «Вопросы этнической истории кыргызской народности», «Религия и культ», «Устное поэтическое творчество», он умело комментирует происхождение этнонима «кыргыз», родоплеменных названий «бугу», «кушчу», покровителя женщин «Умай-эне», теонима «Теңир», названия народных песен «Бекбекей», «Шырылдаң», «Оп-майда» и т.д. и т.п. [2, с. 23; 284; 356].

3. Результаты и обсуждения

В настоящее время киргизская этнолингвистика представлена исследованиями по многим ее разделам. Причем в этнолингвистических работах уже преодолен тот начальный период, когда энтузиасты-исследователи обращались к отдельным народным преданиям, легендам об онимах.

Сборник статей «Ономастика Киргизии» (1985) посвящен проблемам ономастики Киргизии. В нем освещены вопросы этимологии, структуры и истории происхождения собственных имен – личных, географических и этнических, рассмотрены некоторые аспекты географической терминологии [12].

Труды К. Сейдакматова «Кыргыз элинин календардык түшүнүгү» (1987), «Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү» (1988), «Сөздөр кантип жаралган» (2004) носят ярко выраженный этнолингвистический характер.

Так, в книге «Кыргыз элинин календардык түшүнүгү» (1987) К. Сейдакматов аргументировано объясняет происхождение названий месяцев, связывая их с расположениям созвездий во времени и в пространстве по отношению к Луне и Земле, в то же время он не отрицает наличия названий, связанных с охотничьим бытом, но предлагает другой вариант последовательного перечисления [13].

Книга К. Сейдакматова «Сөздөр кантип жаралган» (2004) посвящена исследованию этнолингвистической терминологии. В ней автор рассматривает мотивы появления и утверждения наименований животных, (атан, буура, бото, уй, кунан, кулун, токту, эчки,

илбирс, каман и др.), птиц (бүркүт, жагалмай, тоок, короз, каз, сагызган, торгой, чабалекей, каркыра, куш и др.); далее исследуется происхождения соматической терминологии (тил, кулак, көз, мурун, карын, боор, кабырга, далы, толорсук, алакан и др), названия растений бытовой утвари, конной сбруи, названия блюд, термины, связанные со строением юрты и т.д.

Из двуязычных словарей этнолингвистическая струя в наибольшей мере ощутима в замечательном труде К. К. Юдахина, «Киргизско-русский словарь» (1985) который представляет собой своеобразную энциклопедию содержащую богатейший словесный материал для изучения истории нравов, обычаев, фольклора, пословиц, поговорок киргизского народа. Приведем в подтверждение этих слов один небольшой пример из словарной статьи:

Эм I 1. этн. симпатические средства знахарских лечений; **эм тап** – найти средство (от болезни); **өпкө чапсаң да,** эми **табылбайт** (на его болезнь) хоть легкими стукай (см. Өпкө), средства не найдешь; **ооруумдун эмин эч ким таппады** против моей болезни никто средства не нашел; эм **түшпөйт** исцеления не будет; **дубасына эм түшпөйт** от его молитвословия исцеления не будет; **эм-дом** совокупность симпатических знахарских средств[17].

Труды академика Б.М. Юнусалиева («Киргизская лексикология» (1959), «К вопросу о корне в киргизском и родственных ему языках» (1955) «Заметки по истории киргизского языка» (1965) и др.) внесли неоценимый вклад в развитии филологической науки в целом, лексикологии и этнолингвистики в частности.

Для исследовательской методологии Б. М. Юнусалиева характерна обширная фактологическая основа, как правило, с привлечением целого комплекса этнографических, исторических, ономастических сведений широкая эрудиция, масштабность постановки научных проблем. Так, автор при рассмотрении корневых слов киргизского языка в историческом аспекте опирался на фрагменты древних письменных памятников (V-VIII вв.) и словарь Махмуда Кашгари (XI в), а так же на данные современных киргизских диалектов и фактов из близкородственных (тюркских) и дальне-родственных (монгольских) языков [18].

В своей монографии «Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры» (2012) З. К. Дербишева предлагает для исследования 25 ключевых слов, являющихся репрезентантами 25 одноименных концептов, которые и представляют национальную концептосферу кыргызского миропонимания. Другими словами, по мнению автора, «национальную кыргызскую концептосферу образуют следующие концепты: Комуз(национальный инструмент), Бозүй (юрта), Тоо(гора), Бала (ребенок), Жылкы (конь), Бакыт (счастье), Ак-калпак, Сөз (слово), Аялзат (женщина), Каада-салт (обычай), Өмүр (жизнь), Өлүм (смерть), Аш-той (пир-поминки), Тууган-урук (родня), Абийир-намыс (совесть), Адамкерчилик (человечность), Ажал (рок), Ынтымак (согласие), Кут (благодать), Арбак (дух), Арман (нереализованное желание), Бата (благопожелание). Это ключевые концепты кыргызской культуры» [5, с. 29-30].

Монография Г. Жумакуновой «Бытовая лексика эпоса «Манас» в сравнительно – историческом освещении» (2006) посвящена исследованию семантической структуры бытовой лексики эпоса «Манас» с позиции этнолингвистики.

Изучение бытовой лексики такого уникального произведения, как эпос «Манас», представляет богатый, практически незаменимый материал для исследования проблем истории языка, а также формы быта и материальной культуры кыргызского народа.

Г. Жумакунова на примере историко-сравнительного анализа наименований одежды и пищи из эпоса ставит перед собой задачи определить семантическую структуру

указанных тематических групп выявить их структурно-семантические различия в сравнении с современным кыргызским языком и другими тюркскими языками [7].

И. Абдувалиев в своей работе «Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы (байыркы катмар)» (2007) («Профессиональная лексика в кыргызском языке (древний пласт)») на материале терминов кочевого образа жизни времен военной демократии проводит сравнительно-исторический и этнолингвистический анализ топонимов (Жаңайыл, Акжайлоо), объектов перекочевки (журт, от, турак), объектов направлений перекочевки (бел, ашуу, кан жол - у автора *жол объектилери* то есть *дорожные объекты* – А.С.), ремесел (аркан, бишкек), питания (бозо, жарма, кымыз). Отдельно рассматривается военная лексика, где автор подразделяет их на подгруппы, указывающие на должности (жасоол, нойон, корбашы), соединения (кош, кошуун), оружия (саадак, калкан, кылыч) [1]. Необходимо отметить, что большинство терминов сохранились до XX века в первозданном виде. Многие из них, в связи с переходом народа на оседлый образ жизни, вышли из употребления.

Б. Ж. Усмамбетов в своих диссертациях «Термины ремесленничества в кыргызском языке (на материале конской сбруи) (2001) и «Слова, обозначающие предметы домашнего обихода, утвари и снаряжения, в труде Махмуда Кашгари «Дивани лугат ит-тюрк» и их отношение к кыргызскому языку(2017)» исследует термины, связанные с конским снаряжением на основе собранных материалов из различных источников устного народного творчества, словарей, проводит сравнительное описание с материалами некоторых родственных языков, рассматривает объявленные тематические группы с позиции диахронии и этнолингвистической принадлежности[15].

Текстово-этнолингвистическому изучению пословиц киргизского языка посвящена работа А. Омуралиевой «Кыргыз макалдарынын табияты (тексттик-этнолингвистикалык аспект)» (2008). В работе представлено авторское видение анализируемого объекта, где впервые в кыргызском языкознании рассматриваются этнолингвистические основы происхождения пословиц. Их происхождение было обусловлено целым комплексом экстралингвистических факторов: кочевым образом жизни, спецификой материальной и духовной культуры, особенностями быта и народного творчества, географическими и природными условиями», - утверждает автор [11].

Диссертационное исследование Г. К. Шакенбаевой «Кыргыз тилиндеги саймачылык өнөрүнүн лексикасы» (2010) посвящено определению лексико-семантической, грамматической природы слов, связанных с искусством вышивания в кыргызском языке, раскрытию семантических мотивов, лежащих в основе номинации. Наряду с этим исследуется происхождение некоторых терминов в этнолингвистическом аспекте [16].

Работа А.А. Джапанова «Кыргыз тилинин тамак-аш лексикасы» (2004) (Кулинарная лексика кыргызского языка) посвящена этнолингвистическому анализу языковых средств, связанных с кулинарной лексикой. В работе на основе лексико-грамматического разбора кулинарные термины разделены на несколько тематических групп, и многие из них рассматриваются в этимологическом плане. Определен лексической состав названных языковых средств кыргызского языка, и вся эта лексика классифицируется по группам в соответствии с их принадлежностью к тюркскому, иранскому, арабскому, китайскому и русскому языкам.

При определении лексико-стилистических групп вся кулинарная лексика была разделена, с одной стороны, на историзмы, архаизмы, неологизмы и устойчивые термины, с другой стороны, по смыслу были выделены 11 лексико-семантических групп [6].

«Национально-культурная специфика бытовой лексики в кыргызском, русском и турецком языках» (2012) освещена в одноименной кандидатской диссертации К. Ш. Бакзайлу.

Автор отмечает, что диахронный метод исследования дает возможность глубже проникнуть в исследуемый срез языков и подтверждает его синхронное состояние. В работе впервые в ареале киргизского языкознания выделены и описаны лексико-семантические группы внутри сферы бытовой лексики и осуществлена их классификация на базе экстралингвистических и внутрилингвистических признаков; сопоставлены исследуемые группы единиц трех языков как в плане выражения, так и в плане содержания. Особый интерес вызывает этнолингвистический анализ таких лексических единиц, как *лукошко, корыто, казан; рубаха, штаны, лапти, кокошник, тюбетейка, очаг, таган* и др. [3].

А.Н. Сыдыков в своих монографиях «Летосчисление: истоки и современность»(2009), «Этнолингвистика: опыт ретроспективы» (2011) и в докторской диссертации «Этнолингвистическая специфика лексики русского и кыргызского языков» (2013) использует огромный фактический материал, приводя примеры из фольклорных произведений, мифологии, этнографии, но излагает свою точку зрения на взаимообогащения двух великих культур: русской и киргизской. В них рассматриваются такие вопросы, как хрононимы, этнонимы, антропонимы, культуронимы, колеронимы, соционимы, теонимы, тенгрионимы, вскрывающие отношения между языком и обслуживаемой им культурой[14].

Исследование А.Н. Сыдыкова представляет собой вклад как в теорию, так и в методологию этнолингвистических изысканий и может быть полезен лингвистам, этнографам, культурологам и другим специалистам гуманитарного направления.

Особую ценность представляет монография доктора филологических наук Г.А.Мадумаровой «Межкультурные концепты в тексте художественного произведения»[9].

В монографии представлены результаты исследования межкультурных концептов и региональных слов в тексте в тексте художественных произведений на материалах тетралогии С.П.Бородина «Звезды над Самаркандом» (о событиях XY-XYI веков) и романа-трилогии Аммиана фон Бека «Гунны» (об истории хунну III-IY веков н.э.).

Автор рассматривает лексические единицы, как в плане диахронии, так и в плане синхронии, как следствие многовековых контактов иранских, арабских, монгольских, а главным образом, тюркских народов во всем Евроазийском пространстве.Материалы исследования подкреплены в ее докторской диссертации «Региональные межкультурные концепты в художественном тексте», защищенной по теории языка в 2018 году.

Выводы

В XXI веке усилилась тенденция развития языкознания в сопоставительном плане. Так, появилась совершенно оригинальная для ареала киргизского языкознания докторская диссертация Б.Б.Нарынбаевой

«Фразеологическая картина мира французского и кыргызского языков»[10],где раскрыты характерные черты французов и кыргызов, обоснованы через употребления фразеологизмов глубинные основы мировоззрения, психологии,жизненных ценностей, отношения к природе и человеку, наций, принадлежащих к разным языковым структурам и не имеющих территориального соприкосновения.

Коллективная монография «Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения»[8], появившаяся на базе защищенных диссертаций, в частности, о кинологии, о терминах родства, о концептах «удивление» и «страх», представляет интерес

для ученых и вносит весомый вклад в развитии сопоставительной типологии в республике.

Литература:

1. Абдувалиев, И. Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы (байыркы катмар) [Текст]: филол. илим. д-ру. … дис. автореф. /И.Абдувалиев. - Бишкек, 2007. – 40 б.
2. Абрамзон, С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] /С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Кыргызстан, 1990.- 480с.
3. Бакзайлу, К.Ш. Национально-культурная специфика бытовой лексики в кыргызском, русском и турецком языках [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / К.Ш. Бакзайлу. - Бишкек, 2012. – 22 с.
4. Валиханов, Ч.Ч. Собрание сочинений [Текст]: в 5 т. /Ч.Ч.Валиханов. -Алма-Ата: гл. ред. КСЭ, 1961. – Т. 1. - 432 с.
5. Дербишева, З.К. Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры [Текст]: моногр. / З.К. Дербишева. – Бишкек, 2012. – 176 с.
6. Джапанов, А.А. Кыргыз тилинин тамак-аш лексикасы [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук /А.А.Джапанов. - Бишкек, 2004. – 21 с.
7. Жумакунова, Г. Бытовая лексика эпоса «Манас» в сравнительно-историческом освещении [Текст] /Г.Жумакунова. - Бишкек: Илим, 2006. – 151 с.
8. Лингвистический антропоцентризм: проблемы, поиски и решения [Текст] / К.Зулпукаров, Е.Н.Мурадымова и др. – Бишкек, 2019.- 743 с.
9. Мадмарова Г.А. Межкультурные концепты в тексте художественного произведения [Текст]: моногр. / Г.А.Мадмарова. – Б.: 2017. -392 с.
10. Нарынбаева Б.Б. Фразеологическая картина мира французского и кыргызского языков [Текст]: автореф. дис. … док. филол. наук: 10.02.20 / Б.Б.Нарынбаева. – Бишкек, 2017. – 47 с.
11. Омуралиева, А. Кыргыз макалдарынын текстгик табияты (текстгик этнолингвистикалык аспект) [Текст]: филол. илим. канд. ... дис. автореф. /А. Омуралиева. – Бишкек, 2008. – 22.
12. Ономастика Киргизии [Текст]: сб. /отв. ред. С.У. Умурзаков, К.Конкобаев. - Фрунзе: Илим, 1985. – Вып.1. - 180 с.
13. Сейдакматов, К. Кыргыз элинин календардык түшүнүгү [Текст] /К.Сейдакматов. – Фрунзе, 1987. – 66 б.
14. Сыдыков, А.Н. Этнолингвистическая специфика лексика кыргызского и русского языков. [Текст]: автореф. дис… д-ра филол.наук / А.Н. Сыдыков. – Бишкек, 2013. – 45с.
15. Усмамбетов, Б. Ж. Слова, обозначающие предметы домашнего обихода, утвари и снаряжения, в труде Махмуда Кашгари «Диван лугат ит-турк» и их отношение к кыргызскому языку. [Текст]: автореф. дис… д-ра филол.наук / Б.Ж. Усмамбетов. – Бишкек, 2017. – 46с.
16. Шакенбаева, Г.К. Кыргыз тилиндеги саймачылык өнөрүнүн лексикасы [Текст]: филол. илим. канд. … дис. автореф. /Г.К.Шакенбаева. - Бишкек, 2010. – 25 с.
17. Юдахин, К.К. Киргизско-русский словарь [Текст]: в 2 кн. Около 40 000 слов /сост. К.К. Юдахин. - Фрунзе: КСЭ, 1985. - Кн. 1: А-К. - 504 с.
18. Юнусалиев, Б.М. Киргизская лексикология [Текст] /Б.М.Юнусалиев. - Фрунзе, 1959. – Ч.1. - 242 с.

УДК: 821:82− 3

Ч.АЙТМАТОВДУН “КАЙРЫЛЫП КУШТАР КЕЛГЕНЧЕ” АҢГЕМЕСИНДЕ МАНАСЧЫНЫН ОБРАЗЫНЫН ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

Темирова Бактыгүл Тажибаевна, ф.и.к, доцент
Ош мамлекеттик университети

Аннотация: *Макалада Ч. Айтматовдун “Кайрылып куштар келгенче” аңгемесинде манасчынын образын жаратуу чеберчилиги анализденди.*

Ачкыч сөздөр: *автордук позиция, интерпретация , сюжет, манасчы, түш көрүү, трагедия, тарых.*

ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ОБРАЗОВ МАНАСЧИ В РАССКАЗЕ Ч.АЙТМАТОВА “ПЛАЧ ПЕРЕЛЕТНОЙ ПТИЦЫ”

Темирова Бактыгул Тажибаевна, к.ф.н, доцент
Ошский государственный университет

Аннотация: *В статье рассматривается мастерство создания образов манасчи в рассказе Ч. Айтматова “Плач перелетной птицы”.*
Ключевые слова: *авторская позиция, интерпретация, сюжет, манасчи, сновидение, трагедия, история.*

INTERPRETATION IMAGES OF MANASCHI IN THE STORY BY CH. AITMATOV "THE CRY OF THE MIGRATING BIRD"

Temirova Baktygyl Tajibaevna,c.ph.s,docent
Osh State university

Abstract: *The article discusses the skill of creating images of manaschi in the story by Ch. Aitmatov "The Cry of the Migrating Bird" .*
Key words: *author's position, interpretation, plot, manaschi, dream, tragedy, history.*

“Манас” эпосу жана Чынгыз Айтматов – адабият таануу илиминде олуттуу темалардын бири. Фольклор менен профессионал адабияттын карым-катышы маселесинде улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы дүйнөлүк адабий процессте ири көркөм ачылгалар менен коштолду десек жаңылбасак керек. Жазуучунун алгачкы чыгармаларынан эле “Манас” темасынын духу, шоораты башталып, кийин улам катмарланып, көрктөнүп турганы байкалат. Миф жаратуучу Ч. Айтматов адабий процессте мурда белгисиз көркөмдүк мүмкүнчүлүктөрдү жаңыча ачууга жетише алды. Айтматов феноменинин дүйнө жүзүндөгү окурмандарды өзүнө тартып, мезгил өткөн сайын улам жаңырып, татаалданып, адабий доорго айланып баратышынын жашыруун сыры эмнеде деген собол дайыма туулат. Академик А. Эркебаев таамай белгилегендей: “Ага бир гана жооп бар: күжүрмөн гуманизми, адамга жана адамзатка арналган чоң сүйүүсү, адамзааданын абсолюттук баа жеткистигин жана кайталангыстыгын даңазалоосу, тынчтыккка жана адилеттикке деген кумары. Ч. Айтматовдун дили кайрымдуу, насили адамгерчиликтүү ар бир адамга жакын, ары түшүнүктүү чыгармачылыгынын философиясы ушундай” [6, 227]. Ошону менен бирге улуу ойчул, жалындуу патриот жазуучу катары элибиздин тарыхына, “Манас” үчилтиги баштаган байыркы мурастарына, тилине дайыма назар салып жана коомдук турмуштун, күрдөөлдүү окуялардын чордонуна айландырып келгени белгилүү. Өзгөчө кеменгер сүрөткер “Манас” эпосун дүйнөлүк маданияттын үлгүсү катары баалоо деңгээлине көтөрдү жана өзүнө таандык эстетикалык-философиялык концепциясын иштеп чыкты.

Ушул мааниде Ч. Айтматовдун чыгармаларында эпоско мамилеси татаалданып, тереңдеп жаңы сапаттык бийик деңгээлге көтөрүлө алды. Дүйнөлүк маанидеги жазуучу элдик мурас тууралуу көкүрөгүндөгү сырларын минтип ачык айткан: “Мен эпос жөнүндө дайыма ойлоном. Бул-элдик акылмандыктын жараткан көп кырдуу, көп катмарлуу чыгарма. Бирок мен аны өз чыгармаларымда жөн эле пайдаланбастан, өздөштүрүлгөн түрүндө пайдаланууга аракеттенем” [2, 253].

Демек, жазуучу чыгармаларында “Манас” баштаган элдик фольклорду колдонгондо “сулп” бойдон эмес, “өздөштүрүлгөн түрүндө пайдалана” тургандыгын,

керек болсо өзү да миф жаратуучу дүйнөлүк маанидеги сүрөткер экендиги кашкайган чындык. Башкасын айтпаганда да, “Кылым карытар бир күн” романындагы маңкурттун образы эмне деген философиялык масштаб менен жазылган. Автор маңкурттун үрөнүн С. Орозбаковдун вариантынан тапканын айтып келет, бирок анын чексиз руханий ааламынан Найман эне жөнүндөгү уламышты жана анын ичинде Жоломан маңкурт тууралуу улуу трагедиялуу баянды жазып калтырды.

“Улуу Сөз” кеменгер жазуучунун аң-сезиминде табигый түрдө жашап, улам өнүгүп отурганы жана сүрөткердин “эпос жөнүндө дайыма ойлонуп” келгенинин дагы бир далили – “Кайрылып куштар келгенче” аттуу адабий туундусу. Автордун аталган чыгармасынан үзүндү кыргыз тилинде “Кыргызстан маданияты” гезитине (1972, 9, 16-март) жарыяланган. Бирок бир топ мезгил өткөн соң, сүрөткердин үч томдук чыгармалар жыйнагында (М, 1984) “Плач перелетных птиц” деген ат менен орус тилинде басылып чыкканы белгилүү. Чынында да, залкар жазуучу замандаштарына караганда эртелеп “Манас” эпосу менен манасчылык өнөрдүн табиятын, философиясын абдан терең түшүнгөн. “Манас” кандайдыр бир жомок, миф эмес, баарыдан мурда тарыхый-социалдык түпкү негизи бар, нукура элдин турмуштук кыртышынан өсүп чыккан энциклопедиялык мүнөзгө ээ дүйнөдөгү сейрек кездешүүчү уникалдуу улуу мурас экендигин конкреттүү ой жүгүртүүсү, терең талдоосу менен тастыктап келген. Тегин жерден чыгармачылыгында манасчылык өнөргө кайрылган жазуучу башкы максатын мындайча койгон: “Мен эл өзүнүн тарыхый тагдырын, келечек өмүргө болгон укугун кандайча аңдап-билиши, түшүнүшү керектиги туурасында айткым келет. Бул идеяны чыгарманын бүткүл нравалык-эстетикалык системасы аркылуу чагылдырууга аракеттендим” [2, 228]. Демек, кыргыз элинин бүтүндөй тагдырын, руханий жашоосун эс-тутумунда сактап келген “Улуу Сөздүн” ээси, пири, элдин духу – манасчылар .

Окумуштуу С. Байгазиев: “Биз орустун жазуучулары Гоголдун “Шинелинин” чоң жеңинен учуп чыкканбыз”,- деп Максим Горький айткандай, биздин Чыңгыз Айтматов да улуу “Манастын” “бүркүт уясынан” учуп чыккан. “Манас” рухуна жаштайынан сугарылган. Ч. Айтматовдун тамыры – “Манаста”. “Манастын” руханияты, улуулугу жөнүндөгү өзүнүн ички ишенимин, көз караштарын, концепциясын Ч.Айтматов кийинчерээк Сагынбай Орозбаковдун “Манасынын” биринчи басылышына жазган “Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу” аттуу баш сөзүндө (Ф,1978) баяндаган”,- дейт [4,26]. Ушул мааниде профессионал адабиятта манасчылардын образын жаратуу да оңой-олтоң иш эмес экендиги айтпаса да белгилүү. “Кайрылып куштар келгенче” аңгемеси идеялык мазмунун тереңдиги, философиялык-эстетикалык масштабдуулугу, психологиялуулугу жана трагедиялуулугу менен өзгөчөлөнүп турат. Чыгарманын кыргызча, орусча вариантында да ойрот, калмактардын баскынында калган кыргыздардын азаттык үчүн күрөшү сүрөттөлүп, кандуу кырылыштарда элдин өткөн турмушун баяндап жатканы менен баш каарманы манасчы болгонун, тарыхый темага кайрылуу менен чыгармачылык жолунда жаңы чыйырга түшкөнүн байкаганбыз. Элдин рухуна, бүт эркиндик үчүн күрөшүнүн туусуна айланып калган улуу эпосту жараткан манасчынын образын түзүү, болгондо да калмак, ойрот баскынчылары менен болгон кызыл кыргын согушту сүрөттөп жатып, чыгарманын борборуна эл коргогон баатырдын образын эмес, манасчыны баш каарман катары сүрөттөөнүн өзү эле улуттук жана дүйнө маданиятындагы уникалдуу окуя болчу. Себеби ошол кыргындуу согуштарда элибизди сактап келген, дух берген руханий байлык “Манас” эпосу, ал эми ошол улуу сөздүн ээси, элдик генийлер – Манасчылар. Манастын өзү, оозеки түрдө муундан муунга өтүп келген манасчылык өнөр тегин жерден кыргыздарда гана жаралып, фольклордун улуу кереметине айланбаса керек.

Мына ушундай жоопкерчиликтүү ары татаал ишти аркалаган жазуучунун “Кайрылып куштар келгенче” аттуу философиялуу аңгемесинин кыргызча, орусча варианттарында айрымачылыктар бар экендиги окурмандын көңүлүн бурат. Бул маселе тууралуу окумуштуу А. Кадырмамбетова: “Орусча вариант кыргызчасына салыштырмалуу бүткөн чыгарма катары жыйынтыктуу сапатка ээ болуп турат. Анда чыгармага негиз кылып алынган окуянын аяк-башы кайсы бир деңгээлде жыйынтыкталган”,-дейт [5,97]. Ал эми аңгеменин орусчасында окуянын өнүгүшүндө жаш өспүрүм Элеман “чагылган үндүү манасчы” атыгып калмак баскынчыларына каршы күрөштүн туусуна айланганы, кандуу согуштан кийин келгин куштар учуп бара жатып, берекеси төгүлгөн кооз жер Талчүй өрөөнү адам өлүктөрүнө толуп, жер канга жуурулуп жатканын көрүп, алар азалуу ыйын төгүп, жер которуп кеткени менен окуя соңуна чыгат да, мында согуштун адамзатка алып келген трагедиясына басым жасалат.

Ал эми кыргызчасында көбүнчө элдин тарыхына, оор мезгилдерге карабастан, ата-бабаларыбыз каада-салтын, үрп-адатын, улуттук баалуулуктарын ыйык сактап, кийинкилерге мурастап өткөргөнү, кыйын күндөрдө бири-бирин колдоп, урук-туугандык мамиле күчтүү өнүгүп келгенин жана согуш алааматына “Манас” руху каршы коюлган. Чыгармада таамай сүрөттөлгөн боз үй устасы Сеңирбай карыянын сөзүнөн байыркы “Манас” духту акылман, Ата Журттун ыйыктыгын, элдин эркиндик, көз карандысыздыгын сактаган ата-бабаларыбыздын айбаттуу үнү жаңырып угулуп турат. Кыргыз аялынын акылмандуулугун, сабырдуулугун элестеткен Кертолгоо -зайып аркылуу Эне башатка басым жасалган.

Ырас, аңгемеде болочок манасчы Эламандын түш көргөнү кызыктуу баяндалат. Окуянын өнүгүшүндө Сеңирбай керегечиге уулу Эламан түшүн айтып, аны жоруп жатканда, айылдашы Кушбак карыядан опурталдуу кабарды угары менен жүрөгү ооруп жаткан атасы мүрт кеткени трагедиялуу берилет. Болбосо Эламандын түшүн нарктуу ата минтип жоруп бермек: “Түш чындык эмес, жоруса тегин эмес”. Сенин түшүңдү ойлоп көрсөм, буйруса башыңа аябай чоң бак конот, байлык да эмес, дөөлөт да эмес, өнөрлүү болот экенсиң. Өнөрдүн тоодой бийиги, буйруса, өзүңдүн бийигиң болот экен. “Өнөрдүн алды – кызыл тил” [1, 507]. Түш көрүү мотиви дүйнөлүк фольклордо жана профессионал адабиятта кеңири учураган психологиялык мотивировкага жатары белгилүү. “Манас” үчилтигинде да түш көрүү кеңири кездешкен көркөм мотивдердин бири. Манасчылардын түш көрүп, эпосту айтып калышы – туруктуу эпикалык салт. Фольклордун табиятындагы өзгөчөлүк салттуулугунда, ошол салттуулуктун негизинде уюткуланып оозеки формада өнүгүп олтурат. Маселен, түрк-монгол элдеринде да көркөм өнөр ээлеринин талантын керемет түш көрүү салты менен байланыштырып келишет.

Көрүнүп тургандай, автор да чыгармасында келечектеги өнөр ээсин “тандап алуунун” жышааны, белгиси катары эпикалык салтты чеберчиликте интерпретациялайт. Сүрөткер көркөм форманы табуу менен оригиналдуу ыкманы Эламандын качантан бери канында ойногон талант уюткусу жан дүйнөсүндө кантип ачылганын кеңири көрсөтүүгө алган. Чыгармада атасы Сеңирбайдын баласынын түшүн жоруп, ак батасын бере албай калганы психологиялык тереңдикте, абдан драмалуу маанайда берилген. Эпостун улуулук рухун, философиясын терең түшүнгөн жазуучу өткөн тарыхка сүңгүп кирип, манасчынын өлбөс, жаркын образын жаратууга умтулган. Кыязы, “Манас” жөнүндөгү түшүнүктөр мунарыктап, түш болуп бараткан учурда кайрадан жалындатып, тарыхый эс-тутумубузду ойготуп коюу үчүн жазганы бүгүнкү турмуш чындыгы айкындап олтурат.

Белгилөөчү жагдай, Ч. Айтматовдун бардык чыгармаларында трагедиялуу мотив күчтүү өнүккөн. “Кайрылып куштар келгенче” аңгемесинде да борбордук каарман Элеман манасчынын тагдыры аянычтуу сүрөттөлөт. “Чагылган үндүү манасчы” калмак баскынчыларына каршы күрөштө эркиндиктин улуу жарчысы катары көрүнөт. Анын

башын калмак өкүмдарлары тандамал миң жылкыга баалагандыгы эле душмандар үчүн коркунучтуу экендиги, манасчыны өлтүрсө, элди багындыруу оңой болорун автор чебер туюндура алган. Чыгармада баяндалгандай, өздөн чыккан чыккынчылардын айынан керемет өнөр ээси Элеман душман колунда кордолуп, эки көзү оюлуп, тили кесилип элсиз талаада өлтүрүлөт. Анткен менен ал манасчылык өнөрү менен кыргыздын көкүрөгүнө баатырдыктын, эркиндиктин өлбөс-өчпөс шамын жагып, майтарылбас кайрат, рухту ширетип, эл алдында атуулдук милдетин өтөп кетти. Манасчынын образы аркылуу элибиздин түптүүлүгүн, баатырдыгын, биримдигин жана сөз өнөрүн ардактаган улуу касиеттерин көрсөткөн. Кыйын кезеңдерде кыргыз эли манасчыдан дух алган, ар-намысы ойгонгон. Манасчылык өнөрдүн руху, багынбас күчү кантип калктын каны-жанына айланып, кагып турган жүрөгү болуп калганынын автор сүрөткердик чеберчиликте жандуу тартып берген.

“Кайрылып куштар келгиче” аңгемесинде автор кыргыздын бүтүндөй тарыхын, рухун сактоочу, жаратуучу манасчылардын жаркын образын жараткан. “Кыргыз рухунун туу чокусун” көрсөтөр улуу манасчы Элеман тууралуу роман башталганы менен аягына чыкпай калганы өкүнүчтүү. Залкар жазуучу дүйнөдө сейрек кездешүүчү уникалдуу манасчылык өнөрдү романдык масштабга чейин көтөрүп, улуттук адабияттын тематикалык-идеялык чектерин кеңейтип, дүйнө жүзүнө “Өнөр алды – кызыл тил” дегендей улуу сөздүн чексиздигин даңазалаган дагы бир көркөм мурасты жаратканда улуттук адабияттын утушу болмок.

Бирок адамзаттын Айтматовуна айланган кеменгер сүрөткердин чыгармачылык ишмердүүлүгүндө айныгыс бир чындык бар. Көрүнүктүү айтматовтаануучу К. Асаналиев айткандай: “Ч. Айтматов жаш кезекте жараткан кайталангыс азыл-заты “Жамийла” повестинен баштап улуу сөздүн, улуу эпостун салтын улантып, жөн гана улантып эмес, аны азыркы замандын бийик реализминин үлгүлөрү менен сугарып, көгөртүп, кайрадан жаңыртып, жаңы доордун эпосун жаратууну такай көздөп келатты” [3,180]. Ушул асыл максаттын дагы бир ишке ашышынын айкын далили – “Кайрылып куштар келгенче” аңгемеси, андагы улуу сөздүн даанышман сактоочусу, элдик гений Элеман манасчынын бактылуу, ары трагедиялуу тагдыры.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: 4-том.Роман, аңгемелер. / Түз: Акматалиев А. –Б .: Бийиктик, 2008.-544б.
2. Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. –Ф.: Кыргызстан, 1988.-400 б.
3. Асаналиев К. Көркөм нарк: Адабий сын-макалалар. –Ф.: Кыргызстан, 1988. – 236 б.
4. Байгазиев С. Манас жана Чыңгыз. Б.: Алтын тамга, 2019. – 63 б.
5. Кадырмамбетова А. Адабий кырдаал жана көркөмдүк жаңылануулар. –Б:. Бийиктик, 2009.-420 б.
6. Эркебаев А. Элдик эпостон адабий эпоско: Адабий изилдөөлөр жана сын макалалар. –Ф.: Адабият, 1990.-248 б.

УДК 130.2.

КЫРГЫЗ КООМУНУНДАГЫ РУХАНИЙ КРИЗИС ЖЕ РУХАНИЙ КООПСУЗДУК

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна ф.и.к.,доцент E-mail: toktogulova.72@mail.ru
Жалал-Абад мамлекеттик университети

Аннотация: *Бул илимий макалада кыргыз коомундагы руханий-нравалык коопсуздугунун негиздери жана руханий кризис маселеси илимий анализге алынды. Мындай типтеги көйгөйлөрдү изилдөө кыргыз коомунун руханий өз алдынчалагына жана социомаданий тажрыйбаларына*

теоретикалык анализ жүргүзүү менен коштолуп, алардын руханий-нравалык жашоосунун кайталангыс тиби уникалдуулугу жана ошол өзгөчөлүктү муундан муунга сактап өткөрүп берүүчүлүк принциби жаңыча көз карашта анализденет. Кыргыз коомунун жаштарынын руханий-нравалык коопсуздугу жаштардын субмаданияты, коомдогу маданияттын өнүгүү деңгээли, руханий-нравалык чөйрөнүн абалы менен байланышат. Жаштар руханий бактылуулугунун кепили, коомдун өзгөрүүсүнүн реалдуу потенциалы, кыргыз коомунун өнүгүүсүн кепилдеп туруучу вектор, өздүк курактык өзгөчөлүгүнө жараша коомдун аялуу катмарын түзүп, руханий-нравалык жактан камкордукка алынууга муктаж катмар. Кыргыз коомундагы студент жаштардын руханий-нравалык коопсуздук маселесин төмөндөгүдөй контексте алып караганда, азыркы коомдогу бир катар коркунучтар бар экендиги ачык эле байкалат. Тактап айтканда, укуктук системадагы баш аламандыктар, социалдык, моралдык-нравалык багыттагы көйгөйлөр, монолиттик маданияттагы социомаданий жарака жана анын бир тараптуу түзүмү, муундар аралык мамиледеги кризис, идеологиялык вакуум, өткөн доордун идеологиясынын демонтаждалуусу, маданияттагы массивация жаа вестернизация, сатылуу идеологиясы, керектөөнү камсыздоодон качуу, жаштарга жогорку муундун өз идеяларын таңуулоосу, жаштардын көпчүлүк бөлүгүнүн коргоосуз калуусу, социалдык демографиялык кризис, коомдошуу системасынын алсыздыгы жана институционалдык кризис, жаш муундун аң-сезими жана криминалдашуу жүрүм-туруму, социалдык теңсиздиктин өсүүсү жана кыргыз коомундагы катмардын тереңдеп бараткан поляризациясы, жашоо тонусунун, жалпы калктын жана кыргыз элинин жаш муундарынын өздүк социалдык сезимдеринин төмөндөөсү.

Ачкыч сөздөр: *жаштар, кыргыз коому, улутук коопсуздук, нравалуулук, руханий өнүгүү, мораль, студент жаштар, маданият, руханий маданият, материалдык маданият.*

ДУХОВНЫЙ КРИЗИС ИЛИ ДУХОВНАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ В КЫРГЫЗСКОМ ОБЩЕСТВЕ

Токтогулова Гүлжамал Тыныбековна, к.ф.н.,доцент E-mail: toktogulova.72@mail.ru
Жалал-Абадский государственный университет

Аннотация: *В статье актуализируется проблема научного анализа основных угроз духовно-нравственной безопасности и духовного кризиса кыргызского общества. Изучение такого рода проблемы сопряжено с теоретическим осмыслением научного опыта исследования социокультурной и духовной самобытности кыргызского социума, сохранения и воспроизводства его уникального, непревзойденного и неповторимого типа нравственности и духовности. Духовно-нравственная безопасность в кыргызском обществе связана с состоянием духовно-нравственной сферы, уровнем развития общественной культуры и молодежной субкультуры. Молодежь, будучи гарантом духовного благополучия общества и реальным потенциалом изменений, составляющих вектор развития кыргызского общества, в силу своих возрастных особенностей, сама очень уязвима и зависима от изменения условий собственной интеграции в наличное состояние социума и от наличия угроз духовно-нравственной безопасности. В этом контексте, в числе основных вызовов и угроз духовно-нравственной безопасности молодежи в современном обществе обозначаются следующие основные вызовы и угрозы: развал системы правовой, социальной и морально-нравственной регуляции; социокультурный раскол монолитной культуры и изменение ее однородной структуры на мозаичную; кризис межпоколенческих отношений; идеологический вакуум, который культивировался прошлой идеологией и демонтаж системы единомыслия, наступивший вследствие развала прошлой идеологии; массовизация культуры и ее вестернизация; идеология продажности, оборотной стороной которой является безудержное потребление, навязываемое молодым людям в качестве высшей моральной ценности; незащищенность большей части молодых; социально-демографический кризис; институциональный кризис и слабость социализационной системы; криминализация поведения и сознания молодых поколений ; рост социального неравенства и явная, глубокая поляризация социальных слоев кыргызского населения; снижение жизненного тонуса, социального самочувствия всего населения в целом, и молодых поколений кыргызского народа, в частности, и др.*

Ключевые слова: *молодежь, кыргызское общество, национальная безопасность, нравственность, духовное развитие, мораль, студенческая молодежь, культура, духовная культура, материальная культура.*

SPIRITUAL CRISIS OR SPIRITUAL SAFETY IN KYRGYZ SOCIETY

Toktogulova Guljamal Tynybekovna, PhD in Philosophy., associate professor
Jalal-Abad State university E-mail: toktogulova.72@mail.ru

Abstract: *The article actualizes the problem of scientific analysis of the main threats to the spiritual and moral security of youth in Kyrgyz society. The study of this kind of problem is associated with a theoretical understanding of the scientific experience of studying the sociocultural and spiritual identity of the Kyrgyz society, the preservation and reproduction of its unique, unsurpassed and inimitable type of morality and spirituality. Spiritual and moral security of the Kyrgyz society of student youth is associated with the state of the spiritual and moral sphere, the level of development of public culture and youth subculture. Young people, being the guarantor of the spiritual well-being of society and the real potential for changes that make up the development vector of Kyrgyz society, due to their age characteristics, are very vulnerable and dependent on changes in their own integration into the present state of society and on the existence of threats to spiritual and moral security. In this context, the following main challenges and threats are identified among the main challenges and threats to the spiritual and moral security of youth in modern society: the collapse of the system of legal, social and moral regulation; the sociocultural split of a monolithic culture and a change in its homogeneous structure to a mosaic one; intergenerational crisis; the ideological vacuum that was cultivated by past ideology and the dismantling of the unanimity system that came about as a result of the collapse of past ideology; massiveness of culture and its westernization; ideology of corruption, the flip side of which is rampant consumption, imposed on young people as the highest moral value; insecurity of most young people; socio-demographic crisis; institutional crisis and weakness of the socialization system; criminalization of behavior and consciousness of young generations; the growth of social inequality and the clear, deep polarization of the social strata of the Kyrgyz population; decrease in vitality, social well-being of the entire population as a whole, and young generations of the Kyrgyz people, in particular, etc.*

Key words: *youth, Kyrgyz society, national security, morality, spiritual development, morality, student youth, culture, spiritual culture, material culture.*

Учурда дүйнө эли кептелген короновирус илдетинин кыргыз элине да жайылуусу жана анын айланасындагы коомдук пикирлерди анализдөөдөн улам бул макаланы коомчулукка сунуштоого туура келди. Анткени, биз өзүбүздү акылман элбиз, сабырдуу элбиз, эр жүрөк элбиз, жаманды жашырган, жакшыны ашырган элбиз, илимдүү-билимдүү элбиз, боорукер элбиз деп келгенбиз. Бирок, коомдо басымдуулук кылган бүгүнкү көрүнүш, тактап айтканда жеке өзүбүзгө жасаган мамилебиз, бири-бирибизге жасаган мамилебиз, улууларга, коомго, саясий элиталарга, мекенге, мамлекетке жасаган мамилебиз жогорудагы мүнөздөмөнү тескери көрсөткөндөй түр берет.

Демек, соңку мезгилдеги кыргыз коомунун дүйнө таануусунда өтө чоң өзгөрүү болгондугу байкалды. Байкасак, көптөгөн башка элдер сыяктуу эле кыргыз коомунда да адамдын өзүнө-өзү жасаган мамилесинде жана адамдар аралык мамиле чөйрөсүндө кескин өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бул көрүнүштү анализдөө үчүн "руханийлүүлүк", жана "руханий кризис" терминдерине токтолоюн.

Руханийлүүлүк - бул адамдын практикалык ишмердүүлүк аракети, өзүн-өзү өнүктүрүү, өзүн-өзү аныктоодогу субъектинин зарыл тажрыйбасы.

Руханийлүүлүк - бул өзүн-өзү жогорулатуудагы, аныктоодогу адамдын руханий өсүүсү.

Руханийлүүлүк - бул адамдын ойлорунда, баалуулугунда, ынануусунда, ишениминде чагылуучу көрүнүш.

Руханийлүүлүк - бул абсолют, дүйнөдөгү адам болмушунун жогорку гуманисттик баалуулугу. Адамзаттын руханий өнүгүүсүн материалдык жана экономикалык баалуулуктар эмес, дал ошол руханий баалуулук жогорулатат.

Руханийлүүлүк көрүнүшү адамдардын болмушка болгон, тактап айтканда, сырдуу жана эстетикалык сезимдеринде, өмүр, оору, өлүм маселесине болгон мамилесинде байкалат.

Цивилизация өнүккөн азыркы коомдо ошондой эле кыргыз коомунда бир катар кризистер кездешет: экономикалык, саясий, экологиялык. Бирок коомдо кездешкен кризистердин ичинен эң олуттуусу жана коркунучтуусу руханий кризис.

Руханий кризис - бул инсандык кризистин бир түрү болуп, жашоонун болмуштук негиздерин жоготуу сапатында чагылдырылып, эмоционалдуу реакция, коомдук төмөнкү аң-сезим, конфликтүү абал, жоопкерчиликсиздик, ойлонбостук көрүнүштөрү менен коштолот.

Тилекке каршы бул кризис бизди да каптаптыр. Мындай негативдүү көрүнүштөр кыргыз коому оор көйгөйгө кептелип, өмүр менен өлүмдүн ортосунда кармаш жүрүп жаткан маалда да токтобостон, жаатташып, бөлүнүүчүлүккө барып, руханий жан дүйнө тарып, анысы аз келгендей ал көрүнүштөр маалымат беттерин ээлеп жатып калды. Мындай көрүнүштүн болуусунун бир катар себептерине токтолоюн.

Руханий кризистин себептери төмөнкүлөр:

- Эго түзүмүнүн деформациясы (оору, социалдык байланыш деформациясы, жашоонун маңызынын жоголуусу, тоталитардык секталарга кабылуу);
- Инсандын негизги тенденцияларды ишке ашыруусунун мүмкүн эместиги (материалдык байлыктын бат топтолуусу жана жакырчылык, социалдык абалдын кескин өзгөрүүсү, билимге тез жетүү);
- Виталдык (жашоо) кризиси (күчтүн төмөндөөсү же энергиясынын ашып ташуусу, гиперактивдүүлүк, жана жашоо кырдаалына болгон адекваттуулуктун жок болуусу).

Жогоруда көрсөтүлгөн руханий кризистин себептерин бирден чечмелөөнүн кажети жоктур. Анткени ошол себептер биздин коомдо кездешип жаткандыгын турмуш чындыгы далилдеп турат. Эми руханий кризистен чыгуунун жолдорун сунуштай кетейин.

Руханий кризистен чыгуунун жолдору:

- Ааламдашкан коркунучтан, кризистен, катастрофалардан сактай турган, адамзатты бириктирүүчү, адамзаттын өнүгүүсүн камсыздай турган идеялардын болуусу шарт.
- Кыргыз менталитетине таандык, салттык билимди, коллективизмди (жакындарга жардам колун созуу) жандандыруу, жалпынын, коомдун, мамлекеттин, мекендин кызыкчылыгын жогору коюга, баалай билүүгө үй-бүлөдөн баштап тарбиялоону жандандыруу. (“Улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо”, “Улук болсоң кичик бол”, “Таш менен урганды аш менен ур”, “Акылман улагада олтурса, улаганын көркүн чыгарат” ж.б.)
- Мамиле маданиятын үйрөнүү, жогорулатуу (ММК, маалымат беттеринде, теле берүүлөрдө мамиле маданиятын көбүрөөк жайылтуу).
- Руханий баалуулукту калыптандыруу жана сактоодо дин да негизги ролду ойнойт, ошондуктан, коомго дин философиясын реалдуу жеткирүү.

Ошондуктан бүгүнкү илимий чөйрөдө руханий кризис, руханий коопсуздук жана жаштар маселеси күндүн актуалдуу темаларынын бирине айлануда. Анткени, коомдун келечегин жаштар түзүп, жаштарды социалдык-демографиялык топ катары кабылдоо менен алардын руханий-нравалык коопсуздугун камсыздоодогу, коомдук процесстерге катыштыруудагы ролунун жогору экендиги менен байланыштырылат. Ошондой эле жаштардын айланасында дүйнөлүк коомчулукта да, табигый чөйрөдө да, социалдык

чөйрөдө да кооптондуруучу абалдын байкалып тургандыгы жашыруун эмес. Айрыкча мындай көрүнүш руханий нравалык чөйрөдө өтө байкалат. Илимий макалада мен кыргыз коомундагы жаштардын руханий-нравалык коопсуздугун анализге алгандыгыма байланыштуу, макалада көбүрөөк токтоло турган түшүнүк бул коркунучтун же кооптонуунун конкреттүү объектилери. Саясий багыт дайыма жаштар маселесине терең көңүл бурулгандыгын, бул багытта бир катар мыйзамдар бар экендигин, келечекте да бир топ иштер колго алынаарын байма-бай айтып келет. Кыргыз коому бир эле жаштар эмес жалпы эле мамлекеттин жарандарынын кызыкчылыктары, коопсуздуктары, инсан катары калыптануусу, жашоодогу адамга тиешелүү кызыкчылыктар биринчи орунга коюлгандыгын белгилейт [7.496]. Мамлекеттин жарандык коом үчүн жүргүзүп жаткан саясаты дүйнө элдеринин саясаты менен үндөш. Анткени бардык мамлекетттин саясаты ушул максатты көздөйт десем жаңылбайм. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык, мындай саясат: «бул жалпыга бирдей аныктама, анын булагын улуттук коопсуздук тууралуу пикир түзүп, мындай пикир байыртадан эле жашап келе жатат» [1.21]. Демек кыргыз коомундагы ишке ашырып жаткан мындай саясаттын маңызы улуттук коопсуздукту коргоо, коомдун руханий-нравалык бекемдигин, мекенчилдик, гуманистик, салттык, менталитеттик сезимдерин, илимий жана социо-маданий деңгээлин сактоо. Жогорудагы максаттар аткарылса, коомдо руханий-нравалык коопсуздук сакталат. Ошого карабастан ааламдашкан алкак секунд сайын өзгөрүүгө дуушар болууда. Айлана чөйрөдөгү дайыма өзгөрүп түрүүчү көрүнүштөр (экономикалык, саясий, экологиялык, маданий) өсүп келе жаткан муундун руханий өнүгүүсүнө жана дүйнө таануу сезимдерине чоң таасирин тийгизет. «Коопсуздук» түшүнүгү социалдык философия, укук философиясы, дин философиясы, политология, социология, дин социологиясы, педагогика, психологияда, коом таануунун деңгээлинде, инсан таануунун деңгээлинде каралат жана көбүнчө өзгөчө кырдаалдар менен байланыштырылат. Изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык: «Социалдык-психологиялык коопсуздук” деген интегралдык түшүнүктүн системасы катары эсептелген “руханий коопсуздук” феноменинин сырткы детерминанттарын психологиялык жактан алып караганда, руханияттын ички шарттары менен жуурулушат. Сырткы факторлордун таасири “ички, сырткы” механизм аркылуу аркылуу каралат, тактап айтсак, социалдык реалдуулукту коопсуздукту түзүп берген, зордук-зомбулуктан ары, ичиндеги мүчөлөргө психологиялык жактан туруктуулукту камсыздоочу, коркунучтарды (сырткы фактор) жоюп жана алардын алдын алуучу абал катары баалоо, кабыл алуу, таануу аркылуу.

Коопсуздуктун сырткы факторлорун кароодо биз мамлекеттик-укуктук токтомдорду жана анын коомго киргизилишин анализдөө менен кырдаалдан инсанга карай иш алып барабыз, ал эми инсандын руханий коопсуздугу жөнүндө айтууда адамдын активдүү ролун (коопсуздуктун ички факторлору), тактап айтканда анын руханий керектөөлөрү, жеке сапаттары, баалуулук багыттарын баса белгилейбиз.

Инсандын коопсуздукка болгон түпкү ыктыяры социалдык жана материалдык коопсуздук (экологиялык,террористтик, согуштук коркунучтан, мамлекеттин бузулушу жана үйүнүн бузулуу коркунучтарынан) жана руханий коопсуздукка (жеке жана башкалардын өзүн-өзү сыйлоо руханий сезимине кол салуулардан, эркиндик, тилектештик, жоопкерчилик, өз-ара сый жана бир-бирине болгон ишенимди көрсөтүүгө болгон негативдүү басымдан) болгон укугунда жүзөгө чыгат.

Чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн бири катары таанылган И.А.Ильин “Укук философиясы. Нравалык философия” деген эмгегинде укуктун руханий баалуулугу жөнүндө сөз кылып: “Укуктун руханий милдети – бул адамдардын ички дүйнөсүндө жашап, алардын кайгыларын жокко чыгарып, ошол аркылуу алардын жашоосу жана кыймылдарынын тышкы факторлоруна таасир этип, ички аң-сезиминде ойгонууну пайда

кылуу. Укуктун милдети болуп, адамдын жан дүйнөсүндө жакшы жүрүм-турумга болгон мотивди пайда кылуу саналат. Укук адамга керек, себеби ансыз адамдын духу жашоосунда жогорку жыргалчылыкка жете албайт". Руханий жашоодо жашай билүү, аны өз алдынча жана эркин түрдө түзө билүү мүмкүнчүлүгү – бул ар бир адамдын негизги жана шексиз укугу. И.А. Ильин үчүн бул нерсе биринчиден, закон ченемдүү укук, себеби ал адамдын руханий жашоосунун чыныгы табиятын чагылдырат; экинчиден, түбөлүктүү укук, себеби анын мааниси ар бир доор жана ар бир адам үчүн бирдей; үчүнчүдөн, ажырагыс укук, себеби анын кемсинтилүүсү жана тебеленүүсү руханий жашоону бузуп, адамдын өзүн-өзү сыйлоо сезимин кемсинтет. Нормалдуу укуктук аң-сезим – бул жан дүйнөнүн эрктүү, активдүү жана чыгармачыл абалы; ал жашоодо эркин, адилеттүү, туура укукту издейт жана адамды ага жетүүгө жана аны ишке ашырууга түртөт [2.348].

Социалдык жана личносттук коопсуздукту изилдөөдө бир катар тарыхый окуяларга кайрылуу туура болот. "Руханий коопсуздук" түшүнүгүнүн түпкү компонентин ачуу үчүн биз алгач эле адилетсиздикти (айрыкча социалдык адилетсиздикти) жана жаштардын жашоодогу руханий-нравалык баалуулуктарга болгон багыт деңгээлин баштан өткөрүү сыяктууларга көңүл бурабыз.

Руханий кооптуулук сезими жаштарда дүйнөдө болуп жаткан көйгөйлөрдүн (экологиялык, саясий, диний, терроризм, жумушсуздук ж.б.) жана ошондой эле инсадын руханий-нравалык бүтүндүгүнө таасир этүүчү жана оор жашоо абалдарынан чыга билүү толук конструктивдүү эмес стратегияларын түзүүчү, батыш саясатчыларынын манипулятивдик жана идеологиялык таасири астында ишке ашуучу протесттик жүрүм-турумга таасир этүүчү, келечектеги социалдык коркунучтарды баштан өткөрүүдө маанилүү индикатор болуп саналган коомдогу руханий-нравалык жашоонун көрүнүштөрүнүн адилетсиз деп эсептөө ойлорунда байкалат.

Жаштарда адилетсиздик сезимин терроризм, жумушсуздук, согуш коркунучу жана куралданган конфликттер сыяктуу дүйнөдө болуп жаткан проблемалар пайда кылат. Өзгөчө коомдогу нравасыз жашоонун көрүнүштөрү, мисалы: адамдын кадыр-баркын материалдык жетишкендиги аркылуу баалоо, киреше деңгээлдери айырмаланып турган жаштарга жана ар түрдүү коомдук катмардын балдарына болгон бирдей эмес мамиле, адамдардын бир бирине болгон кайдигерлиги, саясий спекуляциялар, мамлекеттин ден соолук жана билим берүү боюнча колдоосунун жетишсиздиги, нравалык нормалардын четке кагылуусу, жумушсуздардын көбөйүшү жана карыларга болгон негативдүү мамиле.

Жаштардын аң-сезиминин бузулуусу, социалдык бөлүнүү жана калктын поляризация болушу, фрустрация, экзистенциалдык вакуум жана жашоо маңызын жоготуу сыяктуу коркунучтарга көп токтолбостон, алардын кыргыз коомунун руханий-нравалык коопсуздугуна болгон таасирлери терс деп айтсак болот. Жаштардын руханий коопсуздугуна болгон коркунучтарга жыйынтык жасасак, алардын натыйжасында, жаш муундардын ан-сезиминде массалык түрдө патриотизм, коллективизм, туура ойлонуу, намыс, милдет, жумуш идеялары, ошондой эле бекемдөөчү чоң потенциалга ээ орто класс идеясынын баркы кетип, жок болууда. Көпчүлүк жаштар сатылып кетүүчүлүк идеологиясын жайылтуучу жана коомдук тартип, нравалык норма, мамлекеттик мыйзамдарды сактабаган бизнес класстын өкүлдөрүнөн өрнөк алып, аморалдуу, кылмышкер, адеп-ахлаксыз, руханийлүүлүгү жок жүрүм-турумдун айлампасына кошулуп кетүүдө. Алар ММК жана интернет айдыңындагы пропагандалык рекламарга сын көз-караш менен кароону жок кылуучу материалдык байлыктын артынан жүгүрүп, айлана чөйрөдөгү реалдуулукка, оппозицияга социалдык-критикалык көз-карашта карай алышпайт, мунун натыйжасында жаштар өздөрүнүн терс инстинктеринин жана буюмдардын кулуна айланат. Бул жаш инсандын руханий-нравалык негизинин уроосуна алып келет. Мунун баары жаштардын аң-сезиминин негизин агрессивдүүлүк, тынымсыз

керектөө, ач көздүк, коллективизмге карама-каршы болгон инвидуализм, бир-бирине болгон жек көрүү жана зордук-зомбулук, батыш либердуулук баалуулуктарынан үлгү алуу сыяктуулар түзгөн бир-бирине каршы жана чоочун идеал жана баалуулуктарга кул болуусуна алып келет. Азыркы учурда коомдо руханий-нравалык сферанын жалпы кризиси байкалууда, бул нерсе интеллектуалдык-этикалык ваакуумдун пайда болушун, коомдун аң-сезимине таасир этүүчү адамдардын ордун жаштарга оң таасир бербөөчү иш акысы көп ТВ жана электронный ММК "жылдыздары" ээлеп кеткенин түшүндүрөт. Бул абалдан кантип чыгууга болот, жаштарды башка көз-карашка кантип келтирүүгө болот? Жогоруда айтылган коркунучтарга каршы чыгуу абдан кыйын, бул учурда мамлекеттик кийлигишүү жана эффективдүү жөнгө салуу керек. Алгач эле үй-бүлөнүн, мектептин, ЖОЖдордун социализациялоо агенттери катары жөндөмсүздүктү калыбына келтирүү керек, бирок бул нерсе өлкөдөгү экономикалык өсүү, жумушсуздуктун жана кедейликтин азайышы менен параллелдүү түрдө жүргүзүлүшү керек. Азыркы убакыттагы абалдан чыгуунун жолдорунан бири катары адекваттуу улуттук идеологияны түзүүнү сунуштаса болот, бул идеология жаштарга улуу тарыхка баш багып, учур чакка жана келечекке болгон жоопкерчиликти сезүүнү жана кыйынчылыктарды оптимизм менен жеңүүнү үйрөтөт. Мындай идеология катары патриоттук идеологияны сунуштаса болот, бирок бул үй-бүлө институтун кырылуудан, билим берүү системасын интеллектуалдык күчсүздүктөн, экономика жана саясатты - ач көздүктөн жана коррупциядан сактоо сыяктуу машакаттуу эффективдүү эмгекти талап кылат[3.].

С.А.Клишина белгилегендей, азыркы учурда биздин коомго жана мамлекетке ошол мамлекеттин элине жакын жана түшүнүктүү улуттук приоритет жана максат системасында иреттеп, өлкө үчүн маанилүү болгон башка идея жана баалуулуктарды магнит сыяктуу тартып туруучу негиздүү жана бекемдөөчү идея аба сыяктуу абдан керек. Жаштардын руханий коопсуздун кепилдөө ар кандай жүрүүдө, көбүнчө бул мамлекеттик, диний, жеке менчик структуралар аркылуу ишке ашуучу диаметралдык карама-каршы тенденциялар. Аларды, коом ишкерлеринин ою боюнча, руханий коопсуздук системасын жалпысынан түшүндүргөн жалпы схемага киргизүү керек. Бул катарга, шексиз түрдө чон таасир тийгизүүчү ММК, диний уюмдар, ушул менен бирге башкы функциясы жаш муундун руханий өнүгүүсү жана социалдык жаныланyу болуп эсептелген өздүк социалдаштыруу (тарбиялоо жана билим берүү) институттары кирет[4.]. Ал эми С.Н. Соколованын маалымат коопсуздугунун руханий факторлору, архитектоникасы, жөнгө салуу механизмдери жана приоритеттери туурасындагы пикири менен ынанууга болот. Алардын катарын бүгүнкү күндө популярдуу болуп жаткан диндик идеология түзөт, бирок, бүгүнкү кыргыз коомунда диндин илимий анализи жакшы деңгээлде колго алынбагандыктан, аны жайылтуу аракеттери субъективдүү пикирлерден көз каранды болуп, бүгүнкү кыргыз коомунда бир катар талаш-тартыш маселелер жаралууда. Ошондуктан, баарыбыз руханий жан дүйнөбүздү тазартуу, байытуу, жогорулатуу аракетин жасайлы. Анткени, жан дүйнөнүн байлыгына тең келген байлык жок.

Адабияттар:

1. Возьмитель А.А. Актуальные теоретико-методологические и практические проблемы духовной безопасности // Социальная политика и социология. Междисциплинарный научнопрактический журнал. 2008. № 2 (38). С. 20–33.
2. Ильин И.А. Наши задачи. Историческая судьба и будущее России. Статьи 1948-1954 годов. В 2-х т. Т.1 М.: МП «Рарог», 1992. — 348 с.
3. Сальпиева Э.Б. Роль менталитета кыргызов в воспитании молодежи // Философские науки 2010г. С.190.
4. Клишина С.А. Русская идея в состоянии невесомости // Московские новости. 2007. № 9. С.7.
5. Соколова С.Н. Духовные факторы информационной безопасности: механизмы регулирования и приоритеты. М.: 2014, с.187-189.

6. Букреев В.И. Человек агресивный. М.: 2007, с.336.
7. Адам укуктары, демократия, бийлик. Б.: 2015. 496-б.

УДК 802

ТЕМА СЕМЕЙНОЙ ЖИЗНИ В ТВОРЧЕСТВЕ А. С. ПУШКИНА

Толекова Мээрим, Шамшибекова Наргиза E-mail: meerimtolekovaaa@gmail.com
Ошский государственный университет

***Аннотация**: В данной статье сделана попытка обобщить вопрос о трансляциях семейных традиций, заложенных ярким представителем русской классической литературы А.С. Пушкиным в творчество кыргызских и узбекских поэтов.*

***Ключевые слова:** наследие, трансляция, поэзия, проза, творчество.*

А. С. ПУШКИНДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШ ТЕМАСЫ

Толекова Мээрим, Шамшибекова Наргиза E-mail: meerimtolekovaaa@gmail.com
Ош мамлекеттик университети

***Аннотация:** Бул макалада орус классикалык адабиятынын көрүнүктүү өкүлү А.С.Пушкин тарабынан негизделген үй-бүлөлүк салттарды кыргыз жана өзбек акындарынын чыгармачылыгында берилиш маселесин жалпылоого аракет жасалат.*

***Ачкыч сөздөр:** мурас, котормо, поэзия, проза, чыгармачылык.*

THE THEME OF FAMILY LIFE IN THE WORK OF A. S. PUSHKIN

Tolekova Meerim, Shamshibekova Nargiza
Osh State University E-mail: meerimtolekovaaa@gmail.com

***Abstract:** In given article is made attempt to generalize the question about translation of family traditions, mortgaged bright representative of the Russian classical literature A.S. Pushkin in creative activity Kyrgyz and Uzbek poets.*

***Key words:** heritage, translation, poetry, prose, creative activity.*

1. Введение

Тема «пушкиноведение» актуальна не только на родине поэта, но и во всех культурах мира. В канун 220-летия «солнца русской поэзии» Александра Сергеевича Пушкина возникает исследовательский интерес к трансляциям его поэтических традиций семьи в культуры стран зарубежья.

Цель исследования: Обобщить вопрос о трансляциях поэтического наследия о семейных ценностях А.С. Пушкина в культурах тюркоязычных народов, долгие годы бывших в составе страны из пятнадцати братских республик, разделенных политическим дискурсом с обретением суверенности.

2. Материалы и методы исследования

Существует масса работ, посвященных проблеме литературных связей, в частности относительно осмысления ценности семьи в пушкинском наследии в странах Центральной Азии. Труды К. Рысалиева [1], Л. А. Шеймана, Г.У. Соронкулова [2], К.Х. Джидеевой [3], К. Баялинова [4], С.А. Мухиной [5], И. Султана [6], М. Айбека [7] и мн.др. – яркие тому доказательства. Однако новых работ в этом направлении литературоведения практически не наблюдается. Попытаемся проследить на примере этих и других работ, в каком идейном направлении развивалось пушкиноведение в российском зарубежье. В проблеме литературных связей обычно изучается ориентированность на выявление их творческого

результата. Вспоминается идея А. С. Бушмина о сложном диалектическом характере творческих контактов [8, 14]. В пушкинистике разных стран наметились позитивные тенденции выявления не только воздействия Пушкина на развитие литератур Востока, но и исследования интереса русского поэта к жизни, быту народов Казахстана и Средней Азии. Очевидно, что можно выделить «основные вехи развития пушкинистики в республике: 1) Дореволюционный, когда в крае имя русского поэта, его творения пробивают себе первую «пушкинскую» тропу; 2) Период после 1917 года; 3) Пушкинистика юбилейного периода (1937); 4) Пушкинистика 40-50-х гг.; 5) Пушкинистика второй половины XX века» [9, 6]; 6) Пушкин и современность (конец XX – начало XXI веков). Вслед за известным краеведом Н. М. Мурадымовым, хотелось бы отметить первые три периода, после С. Л. Мухиной книга Л. А. Шеймана и Г. У. Соронкулова стала новой вехой «пушкинистики наших дней», где обосновывается понимание поэтом различения тяньшаньских кыргызов от «киргиз-кайсаков», т.е. казахов.

Особого внимания заслуживает тема семьи, поскольку сам поэт был отцом четвертых детей и прекрасным мужем для своей «Мадонны» - Натальи Гончаровой, названной им «чистейшей прелести чистейший образец». Ведь именно вступившись за ее честь, он и лишился жизни, сама смерть его явила пример того, когда супруги клянутся друг другу перед свадебным алтарем, что они «готовы отдать жизнь». Такая идея прослеживается и в повести «Капитанская дочка», и «Повестях Белкина», и «Маленьких трагедиях», и главном романе «Евгений Онегин», и многочисленных стихотворениях.

3. Результаты и обсуждения

Первые переводы из пушкинского наследия в Туркестане появились еще в 1875 году, когда на узбекском языке газета «Туркестан вилояти газети» опубликовала стихотворение «Поэт», отрывки из «Бахчисарайского фонтана», «Сказки о рыбаке и рыбке». Литературоведы М. Даврон [10], С.Н. Иванов [11], поэт Мирмухсин [12], И. Султан [9, 7] говорили о широкой популярности творений русского поэта в нашем крае. В свое время журналисты А. Диденко, Н. Манин обнародовали факты о первом праздновании юбилея Пушкина в Туркестане.

Пушкина с большими трудностями воспринимали не то, что простой народ, а даже обучавшиеся в школе дети. «В 20-е годы, - пишет Л.А. Шейман, - преподавание русского языка и русской литературы в киргизских школах не носило регулярного характера… Мы располагаем свидетельством о том, что уже тогда, по инициативе педагогов-энтузиастов, в нерусских школах республики начинается ознакомление учащихся с русской художественной литературой, в том числе с произведениями Пушкина» [2, с. 81].

Чингиз Айтматов не в пример Т. Сыдыкбекову, К. Баялинову, А. Осмонову, ступавшим к Пушкину каменистой тропой, рано постиг, что Пушкин является «гениальным поэтом», стал брать пример для подражания. «Пушкинская гениальность – в жизненности, вот почему именно он остался на века, и теперь с нами…», «Поэзия Пушкина – лучший пропагандист и глашатай русского языка. Кто полюбит Пушкина, - то не может не полюбить русский язык», «… мне кажется, что Пушкин всегда был и всегда будет», «Пушкин – пример свободного творчества, творческого гуманиста», «Пушкин остается для всех нас звездой восходящей», - писал Ч. Айтматов [10, с.223].

Заметной вехой в восприятии наследия Пушкина стал столетний юбилей великого русского поэта (1899), материалы которого нашли отражение в периодике края, газетах «Туркестанские ведомости», «Туркестан», «Асхабад», «Закаспийское обозрение» и др. в информации о подготовке к юбилею [11, 574]. В те годы в городе Оше жило 989 представителей русского населения, здесь побывали видные ученые и путешественники В. В. Бартольд, А. Ф. Миддендорф, Н. Л. Корженевский, А. Кун, Н. Пантусов, А. П. Федченко, Н. А. Северцев, И. Д. Хлудов, Л. Ф. Костенко, И. П. Ювачев, И. В. Мушкетов и

др., проживали состоятельные семьи Дм. Львова, Д. М. Филатова, М. Епифанова, Н. Н. Щукина, проживало около 164 дворян, купцов, духовенства [12, 67]. Классик узбекской литературы произнес крылатую фразу: «Нам суждено жить вместе с русскими», он перевел произведения поэта на родной язык [13, 109].

Известный кыргызский поэт Т. Уметалиев писал: «Впервые я услышал это имя – Пушкин в 1927 году. Был я тогда учащимся Ошского педагогического техникума. … После войны я перевел на родной язык много стихов поэта, написал стихотворения о нем, назвав его «Отец поэтов»…» [14, 109-110].

Выводы

Ученые Центральной Азии немало сделали для осмысления роли Пушкина в развитии родной культуры. Тема семьи является основной, наряду с темами свободы, природы, общества. Пушкинистика – это явление не только русской литературы в данном регионе, это праздник традиционных уз дружбы евразийских культур, без них немыслима современная реальность.

Литература:

1. Рысалиев К.Произведения А.С. Пушкина в киргизских переводах: автореф. дис. … канд. филол. наук / К. Рысалиев. – М., 1953. – 15 с.
2. Шейман Л.А. Пушкин и киргизы. - Фрунзе, 1963. – 141 с.; Шейман Л.А., Соронкулов Г.У. Кыргызы, казахи и другие народы Востока в художественном мире Пушкина. – Бишкек, 1996. – 217 с.
3.Джидеева К.Х. Художественный перевод как форма взаимосвязи и взаимообогащения национальных литератур. - Фрунзе: Кыргызстан, 1972, 115с.
4.Баялинов, К. Пушкин и киргизская советская литература / К. Баялинов //Иссык-Кульская правда. – 1949. – 5 июля.
5. Мухина С.А.Литература декабризма о нерусских народах. – М., 1972. – 187 с.
6. Султан И. Пушкин и узбекская литература // Кизил Узбекистон, 05.06.1949 г.
7. Айбек, М.Т. Литература, история, современность // Дружба народов. – 1966. - № 8. – С. 236-240.
8. Бушмин А.С. Преемственность в развитии литератур. – М., 1975. – 275 с.
9. Мурадымов Н.М. Пушкинские страницы в истории Оша. – Сб. «Актуальные проблемы изучения жизни и творчества А.С. Пушкина». - Ош, 2000. – 162 с.
10. Айтматов, Ч. В соавторстве с землею и водою… – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 406 с.
11. История Киргизской ССР. Том 1. – Фрунзе, 1968. – 673 с.
12. Кененсариев Т. Ош колониальный. // Все по Ош, Вып. 1. – Ош, 1998, 452 с.
13. Лунин Б. У истоков великой дружбы. – Ташкент, 1972. – 186 с.
14. Уметалиев Т. Останется звездой восходящей // Лит.Кирг., 1987, №1, с. 110.

УДК:81.33

ФОРМУЛА ОБРАЩЕНИЙ В ПРОЗАИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЯХ А. П. ЧЕХОВА

Усенова Назира Туратбековна E-mail: nazira.usenova83@mail.ru
Ошский Государственный Университет

Аннотация: *Обращения являются важным, необходимым лингвокультурологическим аспектом речевой ситуации. Обращение используется на любом этапе обращения, на всем его протяжении, служит его необходимой частью. В литературных произведениях обращения могут дать больше информации о героях, о ситуации, чем какие-то подробные описания, дополнения, авторские ремарки, уточнения и т. д. А. П. Чехов, будучи мастером короткого рассказа, активно использует диалогическую форму и часто прибегает к обращениям. В данной статье на примере прозы А. П. Чехова показано, какие важные стилистические функции выполняют обращения в художественной литературе.*

Ключевые слова: *функция, обращения, проза,внимание, отношение, комизм.*

А. П.ЧЕХОВДУН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КАЙРЫЛУУ ФОРМУЛАСЫ

Усенова Назира Туратбековна E-mail: nazira.usenova83@mail.ru
Ош Мамлекеттик Университети

Аннотация: *А.С.Чеховдун көркөм чыгармаларындагы кайрылуу формуласы.Кайрылуу сүйлөө кебиндеги эң маанилүү, керектүү лингвокультуралык аспект болуп эсептелет. Кайрылуу мамиленин бардык этабында колдонулуп, башынан аягына чейин керектүү бөлүгү болуп кызмат кылат. Көркөм чыгармаларда кайрылуу формуласы, башка так сүрөттөөлөргө, толктоолорго, автордун эскертүүлөрүнө, ынандырууларга караганда каармандар, жагдайлар жөнүндө көбүрөөк маалымат бере алат. А.С.Чехов аңгеме жазуунун чебери болсо да, ал активдүү түрдө диалог жана кайрылуу формуласына тез- тез кайрылган. Бул макалада Чеховдун мисалдарында, кайрылуу канчалык маанилүү стилистикалык функцияны аткаруусу көрүнүп турат.*

Ачкыч сөздөр : *функция,кайрылуу,проза,көңүл,мамиле,көңүлдүүлүк.*

THE FUNCTION OF APPEALS IN CHEKHOV'S PROSES

Usenova Nazira Turatbekovna E-mail: nazira.usenova83@mail.ru
Osh State University

Abstract*: Appeals are an important, necessary linguacultural aspect of the speech situation. Appeals used at any stage of communication, in all of it, serves as its necessary revenge. In literary works, appeals can give more information about the characters and the situation than any detailed descriptions, additions, author's remarks, exploitations etc. A. P. Chekhov, as a master of the short story, actively uses dialogic form and often resorts to appeals. In this article, we will take the example of Chekhov's prose to show which important stylistic functions the appeals fulfill in the fiction.*

Key words: *function, appeals, prose, attention, attitude, comicality.*

1. Введение

Обращения являются важным лингво-культурологическим аспектом речевой ситуации. С помощью обращений, используемых в коммуникативном акте, можно узнать многое о его участниках: уровень их воспитания, образования, культуры, а также отношения говорящих между собой. «В литературных произведениях обращения могут дать больше информации о героях, о ситуации, чем какие-то подробные описания, дополнения, авторские ремарки, уточнения и т. д.» [1, с. 316].

Баспай турду былк этпей,
Аяк серпип солк этпей.
Алда эмне болду,- деп,
Башка чапсам тору атты,
Асыл көөнүн оорутпай,
Асыраган мал эле.
Түбүндө жаман болор,- деп.
Карааны кыргыз көрүнгөн,
Жедигер менен Маңгытка,
Бура тартып бастырса,
Мурункудай Майтору,
Басканына мал жетпей,
Желе басса жел жетпей,
Кылыктанып басканда.
654-бет

Жогорудагы саптар эпостун «Бекбача жомогунда» айтылып, Калдык менен Бекбачанын согушунун жүрүшүндө Калдык хан Бекбачага чамасы жетпей, айла иштетип Бекбачаны мылтык менен атып алмак болот. Алдында качып барып, белесте жашырынып турат. Бул жамандыкты сезип калган Майтору баспай туруп алат. Бекбача айласыздан аттан түшүп жөө жетелеп белеске чыгат. Майторунун баспай койгонун көрүп хан Калдык ичинде кубанат. Жамандык жышаана чынга айланып Бекбача белеске чыкканда желбегей ат жетелеп чыккан Бекбачаны атат. Бирок ок ажалдуу болбостон Бекбача аман калат. Кайрадан урушуп хан Калдыкты артынан кууп кармап өлтүрөрдө Майтору жана баспай коёт. Бекбачанын ачуусу келип тулпарды башка чапмай болот. Агасынын асыраган малы экени эсине түшүп кайра туруп калат. Аттын башын буруп кыргыз элине кайра бастырса "басканына мал жетпей, желе басса жел жетпей" таскактап жүрүп берет.

Жамандык жышаананын болушу, түрдүү тулпарлардын жүрбөй койгондогу терс жышаана алдында баян кылынган курал-жарак жамандык белгиси сыяктуу обьектив заттар менен кандай ички байланышка ээ? Муну да илимий тургусунан чечип түшүндүрүү кыйынга турат. Чынында, эски доордогу баатырлардын аттары жана курал жарактары адаттан тышкары мүнөздөлүшкө ээ болгонубу? Мындай суроолор жана анын жообун азыркы доор илим

чечмелөөсү менен караганда эч илимий негизи жок, тек байыркы доордогу кишилердин түрдүү тааным жана ишенимдеринин жомоктогу көркөмдүк муктаждыгы үчүн колдонулган жомокчунун чеберчилиги же кокустук түшүнүгү боюнча болгон,- деп түшүндүрүүгө болот.

Жогорудагы эки топтогу жамандык белгилердин алдын ала берүүлөрүнүн пайда болуу төркүнөн обьективди дүйнө менен тике байланыштырып түшүндүрүү абдан кыйын. Тек байыркы доордогу теңирге сыйынуу ишеними менен гана белгилүү даражада чечмелөөгө болот. Себеби байыркы доордогу кыргыздар Энесайда жашагандан тартып башка улуттар сыяктуу Көкө Теңирге сыйынуу ишенимине калыпташып, нечендеген кылымдар бою карманып келген. Ушул күндөрдө да теңирге сыйынуунун саркындылары аздыр-көптүр кездешет. Белгилүү манастаануучу Адыл Жуматурду өзүнүн «<Манас эпосу> жана Ислам дини жөнүндө» деген илимий макаласында эпостун жаралуу доорлорун, эпостогу түрдүү диндик курамдар жана алардын эпоско көрсөткөн таасири жөнүндө токтолуп, эпостогу шаман дининин курамдарынын басымдуу орунду ээлей турганын, Ислам дининин курамдары эпостун ички катмарларына сиңип кире албай, тек сырткы катмарында гана сакталганын, эпостун басымдуу курамын түзө албай турганын корутундулаган [①]. Теңир түшүнүгү боюнча караганда эпостогу теңирдин колдоосу менен баатырлар, алардын тулпарлар, курал-жарактар адаттан тышкары жөндөмгө ээ болушкан. Баатырларды колдоп, жамандыктан тоскон же коргогон. Ушул түйүндөн караганда, байыркы кыргыздарда теңирге табынуу түшүнүгү негизинде өзүнө колдоо көрсөткөн тулпарларга, курал-жарактарга табынуу калыпташкан болсо керек. Теңирдин коргоосун жана колдоосун баатырларга эң жакын болгон тулпарлардын жүрбөй калуусу, курал-жарактардын жарактуу жагдайда туруп эле иштебей калуусу, кыскасы, баатырды астыртан коргоосу аркылуу айгиненленген. Мунун дагы бир далили эпостогу баатырлар бирар сапарга же жүрүшкө аттанып баратканда тулпарлары жүрбөй же курал-жарактары атылбай калган сыяктуу жамандык алааматтар көрүлсө, баатырлар мындай жамандыктын алдын ала белгиси катары карап, тыйылып токтоп калса анда эч иш болбостон аман калган. Эгер андай болбой курал-жарак же тулпарларга кайышып аларды тилдеп же урса, анда теңирдин каарына калып каргашага кабылган. Эпостогу Сейиттин атынын жүрбөй калышы, мылтыгынын атылбай калышы, ошондон барып аларга өчөшүп тулпарды башка мылтык менен уруп мертингени ушулардын типтүү чагылдырылышы болуп саналат.

Бул топтогу алдын ала берилүүчү жамандык белгилердин өзгөчөлүгүн илимий жактан чечмелөө кыйын. Тек, субьектив түшүнүк боюнча гана түшүндүрүүгө болот. Ошондуктан анын илимий жактан түшүндүрүүнүн кажети жок. Айгиненленүүсү тулпарлардын кокустан жүрбөй калуусу, курал-жарактардын жарактуу жагдайда туруп иштебей калуусу сыяктуу формалар менен кездешет. Эпостогу түшүнүк боюнча караганда, мындай алааматтар баатырлардын аттарында же алардын курал-жарактарында көрүлгөндө, эгер баатырлар өздөрүн карманып акыл-эсин токтотуп кала алган болсо, теңирдин буйругу менен каргашадан аман калган. Эгер андай болбой ачууга алдырып психикасын тизгиндей албаса, анда теңирдин каарына калып шумдукка кабылган. Ушул таризден алып караганда, жеке адамдын турмушуна белгилүү даражада пассивдүү таасир болгонун баамдай алабыз.

4. Денесинде сырдуу физиологиялык жана психологиялык белгилер пайда болгондо алдын ала берилиши

Кишилердин денесиндеги жана психикасындагы кээ бир бөтөнчө өзгөрүүлөр. Мисалы, колу кычышуу, таманы кычышуу, көзү тартуу, кулагы кызуу, кулагы зыңгыроо, балтыр эти былкылдоо, жүрөгү шуулдоо, көөнү тынчсыз болуу, уйкусу качуу, ачууланyу ж.б. Ушул

[①] Адыл Жуматурду: «<Манас> эпосу жана ислам дини», Элдик маданият талкуусу: Шин Жаң баяны, 2011. Жыл, 4.ай, 43. Бет.

алааматтар аркылуу келечекте болуучу жаман акыбеттер **кыяс [жоромол]** кылынган. Эпостун «Кененим» жомогунда Кененим баатырдын денесинде көрүлгөн сыйкырдуу физологиялык алааматтар мындай берилет:

Айлар аттап айланып,
Арадан канча жыл өттү.
Арыстан шер Кененим
Айылдан карыш жылбады.
Эркектин ишин кылбады.
Кужуру түшүп ичине,
Куршугу мунун кармады.
Түндө уйку келбеди.
Жүрөгү туйлап турбады.
Балтыры тартып балактап,
Алаканы кычышып,
Кененим болду тынч албас.
«алда эмне болдум деп,
Багыма келген иш болсо,
Баш тартпастан көрдүм деп.
Жети өрөөн кеңкол жеримди,
Ак калпак кыргыз элимди,
Ар жагында Жети-Суу,
Жедигердин элдерин,
Бир айланып келейин».
Деп ойлонуп Кененим,
Желденип минди атына,
Ашкере белги шек берип,+
Эр Кененим баатырга.
121-бет

Кененим баатыр бийликти колго алып кыргыз элине каршы жоолорду бир катар жоюп же баш ийдиргенден кийин үйүндө бир топ жыл эч жакка жылбай жыргал жатып калат. Күндөрдүн биринде жогорудагы саптарда айтылгандай, түнү менен уйкусу келбей жүрөгү туйлап тынчсызданат. Алаканы кычышып, балтырлары балактайт. Ошондо баатыр кыргыз жерине жоо келгенби деп эл жердин чектерин көрүүгө чалгынга аттанат. Ушуга улай эле жомокчу төмөндөгү саптарды айтат:

Ордонун ханы орунбай,
Эр Кененим көргөн эл,
Кабарын айтып келгени:
-Алты күндөн бер жакка,
Асили уйкум келбеди,
Ирмесем кирпик жетишпей,
Деги эле жүрөк желдеди,
Бүгүн болду эки күн,
Кеңколдун жети айрыгын,
Араладым мен бүтүм,
Изчинин баарын алдырдым,
Из кубалап чалдырдым,
Далычы менен төлгөчү,
Буларга палын салдырдым,
Душман келди деп айтты,
Барып келип изчилер,
Ашкересин ал айтты,
Көкүм изчи барыптыр,
Көрүнүп элге калыптыр,
544-бет

Демек, Кененимдин денесинде көрүлгөн жамандык белгилердин, алааматтардын чын экенин айкындап, далычы менен төлгөчүлөр жана изчилер **ашкересин [аныгын]** айтып жоо келгенин маалым кылышат. Мындан башка эпостун «Чигитей» жомогунда да ушуга окшош алдын ала **шүкүт [белги]** берүүлөр бар. Мисалы:

Чигитейдин уйкусу,
Он беш күнчө качыптыр.
Мадибекке кеп айтып:
-Атам элең бир чети.
Агам элең бир чети.
Козголгон окшойт мени деп,
Ойлошумча жер бети.
Он беш күн болуп баратат,
Уйкум менин келбеди.
Балтырым тартып балактап,
Булчуңум тартып булкулдап,
Болуп калат окшонот,
Уруш кылар бир убак.
1085-бет

Чигитейдин уйкусу он беш күн качат, көөнү тынчсызданат. Булар психологиялык жактан кабатырлануууга таандык. Ал эми “балтыр эти балактап, булчуңдары булактап” дегендер

физиологиялык кубулуш. Айткандай, бул убакта кыргыз жерин каптап жоо келип калат. Чигитей баатыр жоону кайтаруу үчүн кайра аттанат.

Эпостун экинчи бөлүгү «Семетей» жомогунда» да жогоруда айтылган алдын ала берилүүчү жамандык белги жышаанасы кездешет. Канчоро менен Кыяз астыртан тил бириктирип Семетейди кастамак болушат. Канчоро Манастын күмбөзүнө барып түлөө кылып келели дегенди шылтоолоп Семетейди алдап элден ажыратып алып келмек болот. Ошондо Семетейдин жан чоросу Гүлчородо төмөндөгүдөй физиологиялык жана психологиялык жактан кабатырлануу байкалат:

Бир жума болду тынч албай,
Гүлчородо уйку жок,
Жай өтүп күзгө чукулдап,
Жайлоодон жанган кези экен.
Балтыры тартып балкылдап,
Алып учуп жүрөгү,
Тынчтык бербей лакылдап,
Кирпикке кирпик жетишпей,
Көзү катты уйкудан,
Чыдабады **Гүлүстөн [Гүлчоронун жана бир аты]**,
Күмөн алып шумдуктан.
675-бет

Жогорку саптардагы асты сызылган сөздөрдү карасак, Гүлчоронун "уйкусу качуу, жүрөгү лакылдап тынчсызданyу" сыяктуу шумдуктуу жамандык алааматтардын көрүлгөнүн байкай алабыз. Жогоруда айтканыбыздай эле, Гүлчородо көрүлгөн бул жамандык жышанасынан көп өтпөй эле Семетей кастыкка кабылат. Мындан башка Айчүрөктө да жамандык белгинин алдын ала берилгендиги айтылат. Мисалы:

Айчүрөк иши дайын да -
Жатса келбей уйкусу,
Абдан батты кайгыга.
Кара тер бойдон сызылып,
Бул өңдөнгөн ысыкта,
Камыгып көөнү бузулуп,
Таноосунан дем чыкпай,
Көкүрөгү кысылып,
Асмандан тийген ай жарык
Чырак үйдө жагылып,
Үйдүн ичи жапжарык,
Күндүзгүдөй жарылып,
Жаталбастан Айчүрөк.
672-бет
Айчүрөк айтат мындай деп:
-Олтурар менин чагым жок,
Конок болуп тамак жеп.
Алаптап турат жүрөгүм,
Эмне болуп жатат деп,
Барарман болсоң мени деп,
Колуңан тандап адам ал,
Аттанып досум жолго сал.
1042-бет

Жогорку саптардагы Айчүрөктө көрүлгөн коркунучтуу физиологиялык жана психологиялык алааматтар илим тургусунан караганда татаал болгон кубулуш. Аны келтирип чыгаруучу себептер түрдүү. Бирок аны менен келечектеги жамандык ортосундагы себеп-натыйжа байланышын таап көрсөтүү – абдан мүшкүл тема. Же алардын ортосунда эч кандай байланыш да болбостугу мүмкүн. Кандай гана болбосун байыркы кыргыздарда мындай кайыптык ишеним абдан оор болгонун көрө алабыз. Төмөндөгүсү Алмамбеттин көөнүндөгү пайда болгон жамандык белгинин алдын ала берилиши. Ага да алдыда боло турган жамандыктан алдын ала белги берген. Мисалы:

Ар немени ойлоп ичинде,
Алып учуп желдеди,
Тынчтык бирдем бербеди:
«Атам душман болоордо,
Так ушундай бир белги,
Көрдүм эле мен»,- деди.
223-бет

Жогорудагы саптарда Алмамбет баатырда көрүлгөн коркунучтуу психологиялык алаамат. Ушуларга караганда эпостогу бир бөлүк болуп каралган кейипкерлерде ушундай шумдуктуу психологиялык алааматтар да кездешет. Мындан биз эски доордогу кишилердин денесинде көрүлгөн түрдүү өзгөрүүлөргө дыкат карап, алардан кийинки келечек иштерди да байкап, улам корутундулап, анын эмнеден белги берерин болжошкондугун байкай алабыз. Негизи кишини азаптай турган же кубантпай турган психологиялык алааматтарды жамандыкка, шумдукка жоруп болжошконун, бара-бара бул түрдүү көз караш элдик ишенимге айланып кеткен жагдайы бар экенин айрым бир топтогу окумуштуулар жакташат.

Эпосто көп бөлүк кейипкерлерде ажайып шумдуктуу психологиялык алааматтар көрүлүп шумдукту жамандыкты жышааналагандан башка бир топтогу кейипкерлерде шумдуктуу жана коркунучтуу физиологиялык белгилер көрүлөт. Булардын ичинде Канчоронун төрөлгөнүндөгү Каныкейдин эмчегинен сүт чыкпастан кан чыккан шумдуктуу алаамат эң типтүү үлгү болуп саналат. Бул эпосто мындай берилет:

Агып турду диркиреп,
Чийдей кызыл кан кетип,
Муну көрүп Каныкей:
«Өлтүрүп койсом оңбос- деп,
Угуп калса эр Чубак,
Ыраазы мага болбос деп,
Атасы Чубак болгон соң,
Семетейге жолдош деп,
Эмкиси бу болду,
Кийинкиси Алладан,
Башка киши билбес»- деп,
Канкелди деген ат койду,
Кийинче бул ат жоголуп,
Канчоро атка конгону.
466-бет

Баатырлар чоң казаттан кайткандан кийин жолдо Канчоро туулат. Энеси көз жумат. Каныкей наристеге кыя албай өз эмчегин салат. Ошондо эмген эмчектен чийдей кызыл кан чыгат. Каникей ичинде жамандыктын жышаанасы деп ойлосо да бир чети Чубактан тартынган. Дагы бир чети бул да жараткандын буйругу Семетейге жоро болор деп «Канкелди» деп ырымдап ат коюп багып алат. Бирок айткандай эле, бир топ жылдардан кийин Канчоро түрдүү себептердин айынан Семетейге өч болуп, Кыяз менен жашырын ооз-мурун жалашып Семетейге кастык кылып аны жаралуу кылып өлтүрө албай калат. Кыргыздын бийлик тагына олтурат. Бакай, Каныкейлерди кыйнап бирөөнө торпок, бирөөнө төө бактырып коёт. Канчородон кордук көргөн Каныкейдин өкүнүчү мындай айтылат:

Сүт чыкпай кызыл кан чыкты,
Өлтүрүп салбай ошондо,
Багып жүрүп курган жан,
Сенден көрдүм кордукту;
Семетей уулум эр эле,
Кең пейилдүү эме эле,
Кан чыккан деп кеп салсам,
Койчу, энеке, деди эле,
Сенден көрдү жамандык,
Ырас болду дегеле!
1000-бет

Демек, Каныкейдин Канчорого эмчек салгандагы шумдуктуу кызыл кан чынында эле жамандыкка айланып, кыргыз элине кас болуп элге оор дүмөк жана азап салат. Адаттагы абалда эмчектен сүт чыгат, кан чыккан жагдай адаттан тышкары кубулуш болгондуктан, аны кийинки жазмыштагы жамандыкка же шордуулукка байланыштырып жамандыктын алдын ала белги берүүсүнө айландырганбы же табиятты таанууда **[табият таануу жүрүшүндө]** калыпташкан карапайым ишеним тааным негизинде ошондой көз караш болгонбу деген маселе алдын ала белги болгону изилдөөнүн эң орчундуу түйүнү болуп саналат. Себеби адамдарда болуучу бул түрдүү психологиялык жана физиологиялык кубулуштар адам денесиндеги ар түрдүү сезүү мүчөлөрүнүн сырткы дүйнөдөн алган таасири жана алгачкы сезүүсү болуп, аны кайып кубулуштары менен бириктирүү азырга дейре илим дүйнөсүндө

чечүүдө абдан татаал маселе болуп саналат. Ошого байыркы доордогу кишилердин турмуш жашоосундагы көз караш таанымдарын жана башка топтогу алдын ала белги берүүлөрдүн түп маңызын аныктап тактаганда гана бир сыйра так болгон түшүнүккө ээ боло алабыз.

Кишинин психикасында же денесинде шумдуктуу сыйкырлардын, алааматтардын көрүлүшү менен келечектеги иштердин пайда болуусунда кандайынча байланышы бар экенин ачып көрсөтүү азырга дейин чечилбей келген сырдуу тема. Же, балким, алардын арасында эч кандай илимий байланыш болбостугу мүмкүн. Денедеги шумдуктуу физиологиялык жана психологиялык аламаттар илим тургусунан караганда татаал болгон кубулуш. Аны келтирип чыгаруучу себептер түрдүү. Эпостогу кейипкерлердин психикасында же денесинде көрүлгөн шумдуктуу аламааттардын келечек ишти алдын ала билдиргенин тек теңирге сыйынуу түшүнүгү менен гана байланыштырууга болот. Жомоктогу теңир түшүнүгү боюнча караганда Көкө Теңир келечекте болуучу шумдукту сыйынуучунун көөнүнө салган же анын денесинде белги катары көрсөткөн. Ошондой эле эпосто ошого жараша шумдуктуу иштер жана окуяларга улай эле көрүлгөн. Андан башка жогоруда жана денесинде өзгөчө алааматтар пайда болгонду алып айтсак, нормалдуу жагдайга таандык болбогон абалда эмчегинен сүт чыгуу (карыган Чыйырдынын эмчегинен сүт чыгуу, Каныкейдин Күлчорону багып алганда сүт чыкканы сыяктуулар) андан кийин келечекте жакшылыктан бакыт-таалай, берекеден да алдын ала белги берген. Муну кыргыздардын акка сыйынуу (төрт түлүк малдын сүтүнөн жасалган ичмектер же жемектерди ыйыктоо жана эненин ак сүтүн ыйыктоо) түшүнүгүнөн келген деп байланыштырып түшүндүрөбүз. Эпостордо баатырлар антташканда да эненин сүтү урсун, журттун тузу урсун деп антташкандарын далил катары мисалга тартабыз. Эгер байыркы кыргыздарда акты ыйыктоо, табынуу түшүнүгү болбосо, актын атын айтып антташпас эле. Келечек жакшылык ишке да ыроолоп жышаана кылбаса керек.

Бул топтогу алдын ала белги берүүлөрдүн өзгөчөлүгү, алардын туюнтулушу көп түрдүү. Денеде шумдуктуу алааматтардын көрүлүүсү буга далил болот. Мисалы: балтыр эти балактоо, эти ысуу, жүрөгү элеп-желеп болуу, деми кысылуу, эмчегинен кан чыгуу; психикасындагы тынчсызданyу ж.б. Мисалы: көөнү тынчсызданат, уйкусу качат. Алдын ала белги берүүлөр кишиге анык билинет. Алар кишилердин турмушуна терс таасирин белгилүү даражада тийгизет. Себеби бул түрдөгү ишенимге терең ишенгендерде пассивдүү психика калыпташып, өз алдынча коркуп белгилүү даражада ички дүйнө тоскоолдугуна кабылган.

5. Убакыт, жыл мезгилдериндеги жамандык белгилердин алдын ала берилүүсү

Убакыт, жыл, ай, күндөрдүн мааниси жана ошол убакыт мезгилдерде көрүлгөн алааматтарга карап келечектеги болор шумдук, жамандык же кырсык жоромолдонгон. Бул түрдүү алдын ала белги берүүлөр символдук түскө ээ болуп, символ кылынган нерсенин мүнөзүнө карата болумуш кырсык же иш шай касиетте болгон. Мисалы: «уй жылында кесел, оору-сыркоо көп болот; коён жылында жыл жеңил болот; кышында калың кар жааса, жайында ысык ары жайыттуу болот; кышында күн эрте жылып кетсе кар жаайт; кечинде булут кызарса келини уул туугандай, таң эртең булут кызарса журтуңду жоо куугандай» ж.б. Эпосто да ушуга окшош алдын ала жоромолдор кездешет. Мисалы:

Жылга жолборс быйыл,- деп,	Борошолоп мал өлөт,
Жолборс сындуу азамат,	Тактыдагы хан өлөт,
Тирүү калыш кыйын деп,	Катардагы жан өлөт,
Жолборс жылга келгенде,	Малга келсе жамандык,
Уруш болсо эр өлөт,	Азы калып көбү өлөт.
Эр өлбөсө жут болуп,	748-бет

Байыркы кыргыздар жылдарды чычкан, уй, жолборс, коён, жылан, жылкы, балык, кой, мечин (маймыл), тоок, ит, доңуз сыяктуу 12 жандуунун аты менен атаган. Ошондой эле бул

жылдарды узун жылдар күзөтүп ары ошол жандуунун мүнөздөмөлүгүнө карай ошол жылдарда болуучу кийинки болумушту болжогон. Мисалы, уй сүзөнөөк болгондуктан, уй жылында оору-сыркоо жана согуштар көп болот; балык жылында жаан-чачындуу болуп, мол түшүм алынат. Себеби балык сууда жашайт; жолборс жылында катуу суук болот. Өзөндөрдүн суулары ортосуна чейин тоңот. Чычкан жылында кургакчылык болуп апаат болот. Себеби чычкандар кишилерге зыяндуу болуп алардын аштыктарын уурдайт... алар жылдардын **эрекчелигене [өзгөчөлүгүнө]** карата дайындык көрүшкөн [1]. Бул саптардан караганда эпосто да байыркы кыргыздардын көз карашы сакталган болуп «жолборс жылы» болгондо табигый апаат жана кырсыктар болот, кишилердин коомунда баатырлар, эл башчылары, мыктылар өлүп кетет деп каралган. Ошондон улам кишилер ошого жараша турмуштарын орундаштырган жана жылга камылга көргөн.

Эпосто Манастын мүчөлүндө улуу жүрүшкө аттанып барып баатырларынан айрылып Коңурбайдын колунан жарадар болуп, ошондон мертингени, андан башка эпостогу «жылга жолборс быйыл деп, жолборс сындуу азамат тирүү калыш кыйын деп, жолборс жылга келгенде уруш болсо эр өлөт, эр өлбөсө жут болуп, борошолоп мал өлөт, тактадагы хан өлөт, катардагы жан өлөт, малга келсе жамандык, азы калып көбү өлөт (748-бет)» дегендей, жолборс жылга байланыштуу алдын ала жоромолдор убакыт, жыл мезгилдердеги шумдуктуу алдын ала белги берүүлөрдүн эпостогу чагылдырылышы болуп саналат. Булардын пайда болуу төркүнүн кишилердин алгачкы табият таануулары аркылуу түшүндүрүүгө болот. Табияттагы жандуулардын мүнөзүнө карай ошол жылдын кандай болорун болжошкон. Мисалы, ит жылында ырксыздык, жаңжал болуу, уй жылында оору-сыркоо, арыкчылык болуу, чычкан жылында жут болуу сыяктуу. Бул түрдөгү таануулар, албетте, тике таанымдар болуп келечек болмушту анык түшүндүрүп берүүгө алсыздык кылат. Ал эми жолборс жылында эмне үчүн уруш болсо эр өлөт? Тактыдагы хан өлөт, жут жана каргаша болот деп карашкан? Себеби байыркы доордо кишилер жолборстун түпкү мүнөзүнө карай аны баатырларга, кандарга теңешкен. Согуш болуп калса, албетте, баатырлар, эрлер, кандар эл-журтун коргоо үчүн кан төгүшүп жан кыйышкан **чайкаштарды [согуштарды]** алып барат. Согушта бир жак болбосо, бир жак жеңилишке учурап кандар, баатырлар же эрлер өлүп, карапайым калк бытырап көчүп жут болгону ушул эмеспи. Дагы бир жагынан караганда, ошол доордогу кишилер бул түрдүү ишенимге анча ынанышпай калышкан. Манас Каныкейдин мүчөлүндө согушка аттанганда «мүчөлүү жылда күчөдүң, барбай эле кой» дегендей тоскоолуна карабай аттанып кетиши мунун анык далили болот.

Эпостук жана элдик өңүттөн караганда, мындай алдын ала белги берүүлөрдө белгилүү илимий чындык тажырыйбалар бар деп каралган болсо да, анын келечек доор менен теги кандай тике же кыйыр байланышы бар экенин, же кандай себеп- натыйжалык байланышы бар экенин тактап көрсөтүү – татаал тема. Биз тек гана материалисттик көз менен карап, анда илимий көз караш жокко эсе деп айтабыз. Чагылдырылышы негизинен мүчөл, жылдар сыяктуу мерчемдүү мезгил жана убакыттарда көрүлөт. **Кемелдүү [толук]** баяндоо системага ээ эмес. Кишилердин карашы жагынан кырсыкка дуушар боло баштаган.

Убакыт, жыл мезгилдериндеги жамандыктардын алдын ала белги берүүлөрү да башка алдын ала берилген белгилер сыяктуу болумуштун алдын ала берилген сигналы болуп кишилердин чоң жумуштарга аттануусунда же белгилүү жумушту аткаруусунда белгилүү мааниде жетекчилик кылуу ролуна ээ. Бирок анын пассивдүү жагы, эгер ошол жылдагы адам же ошол мүчөлүү киши ошол жылда же мүчөлдө (убакытта) белгилүү даражада коркуу, кабатырлануу сыяктуу жаман психиканы калыпташтырып, күндөлүк иштеп чыгаруусуна

[1] Хе Же Хоң, Жаң Гуаң Хан : «Кыргыздардын салт санааларынан», Чен Ду: Си Чуан эл басмасы, 1998.жыл, 10.ан, 16.бет.

турмуш-тиричигине зыяндуу болгон. Бул түрдүү зыяндын аз же көптүгү убакыт, жыл мезгилдердеги жамандыкты алдын ала берилүүчү белгиге карата ишенимдин күчтүү же алсыздыгы менен белгиленет. Эгер бул түрдүү ишеним күчтүү болсо, анда кишиде оор психикалык ооруну пайда кылуусу мүмкүн. Андай болбосо психикалык тоскоолдун жеңил же жокко эсе болушу да мүмкүн. Эпос үчүн айтканда, эпостун сыйкырдык көркөмдүгүн арттырууда, жомоктун окуясынын **кемелдигин [бүтүндүгүн]** бекемдөөдө белгилүү ролу бар деп эсептейбиз.

6. Тамак-аштарга байланышкан жамандыктын алдын ала берилиши

Ылайыктуу шартта кымыздын ачыбашы, казанда айрандын уюбашы, саан малдан сүттүн чыкпашы, суунун кайнабашы сыяктуу эле кишилердин тамак-аштарында өзгөчө кубулуштун болушу, болгондо да алдыдагы болумушта сырдуу жана жамандык көрүнгөн. Ушуга мисал катары эпосто мындай саптарды көрсөтөбүз:

Ажыбайдын Керменбай,
Айтып калды мамындай:
-Үч күн болду капырай,
Сабада кымыз ачыбайт,
Казанда айран уюбайт,
Катындардан сурасам,
Саан малдан сүт чыкпайт.
Элдики кандай билбейим,
Биздин үйдө эт бышпайт!
Олтурган адам бир далай,
Баары кетти чуркурап:
-Ырас айтат Керменбай,
Ачыган кымыз жутпадык.
Уюган айран татпадык.
Бышкан эт жеп жатпадык.
Чымырап казан турганы,
Үч күндөн бери бул дүнүйө,
Өзгөрө баштап калганбы!
Кишилердин өңү жок,
Жердеги чөптүн гүлү жок,
Деп ушинтип бабырап,
Кеп салышып жатышты.
Айылдагы бары-жок.
857-бет

Бул саптарда асты сызылган сөздөрдү карасак, кишилердин күндөлүк тамактануу турмушундагы табияттан сырт көрүнүштөр берилет. Мисалы, сабада кымыз ачыбайт, казанга уюткан айран уюбайт, саан малдардан сүт чыкпайт, эт бышпайт ж.б. Мындай шумдуктуу алааматтар жомоктун сырдуу күчүн арттырып эле калбай, келечекте болуучу жамандыктан алдын ала белги берген. Бирок кишилердин турмушундагы шумдуктуу алааматтар менен келечектеги жамандыктын, шумдуктун тегинде кандай ички байланышы бар экени так айтылган эмес. Тек гана себеп-натыйжасы гана айтылат. Албетте, кишилердин күндөлүк турмушунда эң керектүү болгон тамак-аштардын табигый мыйзамында бузулуу байкалса, алардын турмуш тирчилигине терс таасирин тийгизери анык. Бул тек гана табийгаттын сырткы байланышынан турат. Абдан байкап карасак, алдын ала белги берүү менен келечек шумдук жана жамандык ортосунда кайыптык байланышы сакталганын, кишилердин ой санаасында да ошондой сакталганын билебиз. Ошондуктан булардын арасынан белгилүү эрежеге ээ болгон нерсени табуу кыйын.

Демек, мындан биз эпостогу тамак-аштардагы берилүүчү бул түрдүү жамандыктардын алдын ала берилүүчү белгилерин кокустукка, өз ыктыярдуулугуна ээ экенин, кишилердин алар менен обьективдүү дүйнөнүн байланышын системалуу корутундулоого али жетише элек экенин баамдайбыз. Себеби, эгер даяр системаны алдын ала берилген белгилерди айткан болсо, анда алардын обьективдүү дүйнө менен болгон тике же кыйыр байланышын көрсөткөн же корутундулаган болор эле. Андан башка бул түрдөгү алдын ала белги берүүлөрдө кишилердин көңүл бурган маселелери жөнөкөй, карапайым жагдайда экенин, алгачкы коомдогу кишилердин аң-сезимине таандык **эрекчеликке** (касиет же өзгөчөлүк) ээ экенин да эскеребиз. Ошого караганда бул алгачкы коомдогу кишилердин табийгатты таануусунун

чыныгы категориясы деп да айтууга болот [①]. Себеби алгачкы доордогу кишилердин табият таануу түшүнүгү тайыз болуп, табиятта же коомдук турмушта өздөрүнүн түшүнүгүнөн алынган кубулуштар же нерселер көрүлүп калса, пир же ээлер түшүнүгү менен түшүнүүгө аракет жасаган. Алардын түп маңызын түшүндүрүүгө өздөрүнүн алгачкы таанымдары бөгөт болуп келген.

Эпосто бул жөнүндө айран, кымыз ачыбастык, саан малдан сүт чыкпастык, суу кайнабастык, эт бышпастык сыяктуу табият эрежесине кайчы сырдуу кубулуштар кезигет. Булардын келүү төркүнүн теңирге табынуу жана акка табынуунун орток таасиринде келип чыккан деп жоромолдойбуз. Себеби теңирге табынуу түшүнүгүндө теңир же пирлер өздөрүнүн өкүмүн кишилерди турмуш-тирчилигине тыгыз байланыштуу нерселер (актар) менен билдирген деп каралат. Акка табынуу түшүнүгүн жогоруда баян кылдык. Актын ээси (пири) болгон да акты кардаган же кордогон болсо анда ошол кишиге өзүнүн каарын ошол айран, кымыз, каймак, сүзмө дегендей ак түшүмдөрү аркылуу, кишилердин күндөлүк турмушунда терс маанидеги кубулуш көрүнүштөрү аркылуу айгенелеген.

Бул топтогу алдын ала белги берүүлөрдүн өзгөчөлүгү ашкере белги болуп көрүнгөн. Туюнтулушу көп (айран, кымыз ачыбастык, саан малдан сүт чыкпастык, суу кайнабастык, эт бышпастык) түрдүү. Маани тек гана акка байланыштуу тамак-аштарда гана көрүлгөн. Алардын да илимий чындыгын табуу кыйын. Илимий корутундулар жок. Мындай алдын ала берилген белгилерге ишенгендердин, албетте, күндөлүк турмуш-тирчилигинде терс таасири болгонуна карабастан, эпостун сыйкырдык көркөмдүгүн арттырууда жомоктун окуялуулугунун **кемелдигин [бүтүндүгүн]** бекемдөөдө көрүнүктүү ролу бар.

7. Айбанаттарга жана канаттууларга карата жамандык белгилердин алдын ала берилиши

Эпосто келечектеги кырсыкты жана жамандыкты алдын ала билдирген белги берүүлөрдүн кээлери баатырлардын колдо баккан үй айбанаттарында жана куштарында байкалуучу адаттан сырт алааматтары аркылуу айгиненленген. Мисалы, баатырлардын тажаал тайгандары адаттагыдан бешбетер жоошуп, үйдүн айланасынан кете албай коркконсуп калышы, төөлөрдүн талаадан кайтып келип аянычтуу боздоп жатып алышы, жылкылардын токтоосуз азынап адаттан башкача аракетте болушу, качырганын куткарбас шумкарлардын жөндөн жөн эле жем жебей, канаттарын каккылап чыйкылдап, бакырып калышы сыяктуу. Ушундай аламаттар көрүлгөндө кийинки күндөрдө кырсык же жамандык болот деп ишенген жана шайкештүү, каргашалуу окуялар жомокто көрүлгөн. Мисалы:

[①]Ляо Цюнь: «<Шан Хай Жиндеги> адепки элдик ишенимдер жана анын этнографиалык маңызы», Этнография изилдөө, 2006.жыл, 2.ай, 151. Бет.

Айчүрөктүн үйүнө,
Адырда жүргөн Куу инген,
Атасы Манас баатырдан,
Мурас калган бул инген.
Жаздан бери бош жүрүп,
Үйлөгөндөй семирген.
Түш кынтайган мезгилде,
Башын жерге салыптыр,
Баласын бөрү жегендей,
Каңгырап боздоп алыптыр.
Кыбыланы бетке алып,
Босогону жастанып,
Коппой чөгүп калыптыр.
Эр семеңдин Куутайган,
Бөрүдөн бир күн онду алган.
Топ-топ кайып кез келсе,
Качанда бирөөн куткарган?
Жан жүрбөстүн чөлүндө,
Жолуккан шерден бирди алган.
Короого тийген илбирстен,
Козголгуча үчтү алган.
Мастан аюу дегенден,
Жетини тиштеп дагы алган.
Жаныбарым Куу тайган,
Ээси колун серппесе,
Качып жаткан кайбирен,
Качан карап кылчайган?
Карасаң эми ал тайган,
Куйругун кыпчып такымга,
Айлана басып ак үйдү,
Улуп-уңшуп кыңшылап,
Үрүп кээде арсылдап,
Оозунда тиши шакылдап,
Кабуучудай карсылдап,
Айчүрөктүн тушуна,
Келе калып кыңшылап,
Эки-үч күндүн ичинде,
Ийне жеген немедей,
Арыктады ченебей.
Арстаныңдын Акшумкар,
Азамат эрге баб шумкар,
Он күндө жүнү түшүчү,
Он күндө чалгын чыгуучу,
Он беш күндө **катуучу, [ката турган]**
Жыйырма күндө учуучу,
Абалтан сыры мына ушу,
Алтымыш күн болгондо,
Алып чыгып салуучу,
Шилтегенин куткарбай,
Качырганын алуучу.
Табылгы чечек салганда,
Олтургузган Акшумкар,
Кем-керчи жок жетилип,
Эригип турган Акшумкар,
Үч күндөн бери ким билди,
Үрпөйүп жемин жебеди.
Асманды тиктеп баркылдап,
Канатын далбып каккылап,
Боосун чокуп тарткылап,
Түнүндө мойнун кайрыбай,
Улам-улам чыртылдап.
Калдап [бардап] көзүн бүлбүлдөп,
Туурда туруп Акшумкар,
Күпүйүп кетти бек жүдөп!
Кандай болуп жатат деп,
Айчүрөк турса кайгы жеп,
Каныкей келди ошол кез.
-Ээ, кулунум чүрөк деп,
Мага болду кыйын кеп.
Үч күн болду кеткени,
Семетей үйгө келбеди,
Ичсем тамак өтпөдү.
Келбей уйку тынч алып,
Бирдем арам бербеди.
Барба десем Семетей,
Менин тилим албады,
Айтты беле саа, балам,
Кайда кеткен барганын?
-Айланайын энеке,
Акылың журтка береке,
Аа, дүйнө кеткен атамдын,
Күмбөзүнө барам деп,
Айткан кеби ал эле.
Барбагын деп көп айтсам,
Канчоро болбойт дегеле.
Кечинде кайра келем деп,
Жооп берген бир эле.
Уулуң кетип түш менен,
Куу инген үйгө келди эле.

Ошондон бери
жаныбар,
Турбай жатат тигине.
Улуп-уңшуп Куу
тайган,
Тамак ичпейт дегеле.
Уулуң салган
Акшумкар,
Уялаш үнүн укканбы?

Асманды карап
баркылдап,
Боосун чокуп
тарткылап,
Түнөбөйт туурга- деди
эле.
-Айланайын Айчүрөк,
Көкөтөйдүн ашында,
Көп жыйындын
кашында,

Сынаганда олуя:
«желке чачы жүн экен,
Жакшы күндөн жаман
күн,
Жаштайынан мол экен;
Арка чачы жүн экен,
Асылынан азабы,
Ашып кеткен көп экен»
Деп айтканы төп экен!
858-859беттер

Жогорудагы саптар эпостун «Семетей» жомогунда айтылат. Канчоро менен Кыяз ичтен тил бириктирип Семетейди кастайт. Семетей кастыкка учуроодон илгери энеси Каныкей канча тоссо да тосуп кала албайт. Семетей сапарга кеткенден кийин Куу инген, Куу тайган жана ак шумкарларда көрүлгөн жамандык аламаттар болуп Семетейдин кастыкка учуроосунан алдын-ала белги болуп турган. Буларды көрүп Айчүрөк убайымдап турат. Дал ушул кезде Каныкей келип Семетейдин дайынын сурайт. Күмбөзгө барып түлөө чалып болуп эле кечинде келебиз деп кеткенин угуп бирээр шумдук болорун болжоп, олуя Кошойдун Каныкейди сынагандагы жоромолунун чын экенин баамдап кайгыга батып олтуруп калат. Мындай алдын ала берилген белгилер менен келечектеги жамандык, шумдуктун себеп-натыйжалуу байланышын кайыптык тургусунан туруп түшүнүүгө болот. Алардын обьективдүү чындык менен кандай тике же кыйыр байланышын бар экени илимдин көз карашы менен түшүндүрүү мүмкүн эмес. Же, балким, кайыптык илим өнүгүп белгилүү баскычка барганда анан түшүндүрүү мүмкүндүр. Бирок байыркы коомдо элдердин аң-сезими, билими жана илим техникаси анча өнүкпөгөн жагдайда аларды сыйкырлаштырып сырдуу кылып көрсөтүү кайыпты учкай түшүндүрүүнүн натыйжасы экенин далилдейт.

8. Өсүмдүктөрдөгү жамандыктын алдын ала берүү белгилери

Эпостогу жамандыктын алдын ала берүүлөрү өсүмдүктөрдө байкалган терс кубулуулар салыштырмалуу аз кезигет. Эпостогу окуяларды байкап караштырсак дагы эле казып чыкканы болот. Өсүмдүктөрдө алдын ала байкалган жамандыктын жышаанасы дегенибиз, нормалдуу абалда өсүп көктөп туруучу терек, от-чөп жана башка өсүмдүктөр өнбөй куурап калат. Ушуга карап аны келечектеги жамандыкка жооруп, ошондон алдын ала белги алуу керектигин көрсөтөт. Мисал иретинде төмөнкү саптарды көрсөтөбүз:

Жайып Бакай салганы:
-Семетей балам, кулак сал,
Айткан сөзүм нак ушул.
Куурады чынар башында,
Кор болду атаң кабырда,
Ошондон бери кууракан,
Козголгон ушул чагында.
Көгөрөр эле жакында,
Бирөө өнбөй куу турат,

Кор кылат сени да бир күнү,
Курчалган душман акыр да.
Экөө болсо жолдошуң,
Бирөө тунук ак ниет,
Бирөө кара болот го,

Өнбөдү чынар шек берип,
Чынында кастык кылат го. 556-бет

Бул саптарды талдасак, чынардын бир бутагы куурап калган жана бир бутагы көгөрүп турганын көрүп Бакай Семетейге насаат айтып, келечекке алдын ала болжол айтат. Мурда да чынардын бутагы куурап, өнбөй калганда Манастын кастыкка учураганын, эми Семетейдин да кастыкка учурай турганын айтат. Чынардын бир бутагын Семетейдин эки чоросуна окшоткон. Жомокто чын эле кийин жан чоросу Гүлчоро өмүр бою Семетейге садык болуп кызмат кылат. Бирок Канчоро кийин ниетин бузуп, Семетейге кастык кылат.

Адамдар жашоо өмүрүндө улуу табиятка баш ийип жашап келген. Өсүмдүктүн ролу алардын жашоо тиричилигинде маңыздуу болгон. Алар мал-чарбасын от-чөп менен баккан. Эгин эгип дан кылып, курсак-башын ток кылган. Түрдүү өсүмдүк, от-чөптөрдү таанып кийинкилер үчүн баалуу тажырыйбаларды калтырып кеткен[20]. Өздөрүнө пайдалуу өсүмдүктөрдөгү шумдуктуу кубулуштарды тегинен түшүнө албастан келечектеги шумдук жамандык менен байланыштырып түшүндүргөн.

Корутундулап айтканда, эпостогу алдын ала берилген белгилер алгачкы кишилердин жөнөкөй ой-туюмун чагылдыра турган өзгөчөлүккө ээ. Алардан өз доорундагы кишилер санаасындагы түрдүү пирлердин же ээлердин пайда болуу төркүнүн байкоо менен кошо алардын өнүгүп же жоголуп кетишине да жоромол кыла алабыз. Ошого алардагы түрдүү маданият катмарларын казып тиешелүү изилдөөлөрдү ордуна коюп, өз энчисин берүү эпосту таануунун дагы бир маңыздуу тарабы деп ойлойбуз.

Айбанаттарда, канаттууларда, өсүмдүктөрдө байкалган жамандыкты алдын ала белги берүүлөрдүн пайда болуу төркүнүн кишилердин ошол жандууларга же өсүмдүктөргө карата табынуусунун чагылдырылышы деп болжоого болот. Эпосто Семетей жоголордо анын Куу тайганы куйругун кыпчып үйгө далдаланып, коркуп калат. Куу инген да оттоп жүргөн боз адырдан боздогончо келип босогону баштанып жатып алат. Акшумкар жем жебей арыктап томсоруп калат. Чынардын бир бутагы бүрдөп, бир бутагы куурап калат. Эмне үчүн башка жандууларда, өсүмдүктөрдө ошондой жамандык алааматтар көрүлбөстөн тек гана Куу тайган, Куу инген, Ак шумкар, чынар терек сыяктуу колго көндүрүлгөн жаныбарларда же бийик өскөн теректерде көрүлөт? Себеби бул жандуулар же өсүмдүктөр баатырлар менен тыгыз байланышта болгон. Баатырлар үчүн жан үрөп, кызмат кылган. Кооптуу учурлардан жана кыйынчылыктардан куткарган же аралжы болгон. Же мурдатан эле ошондой чынар теректерге сыйынуу ишеними болгон. Андан башка байыркы кыргыздарда тулпарларга табынуу, алгыр бүркүттөргө табынуу, төөгө табынуу ишеними же ошолордун пир түшүнүгү болгон. Ошолордун ээлери (пири) баатырларды колдойт, коргойт деп ишенилген. Ошондуктан баатырларга каргаша же кырсык кабыларда алардын жан кызматкерлери болгон Куу тайган, Куу инген, Ак шумкар сыяктуулар алдын ала белги берип, кырсыктан же жамандыктан оолак болуусун же ошого даяр болуусун алдын ала билдирген деп болжоого болот. Булардын далили катары элибизге белгилүү фольклорчу Адыл Жуматурду, Манас таануучу Токтобүбү Ысак, жаш изилдөөчү Эрзат Адыл (бир үй-бүлө кишилери) түзгөн «Манас таануунун сөздүгү» деген илимий эмгегинде бардык табынуулар жана ишенимдер боюнча токтолгон да шайкештүү табынуу нерселерди же жандууларды мисал келтирип түшүндүргөн [21]. Алардын бул изилдөө материалдары макалабызды кундуу болгон баштоочулук далилдери менен камдайт.

Айбанаттарда, канаттууларда жана өсүмдүктөрдө байкалган бул сыяктуу кырсыктын алдын ала берилген белгилердин туюнтулушу негизинен Куу тайган, Куу инген, Ак шумкар бийик өскөн чынар терек сыяктуу баатырлар менен тыгыз байланышта болгон

[20] Си Юаньлинь: «Окуялык алдын белги берүүлөр жана ТуЗу улутунун маданият ички туюму», Чиң Хай улуттар иниституту журналы(коомдук түрү), 1992.жыл, 1.сан,50.бет.

[21] Токон Ысак, Адыл жуматурду, Эрзат адылдар түзгөн: «Кытай<Манас> таануу сөздүгү», Пекин: Борбордук улуттар университети басмасы, 2017.жыл, 5.ай, 203-229 беттер.

жаныбарлар же өсүмдүктөр аркылуу берилген. Айгинелениши анык. Жашоодогу жамандык бул өсүмдүктөрдүн, жандуулар же канаттуулардын адаттан сырт өсүшү, кылык-жоруктары аркылуу айгинеленген. Жашоо менен себеп-натыйжа байланышын таап көрсөтүү кыйын же жок болушу да мүмкүн. Эпостогу байланыштуу окуялыктардын мазмунунан алып караганда, кишилердин ушуларга табынусуу бир кыйла күчтүү жана терең болгон. Себеби эч бир кейипкердин бул алдын ала берилген белгилерге ишенбей, кайчы жумуш жасаганы билинбейт. Мындай шумдуктуу сигналдар жомоктогу кишилер үчүн айтканда, терс психиканы калыпташтырып, кишинин маанайын төмөндөтөт. Бирок эпостун көркөмдүк жана сыйкырдуу күчүн арттырууда көрүнүктүү ролу бар.

9. Аба ырайы кубулуштарында пайда болгон жамандыктын алдын ала белги берүүсү

Эпосто жамандык, кырсык болордо жер бетине боз түшүү, ызгаардуу суук чыгуу, борошолоо сыяктуу начар аба ырайы көрүлүп эл-журт кыйын жагдайда калат. Жылуу мезгилдерде да тунжураган коркунучтуу аба ырайы болот. Ушундай жагдай болгондо жоо каптап келет же башка кырсык күтүлөт. Мисалы:

Түндөсү жатып эл турса,
Асман ачык жер бүркөк,
Көк асманды көрсөтпөй,
Калыптыр туман боз чүмкөп,
Шамал чыгып ырылдап,
Сыдырым согуп зырылдап,
Болуптур өтө бир шумдук,
Абышка, кемпир, балдардын,
Маңкасы агып бырылдап. 152-бет

Бул болсо Көкөтөйдүн ашында Коңурбай баштаган кыргыз жоолорунун Көкөтөйдүн ашын чачып, кыргыз элин басып алабыз деп көп жоонун келаткандагы табийгат кубулушу. Эпостун мазмунуна караганда, ушул адаттан сырт, начар аба ырайы көрүлүп узун өтпөй эле Коңурбай баштаган жоо Көкөтөйдүн ашын талап кыргыз элин кошо чаап кетмей болуп Манжу, Моңгул, Кидан сыяктуу чыгыштагы беш урук элин сансыз черүүлөр менен баштап асман-жерди чаңдатып келет. Ашта Коңурбай зордук зомбулук кылып кыргызды чаап кеткени **тас [аз же жаздайт]** калат. Акыры өзү келип ашты башкарып каада-салты менен узатып кетирет. Жомокчу аба ырайында жана табиятта көрүлгөн шумдуктарды бакыт жана кырсык ишеними менен жуурулуштуруп бир түрдүү коркунуч психологиясын калыпташтырган бул алдын ала берилген белги экендигин көркөмдөп, жомоктун сыйкырдуулугун арттырган. Себеби миф, аңыз, уламыш дүркүрөп өнүккөн байыркы элдерде жомокчулар жомокту канча сыйкырлаштырып көркөмдөштүрсө, жомоктун мазмунун ошончолук ашырып, элдин жарпын жаза алган.

Кыргыз эли байыртан тартып эле улуу жайлоо табиятында жашап, албан маданияттарды жаратып, өмүр сүрүп келди. Бул барышта алар бир жагынан табият менен күрөшүп, табиятты баш ийдирип, табиятты таанып андагы ар бир табият мүчөсү менен ырашкер мамиледе болуп жашады. Табияттагы ар бир мүчөнү, кубулуштарды таанып, изилдеп өздөрүнүн таанымдарын, көз караштарын, ишенимдерин пайда кылышты. Мына ушул тааным, ишенимдердин арасында начар аба ырайы көрүнгөндө жамандыкты алдын ала билдирген жышааналар белгилүү салмакты ээлейт. Эпосто кырсык, жамандык болордо шамал чыгуу, туман басуу же боз түшүү, муз тоңуу сыяктуу жагымсыз табийгат кубулуштары пайда болгон. Булардын пайда болуу төркүнүн жана эле табияттагы пир (ээ) түшүнүгү менен байланыштырып баяндоого болот. Себеби байыркы кыргыздарда табияттагы ар бир мүчөнүн же кубулуштун ээси (пири) болгон болот. Бул пирлерге ишенгенде табияттагы мүчөлөр аркылуу жашоодогу кырсыктан же жамандыктан алдын ала белги берип тосот же коргойт деп караган.

Тыянак

Начар аба ырайы болгондо жамандыкты алдын ала билдирген белгилердин өзгөчөлүгү илимий чөйрөдө жокко эсе. Тике себеп-натыйжа байланышын табуу кыйын. Карапайым табиятка ээ түшүнүгүнүн негизинде пайда болгон. Айгиненүү формасы шамал чыгуу, туман басып же боз түшүү, муз тоңуу сыяктуу жагымсыз табийгат кубулуштары менен туюнтулат. Анын обьективдүү жана субьективдүү таасири болсо жомоктогу киишлер үчүн айтканда, терс психиканы калыпташтырып, кишинин маанайын төмөндөтөт. Бирок эпостун көркөмдүк жана сыйкырдуу күчүн арттырууда көрүнүктүү ролу бар.

Адабияттар:

1. Кытай тилиндеги пайдаланган адабияттар:
2. Түзүүчүлөр: Фен Жи Сай, Но Бу Ван Ден, Адыл Жуматурду, Сичин Бату Кытай бейзаттар маданият мурастарынын энциклопедиясы, -Пекин: Кытай адабият көркөм өнөр басмасы, 2015.
3. Хе Цзи Хун, Чжан Гуан Хань: Кытай кыргыздарынын энциклопедиясы, -Үрүмчү: Шин Жаң эл басмасы, 1998.
4. Сюй Мин: Жоу Гоң түш жооруусу, -Пекин: Кытай зат жабдык басмасы, 2007.
5. Зигмунд Фрейд. Түштүн чечмелениши, -Пекин: Кытай Хуа Чиао басмасы, 2013.
6. Лан Жоу, Гесар эросунун кампасы. -Ган-Су улуттар басмасы, 1976.
7. Хе Цзи Хун, Чжан Гуан Хань. Кыргыздардын үрп адаттары, -Чен Ду: Се Чуан улуттар басмасы, 1998.
8. Түзүүчүлөр: Токон Ысак, Адыл Жуматурду, Эрзат Адыл. Кытай Манастаануу сөздүгү, -Пекин: Борбордук улуттар университети басмасы, 2017.
9. Адыл Жуматурду. Кытай кыргыздары, -Ин Чуан. Ниң Шаэл басмасы, 2011.
10. II. Кыргыз тилиндеги пайдаланма адабияттар:
11. Жүсүп Мамай Манас 1-2- томдору, -Үрүмчү Шин Жаң эл басмасы, 2004.
12. Мамбеттурду Мамбетакун Кыргыз оозеки маданияты жана салттык турмуш, -Үрүмчү. Шинжаң илим-техника басмасы, 2009.
13. Чаң Жиң Йү: Кытай тили лексология маданияты, -Бейжин. Бейжин унверстети басмасы, 2009.
14. Кайрат Токомбай, Мамбеттурду Мамбетакун Кыргыздардын жөрөлгөлүү илим-техника маданияты, -Үрүмчү Шинжаң илим-техника саламаттыкты сактоо басмаканасы, 2001.
15. Мамбеттурду Мамбетакун. Кытай тарыхый жазмаларындагы кыргыздар. -Үрүмчү Шинжаң эл басмасы, 2014.
16. Түзүүчүлөр: Адыл Жуматурду, Мамбеттурду Мамбетакун, Гүлбаар Кожеш. Кыргыз элдик ишеними жана коому. -Бейжин улуттар басмасы, 2009.
17. Макелек Өмүрбай. Кыргыздын ак баталары. -Үрүмчү, Кызыл-Суу эл басмасы, 2012.
18. Макелек Өмүрбай. Манастын акылы (оңдолгон нускасы). - Үрүмчү эл басмасы, 2015.

«ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ»
ИЛИМИЙ ЖУРНАЛЫ

Журналды чыгарууга жооптуу редактор: ***Абдуллаева Ж.Д.***

Кыргыз тили боюнча корректор: ***Нурмаматова М.Т.***

Техникалык редактор: ***Суютбекова М.А.***

ОшМУнун "Билим" редакциялык басма бөлүмүндө даярдалып, басмадан чыгарылды.

Биздин дарегибиз: 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.
Байланыш телефондору: (+9963222) 72273
Факс: (+9963222) 70915
Электрондук дарегибиз: E-mail: nauka-oshsu@mail.ru
Сайт: www.oshsu.kg

Негиздөөчүсү – Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Ош мамлекеттик университети

Басууга берилди: 26.05.2020
Көлөмү: 37.5 б.т. Буюртма: № 30
Форматы: 176x250 1/8 Нуска: 200 д.

«Билим» редакциялык – басма бөлүмү